К 90

# ЖЕР АСТЫНДАҒЫ ДАРЫЯ





С. КУЛЕНОВИЧ

# ЖЕР АСТЫНДАГЫ ДАРЫЯ

РОМАН

Орусчадан которгон
*Турдубек ЭЛЕМАНОВ*

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1985

84 (4Ю)—44
К 90

Рецензиялаган *Мекен Болотов*
Сүрөтчү — *Ч. Абдраимов*

К $\frac{4703000000-115}{М 451 (17)-85}$ 235—85

Роман, Скендер Куленович. Подземная река. Москва, «Радуга» 1982 чыгарылышынан алынып которулду.
© Кыргызчага которулду, көркөмдөлдү, «Кыргызстан» басмасы, 1985

*Кымбаттуу Мухаммед-бек*

*Сага бир тууганың Мурат-бек кат жазат деп угуп калдым да, андан менин жазган катымды да кошо салып жибер деп сурандым. Анткени сенин кайда, эмне болуп жүргөнүңдү биле албай койдум.*

*Бул жерде кимдир бирөөлөр дыйкандарды сатмак болушкан эле, эми аларды бөлүшө албай чоң чатак чыгууда. Аны элден жашырып жатышат, бирок алардын эмнеге чатакташканын мен билемин. Койчу аларды, каалагандарын кылышсын. Мени Чолок Сулайман-бекке бергени жатышат. Кымбаттуу Мухаммед-бек, мен кандай айла кылсам болот?!*

*Менин кудай менен сенден башка эч кимим жок, бирок минтип экөөңөр тең менден алыссыңар. Быйыл бул жакка келесиңби?*

*Сен кеткенден кийин мен сабат алууну таштап салдым, ошондуктан менин бул жазган катымды шылдың кылып күлбө.*

*Маңдайга эмне жазса ошону көрөбүз да, сага Сения ысык саламын жиберет.*

Мен жогоруда келтирген каттын Сениянықынан айырмасы, анда тыным белгилер коюлуп, абзацтарга ажыратылган.

Кырк жылдын ичинде саргайып кеткен мектеп окуучусунун дептерине жазылган кат азыр менин жазуу столумда, карылыктын сепкили баскан, тамырлары көгөрүп чыккан саргыч тарткан колумдун жанында жатат.

Бул кат, университетте окуп жүргөн жылдарыма караганда, ошол учурдагы олку-солку ойлорума салмактуу таасирин тийгизип, алыскы өлкөдөн туулган жериме кайтып келүүгө себеп болгон. Эми мен суу көрбөгөн дарак-

тай кууран, көр оозуна жакындап, дүйнөдө болуп жаткан кызыктардын баарынан четтеп калып олтурам.

Ал кезде мен үйгө барууга мойнум жар бербей, тартынчыктап чет элде калууну каалоочумун. Элиза деген кыз — анын жоодураган көздөрү, аппак акактай денеси, келинимдүү мүчөсү, азыр да көз алдымда: семестрдин акырында мага — ушул каникулда үйүңө барбай эле кой, экөөбүз Александрияда, Жер Ортолук деңизинин жээгиндеги биздин виллада эс алалы деп эбилип-жебилип сунуш этти. Анын ата-энеси жайында Европага кетишет экен. Биз чынында эле Каирдин мээ кайнаткан ысыгы менен уулуу сары чаңынан эс алууга муктаж болчубуз.

Бир жагынан муфтий! Чоң атам да эмес, так муфтийдин өзү.

Муфтий биздин шаарчадан кеткенине көп болгон, анын резиденциясы анча алыс эмес, чоң шаарда эле. Бирок ал ичиндеги бугун жазуу үчүнбү, же аңчылыкка чыгыш үчүнбү, же туулган жерин сагынчубу билбейм — жыл сайын жай айында келип турчу.

Мен магометан мектебин эң жакшы деген баалар менен бүткөнүмдө, ал, ийниме колун коюп, чоң атама мындай деген: «Бул баланды биз Аль-Азхардагы[1] акылмандуулуктун жана диндин ыйык мектебине жиберебиз. Бул менин жана сенин бардык читлук менен беглуктарыбыздан[2] пайдалуу.

Биздин үй-бүлө чоң атамдын айтканын жок дешчү эмес, ошентип, атамдын мен жөнүндө башка ою болсо да, чоң атам айткандай болду. Муфтий сүйлөп жатканда атам кабагын бүркөп, башын жерге салганда, сакалы бир аз экчеле түштү. Ошондо менин келечектеги кесибим жана устаттарымдын айткандары чечилип калган иш экенине көзүм жетти.

Окуунун экинчи эле жылында мен түшкө кирбей турган иш жасадым. Чоң атам бул окуяга анча көңүл бурбайт эле, мени кайрадан көргөнүнө кубанмак деп ойлодум мен. Ушул кейпим менен муфтийдин көзүнө кантип көрүнөм? Диниден безип, исламды таркатуучу ыйык мектепти таштап койдум. Ал мектептен окуш үчүн бактылуу болуп төрөлүш керек, же кудайдан тилеш керек! Муфтий менен жолугушуудан качып кутулууга болбойт эле.

---

[1] Аль-Азхар — 978-жылы салынган Каирдеги мусулмандардын университети.

[2] Читлук — феодалдык имение, беглук — түздөн-түз өзү башкарган бектин жеке менчиги.

Ал адамды тигиндей мындай деп айта албаймын, адамга кара санабаган, айтканынан кайтпаган, биздин туулуп-өскөн тообуздай кебелбеген адам; анын үстүнө менин көз алдыман чоң атамдын айтуусу боюнча, Каирге жөнөр алдында муфтийге барып, анын айткан акылдарын үн катпай укканым, ар кандай кырсыктардан сак болгун, «көптү көргөн билет, көп жашаган билбейт» деген элде макал бар деп, дагы толуп жаткан жакшы кеңештерин айтканы эсимден кетпеди. Коштошуп жатып мен муфтийдин колун өпкөндө, ал менин маңдайымдан сүйгөн.

Менин күнөөм? Мүмкүн аны жасабай койсом деле чоң күнөө болмок эмес, тигиниси да, мунусу да — баары бир: азыр ким болсом, ошол боюнча калмакмын же муфтий ким болушумду каалаcа ошол болмокмун.

Башка ислам өлкөлөрүнөн келишкен кээ бир жолдошторумду көрүп, биринчи эле айдан баштап ак сөөктөр университетинен француз тили жана адабиятынан лекцияларды уга баштадым.

Байыркы миң жылдардан бери келе жаткан Аль-Азхарда мен аябай кызыккан Тарых-Ислам (ислам дини башталган күндөн тартып, монотеистика диндеринин тарыхы), Тафсир-Куран, (Курандын түшүндүрмөсү), кудайдын акыркы кызматчысы Мухаммед пайгамбар аркалуу кудайдын сөздөрү жана Тафсир-Хадис (Мухаммеддин жана анын жолун жолдоочулардын сөздөрүн таржымалдоо) курстары бар эле. Толуп жаткан башка сабактар менен катар мен кызыккан Иль мантик (логика), Илмун-Нефси (психология) сабактары да өтүүчү. Негизги курстардын бири болгон Шариат (ислам укугу), курстун негизин мен жакшы билсем дагы, болбогон бир майда нерсе катарында сезилчү. Аны үйрөнүп чыгыш үчүн кандайдыр бир кескелдирик, же сайроочу чымчык болуп төрөлүшүм керек эле, а мен тигиниси да мунусу да эмесмин.

Менин абалымдын аргасыздыгы мында турду: диплом алуу үчүн үч сабакты тең тапшыруу керек эле. Менин каршы болгонума жана чечкиндүүлүк көрсөтпөгөнүмө Тахир-бек күнөөлүү болчу.

Мага окшоп Тахир-бек да бир үйдүн эрке баласы эле. Анын үстүнө ал муфтийдин стипендиясын алчу. Ошол жылы окууну бүтүп жаткан, бардыгы болуп эки үч сабактан экзамени калган. Ошондо эле анын кыр аркасы сыздап ооруй баштаган. Тахир-бек тез-тез туталанып, безилдеп чуркап, анан күтпөгөн жерден тынчып, койдон жоош болуп калчу.

Июль айында Ниль дарыясынын жээгинде Тахир-бек

менен сейилдеп жүргөндө анын мынча тутуланганын мурда такыр көргөн эмесмин. Тахир-бектин оозунан ак көбүк чыгып жатты. Өткөн-кеткендер биздин аркабыздан карашып, бул жин тийген жаш жигит кайдан келди, башка бир кызык тилде сүйлөп, эмнеге ушунчалык жинденип жатат деппп, кылчакташып карашты. Мурда анын мындай сөгүнүп-сагынганын уккан эмесмин. Азхар төрөлөрүнүн баарын, муфтийди, өз атасын жана өзүн түз эле сөгүп кирди!

Анан бир аз тынчтангандан кийин, мурдагы адаты боюнча жер карап туруп, өзүнө-өзү сүйлөп жаткансып, акырын мындай деди: «Мен кайтам. Жаштык жылдарымды бекерге өткөргөн экенмин. Сен калгының!»

Ал курсту кантсе да бүтүрдү, бирок ошол көз ирмемде кандайдыр бир маанилүү иштей Аль-Азхар менен болгон маселем чечилип калды. Бул жерге жана ошондуктан бир жагыма оой турган мага жыгылып калуу үчүн кичинекей эле жел керек болчу, Тахир-бектин ардактуу азхарлык профессорлорду буурakaндап сөккөнүн мындай эле коёлу: «топу жасоонун уздары — дечү ал буурakaндап — элет жеринин кедейлери майрам алдында топуларын таптагансып, алар идеяларды ойлоп чыгарышат да, мына жаңы идея деген ушул деп компоюшат.»

Менин эси-дартымдын баары жаңы университет болуп калды. Ага археологияга жазылганым түздөн-түз себепчи болду. Менде кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн күч — бардыгын байкап көргөндөн кийин ушул кезге чейин колума келбеген ишке бел байлоого мажбурлаган күч пайда болду. Бул менин чабал жерим. А мүмкүн күчүм болуп жүрбөсүн? Эгерде күчүм болсо анда менден өч алчу күч.

Мен химияга, же астрономияга жазылайын деп ойлондум, анан бул курстарды угуп бүткөн жолдошум мени деканатка алып жөнөгөндө, мен эшикке жеткенче лотерея билетин алгандай, ал билетим утпай тургандай болуп сезилип турду. Мен эшиктин туткасын кармап, деканатка кирип, өзүм кызыккан курсту айтуу үчүн оозумду ачтым да, ушул жерден археология менен катар кайсынысын тандоону билбей жүргөн башка сабактардын аттары да тилимдин учунда турганын сездим.

Мүмкүн менин аракетимен тымызын түрткүнү Луксор берди окшойт. Ал жакка Элиза сейилдеп келели деп азгырып туруп алды. Жарымы бош ак поезддин терезесинен Элиза менен кучакташып, баш-аягы жок чөлдөн бычак менен ичичке кылып тилип алгансыган тасма менен кыюуланган таң алдындагы Нил дарыясын, алп дарыянын аркы өйүзүндөгү пирамидаларды суктана карап бараттык.

Аркы өйүздөгү пирамидалар кызгылтым тартып, нечен кылымдардан бери желбиреп келе жаткан түбөлүктүү желектей болуп көрүнөт (пирамидалар мынча көп деп мен ойлогон эмесмин). Нил дарыясынын сол жээгиндеги фараондордун өрөөнүндөгү Луксорго жеткенде биз жер алдына, жакында ачылган кенчтер — жайына түштүк. Мынабу залкар таштардын — пирамиданын — алдынан жакында толуп жаткан кенч табылды. Күндүн аптабы куйкаланган жылаңач, бир тал чөп өспөгөн залкар таштардын алдында мынчалык байлык бар деп эч ким ойлогон эмес. Мына ушул жердин алдына кире бергенибизде Элиза мени улам-улам өпкүлөп, көзүн албай карай берди. Мен сүрөттөрдү суктана карап, атайын эле анын көңүлүн фрескаларга бурдум. Аяк-башы жок ээн дубалдардын беттериндеги сүрөттөр кечээ эле тартылгандай, жап-жаңы көрүнөт. Фараондордун табыттарынан табылган ар кандай башка баалуу буюмдарды чет элдиктер уурдап жана талап алышып, ар кайсы музейлерге коюшкан. Түн ортосу болуп калганда, Элиза экөөбүз карнакта поезддин кайра келишин күтүп, кол кармашып турдук. Биз уйкусу качкан адамдай болуп фивандын офинкстеринин аллеясын аралап, мостойгон статуялардын жана храмдардын түркүктөрүнүн жанынан өттүк. Жаңы тууган айдын сүттөй жарыгынан жана жылдыздардын жымыңдаган алыскы шооласынан улам алар ажайып укмуш көрүнөт. Ушул жерден мен археологиянын кереметин бүт жан-дүйнөм менен сездим.

Археологиянын курсун угуу менен азыр факультеттик болуп калган өзүмдүн эски университетиме, азхар мечитине жана халкага (башкача айтканда ал тегерек кафедра болуп саналчу) үзбөй барып турдум. Биз мечитте профессорду уй мүйүз тартып тегеректеп олтурчубуз. Ал башкаларга жолто болбой, үнүн акырын чыгарып, бизге сабак берүүчү. Бул бири-бирине жолто болбой сабак өтүү учуру мага бөтөнчө жагар эле.

Мечитте мындай тегеректен (кафедрадан) бир канчасы бар эле. Жаңы университетке киргенден кийин да кудук сыяктанган терең жана сүрдүү кафедрадагы Тафсир-Куран жана Тафсир-Хадис боюнча акылман профессордун сабактарын таштап кете алган жокмун. Куран (мен ага аябай ишенчүмүн) турмуштагы бардык суроолорго жооп берүүчү. Кудай бизге анын берген жоопторун уксун деп кулак берген, эгер биз ал жоопту укпай калганда ар ким өз алдынча таап уксун деп күч берген (Профессордун дайыма кайталаган жыйынтыктары мени өзүнө шумдуктай тартып алуучу).

Баары ойрон болду. Муфтий ойлогондой менден эч нерсе чыкпай тургандыгын өзүм сезип жүрдүм. Ал менден чоң үмүт кылуучу. Мен болсом — кайрындиммин, мен эзелтен бери келаткан чындыкты бузган кишиден да жаман капырмын.

Эми кантип анын жүзүн карайм! Биринчи каникул болгон күндөрдө муфтий менден бардыгын учкай сураган. Ал өзү Аль-Азхарды бүтүргөн эмес, бирок бүтүрүп чыккандардан көп билчү. Мен анын көптү билгенине таң калчумун. Бардык шариат боюнча баарынан көп мурасчылык жөнүндө суроолорду берүүчү. Бизде шариат укуктары баарынан жогору бааланууну, ошондуктан жакшы өздөштүрүлчү.

Мен суроолоруна туура эмес жооп берип, же ар кайсынын башын бир айтып калганда, же жооп бербей бул теманы өткөн эмеспиз деп кекечтенип калганда, ал үн катпай, акырында гана мени карап туруп мындай дечү: «Арийне, сен араб тилинин укуктарын толук окуган эмес турбайсыңбы. Окуш керек, окуш керек. Көп окубасак болбойт!» (Эгерде бул сабактан дагы экзамен берип кала турган болсом эмки каникул убагында шариат укуктарынын китебин бардык күчүмдү үрөп жаттап чыгууга милдеттүүмүн).

Мына ошондо менин ордум, анын ою боюнча, кайсы болот, айдан ачык түшүнүктүү болду.

Мындан ары жашыруун жүрүүгө болбой калды. Мойнума алсамбы? Мени кандайдыр бир коркунуч каптады. Эки анжы болгон ойдун куюну ичимде уюлгуй баштады, мен дагы эле адашып жүрдүм — бардыгын эч кимге айтпай жашырсамбы, же болбосо иш бүткөнчө коё турсамбы, же ага чын пейилден, айткандарыңыздын баары аткарылат деп, сырымдын баарын айтсамбы (балким, анын ойлогонунан да ашып түшөр). Же болбосо муфтийге айтпай эле койсомчу. Эмне үчүн дегенде бул иш чоң атам менин атамдын иши да (мага акчаны муфтий берип жаткан жери жок да), же үйгө таптакыр барбай койсомбу (бул уяттуу ой, окуунду бүткөнчө чыгымдардын баарын ата-энеме билгизбей өзүм төлөп турам деген Элизанын сөзүнөн улам башыма келип олтурат).

Ушундай чаташкан ойлордон кийин акыл эсиме келе калып турдум, бир ойго келип, санаам тынчый калып жатты: мен орто жолдомун, мага баары бир, же аркы жээкке сүзүп бармын, же кайра сүзүп чыккан жээгиме кайтармын.

Бетиме тамган Элизанын жашы али кургай элек болучу, Александрия портунан сүзүп жөнөгөн кемеде туруп, калп эле анын көзүнө толкундангансып көрүнөйүн деп, Элизага колумду булгай баштадым. Кеменин түбүндө мотор күрүлдөп жатты.

## 2

Чыгыш экспрессинде кетип баратып, бир убакта жакшынакай туруп эле эч нерсе кабылдай албай, эс-мас боло түшкөнүмдү сездим.

Бирде газетаны үңүлө караган сапарлашымды, бирде терезени карайм: баарын жакшы эле көрүп турам, бирок мындай эле көзүмдү бурсам — такыр эч нерсе көрбөгөндөй болуп калам. Терезенин ары жагында жалп-жалп этип өтүп жаткан телеграф мамыларындай көргөндөрүмдүн баары жок болууда. Айланамды карасам, баары өзгөрө түшкөн, ал эми мурунку жылт этип өтүп кеткен пейзаж эсимде жок. Жанымдагы перси акынынын китебин колума алдым, ырларынан тандап котороюн дегем, бирок бир да сөз, бир да сап башыма кирбей койду. Ошол замат бири-бирине улай жазылган араб тамгалары абага илинип калгандай болот. Кайрадан чыгып үйгө келе жатканда айланадагы көрүнүштөрдү сезүү органдарым менсиз эле каттап жаткандай сезилет.

Ойлогон ойлорумдун баары тааныш станцияны көрүп, локомотивдин ышкырганын укканда баш аламан болуп кетти. Ушул жерден мен бала чагымда кууш колеяда жүрүүчү кичинекей поездге түшмөкмүн.

Бирок бүдөмүктөнгөн, тымызын тынчымды алган ойлор менден кетпей койду. Бул жерде муфтий менен болчу кепсөз мүмкүн, башка нерсе эмес. Кеп Сения жазган катта да эмес, анткени үйдө эмне болуп жатканын, эмне болорун мен ансыз эле билчүмүн. Жок, бул турмуш мага эмнегедир жагымсыз, жада калса ыплас, сылыгыраак айтканда кайдыгер болуп көрүнүп туруп алды.

Мен экспресстен эки-үч адам менен жерге түштүм, токойду аралап жүрүүчү поезддин кичине вагонуна чемодандарымды араң салдым. Поезд балдардын оюнчугундай эле. Биз жөнөп кеттик.

Поезд! Бала чагыбызда жомокто уккан укмуштуу ажыдаарлардан, желмогуздардан ал биринчи орунда турчу. Турчу! Жок, ал дайыма зуулдап бараткан болор эле,

анын башы күйгөн чычаладай, куйругу булутка окшош эле, ал тулпардан да, көгүчкөн менен шумкардан да, шамалдан да, санаадан да, ылдам учуучу. Биз анын ылдамдыгын салыштырып айтууга сөзүбүз жетчү эмес. Чоң атамдын үй — мунарасынан кимдир бирөө: келе жатат! — деп кыйкырды дегиче болду, балдар ошол замат үйлөрүндөгү терезелерге жабышуучу: заңкайган тоонун жашыл капталы менен кичине күмүш кутучадай болуп, вагондордун жылып баратканын көрүшчү. Балдар поезд өтүп кеткенден кийин ал адамдардын чоң бактысын кайдадыр бир алыска ташып кеткенсип, кайгырып калышчу. Поезддин өткөнүн көрбөсөм мен дагы капа болуп калчумун.

Ошол бала кезимдеги окуя эсиме түшкөндө күлүп жибердим.

Ал кезде канча жашта экенимди билбейм, эмнеси болсо дагы бир аз акылым кирип калган чагым болсо керек. Атамдын каякка барарын, эмне үчүн мени жанына ээрчитип алганы эсимде жок. Трашманкеге түшүп, жолдо бара жатканыбызда арабакеч менен атамдын сүйлөшкөнүн угуп калдым. Андан ары поездге түшүп барат экенбиз, мени ошо аябай кызыктырды.

Станцияга жеткенче чыдамым кетип, жүрөгүм дүкүлдөп согуп турду. Мен поездди жакын жерден көрө койдум! Көргөндү койчу! Мен эми поездге түшөм!

Поезд али жок экен, бирок бир жолдо үч вагон туруптур. Каршы-терши кеткен рельсаларды аралап, вагондор кантип рельсада кармалып турганын көрөйүн деп жөнөп калдым.

Сапарга камданып, көк түтүнүн бүркүп паровоз туюк жерде эс алып турган экен. Ал мени көрө коюп, менин ишиме бул эмне киришет дегенсип, өөдө жактан мени качырып калса болобу! Топтолуп турган жүргүнчүлөр мага бирдеме деп кыйкырышты. Кимдир бирөө мени карай чуркап келе жатты. А мен болсом мени корголон деген кишиден жана тоодой болуп качырып келе жаткан паровоздон бутум үзүлгөнчө качып бара жаттым. Тоодой болгон кара паровоз арт жагымдан мына-мына баса калчудай болуп келе жатты. Мен жолдон качан чыкканымды, паровоз коркунучсуз болуп башка жол менен өтүп кеткенин байкабай чуркай бериппин. Мени көргөндөрдүн каткырыгы угулат.

Менин келгеним тууралуу телеграмма өз убагында жетти бекен деген тынчсызданууум бекер экен.

Станцияда мени фиакр күтүп туруптур. Ал чоң атамдыкы болсо да «биздики» деп койчубуз, резина дөңгөлөк-

түү кара, алтын менен оймолонуп коолдолгон неме жаркылдап катафалкка[1] окшош болучу.

Ал бүтүндөй аймакка таанымал эле. Мындай фиакр бир гана округдук башкаруучуда бар болучу. Чоң атам өзүнүкүн ошол башкаруучу аркылуу Венадан саттырып алган.

Мен фиакрды поезд станцияга жакындаганда эле көрдүм. Чоң атамын арабакечи Фехим деген абышка фиакрдын чаңын шаша-буша сүрүп жатыптыр. Мен жерге түшө элек жатканда эле келечектеги улуу адамды урматтап тосуп алганы жаткан экен, быйыл сый былтыркыдан да жогору болор.

Мен поездден түшөрүм менен Фехим карбаластап, ден соолугуң жакшыбы, жолдо кыйналбай келдиңби деген суроолорду берип, жадырап-жайнап тосуп алды. Ал чын пейли менен менин келгениме кубанып, кучакташып көрүштү.

Менин кадырман абышкам, келишиме карата баш кийимин жаңыртып, майрамга кийип чыга турган көйнөгүн кийип алыптыр. Мен аны мындайча тамашаладым:

— Фехим-паша, сиз күйөөлөп бара жаткан жериңиз жокпу?

— Кудай андай күнгө жеткирер күн кайда, биздин арабызда сен аман-эсен эле жүрсөң болду,— деп мурутунан жылмайып койду.

Ал фиакрдин жанына менин чемоданымды коюп жатып мындай деп сурап калды:

— Бул чемоданыңда эмне бар, өтө оор экен?

— Китеп,— дедим мен.

— Кудай бар, окусаң жүз жылда да бүтө албайсың го, өтө эле көп эмеспи,— деп үшкүрүп койду.

Фиакрга чегилген бир ат бышкырып, мени карап калды. Ой укмуш десе, аны мен кантип таныбайын! Көгүчкөн деген биздин ат турбайбы! Мени таанып жатат! Аттын жанына барып ооздуктан кармадым, ат мени жыттагылай баштады, көзү кулун кезиндегидей жалжылдап карайт. Ал эми экинчи ат болсо мени тааныган жок, жаңы сатылып алынган окшойт. Мен дароо эле жанына барбаганыма андан кечирим сурап, маңдайынан сылай баштадым, ал мага ыраазы болгонсуп, башын ийкегиледи.

— Биздин Султания эмне болгон?— деп сурап калдым.

Фехимдин муруту менен сакалы бирге түшүп, ээрдин

---

[1] Катафалк — көрүстөнгө сөөк ташыган атайын араба, же машина.

кесе тиштеди. Султания ат чабыштарда байге алып жүргөн ат эле, өлүп калган окшойт. Ал аттын эмне болгонун сурабай эле койбой деп окудум.

Мен фиакрга олтурарым менен эле өзүмдү башкача сезе баштадым. Кетип бара жатабыз... мени бул сезимге түрткөн эмне экенин түшүнө албай койдум.

Болду болбоду жашыл майсаң. Ооба бадачылар эмес, жашыл майсаң. Жап-жашыл болуп жаткан айдөш беттен аккуулар уясына таштап кеткен жумурткалардай болуп, акиташтын урчуктары көрүнөт. Бул жерде аккуулар уя салбайт, бирок бул жердеги эл аккууну дайыма кеп кылышат. Жашыл токойдун жээгиндеги көгөргөн көлдөй болуп жаткан жашыл шалбаадагы аккуулар азыр эле бир нерседен чочуп учуп кеткен сыяктанат.

Айлана жашыл болуп көрүнгөндүктөн балалык чагым — өскөн жер эске түштү. Мына бала кезимдеги чөп чабык кези эсиме түшүп, чөптүн жыты мурдума бур этти. Чоң атамдын тоосунун баары баш аягы жок чабынды боло турган. Чабынды түз эле жогор жактагы чоң атамдын үйүнө чейин жетчү.

Эмгекчил — шамал чоң атамдын тоосуна өз каалаганындай кызмат кылып, ар түркүн гүлдөрдүн уругун алып келип сээп таштаган. Гүлдөр бул экинчи мекенин табышкансып, жакшы өсүп чыккан. Ар түркүн гүлдөрдүн аңкыган жытына мас болдум.

Жапайы гвоздикадан, анан кээ бир дары чөптөрдөн башкаларынын аттары жок болучу. Алардын аттарын билсе жакшы болмок эле. Алардын атын жада калса кыздар да билишпей тургандыгына менин көзүм жетип турат. Кыздар жаз айы келери менен Юрьев күнү алдында чоң атамдын тоосуна чыгышып гүл теришчү. Ошондо тоо ак көйнөк кийишип кылактаган кыздардан — дагы укмуштуудай көркүнө чыга түшчү. Кыздар көнкө чейин талыкпай идиштерине гүлдөрдү жана тегирмендин барасынан чачырап чыккан суунун чаңын толтурушуп (бизче суунун чаңын смаха дейт) эртеси таң атары менен киши көрүнбөй турган жерге жашырынышып алышып, сулуу болуш үчүн гүлдөр жана суунун чаңы менен жуунуша турган. Эл ичинде сулуулар өтө сейрек кезигет эмесни. Сулуулуктун жышааны кээ бир кыздарда болсо, кээ бирөөлөрүндө таптакыр жок.

Мына азыр да фиакрга отурганымда кайрадан куру кыялга батып кеттим. Өзүмдүн туулган жеримдеги археология жөнүндө аз билчүмүн, бул жердин этнология менен тарыхы жагынан маанилүү ачылыштар жасалганын газе-

талардан окусам дагы бир аз тааныштыгым бар болучу. Чоң атамдын тоосунун, туулуп өскөн жеримдин ар бир булуң-бурчтарын беш колумдай билчүмүн. Бөксө тоолордун, өрөөндөрдүн жана үңкүрлөрдүн, ар бир кыштактын, тоонун этегиндеги айылдардын, ар бир тоонун жана булактардын өз аттары бар. Мына ошолордун баары чогулуп аты жок ыйык бир кереметти билдирет эмеспи. Бул жер берекелүү, мол түшүм алынуучу жер. Менин көз алдыма ушундай укмуштуудай коолдуктар тартыла түшөт. Бул жердеги жол башка дүйнөгө, биз айтып жүргөндөй чоң дүйнөгө алып барат. Бул жерден тентип кеткенимди, жат болуп обочолонуп калганымды сезип турдум.

Бизди көрө коюшуп бир деме токуп жатышкан бадачы кыздар орундарынан тура калып жатышты. (Мен алардын падышанын фиакри же мени, бекти көрүп тура калышканы жок, биздин жерде эркектер келе жатса ушинтип урматтап тосуп алыша турган.)

Биздин артыбыздан иттер абалап, влах-влах дешип арсылдап үрүшүп, жүгүрүп келишип аттардын буттарына асылышты.

Фехим камырабастан камчысы менен аларды карай тарс эттире чаап, тамашалап мындай деп кыйкырып коёт:

— Эмне үчүн влах[1] дейсиңер! Ал таптакыр влах эмес, түрк бээси!

Чынында эле иттин минтип үргөнүнүн көп мааниси бар экенин эми гана түшүнө койдум. Мен төрөлгөн жерде «влах» деп кудайдын каргышы тийген калпычы, арам ойлуу адамдарды айтышат.

Жолдун жээгиндеги аянтта бадачылар «ким кыйын» дешип, таш ыргытып мелдешип жатышкан экен.

Мен Фехимден трашменкени токтотууну сурандым.

Алар мени көрө коюшуп топтошуп калышты.

Канча жуп көздөр бир чети уялып, бир чети чочулап мени карап калышты. Мен аларга чын жүрөгүмдөн кубана салам айтсам да алар, бир үн менен сөздүн акыркы муунун жутуп жиберишкенсип, араң эле саламдашышты.

Алар менен сүйлөшөйүн деп канчалык аракет кылсам дагы баары оозоруна суу куюп алышкандай унчугушпайт. Бир кезде артымда турган Фехим суроо берип калды:

— Силер кимдин бадачысы болосуңар?

— Ар кимдики — деп жооп берди бирөө.

— Мен жана бул Асим-бектин бадачылары болобуз.

---

[1] Валахи, валахи — бул жерде христиан деген мааниде.

Мына бул дагы. Тээтиги дагы. А булар болсо Хусейин-бектин бадачылары.

— Балким Филиппович-бектин бадачылары да бардыр? — деп Фехим сурап калды.

— Филиппович-бектин бадачылары да бар.

Мына ошол учурда биздин ортобуздан учкун учуп чыккандай боло түштү. Бадачылардын көз караштары да, үндөрү да мүнөздөрү да өзгөрө түштү. Азыр менин көзүмө ар биринин артында кимдир бирөө жөлөк болуп тургандай көрүндү. Алар кайрат күчкө ээ боло калгандай болушту.

— Кана, баарыңардан ташты ким алыс ыргытты? — деп Фехим сурады.

Асим-бектин бадачылары жылмайып калышты. Ошондо бир бадачы Хусейин-бектики окшойт, ташты көтөрүп ийинине койду да жини келип, эңкейе калып күчүнүн бардыгынча ыргытып жиберди.

Чуркап барып ченеп калышты. Асим-бектин жигиттерине караганда бир карыш алыс ыргыткан экен!

Эми тиги атаандашы камырабай, жерден ташты алып ийинине келип турду, ташты көңкө чейин салмактап көрүп ыргытса дагы мурдагы ыргыткан жерине жеткире албай калды.

Ошондо жерден ташты мен алдым.

— Бек, кечигип калабыз,— деп Фехим акырын айтты.

Жигиттер мени мелдешке катышат деп ойлошпосо керек.

Мен ташты ыргыттым. Үчүнчү болдум. Бардыгы менин ыргытканымды кубана карап турушуптур. Мен ошондо кыйынсына түштүм.

Тиги ташты алыс ыргыткан жигит, мурдагы күүсү менен ташты алып туруп ыргытты эле меникинен бир топ алыс барып түштү.

Алардын сеникинен алыс ыргытты дешип кубанып турушу, ошого арданып кетишим күчүмө күч кошкондой болду окшойт, мен ташты тигиникинен алыс ыргытсам дагы канча алыс түшкөнүн караганым жок.

Жалгыз менин күйөрманым Фехим кубана күлүп, сүрөп сыймыктана карап турган экен. Бул мелдеш эки башка диндеги элдин согушундай эле болду.

Ошондо мени менен мелдешип жаткан улан баш кийимин алып, чарыгын чечип кирди. Мен качтым ал кубалап жетти. Бирөө качып, экинчиси кубалап жетмей оюн бүткөндөн кийин, карыштап ченегенге чейин бардык, ал менден бир тапан артта калды.

— Ой жигиттер, эми вила[1] менен Халилдей согушуп жатасыңар го,— деп Фехим күлүп карап турду.

Балдардын баштары шылкыйып унчукпай калышты, менин атаандашым баш кийимин кийип, чарыгын тартынып кирди. Анын кабагы карыш бүркөлүптүр, көпкө чейин эсимден чыкпай турган болду.

Бир кезде балдардын баары бир жакты карап калышты. Бизди карай, сөөктүү, булчуңдары буркуйган дөөдөй болгон бир бала келе жатыптыр. Анын артынан бир топ бала ээрчип алыптыр, менин мелдеште жеңе баштаганымды көрүп, бир баланын чуркап кеткенин кийин Фехим айтып берди.

Ал келесоо немеден бетер кабагын түйө мени бир карап алып, чарыгын чечип, ташты жерден көтөрүп туруп ыргытты эле меникинен алда канча алыс барып түштү.

Ошондо балдардын кабагы ачылып, сүйүнгөнүнөн кыйкырышып күлүп калышты, бир бала кубанганынан жерге жата калып тоголонуп жөнөдү.

Мен дөөдөй болгон баланын жанына келдим, боюм араң ийинине жетсе болобу. Анын колун бекем кысып, мындай дедим:

— Улан, сени кудай өзү колдосун! Эне сендей баланы жыл сайын эле төрөй бербейт.

Биз кайтып бара жатканда, бир бала артыбыздан мындай деп кыйкырып калды:

— Эй абышка, Халил менен виланын кармашуусу кандай болду?

Фехимдин кабагы кайра карыш түйүлүп, мага мындай деп шыбырады:

— Артыңды караба!

Трашманкеге чейин сүйлөшкөн жокпуз. Жөнөй бергенде балдар бизди шылдыңдап, ырдап, сөгүшүп, жер алдынан чыгып жаткандай кыйкырык-окурүктөр менен узатып калышты.

Фехим үн катпастан, бизди качып баратат деп ойлобосун деди окшойт, аларга өчөшкөндөй аттарды жай айдады. Андан кийин мага башын буруп:

— Алар менен мелдешпей эле койсоң болмок! — деди.

Мен башка дүйнөгө сүңгүп киргем.

Луксордогу Фив колонналары менен оймо-чиймелери көз алдыма тартылып, кээде бирдиктүү бир толук пер-

---

[1] Вила — түштүк славяндын мифологиясындагы жаныбар, Халил — түрк элдик ырдагы баатыр.

сеңсе көрүнсө, кайра бүдөмүктөнүп көрүнүп, кээде айрым сүрөттөрү даана элестей калып жатты.

Бул элестетүүлөрүмдү кылымдар бою ээн жактан төрт тарабы бөксө тоолор менен курчалган, ошол жерден миңдеген жылдар бою малдар менен кошо уктап жаткан адамдардын сөөктөрүн аңдып, улуган адамдан чыккан карышкырларды жолуктурдум.

Биз токойдун четине, сейрек чыккан дарактарды аралап кирип бардык. Токой адамдарга ишенбей, өзүнчө сактангандай чет жагындагы бир даракты кароолго койгон сыяктанат.

Биз шырп алдырбай, анын күүгүмдөнгөн ичине кирип бара бердик. Дагы кайрадан мени бирөө аңдып карап тургандай болду, үрөйүм уча баштады. Мынакей аттар да бир нерседен коркконсуп кулактарын тикчийтишип аярлап басып калышты.

Бала чагымда атам мени ушул токойдун ичи менен өзү гана билген жол аркылуу алып бара жатканда коркконум эсиме түштү.

Токой бала кезимде эле акыл сезимимди өстүрүп, укмуштуудай чоң секирик жасоомо түрткү болгон. Ал жөнүндө мен өткөн жылы сүрөтчү Йованга айткам. Ошондо Тахир-бек экөө көркөмдөп айткан таң калууларымды шылдың кылып күлүшкөн. Андан кийин алар өздөрүнүн жөнөкөй эле ойлорун ортого салышкан: адамды эч ким көрбөй, ээн жерде өзү жалгыз турганда ал кандай абалда болот, качандыр бир кезде ал каргыш тийген акылсыз ойдон чыга алабы жокпу, мүмкүн адамдарда диндин өлүү сезимдери калабы, же сезимде диндин өзү калабы...

Токой мени бала кезимден эле көзүмдү ачып, акыл эсимди кеңейткен. Капыстан пайда болгон, жаркыраган таң калууларым дайым менин жанымда жүрчү. Токой биздин үйдүн терезесинен көрүнүп турууучу, чоң атамдын тоосуна саякатка чыкканда да, биздин шаарчанын бузулгус чебиндей болуп курчап турар эле. Токой ажайып жомоктогудай кооз болучу. Көп-көк болуп, кээде жайкы жамгыр төгүп кеткенден кийин жакын келип калгандай, кол создо жеткендей болучу. Ал эми жаз алдындагы түндөрдө түштүк жактан шамал согуп турганда токойдун ичи каралжын тартып, күүлдөгөндө мен корккондон уктай алчу эмесмин.

Күндөрдүн биринде атам мени бир айылга алып барды. Ошол күнкү окуя азыр деле көз алдымда турат.

Дыйкандарга старчын болгон Тодин деген абышка үймөк чөптүн үстүнө чыгып алып, балта менен чөптү тең бө-

лүп кирди (теңин өзү алып, теңин бөлөк бекке бермек). Мен ошондо зеригип кетип, кыштактан жашырынып чыктым да, мурда эңсеп жүргөн токойду жакын жерден көргүм келди.

Токойду көрсөм деген эңсөөм мурда үйдү карай келе жатканда эле өзүнөн-өзү пайда болгон. Токойго жакындап келгенче эле көз алдыма элестеткендерим улам-улам кайталана берди. Токойду алыстан карасаң көп-көк, жакындан карасаң ачык жашыл болуп кубулуп турду. Улам жакындаган сайын көк жашыл тарта берди.

Ал эми токойду аралап киргенде бир укмуштуу көрүнүштү экинчи бир укмуш көрүнүш алмаштырып жатты. Бул жерде айлана жашыл тартып, жыты аңкыйт, улам алыстаган сайын буркураган жыт тарап, билинбестен жантаймасына жетип, анан көгүлтүр тоонун чокулары менен көк асманга сиңип жок болуп кетет.

Аттар ылдамдап жүрө баштады. Көзгө араң чалдыккан күндүн нурлары менен айланадагы дабыштар күндүн батып бара жатканын айгинелеп турду. Мурда мен күндүн батып бара жатканын — жалбырактарды, карагай-арчалардын бутактарын билчүмүн.

Бир куш жолдун ары жагынан жакшы тынч жай таба тургансып, учуп барып конду.

Фехим менен моокум канганча сүйлөштүм, чарчагандан аттар да, мен да шалдырап калдык. Аттар жай басып калгандыктан Фехим камчысы менен улам-улам чаап баратты.

Туура жактан тийген күндүн кызгылт саргыч нурлары токойдун ичин аралап өтүп, караңгылыкты жарык кылып, токойду урматтап бакытка бөлөп тургандай болду. Бирок ал жарык акырындап өчүп, токойдун ичинде көгүш түтүн калгандай сезилет.

— А эмне үчүн төкөр Сулейман-бек Сенияга жабышып калды? — деп эмне үчүн сураганымды өзүм да билбей калдым.

— Менин Мухаммед-бегим, сүйүү отунун азабы, сүйүү оту ошентип жатпайбы. Анан пендечилик. Аны элдин баары жаман көрүп жатат, муфтийдин аябай ачуусу келди, а бирок Сулейман-бектин абалы да кыйын. Сүйүү оту, деп мен жылмайдым. Бул сүйүү оту деген менин да артымдан калбай жүрбөйбү.

— Ал качан ошентти? Кайсы күнү жуучу жибериптир?

— Ал жуучу жибере элек. Зындандан чыгып келери менен кечирим суроого даярданып жатыптыр. Ал Сенияны аялдыкка алат окшойт.

— Ал аялы тирүү туруп кантип үйлөнөт экен?

— Аялы тирүү болсо антпейт беле, ким билет. Анын аялы өлүп калган. Укмуш, аялы өлөөрү менен ушундай бир сулуу аялды талашып кишн өлтүрдү. Аны бир шермендс уюштурду. Беш жыл күтүү тамаша бекен. Беш жыл күтүү кимге — агабы же кызга оор болобу?

— Муфтий эмне дейт?

— Муфтийби? Ал деген дайыма биздин абийирибизди сактайт да. Анын үстүнө бөдөнөлөр менен көгүчкөндөргө аңчылык кылуу маалы келип калбадыбы. Муфтий да анын жолдош-жоролору да иштин баарын таза унутуп калышты.

Мындай учур мага түшүнүктүү эле, өзүм да аңчы болчумун.

— А Тахир-бекчи? Ал да аракет кылымыш этип жүрбөдү беле?

— Анын эмне ойлогонун бир гана кудай өзү билбесе, эч ким билбейт. Муфтий андан эч нерсени аябай, каалаган кызыңды ал дептир, ал тап-такыр болбой коюптур деп эл кеп кылып жүрүшөт. Тахир-бек менен сенин Йованың эгиз козудай болуп такыр ажырашпайт экен. Йован кудайга жакпаган ишти кылып, сүрөт тартат экен. Ал экөө короонун артына барып алышып, кош арбактай болушуп, түн жарымына чейин бир нерсени талашып-тартышып, элдин уктатпайт экен.

Шаарчага жакындаган сайын менин тынчым кетип, чебелектей баштадым. Жакында муфтийге кезиге турганыма анча деле тынчсызданган жокмун. Жолугушуудан жеңил нерсе жок деп Фехим айткан. Фехимдин унчукпай койгону баарынан оор болуп жатпайбы. Өзгөчө ал менин үй-бүлөм жөнүндө жаңа жолдо келе жатып Сенияны күйөөгө бергени жатат деп толук айтпай койгону катуу тийди. Фехим аябай сөзмөр болуп туруп, жолдо келе жатканда мен сурамайын эч нерсе айтпай койбодубу. Мен анын минткени эмнесен, бир кырсык болдубу деп ойлодум: балким бир кырсык болгон окшойт, же болот окшойт. Ошол кырсыкка мен себепкермин, же сөзсүз себепкер болот окшойм... Мен күн тутуларда, же жер титирер алдында жаныбарлалардын тынчы кете баштайт деп китептен окуганым бар эле.

Фехим трашманкени токтотуп, фонарды күйгүздү да, аттарды таскактатып айдап жөнөдү.

— Жаан жааганы турат,— деди ал.

Мен асманды кара булут каптап, айлана караңгылап калганын байкабай калыпмын. Карагайлардын суюлуп

бара жатканы бүлбүлдөп көрүндү. Карангылык бардыгын кучагына алса дагы, асман кеңейип кеткендей болду. Ылдый жактагы бир жерден биздин шаарчанын кичинекей бүлбүлдөгөн жарыгы көрүндү.

Жол ылдый карай кеткендиктен аттарга жеңил боло түштү, аттар чоң атамдын атканасынын жытын сезишти окшойт эми жетип эс алабыз го дегендей бышкырышып, таскактап жөнөштү. Жакын эле жерден чагылган жарк-журк этип, кайра жок болуп калды. Тоонун арасындагы менин шаарчам жарк деп көрүнө түштү ошондо. Чагылган караңгылыкта бир нерсени күйгүзүп жатты, түн жаңырыкка толуп чыкты, оттук таштын кескин жыты абада калды. Жамгыр тамчылап кирди, тоголок мөндүр түштү. Фехим аттарды дагы токтотуп, менин үстүмдү жаап, өзү дагы кымтыланды.

Асман жерди карай кулап келе жаткандай жаан көнөктөп төгүп кирди. Эмне экенимди билбеймин, мен ошондо чөлдө жашаган жолдошторумду чакырып, бул жердеги жаанды, күндүн күркүрөгөнүн көрсөткүм келди. Мен эмне болуп турам!? Сыймыктанчу нерсени тапкан экемин!

Шаарчага келип калдык. Жайкы буркан-шаркан түшкөн чагылгандуу жаан тынчсызданганымды жана ойлорумдун баарын жууп кеткендей болду. Муфтийге эмне деп жолугам, үйгө кайрылып келбей эле койбой деген кайгыруум, тууган-туушкандар менен жолукkандагы жийиркенич, дагы апамды анчалык сагынбай жолугушуумдун баары эсимден чыгып кетти.

Көчөдө илинген фонарлардын айнектеринен жамгыр агып жатты. Биз ошол фонарлардын жанынан өттүк. Фонарларды жаандын суусу жаап тургандыктан менин келгенимди алардын көрбөгөнү жакшы болбодубу.

## 3

Чоң атамдын мунара-үйүндө бир дагы жылт эткен жарык жок, ат сарайында гана күңүрт жарык көрүнөт. Ошол мунаранын жанындагы биздин үйдүн терезелери жаркырап, караңгыда чычаладай жалбырттап турду. Шайтан алгырдыкы — мени күтүп жатышкаңго! Мунара тараптан да кимдир бирөө келсе керек. Келсе келе берсин. Эч нерсе эмес, аны менен кучакташып көрүшүп, ден соолугубузду сурашып, аркы-беркини сүйлөшөбүз, балким олтурбай эле, чарчадым деп жатууга кетермин.

Ошол учурда менин жалгыз гана апам күтүп турган экен, апам мени көрө коюп кулачын жайып чуркап калды. Мен а дегенде апам менен кошо бир тууганым Мураттын чуркап чыкканын байкабай калыпмын.

Апам мени кучактап тура берди, мен ажалдан кутулуп чыккандай улам-улам өөп жатты. Төшүмө башын коюп, шолоктоп ыйлап кирди. Апамдын өңгүрөп ыйлаганынан мени аябай сагынганын сездим. Эмне кылаарымды билбей, бир чети апакемди аяп, ошол эле убакта ачууланып чачын эки жакка тең бөлүп помадаланган башын карадым. Бирөө курч кылыч менен жара чапкандай көрүндү.

Апакемди өзүмдөн аста оолактатып, иним менен кучакташтым, анын чор баскан колун мойнум сезип турду.

«Ай кудай, өзүң кечире көр, чоочун баладай!» деп апам иним жөнүндө күңкүлдөп калчу. Иним мен жокто аттарды, уйларды багып, жер айдап, чөп чаап, карапайым эл менен ымалашып жүрүчү. Дыйкандардын балдары менен бирге ойноп, алар менен бала кезинен эле жыт алышып кеткен. Инимди башталгыч окууну бүткөндөн кийин андан ары окутуу эч кимдин оюна келген эмес. Аны үйдөгүлөр жана тууган-туушкандар «элеттик бала» деп чакырычу, ал ага эч кандай терикчү эмес. А дыйкандар инимди «биздин бек» деп аташа турган. Иним байдын баласымын деп кедейлердин балдарына бой көтөрчү эмес. Ал ак көңүл, көзү көк, чымыр денелүү эле.

Апам мени үстүнкү кабаттагы диванханага[1] узатып артыман келе жатып, шолоктоп ыйлай берди.

— Атам кайда? — деп мени мойнумдан кучактап келе жаткан Мураттын колунан башымды апамды карай бурдум.

— Сенин келериңдин алдында эле чаршияга[2] кеткен. Мүмкүн сени бир жерден күтүп жаткандыр.

Өөдө жакка көтөрүлүп бара жатканда эскирип калган тепкичтер кыйчылдай баштады. Мен башынан бул кыйынчылыктарды жакшы билчүмүн.

Мурат экөөбүз узун орундукка келип олтурдук. Апам бөлмөнүн ортосуна келип токтоп калды.

— Жол жүрүп келе жатып аябай чарчадың окшоойт, мен тамак алып келе коёюн, даяр турат, — деп апам күйпөлөктөп ашканага чуркады.

Мен апамды токтотуп калдым.

— Апаке, убара болбой эле кой, мен тамак жеп келдим. Жолдо келе жатканда алдыбыздан дыйкандар чыгып,

[1] Диванхана — конок үй.
[2] Чаршия — базар.

Фехим экөөбүзгө козу союп меймандады. Азыр эле аябай тоюп келдик.

— Козунун этин жесең деле, үйдөн тамак ичсең эмне болот айланайын.

— Анан бир стакан сүт ичейин.

Менин бул сөздөрүм апамдын көптөн бери жыйналган кубанычын кубалагандай болду. Биздин жаныбызда турган узун орундукка олтура кетти.

— Арифа кайда? Эмне үчүн бүгүн үйдө эч ким жок! Силер мен баратам деген телеграмманы алдыңар беле? — деп мен же уруша албай, же таң кала албай сурап калдым.

Арифа менден улуу аталаш эжем болот. Кыялы чорт, кыз эмес эле бир шайтан, сулуу, дайыма эле кыштактагы курбулары менен жүрө берет.

— Апам унчуккан жок. Мурат табакерден сигарет алып чыгып, бирин өзүнө алып, бирин мага сунуп жатып:

— Тамеки тартасыңбы — деп сурады.

— Тартпайм,— дедим.

— Хусейиндин үйгө барбайм дегени чынбы?

Хусейин менин кичүү иним болот, ал өз билгенин бербей, Краковго качып барып, ал жерден сүрөтчүлөр академиясына кирген.

— Арифа күйөөгө чыккан,— деди апам.

Көрүнүшү жат, үнү тиги дүйнөдөн чыгып жаткандай.

Мен апамды карадым: апам колу менен тизесин кучактап, бет алдындагы бир чекитти карап олтурду.

— Эмне үчүн мага эч нерсе жазган жоксуңар?

Мен өз үйүмө келип мындай жаңылыктарга таң калышым керек экен да!

Күйөөгө чыкпай эле өзү качып кетти! Анын эмнесин жашырасың? — деп Мурат апама ачууланды. — Баягы гайдуктардын башчысына өзү качып кетти. Мен алардан кантип өч алууну билем!

Кыздын качып кетүүсү бир жагынан эрдик болсо, бир жагынан шермендечилик. Бирин-бири сүйүп калышса, кыз жигит айткан жерге келет да, жигит үйүнө ала качып кетет. Кызды ала качып кеткенден кийин кайра келбейт.

Мен буга анча деле таң калган жокмун. Андай иш Арифанын колунан келери бышык.

Мен Арифаны жакшы көрчүмүн, анын үрп-адатка карабай туруп, күйөөгө качып кетерин билгем. Мындай иш жалгыз гана Арифанын колунан келет. Мен анын шаңкылдап күлгөнүн, адамга кезек бербей сүйлөгөнүн сүйчүмүн. Мындан тышкары менин ага кош маанилүү жана

инке ашпас сезимим бар эле. Ошондуктан мен андан уялып да, күйүп да жүрчүмүн.

Мен аны эч кандай күнөөлөй албайм, күтүлбөгөн жерден күйөөгө чыкканын, анын үстүнө күйөөсүн мурда билсем дагы, эч кандай күнөөлөй албайм. Азыр мен бир чоң нерсемден ажырагандай болдум. Эртең эле мен аны издеп табам! Ушу күнгө чейин мен мындай абалда болуп капаланган эмесмин: көз ирмемдин ортосунда кандайдыр бир ойдо жок нерсе чындыкка айланып олтурат.

Андан кийин апам менен Мурат качып кеткен кичүү иним жөнүндө бир топ сөздөрдү айтышса дагы, башыман бир жаман ой кетпей койду. Алдымда дагы бир чоң кырсык күтүп тургансыды. Мен бул жаман ойлорго жеңдирбөө үчүн апамдан мындай деп сурадым:

— Фафа уктап калдыбы?

Фафа. Вавса менин кичинекей карындашым, али секелек.

Менин бул суроом апамдын кайгысын жеңилдеткендей болуп түштү, жүзү жадырап кетти.

— Карындашың сени аябай күттү. Уктагысы келген жок. Көзү илинип баратып, апаке, мен уктап кетсем, байкем келгенде ойготуп койгула деген. Сенин келишиңе анчалык эч ким сүйүнгөн жок.

Сүйүнгөн деген сөз мени эчактан бери бийлеп келет.

Мен карындашымды азыр эле көргүм келип кетти!

Кудай жалган эшикти ачсам чыйкылдаган жок, аста басып карындашым уктап жаткан бөлмөгө кирдим. Караңгы бөлмөдө картаң жаңгактын жалбырактарынын шуудураганы угулуп, терезеден Айдын күмүш нурлары төгүлүп, чайпалып турунтур.

Мен акырын басып карындашымдын жанына чөгөлөй калдым. Айдын жарыгында жүзүн карасам мурду көгүлжүмдөй көрүндү, бети аппак кардай болуп, бойго жеткенде сулуу болорун айгинелегенсийт. Узун кирпиктери ажарын ачып турду. Мен ырларды шыбырап айта баштадым. Мен араб кыздарынан да мындай сулууну көргөн эмесмин. Жүзүндө жана бөйтөйгөн оозунда жылмаюнун жана көлөкөнүн дайны жок, сүттөй таза бир пери зат көшүлүп уктап жатат. Мен карындашымдын жүзүнө жакын барып абаны өптүм да, демимди ичиме алып, бутумдун башы менен акырын басып, бөлмөдөн чыгып кеттим.

Азыр гана диванканадагы чоң люстранын жарыгы көзүмдү уялтып жиберди. Аны апам күйгүзгөн экен.

— Апаке, орозо айт эмес го, эмне эле жаркыратып салдың?

Орозо айы: күнү — ачка жана сөөлөттүү, түнү — тамак-ашка жана маектешүүгө бай.

— Айланайын уулум, сени жакшылап көрөйүн деп жатам. Бир жылда бир жолу гана келесиң...

Мен апамды сыга кучактагым келди, бирок эмнегедир колум ийнинде калды. Мен апамдын бетинен секин өптүм.

— Мага бир стакан бышкан сүт, же бар болсо, быштактын суусун бериңизчи! Чарчадым, уктайын.

— Өзүңдүн бөлмөңө төшөгүңдү салып, жарык кылып койдум. Мен апам качан сыртка чыгып, чыныга сүт алып келе койгонун байкабай калыпмын. Апам мени быштактын сары суусун жакшы көрөрүмдү башынан билчү.

Апам колун бооруна алып, менин сүттү кантип ичип жатканымды карап турду. Мен кош айтышып, уктоого кеттим. Мурат болсо узун орундукка жаздык коюп, өз алдынча ойго батып, жатып калды.

Бөлмөгө өтө ардактуу конокко салынгандай кош жаздыктуу төшөк салыныптыр.

Мен ошол эле бөлмөнүн ичиндеги жыгачтан оюлуп жасалган хамамжикке — ваннага барып түштүм. Бул жерде жуунуш үчүн мыкты кам көрүлгөн экен. Жыттуу самын (бул урматтоо), таза суу, таза сүлгү, мекеге барып ажылар алып келген буруксуган жыттуу май туруптур. Мен жуунуп бүтүп, лампаны өчүрдүм да, төшөккө жаттым. Ошондо менникиндей башка эч кимде жок деп ойлодум: алдымда жибек, үстүмдө жаркырап турган Ай.

Биздин байлыгыбызга жараша үйдүн ичи мечиттегидей оймо-чийме менен коздолмок, бирок үйдүн ичи эч кандай оймо-чиймесиз эле ап-аппак болучу. Азыр бул үйдүн ичи уктап жаткан эстеликтердей көрүнөт. Ошондо мен өзүмөзүм «адамдар эмне үчүн ак түстү жакшы көрүшөт?» деп суроо берем.

Тамдын боорун аппак кылып актаганда Айдын жарыгы ого бетер көркүнө чыгарат окшобойбу. Саймачы кыз аппак жүз аарчыга сайма сайып жатып, чет жакасын гана саймалап, калган жерин аппак бойдон коёт. Ырда айтылгандай: «Кол тийбеген аппак кар, эч ким өппөгөн айдай жүз».

Аппак тамдын боорунда бир гана левха, курандан алынып жазылган сулуу жазуулар. Бул жазуулар бардык жерде кудай бар дегенди билдирип тургансыйт.

Мен кокустан бир нерсени аяп кеткенсидим, эмнени өзүм да билбейм.

Тамдын бооруна түшкөн жаңгактын бутактарын шамал бир аз теңселтип турган көлөкөсүн Айдын жарыгы

тамдын бооруна түшүрүп көгүлтүр алтын сыяктуу ак түстү пайда кылып, бир укмуштай нерсе бийлеп жаткандай көрүнөт.

Андан кийин мен жыгачтан оймолонгон шыпты карадым. Геометриялык ыкма менен оймолонгондуктан шыптын көркүн чыгарып, кооз көрүнөт. Жыгачтагы оймолордун бири-бирине шайкеш келиши биздин үйдүн көркүн чыгарып турду.

Эми мен жаңгактын жалбырактары чайпалып турган килемге түшкөн көлөкөнү карадым. Жалбырактардын көлөкөсү бирде караpca, бирде айдын жарыгына жалтырап көрүндү. Килемдин түрдүү түстөрү эле кереметтүү эмеспи. Мына ушундай кооз килемдин үстүнө жарык түшкөндө көз алдыңа кызыл-тазыл гүлдөр ажайып ачылгандай, алоолонуп от күйгөндөй көрүндү. Мен эңсеген кооздукту көргүм келди. Бирок андай болгон жок. Жаңгактын көлөкөлөрү кооздукту өчүрүп таштады. Мен ошондо ээн жерде калган сыяктандым.

Бул эмне болуп кетти, шыпты жеп жаткан курт болду бекен? Же мен каңырыш угуп жатамбы? Же болбосо шамал эски терезенин капкагын кыйчылдатып жатабы?

Кайрадан салкын жел согуп, бөлмөдөгү терезенин пардасы жан киргендей кыймылдап, седептей ак түстөр тегерек тартып, бир башкача көрүнө баштады...

Элиза! Мен ал жөнүндө ар дайым ойлоно берем!

Мени өзүнө эмне тартып жатканын билбейм: анын аппак денесиби, же тынчсыз кербездигимби? Мен ал үчүн бар болгону түркөй адаммын (так ошондуктан ал эрксизден мага тартылып жаткансыйт), мен болсо андай эмес экендигими көрсөткүм келет: мына бул мен жаткан бөлмөнү эле алалы: бул бөлмө падышанын сарайына бир аз окшоп кетет; ал кенен, стилдердин туш келди чогундусу эмес, эклектика эмес; бул үй ушул жергиликтүү устаттардын колунан жаралып, фольклордун космостук маңызын кымтыгансыйт, аны жакшылап көңүл коюп карай билүү керек...

Мен кызга түшүндүрүп кирем, ал болсо — о, comme dans la vallée des rois — деп өзүнүкүн бербейт. Ал менин сөзүмдү угуп «phan-tastique, miraculeus![1] деп макул болот. Кыз өз билгенин кылып, бир жерде жөн тура албайт. Ат чаап бараткансып, узун олтургучтун бышыктыгын сынай баштайт. Анан терезеге чуркап барып, Айдын жарыгына карап суктанат. «Ай келесоо, сен кайда жашынганыңды

[1] Укмуштуудай кооз экен!

билбейсиң»,— деп мени көчөгө чакырат. Бөлмөнүн так ортосуна мангал орнотоп коюп, андан чыккан оттун жарыгына курсагын кыймылдатып бийлеп кирет. Бийлегени олдоксон, жаш балдардыкындай болсо. дагы, үстүндөгү кийимдерин чечип жиберип мени кел дейт.

«Мен чарчадым,— дедим,— мына сенин төшөгүң, бөлөк жатабыз».

Айтарын айтып алып, ичимен ойлойм. Менин чаар ала торгоюм (анын мурдунун жанындагы кичинекей кара кал мени суктандыра турган), бүгүн сени мурда эч качан болбогон асман күтүп жатат.

Ал булкулдап кийимдерин чогултуп, кичине бөлмөнү хамамжикти шкаф экен деп ачып алды... «Бул эмне?!» — деп таң калуу менен сурады.

«Мончо»,— деп мен жооп бердим. Андан ары сөзүмдү улап, «жанагы иштен кийин эркектер сууга түшөт... — дедим. Ал (баягыдан да ачууланып) өзү сууга түшө баштайт «Мен баары бир жуунамын,— дейт ал. — Бирок буларды кандай кылуу керек.

Мен ордуман туруп, анын үстүнө суу куйдум. Мен сууну аядымбы, же ага сууну кандай куюп жатканымды көрөйүн дедимби, кумгандан анын аппак денесине сууну ичке чууртуп куя баштадым. Анан мен анын аркасын самындап кирем, ал мемиреп ракатка батат, ичи тартыла түшөт, мен эрдинен өбөм.

Кыздын денесиндеги самынды шаша-буша жууп, денесин сүртүп, чала суу бойдон төшөктү карай көтөрүп жөнөйм. Менин колум жетпей турган жана билип бүтпөй турган анын денесинде канча керемет жерлер бар...

Эшик кыйч этип ачылды, апам баш багып мени уктап жатабы деп карады. Мен көзүмдү жума калып, катуу уктап жаткандай түр көрсөттүм. Көзүмдү ачсам апам кетип калыптыр.

Апам мен күнөө кылып жатканда үстүмөн чыга калгандай болдум; аз жерден үнүмдү чыгарып өзүмө-өзүм айткансыдым: ал көрүшү мүмкүн эмес эле!

Бул көргөндөрүмдүн баары түшүм деп өзүмдү-өзүм тынчтандырдым. Мен качан уктадым, уктадымбы, жокпутакыр билбейм. Мени көчө жактан чыккан катуу үн ойготуп жиберди. Терезеге жүгүрүп бардым. Эч ким көрүнбөйт. Короонун ортосунда тыт дарагы өсчү. Анын көлөкөсү жолго түшүп туруптур (Ай, чөлдүн үстүндөгү алтын чарадай болуп бадырайып батып баратат). Кимдир бирөөнүн булдурттап, күңкүлдөп жатканы гана угулду.

— Эшикти ач дейм, ашкабак баш! — деп атам кирки-

рен (мен аны үнүнөн тааныдым), дарбазаны каккылап жатыптыр.

— Мындай мас адамды үйгө кийирбейм! — деп Мурат жооп берди.

— Тиги келдиби? Ач дейм, баарыңарды атып таштайм!

— Атып эле көр! Каяктан ичсең, ошол жерде укта!

Мурат жылаңаяк, дамбалчан, ачуулана колун шилтеп, үйгө кирди. Бир аз тынчый түштү. Андан кийин атам дарбазаны дагы жанталаша каккылап кирди. Бут денеси менен түртүп, эшикти сындыра турган болду. Апам короодон чыгып, дарбазаны карай чуркады. Эшикти ачып жиберди эле, атам короого сүрдүгүп кирип келип, чайпала түшүп, кудукка барып жыгылды. Апам ага чуркап барды. Эми мен бул окуяны көрүп да, угуп да турдум. Атамдын өңү кубарып кетиптир, апам атамдын башын кудукка түшүрбөө үчүн кармап туруптур. Атам аз жерден кудукка түшүп кете жаздаптыр.

Атама эмне болгон?! Арак ичүү эмес эле го. Анда-санда гана олтуруштарда, же майрам күндөрү иче койчу. Мен короого чуркап баргым келди, кайра ойлонуп, мас болгон атам менен кантип көрүшөм деп барган жокмун. Кайра төшөгүмө келип жаттым.

Эми дагы үйдүн ичинде калдыр-шалдыр, кыйкырык, урушкан үндөр угула баштады. Мен ордуман ыргып туруп, эшикке барып тыңшай калдым. Кирип барып ажыратсамбы? Жок, чектен чыккан учурда гана арачалайын дедим.

Аңгыча болбой чаң-тополоң чыгып калды. Азыр тепкичте күп-күп болуп жатты окшойт...

Кимдин сүйлөп жатканын тааныдым.

Жүрөгүм оозума тыгылса дагы акылым жайында эле. Атам мени көргүсү келип жатты, Мурат аны коё бербей турду. Эми экөө тепкичте күрөшө баштады.

— Тарт колуңду, айбан, мен сени а... — атып деген сөздү атам толук айта албай калды.

— Тапанча, анын тапанчасын ал!—деген Мураттын үнү угулду. Бир убакта күлдүр-шалдыр болуп экөө тепкичтен төмөн кулап кетишти. Карындашым Фафицанын чыйылдаган үнү чыгып калды. Мен эми чыдап тура алган жокмун, диванканага атып чыктым. Апам менен Фафица бөлмөнүн ичинде чуркап жүрүптүр. Мурат ылдый жакта тепкичтин алдында атамды кучактап турган экен. Атам болсо Муратты колу менен муштап, буту менен тепкилеп жатыптыр. Мурат атамды ашканага көтөрүп барып, түртүп киргизип эшигин кулпулап таштады. Мени эч ким көргөн

жок. Кайра бөлмөмө келип, төшөгүмө күп этип жатып калдым. Катуу чарчагандыктан араң уктадым.

Уктаган сайын жаман түш көрө бердим. Бир эле көргөн түшүм кайта-кайта кире берди. Сүйлөйүн десем сүйлөй албайм, же менин үнүмдү эч ким укпайт. Суроомо эч ким жооп бербейт. Кечээ жакында эле түш көрсөм: чуркайын десем бутум шилтөөгө келбей калган. Бир кезде салаңдап асманга илинип калам. Эмнени кармасам баары сынып, ылдый карай кулайм, кээде түш көрсөм көңүлүм айнып, аябай корком, бир караанды көрөм, аны кароого болбойт, артыма кайрылайын десем такыр алым жок болуп калат.

Бүгүнкү көргөн түшүмдө акырында бир нерседен качайын дейм, бирок ордуман такыр козголо албайм. Мени түшүм соо кезимде да бүт бийлеп алып, бүткөн боюмду калтыратат. Мен уктабай жатканымды билип турам, терезеден асман тиреген тоонун жанындагы чулу ташты көрдүм. Так эле ушу ташты түшүмдө да көрчүмүн.

Бул тоо бир дарактын аты менен аталчу, анын андай аталышынын себебин бир кудай өзү билет. Ал дарак тоонун чокусундагы мөңгүнүн ортосун жарып чыгып, асманга боюн керип, андан ары карай өсүүгө болбой тургандан кийин ошол жерге кучагын жайып төшөлүп калса керек. Ошондуктан арчалуу тоо деп аталса керек эле. Арчанын бутактары бири-бирине чырмалышып, асман мелжиген карагайдай. Бул арчанын бутактары кайыңдыкындай болуп жоон жана катуу.

Ооба, мына ушул тоо бүгүн түшүмө кирсе болобу.

Мен ошол тоого чыгып, түбү жок жарга барып калам. Түбү жок жарга түшүп кетемби деп аябай корктум. Колубутум шал болуп калгандай такыр кыймылдай албайм. Эки жагымды карасам аскалуу тоонун кабагы бүркөлүп туруптур. Айланамдын баары кар. Жалгыз гана кардын арасында жаткан мен экенмин. Жада калса тээтиги дарак да көзгө чалдыкпайт, же кар басып көрсөтпөй калган окшойт, же болбосо ал дарак эч качан болгон жок беле?..

Айланадагы кар улам барган сайын көбөйө берди, ал асмандан жаабастан, жерден ташып, кайнап чыгып жаткансып, көбөйүп келе жатат. Кар кара тоонун алдындагы чоң таштын алдынан уюлгуп чыгып, ашып-ташып, улам күчөгөндөн күчөп көбөйүп, мунарыктанып, ажыдаардай мени карай сойлоп келе жаткансыйт.

Мен аябай коркуп кеттим, ишим оңдой берди болуп оң жагымдагы салаңдап турган аска таштын алдындагы карда адам бата тургандай жылчык көрүндү. Ошол жерге ба-

рып жашынсам болот. Бирок мен кыймылдайын десем такыр кыймылдай албайм, эмнегедир тек гана кыймылдагым келбейт, али жашынууга убакыт бар деп өзүмдү-өзүм соorтом. Ошол убакта капысынан аска зооканын башка тарабынан көчкү жүрүп, жылчык-жараканы каптап келет. Ал жерге чуркап жетсем болчудай, чуркайын десем бутум шал болгондой такыр кыймылдабайт...

Экинчи жолу түш көрсөм — биринчи түшкө тап-такыр окшобойт. Дагы бир жолу түш көрсөм: тоонун суусу чайкап кеткен чуңкурунда биздин кварталдагы бир кичинекей үй турунтур. Бул үйдү элес-булас тааныйм, ылай кыштан салынып, үстү эңсиз тактай менен жабылган экен, эшиктен эч кандай добушсуз кум менен көмүр тынымсыз жылып агып жатыптыр... Агындынын бардыгы эмнегедир сары былжырга окшоп кетет.

Диванханадагы эски сааттын кукугу сегиз жолу чакырганын санап коюп, төшөгүмөн турбай жаттым. Үйдүн ичи тынч эле. Үйдөгүлөрдүн баары бир жакка кетип калгандай. Мен аларды чын эле кетип калса экен деп ойлоймун. Эгерде кичинекей карындашым Фафицаны тез аранын ичинде көргүм келбесе ошентмекмин. Мен ордуман турдум, чатырдын алдындагы бактектин күү-күү эткени билинер-билинбес угулат. Бир нерсе куюлуп жаткансып, күңүрт дабыш чыкты.

Апам эшиктен баш бакты, апам экөөбүздүн көз карашыбыз чагылыша түштү, эми уктамыш болуп жатууга болбой калды.

— Кир, апа, кир.

Апам бөлмөгө кирип келип, мени тиктеп калды.

— Уулум, уйкуң кандыбы? — деп апам чөгөлөй калды.

Апамдын эмне деп айта турганын көз карашынан эле билип койдум.

— Апаке, уйкум аябай канды. Чагылган чартылдаса да ойгонбойт элем. Узак жол жүрүп келбедимби. Деги өз үйдөй болбойт экен го!

Апамдын жүзү жадырай түштү.

— Тиги жакта атаң күтүп жатат. Карындашың Фафица дагы сени көргүсү келип жатат.

Апам жылып чыгып кетти. Фафица бөлмөгө учуп кирди. Ал босогого жууна турган дагыра менен чөгүндү шарт жерге коё коюп, ийниндеги сүлгү менен мага чуркап келип, эки бетимден өөп-өөп алды.

Бир аз жай алгандан кийин мени эркелете сылай баштады.

— Сени ким чагып алган? — деп мойнумду сыйпалады.

Шайтан кыз Элизанын кылганы!

— Аары чагып алган,— деп мен одеалды мойнума жаптым.

Аары мындай чакпайт!

— Араб аарысы абдан катуу чагат!

— Ах ошондойбу? Арабдардын жөргөмүшү биздикинен чоң болобу?

— Ооба, анча деле чоң болбойт... Болду, кана суу куюп берчи, мен жуунайын. — Мага карындашым суу куюп жатканда: — Түндөгү чагылган сени ойготкон жокпу? Сен чагылгандан коркпойсуңбу? — деп сурадым.

— Корком, мен эч нерсени уккан жокмун.

Жуунуп, бөлмөдөн чыгарым менен менин көңүлүмдү бурган атамдын өңү эмес, анын майрамдагыдай кийинип, жибек кур курчанып турганы болду.

Мен атамдын оюн дароо түшүндүм, кофе ичип бүткөндөн кийин ал мени ээрчитип, базарды (мени элге көрсөтүү үчүн) кыдырышы ыктымал.

Атам узун орундукта мени күтүп олтурган экен.

Мен өзүмдүн эмне болуп турганыма таң калдым. Кимдир бирөөнөн коркконсуп, башымды жерге салып диванханадан чыгып бара жатып, атамды көрүп калдым. Атам кубана мени карап туруптур, мына азыр эле кучагын жайып тосуп чыкчудай.

Мен атамдын жанына барып, колунан өптүм, атам ордунан турбай алаканы менен менин жаагымды кармап, бетимден, маңдайымдан өптү. Атамдын колу калтырап кетти.

— Каникулда үйгө келериңди билгем,— деп атам жанынан мага орун көрсөттү. — Тахир-бек сени «келе жатат» деп сүйүнчүлөгөндө, сени келбейт го деп эмнегедир ишенген эмесмин. Эмне деген киши дагы, кудая тобо, э уулум?

— Аль-Азхардагы элүүдөн ислам өлкөлөрүнүн студенттеринин ичинен ал мыктыларынын мыктысы,— дедим мен өзгөчө таң калып.

— Ал жөнүндө мен уккам. Ошон үчүн сурап жатам.

Фафица менин алдыма качан олтуруп калганын байкабай калыптырмын.

Апам подноско чыны менен кошо Каир шарабын алып келди. Мен аларды биринчи жолу каникулга келгенде алып келген элем. Апам мангалдын жанына чөк түшүп олтурду. Чокто суу кайнап жатыптыр. Апам чыныга кофе куюп, биринчи чынына мага сунду.

Биз үн катпай, кичинеден ууртап коюп олтурдук. Бул унчукпоо түндөгү чаң-тополоңдун кесепетинен болдубу, же башка бир себеби барбы? — деп сурап коём өзүмөн.

— Каирге Стамбул аркылуу барууга болобу? — деп атам күтпөгөн жерден сурап калды.

— Барса болот. Бирок алыстык кылат.

Атам мага бир нерсени айткысы келгени үчүн эле сурады го десем, андай болбой чыкты.

— Билесиңби? — деди атам сөзүн улантып, сен кайра кетериңде мен дагы сени менен кошо барам. Стамбулда бир күн түнөп, анан Бурсуга жөнөйм. Биздикилер, баягылар, Бурсуга көчүп баргандар кайра көчүп келбей жатышат. Ар бири өздөрүнүн буюмдарын талап кылууда.

Сөз европалык бийлик[1] орнотулганда Түркияга көчүп кеткендер жөнүндө болуп жатыптыр. Менин эсиме бектердин арасында бөлүштүрүү иштери жөнүндө кабар билдирген Сенияны каты түштү.

Мен атамдын эмнеге капа болуп жаткандыгын эми түшүндүм! А мүмкүн андай эместир?

— Каирде тиги жалкоолор үчүн мектеп барбы?

— Кайсы жалкоолор үчүн? — деп сурадым.

— Тиги сүрөт тартып жаткандар үчүн.

Мен ошондо атамдын эмнеге күйүп-бышып жаткандыгын түшүндүм: анын уулу «тиги Храковдон» такыр кайрылып келбейт, ошол жерден үйлөнөт, биздин элдин үрп-адатына жакпаган кандайдыр бир баатырдык иш кылып динден чыгып, балдарынын аты Селим менен Фатима эмес, Васо, Йованко болот деп капаланып жаткан тура. Ооба, таза укум-тукумум бузулат, абийирибиз кетет, элди карай албай жерге киресиң, андан көрө ошо «Храков» деген шаарга барып, аны өлтүрүп тынайын деген ойдо экен.

Атамдын оюн биле коюп, эми аны тике карадым. Мен атамын аргасы түгөнгөндөн кийинки оюн билдим: болор иш болгон соң эки бир тууган бирге болсун үчүн аны да Каирге которою, экөө ислам дүйнөсүндө жаман турмушка туш келбес деп ойлогон окшойт.

— Атаке, Каирде андай мектеп жок,—дедим мен. Айткан сөзүмө өкүнүп калдым. Атам көзүн жүлжүйтүп калды. Ал канжасын кере соруп, ичиндеги бугун чыгармакчы болду. Тамеки соруп жатканда жүзү саргара баштады, көзүнүн алдындагы көгү көрүнө түштү. Мен капыстан атамын өгүздүкүндөй болгон мойну кылдай болуп калганын байкадым. Буттары да ирбейип, колдору шалдырап узун болуп калгандай. Буту-колу саргыч тартып, калтырап турду.

---

[1] 1878-жылдагы Берлин трактаты боюнча Австро-Венгрия «тартип жана тынчтык орнотуу үчүн» Босния менен Герцеговинаны басып алган.

— Мүмкүн,— деп мен шаша сүйлөй баштадым, балким андай мектепти Каирде ачышар, аны кимдир бирөөнөн уккансыдым эле, жакшылап сурап көрөйүн. Атам аябай сары-санаа болсо керек, эми минтип акыркы үмүтү үзүлгөнсүдү.

Үйгө Мурат шарт кирип келди. Ал жез табакка Петров майрамына карата эрте бышуучу жайкы алмадан алып келип, үн дебестен менин алдыма койду. Бир алма табактан түшүп кетип, бөлмөнүн ортосуна чейин томолонуп барды.

Биз баарыбыз томолонгон алманы карап калдык. Атам бул учурда эмнени ойлонуп жатты болду экен? Мүмкүн качып кеткен уулун, же күйөөгө качып кеткен кызын эстеп жаткандыр?

Мурат обочороок барып олтуруп калды.

Мен атамын Мураттын курунда саландаган күмүш саптуу канжарын каарадана жалт карап алганын байкадым.

Мен Муратка араб зурнайын белек кылып алып келгем.

— Мурат, бай болгур, өөдө жактан мени чемоданымды алып келчи.

Ал ордунан шарт ыргып турду.

— Тиги чоң чемоданды,— деп мен артынан кыйкырып калдым.

Мен баарына, жада калса малайларга да ар кандай белектерди ала келгем. Атама янтардан жасалган канжа, апама кемсел жасала турган жибек кездемени берип атканда карындашым Фафица мага кандай белек берер экен деп анардай жанып турду. Муратка зурнай алып чыгып бергенде анын кабагы ачыла түштү. Мен Фафицанын колуна гүл сайылган жашыл жибекти ыргытканда ал жибекти ийнине сала коюп, менин төшүмө келип жабышты. Ар кимисине белектерди берип жатканымда алар мени ыракмат ордуна өөп жатышты.

Андан кийин мен аталаш карындашым Арифага сатып алган күрөң жибек кездемени алып чыктым. Мен бул кездемени көзүнө окшоп көйнөгү да жаркырап турсун деп сатып алгам.

Жибек кездемени колума кармап турганда үйдөгүлөр кимге алып келди дешип таңдана карап турушту. Мен узун орундукта бош турган орунду көрө коюп, Мурат алып келген тарелкадан түшкөн алмадай болуп тоголонуп, жоголуп кеткен, шаңкылдап күлгөн Арифаны көз алдыма элестеттим.

Арифага алып келген жибек кездемени чемоданга бир тууганым Хусейни үчүн алган фараондордун сүрөтү тар-

тылган рамага салдым. Күтпөгөн жерден мылтык атылып калды.

Көчө жактан мылтыктын тарс эткен катуу үнү угулду. Биз бири-бирибизди карап калдык. Кырсыкты кабарлагансып, эски сааттан күкүк башын чыгарып чакырып калды. Мылтык экинчи жолу атылды, артынан чаңырык чыкты... Биз дарбазаны карай чуркадык.

Мен көргөн көзүмө ишенген жокмун...

Биздин үйдүн алды менен чоң атамын мунарасынын ортосунда жолго чейин чоң парк созулуп жатат. Анын бир жагы коңшу шаарга кетет. Чоң атам бул паркты өзүнүн досу округдук австриялык бийдин каалоосу жана планы менен отургузган. Жаңыдан олтургузулган топ-топ болгон дарактар, түркүн түстөгү гүлдөр, ортодо орнотулган фонтан көзгө сонун көрүнөт.

Ушундай да болот экен ээ!

Карыя Вепрь менин агам Хрустем-бек (анын булчуңдары менин белимдей) анын артынан кубалабагансып камырабай паркты аралап келе жатыптыр. Мен агамдын кош оозду дүрмөттөп жатканын көрө калып, эки жолу мылтык аткан ушул турбайбы деп ойлодум. Чоң атамдын терезесинен жана агамдын үйү жактан ызы-чуу угулуп калды. Эл ызы-чуу түшкөнү менен, тиги агамды же үйдөн мылтык ала чыккан атам, же кынынан шамшарын сууруп чыккан Мурат кой деп койбойт. Алар капыстан болгон бул окуяга дал болушуп карап турушту. Мен болсо Хрустем-бектин эч кандай камырабай келе жатканын көрүп таң калдым. Ал кылчайып артын карап да койгон жок.

Хрустем-бек акыры агамдын арт жагында келе жатканын сезе калды да эки жагын карап токтой калды. Агам аны карай мылтыгын кезеп, кыйкырып, башын кейкендетүүдө (арабыз алыс болгондуктан ал түкүрүнүп жаткандай сезилди). Вепрь былк эткен жок, бир аздан кийин аны карай жулунду. Ит кубалагандай жолунан кубалап жиберди да, өзү кам санабай ары басты. Агам анын артынан чуркады эле, Хрустем-бек мылтыкты кармай калды, ошондо мылтык тарс атылып кетти; Хрустем-бек мылтыкты агамдан жулуп алып, тизесине салып туруп бир уруп, чамынды сындыргандай сындырып, ыргытып жиберди да, эмнегедир чуркап жөнөдү. Агам болсо колунан оюнчугун жулдуруп жиберген баладай болуп, парктын ортосунда турган бойдон калды.

Мен анын келе жатканын көрүп зээним кейиди. Мен эми гана анын аябай аксап келе жатканын байкадым.

Атам (экөө көпкө чейин сүйлөшпөй жүрчү) агама ка-

рай жүгүрдү. Мурат өтө сабырдуу болучу, ал ичине кек сактаганы көзүнөн билинип турду, агама жардам бермекчи болуп барып токтоп калды. Апам эркек кишилердин урушуна аралашмак беле, короого кирип кетти. Мен атамын артынан ээрчийин дедим, ошол убакта агамдын үйүн карай келе жаткан чоң атам менен муфтийди көрүп калдым. Алар шаша келе жатышкан экен. Учурдан пайдаланып муфтиге барсамбы? Жок, коё турайын, Тахир-бекти көрмөйүн барбай коё турайын дедим.

## 4

Андан ары карай кандай окуя болду?

Аталаш карындашым Мемнуна мага баарын айтып берди. Ал өз көзү менен көргөн экен.

Мемнуна көргөндөрүн айтып жатканда кубарган, карала-торала болгон жүзүн калп айтып жаткан жери жокпу деп карап турдум. Эмне үчүн дегенде ал китеп дегенде ичкен ашын жерге койчу, китептерди колунан түшүрбөй окуган Тахир-бектен кем калчу эмес. Мемнуна менин көзүмө дөбө-дөбө болуп үйүлгөн китептердин ичине сүңгүп кирип, андан башка эч нерсени көрбөгөндөй сезилчү. Ошондой болсо дагы ал азыр мага жалаң гана чындыкты айтып жатканы таң калтырды. Мен анын айткандарын угуп жатып, бир азга кулак салбай, Тахир-бек жөнүндө, анын жашыруун сырлары жөнүндө ойлоп кеттим. Ал менден, уулуу жылан тилин каткан сыяктуу сырларын катуучу.

Эртеси Хрустем-бек анын үйүнө келип түштү. Ал жөнүндө баары угушса да жана айрымдары ал турсун кезиккен болсо да Хрустем-бектин келиши бардыгына күтүүсүз нерсе болду. Хрустем-бектин жөнөкөй кийинип келиши да элди таң калтырган жок. Дыйкандар кийген зыгыр чепкенин, мырзалар курчанган жибек кездемени курчанып, бут кийиминин боосун байланбастан базарга баруучу. Анын мындай жөнөкөй кийинген сырын ким билсин, мүмкүн дыйкандар менен бирге чалгы чаап, жер казып, алар менен чогуу бир жыгач кашык менен бир табактан тамак ичүү үчүн ушундай жүрүү керектир.

Көрсө, ал агамдын улуу кызы Наилага куда түшкөнү келиптир, муну карабайсыңбы! Анын жашы жетимиштен ашса ашар, кем эмес эле. Эгерде Наилага үйлөнсө ал төртүнчү токолу болмок. Наиланы күң токолу Смилянанын үстүнө алып бармак, ал токолунан эки баласы бар болучу. Хрустем-бек бир жылда канча күн болсо ошончо кул-

дарым бар деп сыймыктанчу (токойдун арасына качып кеткен кулдарына сан жетпейт!) Оюна келгенди кылам десе керек. Менин агам (Вепрь токтоо болучу) Хрустем-бекти жаакка бир чаап, бетине түкүрдү. Ошентип чатак башталып, мылтык атууга чейин барып олтурушат.

Мен Мемнунанын сөзүн угуп жатып, анын сүрөткө тартып койгондой татынакай жүзүн карай бердим. Мемнуна биздин эч нерсе өспөгөн жыланач тоого чыккан көк гүлдөй укмуш көрүнүп турду. Мен ага боорум ооруп карап турдум. Менин бул карындашым биздин жер кандай сырлуу болсо, так ошондой сырлуу эле.

Карындашым мага которулган орус романын алып келип берди. Китептин ичинен майда тамгалар менен көчүрүлүп жазылган бир топ барактарды көрдүм. Мемнуна көргөндөрүнөн жана окуган китептеринен алган таасирлерин жазып жүрөрүн билчүмүн. Мен аларды окуп чыккым келди. Андан ары карындашымдын башынан өткөргөн окуяларын аргасыздан көчүрүп жазып алдым.

«Вепрди карап туруп, аны жер кантип соруп кетпегенине таң каласың,— деп жазыптыр Мемнуна,— ал жыйырмадагы кезинде кандай болду экен! Аялдар бардыгын билишет. Аялдардын Вепрди ушактап жатышканын уккам. Анын ата-тектүү эки аялы өлүп калган, бири — баласы чоң болгондуктан төрөй албай өлгөн, экинчи аялы ага чыдай албай өлүптүр: жолуккан эле жерден ычкырын чечтирчү экен. Үчүнчү аялы күң Смиляна болгон.

Вепрь өзүнүн селолоруна эгин оруп-жыюуга барганды жакшы көрүүчү. Ал ошол жылы Волчье селосуна барып, ошондон кийин ал селонун атагы чыккан.

Мен бул ушактардын баарын тили узун Наджиди-ханумдан уккам. Хрустем-бек алмуруттун көлөкөсүндө кыздардын орок оруп жатканын карап олтурду. Бир убакта ал ордунан ыргып туруп, орок оруп жаткан кыздарды карай чуркады. Смиляна деген кыздын орогун жулуп алып, жанталашып оро баштады. Орокчу кыздар байды куун жетебиз дешип бекер убара болушту. Такыр жете албай коюшту. Ошондо Смиляна бир кыздын орогун колунан ала коюп, байдын артынан шартылдата оруп кирди. Кыз талаанын аягынан араң дегенде кууп жетти байды. Бай элдин көзүнчө, кызга орогун карматып, колун юбкасынын алдына сала койду! Эл болбогондо бай кызды эмне кылары белгилүү эле. Күңү болмок да, мурда эле кыз ага майланышкан көздөрүн кысып жүргөнүн баары көрүшкөн. Ошондуктан Вепрь Волчье селосуна ат тезегин кургатпай келип турчу.

Ал ороктон кийин Смиляндын чоң атасы Савва менен алмуруттун көлөкөсүндө олтуруп, аркы-беркини сүйлөшүп, жада калса эки жолу кучакташа калышканын орокчулардын баары көрүшкөн.

Савванын Смиляна деген кызы 200 түтүндөн ашкан дыйкандардын кыздарынын ичинен сулуусу эле. Кара торусунан келген, көзү бакыракай, эликтей ойноктогон кыз болучу. Карышкыр эттин жытын сезип калды!

Ошондуктан бай чоң ата Савва менен шыбырашып сүйлөшө баштады.

«Кызыңды мага бер, күйөө балаң болоюн, сен кызыңды баарынан жакшы көрөрүңдү билем, мен кызыңды чын жүрөгүмдөн сүйөм»,— деди.

«Бек, күнөө болот, кызды зордук менен алба, өзү кааласа мейли!»

«Койсоңчу болбогон кепти, күнөө болорун ал да, мен да билебиз!» Экөө үч жолу кучакташты, ошентип бардыгы чечилди.

Ошентип Вепрь Смилянды үйүнө алып келди. Алып келгенден кийин түшүнүктүү иш да, нике кыйылды. Смилян колуктунун кийимин кийип, кудайга сыйына баштады. Эл анын ушу күнгө чейин курандын сүрөөсүн кантип үйрөнүп алганына таң калып жүрөт.

Элдин арасында ар кандай сөздөр болду. Кээ бирөөлөр, кыздын чоң атасы бектин торуна түшүп калган дешсе, кээ бирөөлөрү, жоок, ал бекке жагынгысы келген жана анын колдоосуна ээ боломбу деген дешсе, үчүнчүлөрү абышка кызын байга берип, көп акча алган дешти. Ал эми чындык башкада эле. Абышка бек менен дайыма чогуу аңчылыкка баручу. Савва абышка бекке далай койдун сүрсүгөн эттерин жеткирип берип турчу. Смиляна Аземина болуп атала электе эле бектин ичиги Савванын түлкүлөрүнүн териси менен ичтелген болучу.

Волчье кыштагындагылар ичтеринен тынышып үн катпай турушту. Ал эми тегерек-четтеги кыштактагылар аны Түрк кыштагы деп атап калышты.

Мына ошондон кийин,— деп жазат өзүнүн күндөлүгүндө Мемнуна,— Наила! Биздин улуу эжебиз.

Улуу эжебиз күйөөгө чыкпагандан кийин биз, эки сиңдиси, күйөөгө чыгууга укугубуз жок. Ал биринчи болуп күйөөгө чыгышы керек эле.

Вепрь биздин үйдүн эшигин какканда мен бир кырсык болорун сездим.

Атам баш жазып кофе ичип олтурган. Ал Вепрди мурдагыдай үстү жактагы диванханага чакырган жок,

ордунан бир аз жылды да, өзүнүн жанынан орун көрсөттү.

Тигинин зорлугун айта көрбө, кудурет олтурган орундугу качан сынып кетер экен деп таң кала карап туруп калыпмын. Каман болгону менен ашык май жок, сөөк менен гана тарамыш!

Анам экөөбүз ашканада карбаластап тамак бышыргансып жүргөнүбүз менен, кулагыбыз тигилердин сүйлөшкөн сөзүндө. Бөлмөгө чуркап кирип баратып Вепрдин көзү Нанланын бутунан өтүп жатканын байкадым. Ошондо Наджида-ханумдун; Вепрь буту ийри аппак балтыры жоон аялдарды жакшы көрөт деп айтканы эсиме түшө калды (куду Нанланыкындай). Ак, жоон болсо мейли дечи ийриси... Ийри бут аялдар белден кысканга жакшы,— деп ал ракняга мас болгондо кицкилдеп аңчыларга айтчу экен.

Менин бүткөн боюм дүр этти, ал чын эле ошондой аялдарга үйлөнөбү?

Вепрь аялдарынын үстүнө эрте ойгонуп кирип, кеч чыгат деп Наджида-ханум айтып калчу. Анысын аялдары жакшы көрөбү-жокпу-ким билсин. Бул тынчыбаган короз күрсүлдөгөн каманнын салабат күтөр убагы деле келди эле! А бул болсо, сыягы, башы көргө киргиче анысын койбойт көрүнөт. Ал улгайган сайын,— деп сөзүн улантчу Наджида-ханум,— жашоо улам ширин боло баштады.

«Тиги Чаар качан келмек эле?» — деп Вепрь атаман сурап калды, мен аларга кофе алып киргенде («Чаар» деп айтып жатканы муфтий, чечектен кийин ушундай болуп калган).

«Бөдөнөлөр түгөнгөндөн кийин»,— деп жооп берди атам.

«Өзүнүн кызматынан баш тартыптыр, ал биз жакка келип ислам менен шариятты айтып, мээбизге куят! А дегенде өзү үйрөнүп алсын да! Биз анын кандай экенин билебиз. Мага анын илиминин...»

«Ар кимдики өзүнө, Хрустем-бегим»,— дейт атам ага, а болсо: «Бул эмне үчүн келди?» деген баарыбыздын чочулообуз көрүнүп турду.

Андан кийин экөө шыбырашып сүйлөшө баштады. Балким муфтий жөнүндө сүйлөшүп жатса керек, жакшы уга албай койдум. Алардын эмне деп сүйлөшүп жатканын ушунчалык уккум келип, жандарына барып кофе куя баштадым.

«Сенин бул кызың уят-сыйыттуу экен,— деди Вепрь мен жөнүндө бирок тууганым, мен эч нерсе жашырбайм,

Наилага гана үйлөнөйүн деп келдим. Экөөбүздүн динибиз бир, мен кызыңдан уулдуу болгум келет!..»

Атам оозун ачып, көзүн ирмеп-ирмеп алып, аны жаактан ары берип калды, чыныдагы кофе чайпалып төгүлдү. Атам ордунан ыргып туруп, тепкич менен жогору жакка жөнөдү. Атамын бычак же тапанча, мылтыгын алууга шашылганын билип турдум.

Апам экөөбүз Вепрди карай чуркадык, апам ага жалынып-жалбарып жатты.

«Урматтуу Хрустем-бек, кудай жалгагыр, жашын!» — деп апам анын мойнуна асылууда.

Ал тамекисин тартып, биздин үйдөн чыгып кетти».

Мемнуна парктагы болгон чатакты улап жазган экен. Эми мен андан аркысын кыйгачынан окуй баштадым, анткени калганын мен өз көзүм менен көргөм. «Жараткан мени эмне үчүн калтырдың» деген акыркы сүйлөмдү гана окудум.

Бул эмнеси экенин билбедим. Китепти колума алып, чоң атамдын мунарасынын ары жагындагы биздин бактын четин карай бастым. Ал жерде эзелтеден бери дүпүйүп карамут өсүп турчу, мен ошол карамуттун көлөкөсүндө эс алууну жакшы көрчүмүн. Карамут — алмуруттун бир түрү, кара алмурут: жемиши кап-кара, көпкө сакталат.

Карамуттун дарагы асман мелжип өсүп, эки адамдын кучагы араң жетет. Анын жемиши чоң атамдын карамагындагы адамдардын бардыгына жетер эле. Жатып алып караганда карамуттун башына көз жетпейт, мынча бороон-чапкынга чыдаган неменин тамыры канча болду экен жана кай жерге чейин барды болду экен? Мынча жемиштин ар бир жалбырагын жана тигинче калың кабыгын сугарыш үчүн ал секунд сайын канча суу ичет жана жер түбүнөн кандай азыктарды алып жатты,— деген ойго чөмүлдүм.

Бала чагым эсиме түшөт: күз айында бул карамуттун түбүнө биз чоң атамдын неберелери, ойночубуз жана бул карамут «кимдики!» деп талашчубуз.

Ар бир бала өзүнүн үйүнүн атынан «биздики» деп кыйкырчу.

Эгерде бул карамут дарагын мына минтип түбүнөн өйдө карай турган болсок асман да бийиктеп, дарак да бийиктеп кетет. Бул алп даракка жер да, асман да тардык кылып жаткандай көрүнөт.

Азыр бул карамут мага дарактар дүйнөсүндө Хрустембектей болуп көрүндү.

Менин көңүлүмө жийиркенич менен көңүл коштуктун ортосундагы бир нерсе пайда болду. Жетишет! Мени бул абалдан Сения жөнүндөгү ой алып чыкты. Эртең менен ага эмне үчүн барган жокмун, деген уялуу сезими пайда болду. Сениянын колу калтырап тамгаларды араң жазганы, уркуйган көгүш ак түстөгү жылаңач ийиндери көз алдыма элестей баштады. Мен ага Каирден белек сатып алууну да унутуп коюптурмун.

Арифага арнап сатып алган жибек кездемени үйдөн чуркап барып алып барып берейин деген ой эсиме кылт эте түштү. Белекти же Сенияга, же аталаш карындашыма — кимисине берээримди билбей, балалык чагым өткөн чоң атамдын тоосун көздөй — Сенияны карай кадам шилтедим...

Ушул жол менен барышым түзүк эле. Эгерде базарды аралап бара турган болсом бир саатта да жете алмак эмесмин. Анын үстүнө, жолуккан адамдардын баары токтотуп, ар нерселерди сурашмак. Тоонун этеги менен түз барсам тез жетем, кайрыла бериште эле алардын үйү.

Тоонун этегиндеги даңгыр жол менен бараткам. Алдыман чоң атам менен муфтий чыкса болобу!

Жашынууга болбой калды. Алар мени сөзсүз көрүп калышты. Бул экөө элдин көзүнөн далдоо болуп, эртең мененки Вепрь менен болгон чатакты жайынча чечүү үчүн ээнден чыгышса керек. Ансыз деле бул чатакты шаардын калкы кеп кылып жатышкандыр!

Мен аларга жакындаган сайын эмне кыларымды билбей баратам: күн тигинче көтөрүлгөнгө чейин аларга учурашпаганымды эмне деп түшүндүрөм. Баарыдан жаманы мен чоң атамдарга жолугууга, азыр да шашылган жокмун.

Кудай жалгап башыма бир ой кылт дей түштү: силерди издеп чыктым эле деп айтайын.

Алар менен чыйрак саламдаштым, бирок кайра алдастай түштүм: кимисинин колун биринчи өбөм.

Муфтийдин колун биринчи өбөйүн, чоң атам таарынбас. Чоң атам менин саламыма кубана жооп берди, муфтий болсо мени карабай туруп күңк эте алик алды. Колунан өбөйүн десем, колун тартып алды.

Баардыгын билет тура. Ким айтты болду экен? Тахирбекке гана аябай ишенчүмүн. Бир айтса ошол гана айтты. Чоң атам да билет окшойт. Чоң атам сыр алдырбастан эч нерсени укпагансып, эртең мененки чатакты унутуп койгондой түрү бар. Менин маңдайымдан өптү. Алыс жолдон бир аз эс алгандан кийин биздин үйгө кел деди.

Муфтий ары басып кетти. Чоң атам муфтийдин нары

басып кеткенин карап туруп, муфтийдин абалын түшүнүш керек дегендей, мени жайдары карады.

Мен башымды жерге салып жолума түштүм. Чоң атамдын тоосунун көрүнгөн биринчи эле ташына талп этип отуруп калдым.

Тахир-бек, сен ушундай кылмак белең? Менин көз алдыма анын оозунан көбүк чыгып турганы элестеди. Муфтий эмне үчүн ушундайсың, о кудурет?

Асманда карчыга каалгып учуп жүрөт.

Карчыгалар. Чоң атамдын мунарасынын жана биздин үйдүн үстүндө карчыгалар далай жылдардан бери, мага түбөлүк айланып учуп жүргөндөй сезилет.

Түшкү тамактан кийин атам мылтыгын алып, чоң атамдын тоосуна чыкканы эсиме түшөт. Мен атамын артынан ээрчидим. Атам карчыга атканы бара жатканын билгем.

Мен куштардын асманда эркин учуп жүрүшкөнүнө суктанчумун, алардыкындай эркиндик кайда, менин тилегейим тегиз болсо да дайыма бир нерсем жетишпей тургандай көрүнчү! А мүмкүн мен асманда эркин учуп жүргөн кушту колума кармап көргүм келген чыгар. Көк асманда каалгып учуп жүргөн, мени жек көрүп карагансыган, чоң атамын тоосунун жонунда өскөн даракка канатын жыйып олтурган куштун жылуу денесин колума кармап көргүм келген.

Куш даракка келип конду. Атам экөөбүз жашынып, кушту карай бөкчөңдөп жөнөдүк. Атам кушту мээлей бергенде, шарт учуп кетти! Эх, менде мылтык болсочу!

Атам кушту ата албай калса эле мен күнөөлүү болуп чыгам. Чочутуп учуруп жибердиң дейт. Биз үйгө чарчапчаалыгып, кур кол келдик.

Баягы куш азыр дагы асманда каалгып учуп жүрөт.

Муфтийдин мени карабай басып кеткенине дагы эле ыза болуп турам. Ташта эс алып олтурдум эле, кайра турдум. Кайда барарымды билбей башым маң...

Сения, сени эмне үчүн тез эле унутуп баратам!

## 5

Таң каларлык көрүнүш — Ненанын дарбазасы ачык экен! Эмне үчүн ачык болду экен? Дарбазасын дайыма жаап коюшчу эмес беле. Мени мурдатан тааныш, жүнү апсыйган чоң кара дөбөт алдыман тосуп үрүп чыккан жок.

Нена чоң атамдын карындашы болучу. Ал «Уругу жок гүл» деп аталган (биздин жердегилер асмандан өскөн, бирок даны жок жүгөрүнү ошентип аташат) Ибрагим бекке турмушка чыккан. Аны империялардын ортосундагы чек арада капитан болуп кызмат кылган чоң атамдын атасы өз колу менен күйөөгө берген экен. Ошол чоң атам христиандар басып киргенде катуу каршылык көрсөтүп, өзүнүн аскерлери менен «Гяурияга[1] кирип барган. Ошентип чоң атам султан империясынын чек араларын бир канча деңгээлде чыңоого жетишкен.

Өмүр бою аскерде кызмат өтөгөн чоң атам өзүнүн кызын Ибрагим-бекке толуп жаткан себи менен кошо берет. Ибрагим-бек кыял-жоругу жагынан чоң атамын карама-каршысындагы адам болучу. Ал адам кейпиндеги көгүчкөн эле.

Нена бала төрөгөн эмес. Ал күнөөнүн баарын Ибрагим-бекке үйүп, ага «уругу жок гүл» деп биринчи болуп ат койгон. Бул атты аялдар бүт шаардын калкына жайып жиберишкен.

Нена тилдүү, мүнөзү эркектердикиндей катуу аял эле. Ошонусу менен элге атагы чыгып, аны Ибрагимова дебей өз атынан Намка-ханум деп урматташчу. Эл аны дайыма катаал Арнауттук деп аташчу. Менин чоң аталарымдын бирөө Скадар[2] үчүн салгылашканда ала келген арнауттук аялдын урматына ошентип аталган болучу. Кайрымдуу Ибрагим-бек Ненага канча жолу айтса дагы ал кызматкерлерин үйүнө эч качан кийирчү эмес. Кызматкерлеринин ичинен бир гана атчыны үйүнө киийирчү: Лейле деген Ибрагим-бектин күлүк бээсин айым жакшы көрөрүн элдин баары билишчү. Бир жолку ат чабышта гана Султания чыгып келген.

Нена аял эмес эле кара чаар жылан эле. Бир күнү Аган деген картаң малайы отун жарып жатса колунан балтаны тартып алып, өзү отун жарып кирген: отунду мына ушинтип жарат, көкшүн деген.

Нена гүл өстүргөндү аябай жакшы көрө турган.

Короого кирээрим менен Ненаны көрдүм. Ал короонун тиги четинде чөк түшүп олтуруп алып, гүлдөрүн сугарып жатыптыр. Короосу кенен, Нена менин келгенимди байка-

---

[1] Гяур — мусулман эместерди шылдыңдап айтуу, жалпы жонунан христиандар айтылат.

[2] Скадар — Баян дарыясынын боюндагы шаар — чеп, 1479-жылга чейин Серб мамлекетинин составына кирген, сербдер жеңилгенден кийин Осман империясынын колуна өткөн.

ган жок, мен аны көздөй айтып түшүндүргүс сезим менен бара жаттым.

Жолдо келе жатып тердегем, бул жерде дубалдар бийик салынгандыктан салкын экен, бир аз сергий түштүм. Нена өстүргөн гүлдөргө сан жетпейт. Түрдүү түстөгү гүлдөрдүн жыты аңкып, көңүлүмдү көтөрдү. Кээ бир гүлдөрдүн аттарын билбейт экем. Мен анын жанына шырп алдырбай басып бардым. Билинбей барып аябай таң калтыргым келди! Ошондой эле болду.

Ал менин үнүмдү уга коюп ордунан турду да эркелете көчүккө бир чапты.

Кайда жүрөсүң, арап?

Башымдан-аягыма чейин мени карап алды.

— Саргайып, арыктап кетиптирсиң го,— деп дагы эле мени карап турду. — Тахир-бек Сенияга сенин жазган катыңды алып келген. Ал байкуштун сүйүнгөнүн айтпа!

Сения Ненанын багып алган кызы болучу.

Бала кезде Сения менен кандайдыр бир байланышым бар эле. Ал учур элес-булас көз алдымда турат. Нена кандайдыр бир өзүнүн жырткычтык сезими мененби, же үмүт мененби, өгөй кызымдын багын ачып ушуга алып берем деген же болбосо дагы бир жакшы ойдо жүргөн окшойт.

Бул ойго бүт жан-дүйнөм каршы чыкты, ошондуктан мен үйгө кирбей, гүлдөрдү аралап карап, мактай бердим.

Короого кирип келген мейманды ардактап тосуп турушкандай короону жээктей өскөн ар түркүн гүлдөр ыргалышат. Чоктой болгон роза гүлү, жалындай ыргалган жоогазындар менен гиацинттер, сейрек учуроочу назик гүлдөр— анын уругун хаджи алыскы өлкөдөн алып келген. Нил дарыясынын жээгинде өскөн, атылып чыккан булактай болгон ак гүлдөр көздүн жоосун алат. Тамдын боорунда өскөн таңкы гүл деп аталчу мала кызыл гүл көзүмө сонун көрүндү. Бул гүл таң алдында ачылчу. Ал эми дубалдын боорунда түн ичинде ачыла турган гүлдөр көздөрүн жумуп тургандай көрүндү. Бул гүлдөр кеч киргенде гана ачыла турган. Нена гүлдөрдү күнү-түнү күзөт күттүрүп койгондой сезилет.

Мен укмуш гүлдөрдү көрдүм...

— Нена, бул жапайы розаларды кайдан алгансыз? — дедим мен же чындап кызыгып сураганымды же жөн эле бир нерсе атайын деп сурагынымды билбей.

— Бул гүлдөр тоодо ысыктан куурап калсын деп турасыңбы?! Мен тоо гүлдөрүн соолутпай өстүрөм, аларды аябай жакшы көрөм.

Нена күтпөгөн жерден чуркап барып дарбазанын эки жагын кеңири ачып жиберди, мен таң калып эмне үчүн анткенин сурадым.

— Суу акпасын деп ачтым,— деп жооп берди Нена.

Суу чыгуучу кудукту бурап, жез идишти толтуруу үчүн койду.

— Кызыл гүлдөрүм суу иче элек,— деди.

Мен үйгө киргенде Нена кызыл гүлдөргө суу сеппей эле, суу толгон идишти дарбазага алып барып, буту менен жыгып төгүп таштады.

Мен элдин салты боюнча бут кийимимди чечип, үйгө кирдим. Эмне үчүн Сения көрүнбөйт деп таң калдым. Эгерде ал бул жерде болсо менин Нена менен сүйлөшкөнүмдү сөзсүз укту.

Баягыда *«Менин кудайдан жана сенден башка эч кимим жок, бирок экөөң тең менден алыстасыңар»* деп жазган Сениянын каты эсиме түштү. Ошентип мага кат жазып коюп эмне үчүн алдыман тосуп чыкпайт.

Мен анын кайсы бөлмөдө болорун жакшы билчүмүн. Мына бул бөлмө мен аны окууга жана жазууга үйрөткөм, анын жакшы жасалгаланган бөлмөсү эле. Нена багып алган кызынан эч нерсени аябай, бардыгын берип, чоң сеп камдаганын жакшы билчүмүн.

Сениянын блмөсүнүн эшигин ачып, мен аны бөлмөнүн так ортосунда турганын көрдүм. Эшиктин туткасын кармаганымда уга калып мени карай басып келе жатты окшойт. Же анткен жокпу? Кыз менин келеримди алдын-ала сезип, мени көрөрү менен чочуп кетип бир жакка качмакчы болдубу?

Биз учураштык. Анын көңүл кош берген колун сездим. Кыз баягыдай эмес, бир башкача болуп калыптыр. Эмне кыларымды билбей калдым. Экөөбүз узун орундукка олтурдук. Кыз жерди карап, колдорун тизесине коюп, менин кандай келгенимди сурады.

Кыз мага суроо бере баштаганда эле, биздин сүйлөшүүбүз көңүлсүз болорун түшүндүм, менин да андан сурай турган суроом жок эле.

Биз тыным жасап сүйлөшүп жаттык. Болбогон нерселер жөнүндө жада калса диванханадагы сайроочу чымчык жөнүндө да сүйлөштүк (укчу кандай сайрап жатканын).

Мен эми гана Сенияны тике карадым да, көргөн көзүмө ишенбедим! Сения мурдагыдай жадырап-жайнабай, апакай жүзү саргайып, жүдөп калыптыр.

Ошондо менин көз алдыма Египетте фараондордун өлүгүн катырып койгону элестеп кетти. Мен алардын тирүү

кездеринде кандай болгону көз алдыма тартыла түшчү. Азыр ошол катырылган өлүктөрдүн кайгылуу кебетесиндеги Сенянын сулуу жүзүн көрдүм. Кыздын назик ийни мурдагыдай эмес, бакырайган көк көздөрү коркунучка батканысып, кирпиктеринин далдаасында калган.

Эшиктен Нена көрүндү. Ал бизди карай басып келе жатып гүлдөргө суу сепкендеги киймин, белдемчисин чече баштады.

— Сен Баракты жакшы байладың беле? — деп Сениядан сурады да, менин жакама роза гүлүн сайды. Мен болсо жакама кадалган гүлдү короодон чыкканда кантип аларымды ойлодум.

— Уялсаң боло,— деп сөзүн улантты ал Сенияны карап. — Кофе да, варенье да жок. Сен эмне болгонсуң? Эмнеге таштай катып калгансың?

Сения ордунан туруп, тамак алып келүү үчүн чыгып кетти.

— Сенин да уятың жок. — Нена менин жаныма келип отурду. Энеңдей болгон эжеңе ден соолугумду сурап бир жолу да кат жазып койбойсуң! — ал мени капталга чаап койду. — Кур дегенде мени тааныгандарга, үйүңдөгүнүн бардыгына салам айт, деп жазып койбойсуң, жада калса жыпар жыттуу мечканын гүлүн да ала келгенге жарабайсың, ал тим эле бир кымбат атыр болуп кеткенсип.

— Эмки жолу, Нена, сөзсүз алып келем. Бирок кандайынан экенин айтып кой.

— Калпты шыпырттканыңан эшек болуп калган турбайсыңбы! — Ал мени дубалды да теше тиктечү жашыл көздөрүн жүлжүйтүп карап турду.

Сения үйгө чуркап кирип келип, жүзүн колу менен жаап, олтургучтун четине барып жыгылып, шолоктоп ыйлай баштады.

Нена ордунан ыргып туруп, Сенияны өөдө кылды да, жаактан ары чуу дегизе бир чаап, көзүнүн жашын аарчыды.

— Төмөн ашканага бар!

Мен мындайды эч качан көргөн эмесмин: Сения көз ачып-жумганча жадырап-жайнап эч нерсе болбогондой кулпунуп калды, сыягы ал чыйралып кайратына келе түштү окшойт, бирок анын мындай камырабаган салабаттуулугу аны бир башкача кылып көрсөттү. Ал ошол калыбында бөлмөдөн чыкты.

Үстүбүзгө үч аял кирип келди. Мен эмне кыларымды билбей карбаластап калдым. Тиги экөөнүн артындагы жаш келин эшикти аркасы менен бөтөнчө бир шаан-шөкөт ме-

нен жапты. Үч аял жыйган-тергенинин баарына кийим сатып алышса керек, же болбосо бирөөлөрдөн сурап алышкан окшойт, кийгендери жалаң жибек, бриллиант, алтын шакек, билериктери жаркылдап өздөрүнө жарашпай турду. Үчөөнүн эң кичүүсү ушунчалык жасаныптыр дейсиң тим эле укмуш: мен анын бул жерге келерде бетин сүт менен жууганын билдим. Өзгөчө ээгин аябай жууган экен. Бетин күрөң кызыл боёк менен боёптур, каштарын терип, кирпиктерин кара боёк менен боёп нийрейтип коюптур. Ээрдин күлкү келерлик кылып кызыл боёкту шыбаптыр. Белин кара баркыт менен курчанып, аны да бриллианттар менен кооздоптур. Ал мени көзүнүн үстү менен карап өткөнүн байкадым.

Аялдар оор жибек кийимдерин шуудурата, саймалаңган туфлилери менен жеңил басышып, узун отургучка өтүштү. Мен бул үч аялды тең таанычумун, кичүүсүн, жесирди, жакшы билчүмүн.

Нена булар келгенде ордунан туруп да койгон жок.

Тигилердин кийингенине караганда анын кийген кийими өтө эле жупунудай көрүндү. Ненанын кийгени колго токулган жөнөкөй көйнөк, кара жилетка, эскирип калган бут кийим эле.

Ошондо менин эсиме эмне үчүн Нена дарбазаны жаппай ачык койгону, суу чыга турган кудукту да жаппагандыгы, суу куюлган кичине идишти көмкөрүп таштаганы түштү. Тиги жаш келин эмне үчүн аркасы менен эшикти жапты? — деп таң калдым. Менин эсиме элдин байыркы үрп-адаты, ар бир кыймылдын өзүнчө сыры бар экени кылт дей түштү. Дарбазанын же үйдүн эшигинин ачык болушу ким келсе жол ачык дегенди билдирет, кудуктун жабылбай ачык турушу сүйлөшүлгөн сөз суудай шар чыксын деген маанидe, ал эми суу куюлган казандын көмкөрүлүшү болсо ички сырын жашырбай толук айтсын деген маанидe эле. Жаш келиндин эшикти аркасы менен жабышы бул үйдө эмне жөнүндө сүйлөшүлсө баары үйдүн ичинде калсын деген маанидe болчу.

Булар Сенияга жуучу түшүп келишкен экен.

Хаджи-Омеровица кудагыйлардын башчысы болуп келиптир. Ал төкөр Сулейман-бектин, кишни өлтүргөндүгү үчүн беш жыл зынданда жаткан неменин, карындашы болчу.

Каирде жүргөнүмдө дептердин барагынан айрылып алынган кичине кагазга жазылган Сениянын каты эсиме түштү. Ал катта азыр сөз болуп жаткан кудалашуу жө-

нүндө аябай капа болуп «күйөөгө бергени» жатат деп жазганы туура чыгып, мени чочутту.

Мына ал эми кимдир бирөөнүн эрки боюнча ишке ашып жатат.

Анан калса, мына ушул учурда менин бул жерде болуп калганымды карасаң! Аялдар кирип келишкенде көчөнү караган бурчтагы терезеге жакындап, олтургучтан мындай жыла бердим.

Бул жерде менин болгонум ыңгайсыз экенин билип туруп, терезеден бозоруп жаткан чаңдуу жолду, бос түшкөн жайкы аптапты, өзүмдүн жолумдун ушул бөлүгүн карай бердим. Мени мындан аркы сапарымда эмнелер күтүп турду экен?

Мен бул жерден кетишим керек эле, бирок эмнегедир кете албай койдум. Короонун ичиндеги суу чыгуучу кудукту карадым. Андан суу агып жатыптыр. Акыры кудагыйлар сөзгө киришти, бирок шыр кете алышпады.

Аялдар а дегенде Нена менен учурашышты: бул элдин салты боюнча саламдашканда ким менен сүйлөшүп жатса ошонун ден соолугун сурап, андан кийин калган тууган-туушкандарынын ден соолугун сурашат, ким бул жерден башка жакка кетсе анын ден соолугун, үйлөндүбү, же күйөөгө чыктыбы, окууга кеттиби, алардан кабар барбы, кат жазып турушабы, баарын сурашат.

Кимдер бул жерден башка жакка кетти, ошолор жөнүндө сөз болгондо, кудагыйлар мага суроо беришти.

— Биздин Тахир-бек Каирдеги миңдеген мусулмандардын окумуштууларынын ичинен эң кыйыны экени чынбы? Тахир-бекке Александрдын пашасы өзүнүн кызын аял кылып ал деп айтканы, Тахир-бектин албайм деп айтканы чынбы? Каирдеги мечиттерде адамдар баш кийимсиз намазга жыгылат дегени чынбы? Аравияда эркектер бир күндө беш жолу намаз окушуп, жума күнү он миңдеген аялдар да намазга жыгылышат дегени чынбы? Ал аялдар кандай кийинишет экен? Жүздөрүн бизге окшоп жабышат бекен? Аларды да биздин күйөөлөрүбүз кандай сүйсө ошондой сүйүшөт бекен? Ал жерде дүйнөдө тендеши жок сулуулар бар дешкени чынбы? Сен Меккедеги кара ташты[1] барып көрдүңбү?

Алар мага ушундай кызык суроолорду беришкенинен улам мен жеңилдей түштүм — демек башка суроолору жок.

Ушул учурда Сения тигилерге кызмат кылып жатты. Салт боюнча кудагыйлар келгенде кызды кызмат кылды-

[1] Кара таш — асмандан түшүп, абада кармалып турган караташ.

рып кемчилиги, акылы менен мүчөсүндө мүчүлүш жокпу, тамак даярдаганы, баскан-турганы, адеби кандай — көрүү керек.

Сеняя сол колун көкүрөгүнө алып, жерди уяң карап, кудайгыларды токтоолук менен кыңтыксыз сыйлап жатты. Мен кыз сыртка чыкканда гана ал майрамда кийчү кийимин кийгенин байкадым: Сеняяның куун жамбашынан эски жибек димисеси[1] шөлбүрөп түшчүдөй болуп турду.

Кудагыйлар аны уйчукпай узата караштьі. Башкы кудагый Хаджи-Омеровица кофеден аста ууртап коюп олтурду. Мен да чыныдан башымды албай кофеден ичип, башкы кудагыйдын эмне үчүн, эмне максат менен бул жерге келгендигин билдирүү үчүн кантип сөз баштоонун жолун издеп жатканын сезип турдум.

Нена ортодо олтуруп алып кудайгылар келгенден бери үн каткан жок, анын эмне ойлоп жатканын такыр биле албай койдум.

— Сага Винтерша келеби? — деп Хаджи-Омеровица сурап калды.

Винтерша деген австриялык округ башчынын аялы. Ал жергиликтүү элдин тилин анча-мынча билип алып, жергиликтүү аялдар менен ымалаша коюп жүрөт.

— Биздин үйдүн жанынан фиакр менен өтүп бара жатканда кайрылып тие кетет.

— Жараткан жалгасын,— деп Хаджи-Омеровица сөзүн улантты,— ал боорукер жана сүйкүмдүү айым! Анын багы жок экен, укуруктай болгон бир немиске күйөөгө чыгыптыр. Мен анын күйөөсүн көргөм. Эх, мен аны биздин жигиттердин бирине тандап туруп алып берет элем. Ал гүлдөрдү жанынан артык көрөт. Анын терезелери жана үйүнүн тегерегинин баары жайнаган гүл, тим эле бейиштей. Кай жерде кооз гүл өссө, ошол жерден алдырат экен. Сага кандай гүлдөрдү алып келип берди?

— Мага гүл алып келбейт,— деп жооп берди Нена — Мен андан гүл сурабайм. Ал кайра менден сурайт, гүлдөрдүн уруктарын өзүнүн туугандарына жөнөтүп турат.

— Ооба, ага биздин гүлдөр аябай жагат, анткени биздин гүлдөр анын короосунда жок да. Кооз гүлдөрдүн уругун алып, кээ бирлерин идишке салып кимдир бирөөнө жөнөтөт экен. Менин маркум кымбаттуу жеңем Сулеймановица ага аябай каалаган гүлдөрүн берчү. Аны берешен эле деп бүгүнкү күнгө чейин мактап жүрөт. Экөө тең гүл дегенде ичкен аштарын жерге коюшчу.

---

[1] Димие — аялдардын бачелеги узун дамбалы.

Оо, бул жиптин учун эми кармады!

«Маркум Сулеймановица» азыр Сенияны ага алып берем деп жаткан агасы Сулейман-бек төкөрдүн аялы болучу. Арабакеч Фехим Сулейман-бек зындандан чыгар күнү аялы өлүп калганын мага айтып берген.

— Жакында,— деп сөзүн улады Омеровица Ненага кайрылып,— бир тууганым менин үйүмө келип, мындай деди: «— Уулдарым баштары ооган жакка кетишти, кыздарым күйөөгө чыгышты. Кыздарымдын бирөө келип: атаке, кандай жашап жатасың? Короодогу гүлдөрдү отоо чөптөр басып кеткен турбайбы! Кээ бир гүлдөр куурап кетиптир! — дешпейт. Карындашым, сен чын эле мага бир тууган болсоң жардам кыл! Мурда мен аңды-дөңдү карабай, келесоо болуп жүргөм. Азыр андай болбой, башкача жашайт элем. Азыр алдан-күчтөн тайып элекмин». Мен да азыр күйөөгө чыга турган болсом так ошондой күйөөгө чыккамын! Ооба, сенин Ибрагим-бегиң да сөз берген. Калыңы жана дыйкандар жөнүндө сөз кылуунун кажети жок! Кудайга шүгүр, баары бар. Намка-ханум, сөздүн ачыгын айтсам мындай: Сенин ичиңди жарып чыкпаган кыз болсо дагы, ал мен үчүн сенин өз кызыңдай. Сенин өз кызың деп келип олтурам, айткан сөзүмө ишен! Бир тууганым үчүн өзүм баш болуп жуучу болуп келип жатканыма таң калбай эле кой. Кызың бактылуу болот, андай болбосо бул жерге келип жүзүңдү карап олтурбайт элем го. Кудай бар, кана эмне деп жооп бересиң, биз өз ара макулдашабыз го дейм!

Нена мурдагыдай эле унчукпай олтурду.

Сения бөлмөгө кирди, баягысындай эле салт боюнча тамак-аш алып келди.

Азыр мен Сениянын Ненанын кыз кезиндеги жасалгаларын тагынып келгенине көңүл бөлдүм. Бул жасалганы кызына Нена берген.

Кыз Нена айткандай жасанып келди. Нена бардыгын билет, анткени салт боюнча мүмкүн болсо да, Сения боёнуп-соёнгон жок, анткенди Нена жаман көрөт, кандай болсоң ошондой бойдон кал. Башындагы асыл таштар менен коозддолгон жашыл топу маңдайына түшүрө кийилген. Менин зээним кейиди: Сениянын жүзүндө кенедей да кубанычтын белгиси жок болучу. Башындагы жасалга кыздын жүзүнүн мостоюңкулугун ого бетер баса көрсөтүп тургансыды, ал эми кыз эңкейип тамак сунуп жатканда ичке мойнундагы шуру, мончоктор салаңдап, Сения алардын жерге түшүп чачырап кетишинен чочулагандай колу менен сүйөй кармап жүрдү.

Асыл таштар бастырылып, өтө коозделуп жасалган кур көгүчкөндүн канатынын сүрөтү түшүрүлгөн эки бүчүлөгүч менен бүчүлөнөт. Кур курчалган кезде бири-бирин көздөй учуп келе жаткан көгүчкөндөргө окшоп кетет. Мен күтпөгөн жерден Сения Сулейман-бектен боюна бүтүп калганын элестете калдым, сааттуу курдун бүчүлөгүчүн кайдан карай койдум экен.

Сения олтургандардын баарына тамак-аш алып келип берип, бирин да карабай, сыртка чыгып кетти.

Анан аңгыча, кийин суук тилдер кызды кордоп ыр чыгарчу, кыска элдин кыйрына, узун элдин учуна айың тарачу окуя болду.

Үйгө дагы үч аял шарт кирип келишти. Кирип келишип босогого токтоп калышты. Анан алар бизди көрдүңбү дешкендей туфлийлерин тарсылдата, көйнөктөрүн желбирете басышып, узун олтургучтун бир тарабына барып олтуруп калышты. Кирип келишкен үч аял Нена менен гана учурашышты; биринчи жуучу Хаджи-Омеровица менен аны ээрчип келген эки аялды барбы, жокпу — карап да коюшкан жок.

— Намка-ханум, эки ооз сөз менен айтсам мындай,— деп олтурары менен сөз баштады жаңы келген аялдардын ичинен бирөө. — Бул үйдүн кожоюну өзүңсүз, анан ким болмок эле; анткени ушулардын баары аялдардын иши; сага Ферхат-бек салам айтты. Ал сенин кызың Сенияга үйлөнсөм дейт. Ферхат-бектин ким экендигин элдин баары билет, узун сөздүн кыскасы ушул.

— Сулейман-бекти да элдин баары билишет! — деп Хаджи-Омеровица бир жактан чыкты.

— Билбегендечи! Аракеч, журтта калган бакандай болгон, сакалы куудай немени ким билбейт — кандай сонун аялды кор кылды! Сенияны дагы ошенткиси келип жаткан тура. Атаганат, менин колумда бийлик болсо аны зындандан чыгармак эмесмин!

Хаджи-Омеровица туфлийин чечип ала коюп тигини көздөй жулунду, а тиги аял болсо терезеде турган гүл өскөн карапаны алып, Хаджи-Омеровицаны уруп туруп калды. Экөө бири-бирин чапчышып калышты, аялдардын урушканы өзгөчө коркунучтуу: алар дароо бири-биринин беттерин тытышып, чачтарын жулуп киришти.

Аялдардын ичинде жалгыз гана эркек болгондуктан мен ордуман туруп тиги экөөнү ажыратуу керек экенин сезип турдум, бирок ордуман турбадым, аялдардын тытышканына аралашуу мага жийиркеничтүү көрүндү...

Аңгыча Нена тоодой болуп ордунан турду, колун жогору көтөрдү да:

— Эй канчыктар, канчыктар десе, менин үйүмө чачташканы келдиңер беле! — деп кыйкырып коё берди.

Экөөнүн ошо замат жаагы жап болуп, эки жакка басып кетишти. Алар Ненанын каардуу Арнаут экенин жакшы билишет. Ансыз тигилерди эч ким ажырата алмак эмес.

Ар ким өз орундарына барып олтурушту. Нена чечкиндүү түрдө каалгага жакын барып, мындай деп кыйкырды:

— Сения!

Үйдүн ичи тынчый калганда Сения кирип келип, бөлмөнүн ортосуна туруп калды.

— Бери кел! — деди Нена.

Кыз жанына басып келди.

— Сага төкөр Сулейман-бек, анан дагы Ферхат-бек жуучу жибериптир, кимисине барасың?

— Эч кимисине барбаймын,— деп жооп берди Сения. Кыздын калтаарып, же болбосо чын пейли менен айтып жатканын такыр түшүнө албай койдум.

— Кыздын жообун уктуңарбы? — деп Нена оң жагындагы жана сол жагындагы аялды карады.

— Уктум,— деди биринчи болуп келген Хаджи-Омеровица, тизесин бир чаап. Анын үнүнөн кекээр сезилип турду.

— Болуптур, кийин өзүң өкүнүп калып жүрбө, Уруксуз гүл!

Ал ээрчите келген эки аял менен ордунан тура жөнөдү. Ферхат-бектин жуучу аялдары да орундарынан турушту. Келген аялдын бирөө Сениянын жанынан өтүп баратып:

— Ферхат-бекке күйөөгө чыккың келбейби, анда өмүр бою кара далы болуп үйүңдө олтур!

Хаджи-Омеровица чыгып баратып токтой калып, Ненага мындай деди:

— Сенин Ибрагим-бегиң өзү макул болгон! Ошону билип койгун!

— Эй канчык, менин көзүмө көрүнбөй жогол! Канчыктын сүйлөгөнүн көр, дагы кара далы болуп үйүңдө олтур деп коёт,— деп Нена аны карай жулунду. Эгерде Ибрагим-бек кыз бере турган болсо өзүнүн төрөбөгөн кызын бере берсин! Менин үйүмөн чыгып кеткиле! Тепкичтен туфлийлердин тарсылдаганы гана угулуп калды.

— Бол тез, кудукту жапкын,— деп Нена кызына буйрук берип, өзү жуучулар жугуштуу бир нерселерин калтыргансып рюмка менен чыныларды жыйнай баштады.

— Кудукту жаптым,— деди Сеяия бөлмөнүн ортосунда туруп алып, бир жерден көзүн албай.

...Кыз менин карап турганымды байкаган жок, анысына мен териге түштүм. Мына ошондо көзүмө бир укмуш көрүндү. Мен мындай көрүнүштү өмүрүмдө бир гана жолу чоң апам өлүп бара жатканда көргөм. Ал карылыгы жетип ооруп калды, жөөлүй баштады, доктор тамырын кармап көрүп, мени карап: айла жок дегендей, кайгыра башын чайкады. Аңгыча күтпөгөн жерден, балким жүрөгү акыркы жолу согуп жатканда кези болсо керек, чоң апамдын саргайган жүзү бир заматтын ортосунда нурланып, бетиндеги бырыштардын баары жок болуп калды. Чоң апам сүйкүмдүү болуп, жаш кезиндеги абалына келди. Бул көрүнүш эки же үч секундага гана созулду окшойт. Доктор чоң апамдын колун коё берди.

Чоң апамдын мындай нурданып кетиши менин аны ойлогонумдан го деп ойлодум мен. Бирок тегеректеп тургандардын баары бири-бирин карап алышып: «сулуулугун карачы!» деп жиберишти.

Мен Сенияны карап турдум. Бир заматтын ичинде ушунчалык өзгөрүлөт экен ээ! Мен таң алды менен ачылып келаткан кооз гүлдү көрүп тургансыдым: ал ачылат деп ойлогон жок элем, ал болсо минтип ачылып келатат.

## 6

Каирдин мечиттерине тийиштүүлөрдүн баары менин эскерүүлөрүмдө жандана түшөт. Биздин мечитке жакындаганымда да дал ошол мечиттер эсиме түшө калды.

Каирден жана Царьградда нечен мечиттерди көргөм. Азыр менин көз алдыма ошол мечиттердин бири-бирине шайкеш келген архитектуралык жасалгалары, кайталангыс фрагменттери менен жасалгалары, тышкы композициясы, андагы бир кооз фрагментин мен кесип алып ала келгендей, айкын-ачык эле. Ачык асмандын алдындагы тоголок куполу же болбосо алтын менен бууланган жашыл-көгүш тарткан сүрөттөрү бири-бирине айкалышып, ал кооздуктар мага өзгөчө бир кооз дүйнөнү элестетчү. Бирок ошол көргөндөрүм Сениянын үйүнөн чыгып биздин мечиттин жанынан өтүп бара жатканымда өчө баштайт. Диний ишенимдер менен адамзаттын улуу максаттарынын тагдыры — алардын бала кыял, же какчайган такмаза чалга окшош жылдыз сыяктуу эргүүлөрү, кайра аргасыз жерге кулап түшүүлөрү жөнүндө, мына ошондо куюндай атып

чыгып, айласыз кайра учкан жерине жалп этип түшүүсү, же ошондо дагы кайра асманга көтөрүлөм деп обдулса да дарексиз мына бул кашаалар менен даараткааналардын, жепиреййген тамдар менен жыгачтан салынган мечиттердин арасына келип күп эткендей абалы жөнүндө Тахир-бектин айткандары эсиме түштү.

Мен мечитке жакындап калдым. Анча бийик эмес алдындагы жыгачы чирип бараткан мунара шамал болсо эле чайпалып чыйк-чуйк этчүдөй сезилет (мен бала чагымда ага далай жолу чыккам). Балким бул мунараны кээ бирөөлөр көрүп, мага окшоп бооруу ооругандыр, же болбосо мунарада ойноп жүргөн балдар кийин эр жеткенде так менин абалымда болушар.

Менин үстүмө коркунучтун көлөкөсү түшкөндөй болду. Ал коркунуч чоң кишилердин коркунучу эмес, менин бала кезимдеги коркунучумдай эле. Бала кезимде бир түнү азыркыдай болуп мүрзөнүн жанындагы жол менен бара жаткам. Мечиттерди көрүп, ошондогу коркунуч сезими азыр да күчөй баштады.

Бала кезимде ошол түнү атам мени Ибрагим-бек Уруксузга эртең ууга чыгам, эгерде кошо барбаса үрөнөөк итин алып кел деп жиберген.

Көзгө сайса көрүнгүс түн эле. Атамдын мени коркпой барып келет деп ишенип жибергенине корстон болуп жолго чыккам. Ибрагим-бектин үйүнө бара жатканда жолдон мени кандай кырсык күтүп жатканын ойлогон эмесмин. Ал эми мен бара турган жол мүрзөнүн жаны менен өтөт экен.

Ай булуттан чыгып, мүрзөлөрдүн үстүндөгү плиткаларды күндүзгүдөй жарык кылды; мечиттин, дубалдын, дарактардын жана күмбөздөрдүн көлөкөлөрүндө түн ичинде гана сыртка чыга турган бир нерсе мени аңдып тургансыды.

Мен мүрзөлөрдүн жанына келгенде бүткөн боюм шалдырап баса албай калдым. Биздин үй-бүлөнүн ичинен бирөө, мүмкүн мендирмин, ушул жердеги мүрзөлөрдүн ичинде жаткан бирөөнү балким кордогондурбуз. Ошол өлгөн киши узун, аппак кепини менен колундагы чынжырын шалдыратып мени аңдып жатса керек...

Мен кайра тартып, атама Ибрагим-бек эртең аңчылыкка бара албайт экен, ал эми ити ооруп калыптыр деп калп айтууну ойлодум. Эртең атам менин калп айтканымды билип калса, мен суу жүрөк жана калпычы болбоймунбу.

Мен мүрзөлөрдү жандай салып, көзүм чанагынан чыгып, шырп алдырбай басып бараттым, арбак болсо мүр-

зөнүн дубалынан мени карай ыргып чыккан жок. Ошондой болсо да мен чыдап тура албай, бет алды тызылдап жөнөдүм. Мүрзөлөрдөн алыстагандан кийин гана арт жагымды карадым: арбак мени кууп жете алган эмес окшойт (чынында арбак менин артыман колундагы чынжырын шалдыратып кууп келе жатканын укканмын!), эми арбак мени ушул жерден күтөт — ал менин кайра ушул жерден өтөрүмдү билет!

Ибрагим-бек аңчылыкка барам дегенде бүткөн боюм суу сепкендей боло түштү. «Уруксуз» эртең аңчылыкка бара албай, мага итин берсе экен деп кудайга жалынып да жибергем, анткени арбактар кабанаак иттерден коркот эмеспи.

Кайра үйгө келе жатканда корккonуман төбө чачым тик туруп, айкырган бойдон мүрзөнүн жанынан чуркап өттүм.

Бала чагымдагы ошол корккону́м эсиме түшүп, жылмайып койдум.

Азыр мени арбактар башкача тосту: арбактар түнкү мүрзөлөрүнүн үстүндөгү плиталарды кыймылдатып, силкилдетип жатышкандай болушту. Мүрзө үстүндөгү плиталар чынында эле — ар кайсы тарапка ооп калгандары да, таптакыр кулап калгандары да — мага мастарды элестетет. Алардын тегерегиндеги өскөн чөптөрдүн арасында чегирткелердин оркестри ойноп жатты. Арбактардын арасында аракечтер чынын айтканда, көп эле болчу. Бирок тиги дүйнөгө тирүүсүндө аракты оозуна албаган адамдар да кетти.

Арак ичкени да, ичпегени да баары тең эч кандай айырмаланбастан бирдей жан беришти.

Биздин элдин салты боюнча ким өлсө да тууган-туушкандары кара кийишпейт, мүрзө үстүнө гүл коюшпайт. Өлүк сыртка чыкканда эч ким көзүнө жаш албайт. Жаш аялдар ыйлашып үй ичинде калат, аялдар эркектер менен кошо мүрзөгө барышпайт. Аялдар өлгөн эрлери менен, перилер сыяктуу, бейиште жолугушууну каалашат. Адам өлсө эркектер оңой менен жаш чыгарышпайт, эгерде жаш чыкса бат эле кургап калат. Мүрзө үстүнө гүл коюп, шам жагышпайт. Жылында болуучу эки айт күнү гана куран билген бир адам өлгөн адамдын «жаткан жери жайлуу болсун» деп куран окуйт. Өлгөн адамдын мүрзөсүнүн тегерегинде талаа гүлдөрү, үстүндөгү ак плитада чырылдаган чегирткелер гана болот. Кар жаап, кыш келгенде мүрзө көрүнбөй калат.

Мен Капрден анча алыс эмес кыштактан өлгөн киши-

ни мүрзөгө койгонун көргөм. Туткан динибиз бир болсо дагы, өлүктү башкача коёт экен.

Киши өлгөндө табыттагы өлүктүн бетин ачып коюп, күүгүм талаш эркектер табытты бийик көтөрүшүп мүрзөгө алып жөнөшөт. Аялдар өлүктүн эки жагына туруп алышып, колдоруна жыгач кумураларды жана фонарларды кармашып, өлгөн адамды жоктоп ыйлашат, эркектер болсо өлгөн адам бейишке кечигип кала тургандай, безилдеп чуркап жөнөшөт.

Мен жашыл Бурсудан султандардын укмуштуудай кооз күмбөздөрүн көргөм. Эл «бул күмбөздөрдү көрбөгөн адам дүйнөдөн эч нерсени көргөн эмес» деп кеп кылышат.

Качандыр бир кезде империянын чек арасында капитан чининде кызмат өтөгөн менин чоң аталарымдын бири Али-бек ушул азыр мраморго айланган султандарды тирүүсүндө кайтарган. Ал султандарды эл унутуп калды. Өзү болсо анда курдурган мечитинин дубалынын түбүндө, анча бийик эмес, саркофагга окшогон серенин үстүндө жатат. Чоң атам Али-капитандын мүрзөсү асман мелжиген чоң липа жана мөмөлүү бадалдардын көлөкөсү алдында жатат. Анын арбагы султандардыкындай эле ыраазыдыр: ар бир жаз сайын мөмөлүү бадалдар менен мүрзөнүн үстүнө бариктерин жайып, барпайган сонун гүлдөрүн ачат, липа болсо өзүнүн балы менен аны ойготуп жана таптап уктатып да турат.

Мен эмнегедир чоң атамды ойлоп, аны базардын бир жеринен жолуктурармын дегендей башым базар жакка оол бара жатыпмын.

Базарды ойлосом ушу бүгүн да өзүмдөн-өзүм жаман болуп кетем. Ошондогу базардан көргөнүмдү өмүрүмдө көрбөй эле коёюн.

Базардын ортосунда — мейманкана. Чоң атам жаңы империянын бийи менен макулдашып, аны менин төкөр агама — Мемнунанын атасына — бир топ жылга арендага алып берген.

Жаңы империя аны империянын Европа жагындагы провинцияларынан пайда издеп келишкен, өзүнүн гарнизондук чиновниктери жана усталары менен бир катарга койду.

Ошол убакта мейманкананын болуп көрбөгөндөй сөөлөттүү ресторандарына, бильярддык залдарына, карта ойноочу бөлмөлөрүнө жергиликтүү бектер тез умтула баштады. Жаңы кельнер [1] аялдын келиши менен анын сонун

[1] Батыш өлкөлөрдөгү ресторан кызматчысы.

жактары жөнүндөгү имиштер шаарга чагылгандай тез тарады, бектер аны көрсөк деп элеп-желеп болушуп, аялдары эле эмес, мечитти да унутуп коюшту: кельнер келиндин юбкадан чыгып турган аппак жоон балтырлары, адамдын шилекейин агызган ошол юбканы чыңай керип турган куйругу, бектердин кумарын ашыштып, делебесин козгоду.

Мейманкананын алды жагында липалар менен каштандар өсчү, бул жаңы империянын кожоюндары округдук соттун конторунун, түрмөнүн жана жаңы курулган тамдардын жанына олтургузушкан аллея эле.

Мейманкананын жанындагы көлөкөдө столго жөлөнүп Вепрь өзү жалгыз олтурган экен. Баарынан мурда мен ошону көрдүм — чоңдугу ошончо эле. Олтурган орундугу сынып кетпей кантип чыдап турат? деп ойлоп койдум мен, Мемнунадай болуп.

Аталаш буту пйри эжеме куда түшүп келгенден кийин мен аны көрө коюп качайын деп ойлогом. Бирок ал мени көрө коюп, кол булгап чакырып калды.

Болор иш болду — мен жанына барып олтурдум.

Мен аны көптөн бери жакындан көрө элек болчумун. Таң калып карап эле калыпмын.

Куду эле Мемнуна күндөлүгүндө сүрөттөгөндөй, андан да тагыраак десе, мен эртең менен түбүндө суналып жаткан барнайган алмурут дарактын дал өзү. Карап турсам — жомоктогу дөөлөрдөй...

Стол үстүндө барскандай болгон муштуму жатат. Мен анын муштумун карап, куңурт, коңулсуз үнду угуп жатып, оюма коогалуу нерселер түшөт: бул менин байкемди күтүп Налла үчүн өч алганы жаткан жокпу. Чынында эле Вепрь үн катпай, кабагын түйүп олтурду. Чатакты качан болсо да баштай турган түрү бар.

Бирок ал манжалары менен столду тыкылдатып, ортодо эч нерсе болбогондой миштип сурады:

— Кана, айтчы, кудай буюрса тиги Каирдеги окууңду качан бүтүп келесиң?

— Үч жылдан кийин.

— Кудай сакта, сен билим алып чыкканча гүлгүндөй жаштыгыңдын баары кетет турбайбы! Мага биздин кожо, дербиштер: араб кыздарынын көздөрү жалжылдап укмуш, төштөрү чоң, белдери ичке, көчүктөрү чоң деп айтышты эле. Мен өмүрүмдө бир дагы араб кызын көрө элекмин. Алар биздин кыз-келиндердей болуп алиги дамдалбарды кийбейт экен деп көрүп келгендер айтышат. Баары болгону болгондой дейт. Алардын бир гана жери жаман имиш — буттары карганын буттарындай ичке экен. Ушул чынбы?

— Мен алардын буттарын караган эмесмин.

— Сен анан эмнени карап жүрөсүң? — Вепрь таң кала сурады.

Мен жолдо келе жаткан Мемнундун атасын көрдүм, шайтандай болуп кайдан чыга калды...

Ал чолоңдоп Вепрдин аркасын көрөөрү менен бурчту карай бурулуп, ошол бойдон көрүнбөй калды.

— Жеткен акмак экенсиң,— деп Вепрь сөзүн улантты. — Кудай бейиштин эмне экенин билбесе ал жакка нурдун кыздарын эмес куранды таштамак! Жаштыктын жыргалын көрүш керек да!

Ар жактагы столдо күүлдөшүп карта ойноп жаткан адамдар адаттагыдан тышкары тынчый түшүштү.

Вепрь экөөбүз унчукпай калганда тиги адамдардын тилдешкени угулуп калды. Вепрь алардын тилдешкенине көңүл бурган жок, төшүнө конгон чымындарды коруп жатты. Мен тилдешип жаткан адамдарды карадым...

Мен Сениянын атын айтып жатышканын угуп калдым да, тыңшай баштадым.

Эртең менен Сения күйөөгө чыкпайм деген Сулейман-бек менен Ферхат-бек ал жөнүндө былжырап жатышыптыр.

Экөөнү тең Сения чанып кеткендиктен ошол тууралуу сөгүшүп жатыптыр. Биринин үстүнө бири барып куда түшүп, иштин баарын ойрондотконуна ичтери күйүп жатса керек.

— Мен бирөөнүн жаагын баскам, азыр сенин да жаагыңды басамын,— деп Сулейман-бек Ферхат-бектин столуна учуп жетип, чөнтөгүнө колун салды. Ферхат-бек анын колун чөнтөгүнөн чыгарбай катуу кармап, тапанчасы менен башка койгулай баштады; көзүң жамандыкты көрбөсүн — Төкөрдүн ак чачына сокку урулууда...

Вепрь экөөбүз аларды арачалаганы ордубуздан тура жүгүрдүк. Ушул учурда менин күйөө балам Арифанын күйөөсү — мени таяк менен баштан ары салып калса болобу! Мен ага эмне жаздым эле?!

Вепрь, Төкөрдүн тапанчасын чөнтөгүнөн алып чыгып атканы жатканын көрүп, аны колдон ары чаап жиберди. Тапанча жерге түштү. Вепрь көз ачып жумганча Ферхат-бектин куралын кармай калып, жерде жаткан тапанчаны да колуна алды. Эки тапанчаны тең Вепрь чоң даракты аткылап бошотуп салды. Чымчыктар чочуп учуп, жалбырактар күбүлүп түштү.

Аянтка жыйылган элди аралап, мен үйдү карай жөнөдүм.

Бул шаарчага экинчи келбей калайын дедим ичимен.

Түн болуп калды. Алыстан арт жагымдан цыган уста Шабандын мурда жакшы таанышкан коңур үнүн угуп калдым. Ага удаа мечиттеги азанчынын азан чакырганы да угулду. Азан чакыргандын үнү Каирдеги азанчылардын үнүнө өтө окшош экен, ошол жердеги азанчылардын окуусун бүтүп келсе керек деп, таң калып токтоп калдым.

Мойнум жылуу боло түшкөнүн сездим. Сыйпалап көрсөм алаканым кан болуп чыкты.

Ушул кейпим менен үйгө кантип барам? Мени таяк менен ким башка чапканын Муратка айтсам, ал тим эле колуна өлүп берет.

Күтпөгөн жерден алдыман эки атчан чыкты. Бирөө мага жакын тууган, атчан аскерлердин офицери, экинчиси австриялык башкаруучунун кызы Гертруда экен. Гертруда алчактап баскан кара ат минип, эртең мененки сейилден келе жатыптыр. Ат үстүнөн мени менен кол берип учурашышты. Гертруда мени кечинде келип үйдөн чай ичип кет деп чакырды. Аялдын ээри, узун юбканы тысырайта керген соору. Менин тууганым чын эле ушуга көңүлү түшүп калганбы?

Кудай жалгап алар менин башымдын канын көрбөй калышты. Башымды сыйпалап көрсөм кан дагы эле агып жатыптыр. Үйгө кантип барам?

Жолдун боюнда үңкүр бар экенин билчүмүн. Ал үңкүр жердин түбүнө агып кирип кетчү дарыянын жанында. Жаан жааганда үңкүрдөн булак катуу атылып чыгып, ошо замат жер алдына кирип жок болот.

Ал жерге балдар гана ойногону келет. Мен ошол жерге барып башымдын канын жууп, тамактанайын деп ойлодум. Мени үйдөгүлөр кайда жоголуп кетти, үйгө келбей эле делдиреп басып жүрсө болду ага деп урушуп жатышкандыр.

Мен ылдый түшүп, болгон кырсыктардын баарын суу менен кошо жууп таштамакчы болгонсуп жан талашып жуунуудамын.

Көйнөгүмдү күнгө кургасын деп жайып койдум. Үңкүрдүн оозуна барып жаттым. Азыр бул жерден башка жакка баргым келбеди. Күндүн ысыгы жаныбарлардын баарын ийинине куун кирген экен. Жер астына агып кирип жаткан туп-тунук суу шылдырап агып, күн нуруна чагылышат. Асман да мелтиреп ажайып көпкөк! Мага мындан башка жыргалдын кереги жок, ушул жерде өмүр бою жатсам ыраазы элем!

Мен көз ачып жумганча бир башкача абалда боло кал-

дым. Жерде жаткым келбей бир азга болсо дагы чоң атамдын тоосундагы мунаранын үстүндө каалгып жүргөн күчтүү учкум келди.

Өткөн жылдагы каникулда чоң атамдын тоосундагы чабындыны аралап, жайнап өскөн гүлдүн ичинде жатып, түрдүү түстөгү гүлдөрдү көрүп, аябай суктанып жазган төрт сап ырымды эсиме түшүрүп, шыбырап айта баштадым. Каирде жүргөнүмдө ал төрт сап ырды Элизага француз тилине которуп бергем, биздин жердин укмуштуудай сулуулугун биздин тилде да ырга салса болорун кыз билсе дегем. Бирок бул кылганым болбогон нерсе экенин сезип токтоттум: анткени бул эселекке ыр меники үчүн гана кызык болучу, ага мага тиешелүү нерсенин баары сонун, теңдешсиз эле. Жазган ырымды Тахир-бек жактырган жок. Ал ыр кандай башталса ошондой бүтүш керек эле дейт...

Мен табыйгаттын көз ирмемин гана жазганмын. Ыр биринчи жолу жазылгандан кийин болбогон былжыраган суроолор чыга берери бышык:

Бардык жерде кудай бар,
Мен дагы,
Мен эс алган жер дагы!
Эмне үчүн тепсеп кирдим,
Түркүн гүлдүү тулаңды?
Бөлүшпөгөн,
Жетишпеген эмне бар,
Эмен үчүн,
Бири-бирин,
Өлтүрүшөт кудайлар?
Бутум менин эмне үчүн,
Чалыштай берет күнү-түн?
Же болбосо баарын көргөн,
Баарын билген,
Ал кудайдын
көзү болуп жүрбөйүн...

Ырды кандайча баштасам?,— деп мен жердин алдына агып кирип жаткан дарыянын жээгинде жатып, өзүмөзүм суроо берем. Мүмкүн Тахир-бектин көзү алысты жакшы көрбөй жүрбөсүн? Же болбосо мага бир жакшы сырды айта албай өзүнчө туталанып жүрдү бекен?

Мен үйгө жакын келгенде үйдүн терезелеринин бир пардасы кыймылдап калды. Кимдир бирөө мени карап жатса керек. Мүмкүн Фафица болушу мүмкүн.

Жок, апам экен.

Апам мени үйгө кире бериш жерден күтүп туруптур. Үйгө кире беримде кулагыма шыбырады:

— Акырын, акырын, Арифа келди.

— Качан келди? Эмне үчүн келиптир? — деп таң кала сурадым.

— Уичукпа, эч нерсе сураба?

— Ал кайда?

— Үстү жакта, бөлмөдө.

Атам дивапханадагы узун олтургучта Фафицаны алдына алып, тамеки тартып олтуруптур.

Фафица мени көрө коюп алдыман тосо чуркады.

— Айланайын чырагым,— деп мен карындашымды эркелетип, экөөнө тең кайрыла мындай дедим:

— Мен азыр эле кийимимди которуп кийип келе коём.

Ошенттим да, Арифа турган бөлмөнү карай шаша бастым.

Ал эки тизесин кучактап, уңкүйүп олтурган экен, мени көрө коюп ордунан ыргып туруп, төшүмө келип жабышты.

— Кечирип койгун! Мени тилдей көрбө!—деп ал көзүнүн жашын көлдөтүп, өксүп ыйлап кирди.

Мен Арифанын жашына жана азыр эле анын күйөөсү канжалата койгонго таң калып, эмне кыларымды билбей туруп калдым.

— Сенден башка менин эч кимим жок!

Көпкө өбүшүп туруп калдык.

Ооба мен гана! Элизанын да, Сенянын да менден башка эч кимиси жок. Ооба, Арифанын да менден башка эч кимиси жок!

— Койчу эми, эмне болуп кетти?

— Дагы эмне болуп кетти деп коёт. Аман-эсен келгениң жакшы болбодубу!

Арифа алаканынын сырты менен көзүнүн жашын аарчып, кабагы ачыла түштү.

— Тамак жасаганга апама жардамдашайын.

Арифа бөлмөдөн чыгып кетти. Эмне, биротоло келдиби? Мен Арифаны айныткансып, «гайдук» ошон үчүн таяк менен мени башка чаап, ошол үчүн үйүнөн куул жиберди бекен? Үйгө киргенде а дегенде оймо-чиймеленип коozдолгон чоң жез табак диванхананын так ортосуна коюлганын байкаган жокмун.

Бул кооз чоң жез табак орозо, айт күндөрү, же сыйлуу конок келгенде үйдүн ортосуна коюлуучу. Эми менин келгениме байланыштуу коюлса керек.

Салтанаттуу түрдө эч ким үн катпай тамак ичүү башталды.

Арифа а дегенде атама, анан мага колду жуу үчүн дагыра менен кумган алып келди; бизде тамак ичердин алдында адамдар сөзсүз кол жууйт. Тамак иче турган идиш-

аяктан алдыга чөмүч гана коюлат. Чыгыш элинин салты боюнча тамакты колу менен жешет.

Арифа атамдын колуна суу куюп, Фафица болсо сүлгүнү колуна кармап турганда атамдын жүзү кубанганынан тамылжып турду.

Атам эртең мененкидей эмес, өзгөрүлүп калыптыр. Атамдын кабагы ачылганы — жаны жай таппаган качкын уулунан башкасы баары чогуу олтурганыбызга байланыштуу болсо керек, а качкын уулун атам бул учурда унутуп койсо керек. А балким биринчи аялынан төрөлгөн кызы Арифанын үйгө кайтып келгенине байланыштуу болуп жүрбөсүн деген ойго келдим.

Аңгыча болбой Мурат да келип калды.

Атамдын жанында софраны[1] тегеректеп олтурдук. Эң акырында Арифа олтурганда мен анын боюнда бар экенин байкап калдым.

Мен боюнда бар экенин көрө коюп кулагым чуулдап, тамак ичип жатканда анын ичиндеги түйүлдүк жөнүндө ойлоно бердим.

Биздин элдин салтында тамак ичип жатканда көп сүйлөшпөйт. Ошол адаттагы тынчтыкта ар бирибиз азыр атабыздын тынчтыкты бузуп сүйлөп киришин заматта тыйып койчудай болгон бир нерсени сезгенсип олтурдук.

Эч ким үн каткан жок, Арифаны эмнеге келдиң деп сурашпады.

Арифа жайнаган тамактан ооз тиймиш болуп олтурат, андан көрө бул жерден кетип калгысы келип турганын байкап турам.

Анын үйгө келгенине үйдөгүлөр, же кубанышканын, же капа болушканын, түшүнө албадым: баарынан да атам кызыктай олтурат.

Апамдын жандоосу боюнча биздин үйдө кызмат кылган аял Мехиница ордунан туруп, «пита» деп аталчу жаңы тамак алып келди.

Бул тамакты мен бала кезимден жакшы көрчүмүн. Апам аны мен үчүн жасаган окшойт. Каирде жүргөнүмдө да бул тамакты нечен ирет кудуктагы муздак суудай эңсегем. Элизага да мактап айткам. Анткени анын ата-энеси мен жөнүндө ага айтканындай ичинде өзү деле тымызын ойлогондой эмесмин дегенди биздин тамак-аштан да билдирейин дегем. Алар мени чынында таланттуу жигит жана таалим-тарбиясы бар ак сөөк дешкени менен, Европанын босогосундагы неме чоң нерсеге жарабайт деп эсептешет.

---

[1] Софа — кичинекей стол.

Бул укмуштай даамдуу тамакты апам стамбулдуктардай жасаган экен. Стамбулдуктар питаны эң мыкты ак ундан жасашса, апам кара буудайдын унунан жасачу. Стамбулдуктар жасаган питанын даамы биздикинен башкача болуп, камыры калың жайылып, бадам кошулуп, жыттуу чөп-чар себилип, чөптүн майына бышырылат. Питанын үстүнө куургатылган инжир менен курма себеленет. Апам болсо питага май куюп, мешке бышырып, жаңгак, майдаланган четиндин ашын, алма аралаштырып, үстүнө куургатылган кара өрүктөн себелеп бышырчу. Башкаруучунун аялы бул тамакты жеп көргөндө стамбулдуктардын питасы оозуна салсаң эрип кетет, апаң жасаган питаны жесең тим эле «ырдайт» деп айткан болучу. Чынында эле бул тамак бала кезимде далай жолу шилекейимди чууртткан. Каирде жүргөндө да далай жолу ак эткенден так эткем. Азыр бул тамакка эмнегедир табытым тартпайт, көңүл кош гана көпчүлүк кандай жесе, ошондой жеп олтурдум.

Атам баятан берки тынчтыкты бузгусу келип мындай деди:

— Тигил сенин арабдарың исламды жараткан күн болушса дагы мындай тамакты жеше элек! Кудайдын өкүлү Мухамбет пайгамбар биздин үйгө өзү келсе да ушул тамакты алдына коймокмун!

Апам атамы тамак-ашта пайгамбардын кандай тиешеси бар, дегенсип акырая бир карап алды. Атам эки колдоп питаны сындырды да, Арифанын алдына койду.

— Кызым, эмнеге тамакты жакшы жебей жатасың? Келгениң жакшы болду!

Андан кийинки айткан сөзү мени таң калтырды:

— Сен да жебей атасың. Тамак ичкенден адам эч нерсе болбойт!

— Олтургандардын баары тепкич тарапты карап калышты. Жылчык тараптан, түшкө кирчү немедей болуп, Арифанын күйөөсүнүн жүзү көрүндү... Тепкичтин таянычын кармап ал диванханага кирип келип, эшиктин алдына башын жерге салып туруп калды. Бүткөн бою калтырап, софранын жанына басып келди. Башын көтөрбөйт сыягы, көтөргүдөй шайы да жок көрүнөт. Колунда мени мейманкананын жанынан кара ниеттик менен башка бир чапкан таягы да жок экен.

Баарыбыз эмне кыларыбызды билбей, оозго эч кандай сөз кирбей жер карап олтуруп калыппыз. Күйөө баланын мынча жылдызы түшүп, бул жерге келгенине таң калдым. Мастыгы болсо тиги. Биринчи болуп атам сүйлөдү:

— Куйөө бала, саламатсыңбы? — деп атам ага жылышып орун бошотту. — Тамактын үстүнөн чыктың, кел.

Тигил теңселе түштү, сыягы атамдын сөзүн уккан жок окшойт көзүнө да эч ким көрүнбөсө керек. Апан курс этип жерге кулады. Өөдө туруугa аракет да кылбай жата берди.

Фафица кыйкырып жиберди, Арифа өзүнүн бөлмөсүнө чуркап кетти.

— Аны тигиндей жаткырып кой, уктап эс алсын. Көп ичип койгон тура,— деди атам Муратка.

Мурат аны белинен кучактап, бөлмөгө эмес, тепкич менен ылдый карай сүйрөп жөнөдү. Мен анын артынан чуркадым. Мурат аны ылдый жактагы бөлмөгө да алып кирбей, короону көздөй сүйрөп жөнөдү. Дарбазага сүйрөп барып, кап ыргыткандай, эшикке ыргытып таштады; дарбазаны бекитип, колун тазалап, үйгө кайра кирди.

Тиги мейманкананын алдында мени таяк менен чапканы эсимен чыгып, ушундай мас адамды кантип көчөгө таштасын деп дарбазаны ачтым. Ал оңкосунан жыгылгандан кийин эсине келген окшойт. А дегенде жөргөлөп, андан кийин араңдан зорго ордунан туруп, темтеңдеген бойдон ары басып кетти. Мен дарбазаны жаап, илгичин илип, үйгө кирдим.

Мындан башканы күтүп болбойт эле: тамак ичилбей, ичкен ашыбыз тамагыбызга туруп калды.

Атам чылымын терең жана тез-тез соруп жанагы ордунда олтурат.

Апам Арифанын үстүндө болушу керек, ал жерде эмне болуп жатканын бир кудайдын өзү билет.

Мени бир гана нерсе таң калтырды: Мурат софранын жанына олтуруп алып, деле эч нерсе болбогондой тамак ичип жатыптыр.

Байкуш Мехиница болсо кандай тамак алып кел деп айтар экен деп жанында күтүп турат. Фафицаны караган эч ким жок, ал Мехиницанын этегин кармап алган.

— Менин жаныма олтур,— деди атам. — А дегенде Арифаны чакырып кой.

Атамдын мага мындай буйрук бергенин көптөн бери уга элек болчумун. Арифа бөлмөнүн ичиндеги узун столдо өксүп ыйлап жатыптыр. Апам аны кучактап, чачын сылап олтуруптур.

Апа, Арифаны атам чакырып жатат,— деп атамын буйругун айттым.

Мен кайра келип атамын жанына олтурдум. Бат эле Арифа кирип келди. Анын ыйлаганы билинбейт. Атамын

алдына туруп калды. Мен Арифанын ичин карасам, кыз кезиндегидей.

— Ушундай иштерден кийин кетпейсиң, төрөлгөн үйүңдө каласың! — деп атам кесе айтты. — Ичиңдеги болсо аныкы эмес, биздин бала! Маңдайыңа жазганды көрөсүң деген элде кеп бар. Сенин маңдайыңа төркүнүңө кайра келесиң деп жазылган тура!

— Мен анын үйүнө баргым келбейт! Атаке, мен аны менен турмуш кургум келбейт.

Атамын кабагы ачыла түштү. Апамдын жүзү эч кандай өзгөрүлгөн жок.

Арифа менден эки жаш улуу болучу. Апасы аны төрөй албай өлгөн. Мен качан Арифаны аталаш эже экенин билгенимде мен атамдын мурунку аялын элестеткем, ошондо өгөй апам өлгөндөй болгон. Арифаны Мехиница эмизип чоңойтту.

Арифа өз апасы жок экенин, кызматчы аял Мехиницанын эмчегин ээмп чоңойгондугун кичинекейинен эле биле турган...

Эсиме бир окуя түшөт: бир күнү сөздөн сөз чыгып, Арифаны аталаш эжем десем, ал кызарып кеткен.

Ал эмне үчүн кызарып кетти экен? Анын балакатка жетип калган кези болучу. Бир нерсени ойлоп кызарып кетти болду бекен? Эмнени ойлоду экен? Арифа экөөбүздүн апаларыбыз бөлөк, демек каныбыз башка. Ошондой болсо да бир атанын балдарыбыз, эже-ини гана болушубуз керек. Арифанын тили узун, көчөдө көп басып көрүнгөндөр менен сүйлөшсө дагы апам өгөй кызына: «Ай бети жок»,— деп бир да жолу айтканын уккан эмесмин.

Ушунун баарын мага Мехиница айтып берген.

Мен түшкү тамакты ичкенден кийин бирөөнө кайрат айтып, бирөөнө жардам бере албаган өзүмдүн абалымды билип, бул чатакты бир азга болсо да унутайын деген ойдо бакты карай жөнөдүм.

Округдун башчысы чоң атама белек кылып берген алма көчөтүнүн көлөкөсүнө келип токтодум. Ал алма «башчыныкы» деп аталчу. Тиги дүйнүйгөн карамутка караганда биздин үйгө жакын жерде өсө турган.

— Сыз жерге кантип жатасың! — деп Мехиница чуркап барып мага жаздык, одеяло алып келди. Мени билсин, бир деме айтайын дегендей жаныма олтура кетти. Бир азга жаныма олтуруп, айткан сөзү бул болду:

Тигине Арифа төркүнүндө олтурат. Андан артык бактылуу эч ким жок. Өгөй энеси (өгөй деп менин апамды айтып жатат) күйөөңө кайра бар деп жалынып жалбарып жа-

тат. Мехинища менин куңурт оюмду тазалагандай болду. Арифа болсо апандын айтканын такыр уккусу жок,— деп Мехинища сөзүн улады. — Арифаны күйөөсү: ичиндеги бала меники эмес, бир чабандес менен ойнош болгонсуң — ошонуку, аны менен атканадан сүйлөшүп жатканыңды көргөмүн,— деп уруша берет экен. Анын жеткен шүмшүк экенин жакшы билесиң. Соо кезинде Арифаны урук-жаатын жети атасына чейин сөгүп, мас болгондо (кийинки күндөрү күн сайын мас болчу болду) ичиндеги бала чабандестин баласы деп боюнан түшүргөнчө сабай берет экен. Кандай арга кылабыз бегим, Арифа шайтанын койбойт, күйөөсү болсо арагы менен намысын койбойт. А менин ишим болсо унчукпай жүрө берүү эмеспи, бегим!

Кудайга шүгүр, эң башкысы Арифа аман-эсен келди деп койдум ичимен. Мындан ары эмне кыларга башым жетпейт.

Жалбырактардын арасында түйүлгөн «башкаруучунун» алмаларын карадым. Австриялык башкаруучу биздин жерге европалыктардын алмасын олтургузууга жан талаша турган. Бактагы алма жакшы түйүлгөн экен, али быша элек, көчүрүлүп келсе да, кадимкидей жакшы өскөнү көрүнүп турду. Күзүндө өткөн жылдагыдай Арифанын бетиндей албырган кызыл алмалардын түшүмү мол болчудай. Менин көз алдымда ошол эки кызыл түс уйкунун көшөгөсү аралашып кетти.

Мен өмүр бою унутулбай турган укмуштуудай бир кызык түш көрдүм. Түшүмдүн кээ бир жерлери жүрөктү өрөпкөтүп, бейишке чыккандай болом — анын таасирлери көз алдымда көпкө чейин кала турган.

Мен бир жакка бара жаткан экенмин.

Айланамдын баарын — алды жагымды да, үстү жагымды да тоо кыркалары курчаган. Кай жакка бара жатканымды билбей, ичим туз куйгандай ачышат, тоо аралап бара жатканымды бир билем, кайра кайрыла турган жолду издейм (эми мага эң башкысы — кайра кайтуу). Улам алдыга барган сайын каардуу, мейримсиз тоо кыркалары учурай берет.

Менин аргасыздыгымды кандайдыр бир жүздөр күчөтүп жиберди, мен алардан бир нерселерди сурайм, алар эмнегедир жооп беришпейт, мен аларды аргасыз жалдырай карайм.

Жанагы жүздөр кыз-келиндердики экен. Жалаң кыз-келиндердин айлы сыяктанат, ал жерде да эмес, асманда да эмес, күүгүмдөнгөн бир боштуктан жай алган окшойт. Ошол кыз-келиндерди мен тааныйт окшойм, алар да мени

таанышат көрүнөт. Бирок менин айткан сөздөрүм аларга жетпей, алардын айткан сөздөрү мага жетпей, угулбай жаткан көрүнөт. Мен өзүмчө, алар өздөрүнчө сүйлөшөт.

Мени көргөндө кыз-келиндердин кубанышкан түрү бар. Мени көрүшүп кубанып турушса, анда эмне үчүн үнчүгүшпайт? Менин суроомо эмне үчүн жооп беришпейт?

Бая мен барган шаардагы чакан ресторан жер менен асмандын ортосунда экен. Кызык, ал ресторандын айланасы бүтүндөй карагай тактайлар менен тосулуптур. Тосмонун ары жагынан ыр угулат.

Ыр арабча эң мукам кооз, бирок ресторанда олтургандар эл ырды угушпай өз ара сүйлөшүп олтурушат, мен аларга тиги тосмонун ары жагында ыр эмне жөнүндө экенин түшүндүргүм келет. Бирок менин үнүм күбүр-шыбырдан угулбайт, менин сөзүмдү эч ким укпайт.

Мен тиги ырдап жаткан арабды көргүм келип, ошол жакка жөнөйм.

Күүгүмдөнгөн үйдүн ичинде эски-уску кийим-кечектер толтура экен. Оту өчкөн коломтонун жанындагы үч буттуу орундукка бир киши олтурат, анын башына кийгени, төбөсү дыйкандардын кызыл баш кийими, үстүндө кандайдыр бир аскердик кийимге окшогон сары шинель.

Ал бутун кере сунуп, бир аз аркасына чалкалап, кыл кыяк тартууда.

Мен ал кишинин колундагы кыл кыякты көрө албайм, анткени ал бутунун алдында жаткансыйт, бирок кыл кыяктан чыккан үн түбү жок үңкүрдөн чыгып жаткансып, идиш-аяктар каңгыратансып угулат. Бүткөн боюм калтырап кетти. Бул адам биздин тилдеби, же араб тилинде ырдап жатабы,— кайсы тилде ырдап жатканын такыр билбей койдум.

Мен эми бул ырды уккандан тажап кеттим...

Бир убакта күтпөгөн жерден көчөдө болуп калам. Анан созулуп жаткан тоонун чокусунда жүрөм.

Мен чыккан чоку ийри-буйру болуп өөдөлөй берет. Өөдөлөгөн сайын эч нерсе өспөйт экен, кээ бир жерде гана кууraган кызыл карагайлар менен арчалар. Мен кыйналып-кысталып жатып токойду аралап жөнөйм. Чокунун башынан карасам ылдый жактан эгин, мөмө дарактар өскөн жашыл талаа көрүнөт. Ошол жерге барсам аман калчудаймын. Ал жерди карап туруп таң кала өзүмө-өзүм суроо берем: эмне үчүн ошол эгин өскөн жашыл талаада бир да үй, бир да адам, бир да мал жок?

Мурда ушул жерден өткөнсүп, мен суу аккан аңды билет экемин, аң ылдый төмөн түшсө болот. Аярлап басып

баратам. Аңгыча төмөн карай аңкилдиктеп жөнөдүм, кудай жалгап асканын бир урчугун кармап калдым. Мен кармаган асканын урчугу шыгырап сынып бара жатканын угам. Башка кармай турган урчук бар бекен деп эки жагымды карайм...

Ойгонуп кетсем көл-шал түшүп калыпмын. Күн «башкаруучунун» алмасынын көлөкөсүнө барып калыптыр.

Жанымда атамдын турганын сездим. Тамеки ороп жаткан экен.

Уйкуң кандыбы? Тигил алманы көрдүңбү? Келин. Эгерде сенин чоң атаң — менин атам, кудай андайдын жүзүн көрсөтпөсүн, бир күнү бөлөм деп калса, анда ушул мөмөлүү бакты бизге калтыр деп бутуна жыгылам. Ушул алма бак үчүн гана. Башка жерден келди эле, бирок бизге көнбөгөндөй түрү жок. Чыныгы башкаруучу.

Мехиница бизге кофе алып келди. Кофе ичип жатканда атам бел курунан кат сууруп чыгып мага сунду.

— Бул катты окучу, Мурат мурда мага окуп берди эле, сен дагы окучу, уккум келип жатат.

Кат сүрөтчү Йованга жазылган экен.

— Бул кат Йованга жазылган турбайбы!— деп мен таң калдым.

— Оку, оку.

Катты ким жазганына көз жүгүрттүм, андан ары ичимден окуй баштадым. Ошондо атам мени шаштырып:

— Үнүңдү чыгара оку. Дагы бир жолу уккум келип жатат!

Атам биздин фонетикага ылайыкталып арабча жазылган каттарга гана түшүнүүчү.

Катты менин качкын бир тууганым жазыптыр. Мен толкунданып кеттим.

*«Кымбаттуу ата!*

*Бул катты сага Йован алып барат жана өзү окуп берет. Бул катты да биринчи жазган катымдай кылып тытып таштайсызбы, жокпу — аны Йовандан билем. Менин кандай таарынганымды ага айта албайм!»*

— Дагы таарындым деп коёт! Аны издеп бүткүл империяны кыдырдым. Үч айдан кийин гана анын кайда экенин айтышты. А мен эмне үчүн таарынбайм. Ага ата-энесин таштап кете берсе эч нерсе эмес экен да! Мени издеп таап, алдыма жыгыл дейт экен да! Мага менден качып барып окуган мектептин кереги жок, андай мектепти мен жек көрөм! Сенин мектебиңди да көрөйүн деген көзүм жок. Силер бизди чоң кырсыкка кабылтасыңар.

Атамдын сөздөрү кулагымдын сыртынан кетип жатты. Катты окуп жатып, өзүмчө толкундапып кеттим.

— Оку, оку, бир сөзүн да калтырба,— деди атам жөтөлүп:

Мен окуй баштадым:

— *«Мен каникулда Йован менен кошо үйгө барайын дегем, ата, сенден коркуп бара алган жокмун. Иштин жайы мына ушундай, кымбаттуу атаке! Менин үйгө барышым, же барбашым сенин колуңда»*

Менин колумдан өзү качып кетип, эми менин барышым, же барбашым сенин колуңда деп коёт!

Мен катты аягына чейин окуй баштадым:

*«Атаке, сенден кечирим сурайм, Сенин, апамдын колун өбөм. Калган туугап-туушкандарымдын көзүнөн, бетинен өбөм, үйгө барганда баарыңардын сүрөтүңөрдү тартам».*

— Кара дөбөттүн сүрөтүн тарт. Мендей актыкын тартпайсың!

*«Дагы бир жолу баарыңарга салам айтам. Менден Фехимге салам айтып койгула. Ал менин атымды жакшы багып жүрсүн. Биздин Мехиницага да салам айткыла. Мага халва жасап койсун — менин кандай халваны жакшы көрөрүмдү ал билет. Мухаммед Каирден кат жазып турабы? Дагы бир жолу салам айтам.*

*Силердин Хусейин.»*

— Сага Йован дагы эмнелерди айтты,— деп ойго чөгүп кеткен атамдан сурадым.

— Ал катты алып келгенде мен үйдө жок элем. Катты Муратка берйптир.

Апам өзү кофе алып келди. Кофе куюп жаныбызда олтурду.

— Жакшы жайды тапкан экенсиңер,— деди апам,— «Башкаруучунун» алмасы качан бышаар экен, чыдамым кетип жатат. Бул алманын көчөтүн эч кимге бербейм!

Мурат Хусейиндин катын апама окуп берди бекен? Эгерде окуп бербесе мен окуп берейин деп катты чөнтөгүмө салдым.

Фехимге атамдын аттарды эртең таң заарда токуп койсун дегенин айттым.

— Подосек селосуна барабыз. Ал жерде эмне болуп жатканын өз көзүм менен көрүп келейин. Сенин чоң атаң ал жердеги дыйкандарды эрки менен коё бериптир. Староста өтө эле чектен чыгып бараткан окшойт.

Подосек — сүрөтчү Йовандын селосу. Мурат ага Йовандын үйүндө Тахир-бектин майрамдап жүргөнүн айткан. Тахир-бектин кудайга шүгүр, жашай турган жери болсо дагы жайды Йовандыкында өткөрүп жатыптыр, жада калса ушул жерде да элден башкача.

Мен Тахир-бектин күйөө баласынан, бадийден Арифа күйөөсүнөн ажырашып үйгө келсе, ага шарыят жол береби — сурайын деп ойлодум Эгер мыйзам жол бербесе анда бүгүн болбосо эртең төрөлөт деп турган баласынын тагдыры кандай болоор экен?

Мен кадийден[1] бул тууралуу суроодон мурда кудай жалгап Каирден ала келген шарият боюнча окуу китепти карайын деп ойлодум. Шарияттын негизги жоболорун билбеген чеки болоор!

Болуптур аны кийин көрө жатармын. Эртең эртең менен атам экөөбүз селого барабыз.

Тахир-бек менен сүрөтчү Йованды көрсөм дегенде эки көзүм төрт. Убакыт өтпөйт.

Атамдын баскан-турганы менен өңү мага бир нерсени сездирип турду. А мүмкүн дыйкандар менен староетанын ортосундагы баш-аламандыкты дал ушул атам жөнгө салаар?

## 7

Мына бүгүн төшөктө уктап же ойгоо жатып, мындан бир нече жыл мурда болуп өткөн окуялар, селодо жашаганым көз алдыман чубуруп өттү.

Ал окуялар эчак өтүп, катырган мумиядай жашоонун тамыры сокпой, каны токтоп калса да, анда-санда көңүлүмдү туйлатып делебемди козгойт.

Атчы Фехим аттарды токуп коюптур.

— Мылтыгың кана, мылтыгың? — деп атам мындай бастыра берерде сурап калды.

Фехим угар замат чуркап барып, ок-дарысы менен мылтыгымды алып келип берди.

Мылтыктын эмне кереги бар? — деп ичимден ойлойм мен.

[1] Кадий (араб) — мусулмандардан, калыстын милдетин аткаруучу дин өкүлү.

Чоң атам менен Тодинди байланыштырган жалаң эле дыйкан менен бектин мамилеси эмес, андыктан дыйкандын үйүнө мылтык асынып барган жакшы болбойт го! Анын үстүнө атам ит ээрчитпей чыкты, демек аңчылыкка чыкпайт экенбиз да, бул мени күдүк кылды.

Биз өрөөнгө түштүк.

Өрөөн менен биздин чакан шаарчаны тоо кыркасы бөлүп турчу. Шаарча тоонун түндүк жаккы этегинде, тек катмарлары чогулган жерди тең жара агып жаткан дарыя боюнда жайгашкан.

Жолдо келе жатканда бизге дарыя көрүнө калып, кайра көрүнбөй тоонун тешигине кирип кетип жатты. Дарыя чөбү өсүп жайкалган жерге келгенде чамынып шаркырап-күркүрөп акпай, жыланга окшоп ийри-буйру болуп жайлап, жашыл чөптөрдү аралап тынч агат экен, шаарда болсо тизгинин коё берген буурадай болуп, ээ-жаа бербей агат.

Мен ойго батып келе жатып көзүмдү ачсам жерге жарык кирип калыптыр. Айлана улам барган сайын даана көрүнүп, жымыңдаган жылдыздар көк асманда эрип кетип жатты. Таңдын нуру өрттөн кызарып, анан аз-аздан кызылы өчкөнсүп, алтын кирпиктери жабыла түшкөндөй болуп, жаңы күн төрөлдү.

Алтын күндүн мындай кубулма түрлөрү жөнүндө ойго батам, сүрөтчү Йован ошолор менен жашайт, ага бели бүкчүйгөн философ Тахир-бек күлөт. Мүмкүн Йовандын ай-аалам жөнүндө ачылып айтпаганы Тахир-бектин куру сөзүнөн ашып кетер.

Мына бул көзгө көрүнбөгөн нурлар менен эми миитип күчүнө кирип келаткан күндүн жарык нурларын жана караңгылыктын акыркы көлөкөлөрүнүн ортосунда азырынча тең салмактуулук бар деп ишендирем мен өзүмдү.

Көгүлтүр асманда бир да жылдыз калган жок, бир гана көзгө көрүнбөгөн боз торгойлор безилдеп сайрап, айлананы шаңга бөлөп жатты. Түнкү асман жерге түшүп жап-жашыл болуп калган сыяктанат: көк шибердеги шүүдүрүмдөр жылдыздай жылт-жулт этет.

Мен болсом ат үстүндөмүн. Тизгиндерин бош коё берип жай баракат бараткаңыбыз аттарга жакты.

Сүрөтчү Йовандан мен бир нерсе сурамакчы элем, унутуп калбасам экен.

Мына, дагы жолубуздан жыландай ийрилип агып жаткан суу кезикти. Суунун ийиминде таңкы күндүн нуру каймак сыяктанып жатат.

Күн бийик чокуга ат сыяктанып алтын ээрин токуду. Биз өрөөндүн орто ченине келдик окшойт.

— Атыңды темин! — деди атам.

Мен ушул сөздү гана күтүп тургам!

Биз тизгинди жыя кармап, атты темиинп таскактатып жөнөдүк.

Менин мингеним элик шыйрак кунан эле. Биз муну ат чабышта байге алат деп үмүт кылып жүргөнбүз. Атам болсо үйдөн качкан бир тууганымдын боз атын минген. Бул боз ат биздин Султания тукумунун даңкын далай жолу чыгарган.

Мен минген кунан боз атты баса калат, анан үстүнө село жакын калган, атам алдыга кетсин деп аттын оозун тарттым.

Селого жете келдик. Атам үн катпайт. Менден ашып кеткенине, сыягы капа болгонсуйт.

Эгин оруп жүрүшкөн чалгычылар менен орокчулар белдерин түзөп, бизди карап калышты. Мылтыкты көрө коюшуп үрпөйүшүп, бир жамандык менен келсе керек деп ойлошту.

Жолдо келе жатканда да бизден ушундай шек санаган адамдар жолукту. Алдыбыздан көрүнгөн адамдар жолдон мындай чыга беришип, баш кийимдерин алышып, колдорун боорлоруна алышты. Жолдо уйларын айдап бара жаткан бадачылар алыстан эле бизге жол бошотушуп, уйларды «өш-өш» дешип мындай айдашууда.

Ушунун баарын көрүп туруп уялдым, мылтыкты асынбай алдыма туурасынан өңөрүп алдым. Мындай кармаганым андан бетер жаман болду. Көргөн адамдар даярданып келе жаткан экен деп ойлошот. Мен мылтыкты кайра ийниме асындым.

Село эртең менен туш-тушка учуп кете турган аарынын чоң уюгундай болуп кым-куут.

Бул аарыга окшогон адамдар иштеп тапкандарынын көпчүлүгүн: эгинди, жемишти, этти, сүттү, тоютту жердин астына агып кирип жаткан дарыядай кылып биздин кампаларга, май заводдорго, улуктарга кылымдар бою берип келе жатышат. Мен Каирде ичип-жегенимдин, кийген кийимимдин баары ушул жерден чыгат. Бизге акылман жаңы империя мына ушундай түбөлүктүү укукту берип жатат.

Биз дүйнөнүн, ушул жердеги адамдардын, ушул селонун ары жагында жаткан тоонун, арт жагыбызда калган талаанын ээсибиз. Дыйкандардын алдына мылтык асынып келгениме азыр эле уялган элем, эми болсо баарынын

ээси болгонума аябай маашырланып жыргап турдум. Өзүмчө эле корстон боло баштадым.

Атам башын текеберлене чалкалатып, атынын оозун тартты. Аттар селодогу бээлердин жытын таңкы жел аркылуу сезди окшойт, бышкырып ылдам баса баштады. Мингендерибиз жем берип багылган айгырлар эле. Бүгүн, эң жок дегенде, эки бээнин жолу болот экен деп ойлоп бара жаттым.

Чоң атамдын малайы Тодин деген карыянын үйүнө да жете келдик.

Мен токсон жашка чыккан Тодин деген чалды жакшы тааныучумун. Чачы көрпөдөй тармал, өңү серт абышка чоң атамдын алмустактан берки артелине караштуу селонун тең жарымынын старчыны болучу.

Мен Йован менен Тахир-бекти көрсөм дегенде эки көзүм төрт. Өзгөчө Тахир-бекти көрсөм деп баратып бизден чочулагансыган Йовандын атасы Михаилди да байкабапмын. Ал биздин келе жатканыбызды кайдан көрдү экен, эми минтип баш кийимин алып, бизге дарбазанын эшигин ачып короого киййрүүдө.

Аттан түшөрүбүз менен атам асынган мылтыгын ийнинен алып, короонун ичиндеги тыт жыгачына жөлөй коюп, андан кийин Михаил менен кол алышып учурашты. Атамдын Михаилге биз бул жерге эч кандай жаман ой менен келбегенибизди көрсөткүсү келип, мылтыкты тыт жыгачына жөлөп койгонуна мен жеңилдей түштүм; мен да куду атам жасаганды жасадым.

— Силерге учураша кетели деп кайрылдык,— деди атам, салт боюнча чалдын ал-жайын, ден соолугун сурагандан кийин.

— Мүмкүн бөдөнө жолугуп жүрбөсүн Михаило, Клемпо кайда? Клемпо деген биздин Гала деген ит менен бирге туулган машке эле. Округдун башчысы чоң атама ал күчүктөрдү белекке берген. Чоң атам Тодинге дөбөтүн берген. Ал дөбөттү селонун эли Клемпо деп чакырышчу.

— Ээ, урматтуу бек, биздин үйдө чоң кырсык болду! Клемпо өлүп калды. Шарцы айлынан кимдир бирөө кара санап ага уу берген окшойт.

Шарцы деген коңшу турган дыйкандардын айлы, алар да биздики.

— Быйыл бөдөнөлөр тим эле жүнүн жейт! Сокур адам деле атып ала турган. Семизинен араң эле учушат. Бирок кызык нерсе жыл жаман эмеспи.

Атам дыйкандардын «быйыл жыл жаман» деген сөзүнөн жадап бүткөн түрү бар. Атам кандай болсо дагы бул

жерге кандайдыр бир ишти чечкени келди окшойт деп ичимен ойлодум.

Тодиндин иттери чуркап келип бизге секирип, эркелеп, жыттагылап, кийимибизди жалай баштады. Эл ит кимден коркорду, кимден коркпосту, ким үйгө ак ниети менен келгенин билет деп айтышат.

Бир баланын бул жерде турганын мен эми байкадым. Михайло ага аттарды тигиндей алып барып байла деди.

— Бек, үйгө кирсеңиздер кандай болот?

Өзүң бил Михаил,— деди атам. —Мен үйдүн ичинде олтуруп жадап кеттим, андан көрө сыртта эле таза абадан дем алып олтурсак жакшы болор эле.

Михайло биз менен жүгүнүп учурашкан эшиктин алдында турган аялга мылтыктарды сунду.

— Ичимдик алып кел,— деди Михайло аялга. —Мыктысынан алып кел! Жумуртка кууруп жибер. Майга жакшылап куур!

«Майга куур» дегени, сени кара басып чочконун майына кууруп сала көрбө дегени эле.

Михайлонун акыркы жолу майга кууру деп айтканынын кереги жок эле. Анткени чочко деген сөздүн өзү биздин диндеги адамдардын жүрөгүн айландыра турган. Бул жолу аял деген аял деп эскертип койду.

Ал атамдын айтканы боюнча бизди үйдүн ары жагындагы бактын ичин көздөй алып жөнөдү.

Биз Тодин чоң атанын кара өрүктүү кенен багына бардык. Чоң атам Тодинге белек кылып берген көчөттөр бир топ жерге өстүрүлүп, дүпүйгөн өзүнчө чоң кара бак болуп чыгыптыр. Чоң атам менен Тодин абышка аңчылыкка бирге чыккан, башка иштерди да бирге бүтүргөн чыныгы достордон эле.

Сүрөтчү Йовандын карындашы Зорка софра алып келди анан башка аялдар менен кошо шашыла столдун тегерегине үч буттуу олтургучтарды алып келип коюша баштады. Биз орун алдык.

Күнгө күйбөй эле төрөлгөндөн өңү кара тору, кабагы ачылбаган он тогуз жаштагы кыз столдун үстүнө чоң бөтөлкө ракия, койдун сүрсүгөн сан этин, койдун сүтүнөн жасалган быштак койду.

Бул кыз ушунча болгон экен ээ? — деп ичимен ойлодум.

Мен мурда келип жүргөндө аны байкачу эмесмин, кадимки кыштактын кызы.

Кабагын бүркөгөн бойдон мени бир жолу да карап койгон жок. Мен анын көзүн көргүм келди. Ушул кызды

эле тикирейип карап калдым. Мени Египетте кандай гана аялдар — араб жана европалык кыздар — карашчу эле (менин эркектик намысым козголду!) Бул кыз жок дегенде көзүнүн кыйыгы менен да карап койбойт!

Чоң ата Тодин жаңгактын көлөкөсүндө уктап жатыптыр.

— Аны ойготпой эле койлу,— деп атам сөөмөйүн оозуна такады.

— Өзү эле ойгонот,— деп Михаило акырын сүйлөдү.— Тиякка-биякка басып, короону жана бакты аралап жүрүп эле чоң иш бүтүргөнсүп чарчап калат. Түшкө жакын эле түн ичинде короо кайтарып чыккансып, жаңгактын көлөкөсүнө барып коңурукту кош тартат.

Биз акырын сүйлөшүп олтурдук.

— Уулуң Йован кайда? — деп сурап калды атам.

— Уктап жатат.

Демек Тахир-бек чынында эле ушул жерде экен да.

— Бул экөөндөй адамды мен өмүрүмдө көргөн эмесмин,— деп Михайло сөзүн улады. — Эгиз козудай болуп ээрчишип жүргөнү жүргөн, Тахир-бек үйүнө бара турган болсо менин Йованым аны түн ортосу болсо да талааны аралап үйүнө узатып барат. Йован кайра келе жатканда Тахир-бек аны узатып келет. Таң аткыча бири-бирин узатып жүрө беришет. Күндүз уктап калышат. Экөө кээ бир күндөрү ушул бактын ичине от жагышып, шарап ичишет. Кээде бир нерсени талашып уруша кетет. Мен ал экөөнү карап туруп: силер барда менин жүгөрүмө кашкулак келбейт! — деп ичимен кубанам.

Койдун сүтүнөн жасалган быштакты, кара буудайдын унунан жасалган, жакшы ачыгандыктан көз-көз болуп борсойгон үстүнө күл түшкөн жумшак көмөч нанды рахаттанып жеп олтурам. Мындай нандан таза жердин жыты жана маңызы буркурап жыттанып турат.

— Сенин Йованың тигил жактан үйлөндү деп уктум го? — деп атам сурап калды.

— Бегим, мен андан аял алдыңбы деп суроого оозум барбайт! Аны окууга жибергем, мүмкүн бардык адамдардан ашкан акылдуу болуп калгандыр. Башка диндеги бир кызды жетелеп келип, биздин тукумдун канын булгабаса эле болду. Кудай анын жүзүн ары кылсын! — деди Михайло. Михайло укум-тукумунан бери христиан динииндеги дыйкан болчу.

— Биздин староста Агаң кайда? — деп сурады атам.

Атам же сөз учугун башка жакка бурду, же чынында эле старостада иши болуп келди.

— Ал тиги жакта эгиндин түшүмү кандай болду экен деп карап жүрөт. Ар бир машакта канчадан дан бар, ар бир бутакта канча кара өрүк бар ошону да санайт, уят иш! Бек, кудай уруп кетсин, эгер бир кудай, жана падыша өзү силерге деген бир дан буудайды кампаңызга кемитип салсак. Менин оюмча, ал да жан сакташы керек дечи, бирок мен унчукпайм.

Мага бул жерде сүйлөшүп жаткан сөздөрдө кандайдыр бир жашыруун сыр жаткандай көрүндү.

— Михайло, кудай бар, аны ошенткин деп эч ким зордуктаган жок! Төрөлгөндөн ошондой болуп жаралып калса керек.

Анан унчукпай калышты.

Мен жаңгактын көлөкөсүн карадым: Тодин чоң ата ойгоно баштады. Ал чымындардан корунуп чалкасынан жаткан, азырынча бизди көргөн жок. Адамдын да айбандарга окшогон — бир нерсени алдын-ала сезген жөндөмдүүлүгү болот. Мүмкүн. Тодин да ошондой бир нерсени көрбөй туруп сезет окшойт, биз жакты карап калды. Бизди көрө коюп ордунан ыргып турду. Дагы бир аз жашаса эле жүзгө чыгат. Мына ал биздин алдыбызда даана көрүндү. Алыстан эле ал мага опол тоодой болуп көрүндү. Чачын күмүштүн буусуна буулап алгандай, бети кызыл, биз жакка ак мөңгүлүү бир чоку көчүп келе жаткандай болду.

— Кутмандуу таңыңыздар менен! Биздин сүйүктүү бектер, куш келипсиңер! — оозун ачканда саргайып калган тиштери бүтүн экени көрүндү.

Абышка Тодин кол алдындагы дыйканы болсо да атам ордунан тура калып, кол кармашып учурашты. Атамдан кийин мен дагы ал кишинин колун кармадым.

— Баланча күнү барабыз деп эмне үчүн кабарлап койгон жоксуңар? Жаанда келген кескелдириктей келип калыпсыңар!

Зорка үч буттуу орундукту көтөрүп чуркап келип абышканын астына койду да, колун кайчылаштырып, столдун жанына туруп калды. Кыз мени көзүнүн кыйыгы менен карап турганын байкап калдым, же мага ошондой көрүндү окшойт деп ичимен ойлодум.

Тодин чал олтурду. Эч ким үн каткан жок. Абышка башынан эскирип калган дыйкандардын шапкасын алып тизесине койду. Мен бала кезде, мектепте окуп жүргөнүмдө дыйкандардын балдары менен ойноп, алардын баш кийимин жулуп алып, башыма кийчүмүн.

Эмне үчүн ошенткенимди ушул күнгө чейин түшүн-

бөйм: мүмкүн жүнү моюнга чейин түшүп турган көрпө тебетей мойнумду катуу өйкөгөн кызыл тонуга караганда жагын калгандыктанбы, а мүмкүн жөн эле тентектик кылганымбы — билбейм.

Тодин чалдын тизесиндеги кызыл баш кийим столдун үстүнө чоң кызыл гүл кулап түшүп, анан жалындаган өрттөй айлананы жарык кылып жибергенсийт. Тодин чал шарап куюлган бутылканы алды, алаканынын сырты менен мурутун сылап, биздин келишибизди куттуктай баштады:

— Кана эмесе, биздин сүйүктүү бектер, силердин аркаңар менен адам болуп жүрөлү!

Биз падыша менен падышанын законуна баш ийип тургандан кийин, сиздердин койлоруңар кумурскадай көбөйүп, эгиниңер өсүп, аарыңарга сан жетпей, малыңар семирип, күлүк аттарыңар көбөйүп, бизге окшогон дыйкандарыңар тердеп иштеп, жигиттери үйлөнүп, кыздары бала төрөп, кээ бирлери урушса кайра жарашып, жашай беришсин! Мурат падышадай акчаңыз көп болсун! Үйүңө конуп турсун бакыттын кушу, менин каалаганым ушу. Кана эмесе, падышанын ден соолугу, закон-зандары үчүн ичкиле, жегиле!

Абышка чоң бөтөлкөнү оозуна тийгизип атама берди да, Михайлого мындай деди:

— Кана, козу алып келип сойгула. Баары ойдогудай болсун!

Атам абышканын алдыртадан жылдырган какшыгын түшүндүбү, же жокпу билбейм. Анын сөздүн учугун эмнеге бурганын бир гана кудай билбесе билип болбойт. Каирден үйгө келе жатканда таш көтөрүүдөн мен утуп алган бадачынын сырдуу көз карашын көз алдыма элестеттим.

— Таң алдында эрте туруп, таңкы нурга жуунуп!

Мен кылчайып артымды карасам Михайло Тахир-бек менен Йованга кыйкырып жатыптыр. Алар мени чочутайын деп арт жагымдан билинбей келе жатышкан экен. Мен ордуман ыргып туруп, экөөнүн алдын тостум.

Йованды өткөн жылкы каникулдан бери көрө элек болчумун. Ал экөөбүз кучакташып, чын пейилден өбүштүк. Тахир-бек менен кол алышып гана учураштым, себеби дегенде ал кучакташып көрүшкөндү жаман көрөрүн билчүмүн. Өбүшкөндү да өтө жек көрө турган. Мен анын ийинине колумду койгонду жаман көрөрүн билип туруп эле оңсенттим.

Экөө тең столго олтургулары келишкен жок. Атам кетип

бара жаткан Йованды токтотуп калды. Атамдын бул жерге эмне үчүн келгенин мен эми гана билдим. Көрсө качкын уулунун кайда жүргөнүн сурагысы келсе керек. Алардын эмне деп сүйлөшкөнүн угат элем, Тахир-бек менин колумдан алып мындай басты. Анын көзүнө караганда мага бир маанилүү кабар айтучудай, же менден бир нерсени сурай турган түрү бар.

— Мен эмне жөнүндө ойлоп жатканымды билесиңби,— деп ал менден күтпөгөн жерден сурап калды.— Сенин Венага барганың жакшы болот.

Мен колумду анын колунан тартып алып, таң кала карап калдым. Анын бул сөзүндө терең сыр жаткан сыяктанды.

— Күтпөгөн жерден эмнеге барам?

— Мен ал жөнүндө Каирде жүргөндө эле ойлонгом. Сен ал жерде бардыгы археологиялык күрөк менен жанталашып жерди казып жатканын көргөн жок белең? Казылган жерди эмнеге кайра-кайра казышат? Бул фараон кан ичер мерген болгон, а тигиниси болсо алдына адам салбаган катынпоз болгон! — дешип кайталашат. Азыр экөөбүз басып турган жер жөнүндө жүрөгүң, же акылың менен бир нерсени сезесиңби? Биздин жердеги байыркы карышкырдын уңкүрүн Веналыктар бүгүн казып киришти. Ушул жерди кылымдар бою казабыз дешет. Эгерде сенин колуңдан бир иш келе турган болсо, археологияда иштешиң керек!

Мен анын сөзүн капа болуп угуп, ичимен өзүмдү-өзүм шылдың кылып күлдүм: менден археолог чыга турганына ушул жашка чыкканча ишенчү эмесмин. Менин көздөгөн максатым бүдөмүк, кандай иш кылсам да такыр оңунан чыкчу эмес. Эмне үчүн ошондой болорун билчү эмесмин.

— Мен немис тилин жакшы билбесем Венага кантип барам? — деп сурадым.

— Грамматиканы колуңа алып үйрөн, оку! Мен сенин тилиңдин ийкемдүү экенин билем. А баса, сен бул жердеги башкаруучу, анын аялы, кызы, туугандары, офицерлер менен немис тилинде сүйлөшүп үйрөнсөң болот.

— Атам бул сөзүңдү укса сенин жазаңды колуңа берет. Хусейинин Краковго качырып жиберип, кайгырып жүргөнү жетишет!

— Бул сөздү атаң мурда эле уккан! Венага барганда сен энеңден кайра төрөлгөндөй болосуң. Атаң сага барып келип тургандай Вена үйүнө жакын эмеспи. Хусейин турган жерден да алыс эмес.

— А муфтий эмне болот?

— Муфтий эмне болмок эле! — деп андан ары сүйлөбөй жини келип мени карады.

— Чоң атам аны жакшы көрөрүн сен билесиң го. Кечээ Муфтийге жолукканымда колун өбөйүн десем, оптурбөй колун тартып алды, эмне үчүн ал колун тартып алганын сен жакшы билесиң.

— Муфтий экөөбүздүн колубузду эмес, башка жагыбызды өпсүн! Колуңду өпкөндөй ал сенин энең беле? Венага барасың!

Олку-солку болгон кыялымдын баары кыйрады. Айланамды туман каптап, чагылган чагылгандай, бүлбүлдөгөн кандайдыр бир үмүт жылт эткендей болду. Александрия портунда Элиза көзүнүн жашын көлдөтүп, мага колун булгап турганы көз алдыма тартыла түштү. Эмнегедир мен колум менен көзүмдү аарчып алдым. Биз Тодиндин үйүнүн ары жагына курулган бир чакан үйгө келдик. Бул үйдү бектер ууга, же текшерүүгө келип калышса токтоп өтсүн деп атайын салдырган. Азыр бул үйдө Йован сүрөт тартып, конуп жүргөнүн тиги турган сүрөтүнөн билдим. Чоң полотного тартылган сүрөттүн кээ бир жерлери али кургай элек экен, мен аны көңүл кош карадым.

— Болбогон сүрөт! — деди Тахир-бек.

Йован күтпөгөн жерден келип калды. Тахир-бек бакбак этип катуу сүйлөчү, анын айтканын угуп калдыбы деп мен күйпөлөктөй түштүм.

— Йован бул жерден сүрөткө тартууга туруп берчү кызды кайдан таба алат? — деп Тахир-бектин сөзүн угузбоо үчүн удаа айтып күлдүм.

— Сүрөттүн модели Краковдон алынып келинген, калгандары ушул жерден табылат.

Мен өзүмдү ушул учурда ыңгайсыз сезип, жаман абалда калдым: акмак болбосом өз оюмду айтат элем го. Искусствонун тарыхы менен, археология менен алышып жүрүп мен искусствонун чыгармалары жөнүндө, өзгөчө скульптура жөнүндө толуп жаткан чыгармаларды окугам жана көргөмүн. Хусейин менен Йованды живопись жөнүндө сүйлөшкөндөрүн көп угуп, кыйла түшүнүк алгам. Мен сүрөттү кызыга карап, ар бир деталдарына чейин талдап жаткансып тартылган сүрөт жөнүндө кааласам да, каалабасам да оюмду айта турган болгондуктан убакытты создум.

Бул тартылган сүрөт мени күтпөгөн жерден өзүнө тарта баштады. Бир жаш келин көрүүчүлөргө капталын салып, чалкасынан түшүп чөптүн арасында жатат. Ал

колун сунуп, мына-мына уча турган чымчыкты алаканына салып алган. Анын ары жагында менин жер алдындагы дарыямдын тешигиндей болуп, карарган асман тараптан талаага тоонун чокусу кулап келе жаткансыйт. Сүрөттүн сол жак бурчунда койдун башы, оң жагында кызгалдак тартылган. Полотнонун каптал жагындагы сүрөт тартылып бүткөн эмес болжолдонуп чиймеленип гана коюлуптур. Йован полотно жалпы кандай болорун өзү да али биле элек окшойт.

Сүрөттөгү келин «жаткан» жок, дейм мен, ал абада каалгып бара жаткансыйт. Абанын өзү келиндин денесине айлангансып сүттөй агарып кеткен. Денесинин таптакыр салмагы жоктой, чөпкө тийип койбойт, салмагы каакымдын салмагындай болуп, жапайы коноктун башы ийилбестен кармап турат. Алаканда турган куштун канаттары көп экен: биринчи өөдө жактагы канаты катуу, өңү боз, калган канаттары болсо жумшак, тунук көрүнүп, жарыктын өзүнөн жаралгансыйт. Канаттары мага шуулдап бара жаткандай сезилет.

Сүрөттүн мазмуну түшүнүктүү. Тоонун чокусундагы токойду аралап карарган асмандан сел каптап келетат, агып келе жаткан сел адамдын көзү түшкөн аппак денени агызып кетчүдөй болот, сел улам күчөп чамынат, бирок аппак денеге толкундары жетпейт, айласы кеткен келин, өзүнүн үмүтүн кушка берип, аман калып учуп кет дегенсийт.

Сүрөттүн бурчунда таң кала, ушул коопту кырдаалга арбалгансып кочкор турат (эмне үчүн кочкор?), адам эмес, кочкор. Мен эмне үчүн мындай экенин түшүндүм: адам да тигиндей бийиктикке умтулуу алдында кочкорго окшоп, маңырайып туруп калат. Оң жактагы бурчтагы кызгалдак гүлү өлүм алдында жаткан эч кандай күнөөсү жок келиндин жүзүн оттой кызартат (Ии, Йован, менин бир тууганым Хусейинге кызыл так сүрөттүн дал ортосунда болуш керек деп айтпадың беле, эми өзүңө-өзүң каршы чыккаң турбайсыңбы!)

Менин бардык философтонгонумдан кийин сүрөттөн болгон таасирлердин өңү өчө түшкөнүн айтууга тийишмин. Бирок мен кайдагы бир болбогон идеяларды оюман чыгарып жатам. А сүрөттү караганымда...

Келин жаткан бийик өскөн жапайы конок талаа гүлдөрүнүн таажылары жайкы өткүн өтүп кеткендей жана шалбаанын үстүнөн жерден чыккан кызгылтым буу көтөрүлүп жаткандай таасир берет. Дененин үстүнө салаңдап келген асман тиреген тоолор, кара-көк тарткан гиперб-

лизацияланган асман жарылып, жерди каптап келаткандай; сүрөттүн оң жагында турган кочкордун башы жыгачтан оюлуп жасалгандай жансыз, көзү аңтарылып, шакекке чөгөрүлгөн акак таштай жалтырап, көз алдындагылар менен иши жок. Ошентип кыял идеяны укмуштай сүрөткө айландырып салган. Дыйкандын баласынын колу мына ушул сүрөттү кантип тартты болду экен деп таң калууга болот.

— Бул сүрөтүң мага жагып калды,— дедим мен.

— Сүрөттү тартып аягына чыга элекмин. Йован колунун салаасы менен тармал кара чачын сылады.

— Бул баштала элек жатканда эле аяктаган болчу! — деди Тахир-бек картинаны көңүл коюп карап туруп — ал үйдүн алдындагы столдо олтурган.

Тахир-бек күтпөгөн жерден ордунан тура чуркап менин жаныма келди. Ал кызарып-татарып мага кайрылды:

— Анын тарткан сүрөтүнө кантип каршы чыкпай койсо болот?! Кочкордун башынан башка эч нерсе жок! Сүрөттү тарткан адам күнөөсүз, жамандыктын баары арзыбаган бир күчтөн, асмандан, кудайдан; бир ыңгайы келген учурда оюна түшүп, кудай өзүнүн каарын элге төгүп сел каптатып, өрт чыгарып, согуш ачып, жугуштуу ооруларды жайып, дагы толуп жаткан кырсыктарды келтирет! Ал эми биздин болсо бул кырсыктардын баарына койго окшоп оозубузду ачып карап туруудан башка айлабыз калбай калат, жаныбызды болсо чымчыкка тапшырабыз, ал болсо мына ушундай кырсыктардан башка дүйнөгө учуп кутулат экен да:

Азыр мага сүрөттүн мааниси жагып калды. Бирок мен Тахир-бектин кыялын билип, үнчүкпайм. Йован мага көзүн кысып күлүп койду.

— Тиги куш каякка учуп кетмекчи? Атасынын чокусунабы?! Дүйнө бирөө гана, бул дүйнөдөн бөлөк турган дүйнө жок!

Мен анын эмне деп айтарын билип турдум. Анын Канрде айткан сөздөрүн далай жолу уккам.

— Ислам дини пантеизмге чейин жетти, ал пантеизм дегени араң гана жаны бар ара туулган неме! Ислам дининде кудай асманда, адамдын көзү жетпеген бийик жерде жашайт. Кудай асманда туруп алып, өзүнүн колу менен жараткан макулуктарын башкарып турат. Кудайдын колунда төгөрөктүн төрт бурчун көрө турган укмуштуудай турнабай бар. Ошону менен жан-жаныбарлардын эмне болуп жатканын көрүп турат. Адамзаттын жамандык, жакшылыктарын кудай өзүнүн кириш-чыгыш ките-

бине жазат. Ислам дини кудайды жерге түшүрүп, өзүнө ыңгайлуу абдан так эсеп-кысаптарды жүргүзүп, кызыл чокторду кызмат кылдырууга киришкен окшойт. Шариатты жактагандар мындай деп айтышат: Кудай бардык жерде жүрөт, ар бир адамзаттын жанында, күйүп турган отто, ооруган жеринде болот дешет. Бирок болгон башкы кырсык жөнүндө суроо туулуп калганда шариат айткандар кудайды күнөөлөбөй шариатты башка жакка буруп кетишет. Алар эрке талтаңдыкка көндүргөн аса таяктарына таянууга мажбур болушуп, кудай адамзаттын багына жаралган дешип (өздөрүнүн кудайын дагы күнөөдөн куткарып жатышат!) элдин башын айландырышат. Алар ошентишип кудай бардык жерде бар, кудай кылмыш болчу жерде, же кылмыштын ичинде дары чөптөй болуп олтуруп алат, ал кылмыш кылууну каалабайт, бирок апийим тартып кылмыш кылсын дегенден кайра тартпайт. Ара туулган бала ошол бойдон калат. Бардыгы кудайдын буйругу боюнча болот, бардыгын кудай өзү жараткан, кудай биз кандай кааласак ошондой болот. Биз айтып жүргөн баарын жараткан кудай каардуу эмес. Айланадагы нерселердин бардыгы өз алдынча жаралган. Бул дүйнөдө этикалык маселелер да өз алдынча жаралып, кудайдын кудурети менен чечилип турат. Бул күнгө чейин жашап келген аса-муса таягынын касиети өз кызматын аткарып бүттү, ал эми биздин ой жүгүртүүлөрүбүз чирип, көк басып калды. Биздин ой жүгүртүүбүз боюнча мыктап салынган эски мунаралар кулай баштайт, азыр биз ой жүгүртүп, максат менен кура турган курулуштар жаңы ак булут менен кошо калкып жүрөт. Аларды жерге түшүрүп, бул дүйнөгө куруу керек. Антпесе бул дүйнөдө эч нерсе жашабайт. Тиги куш каякка учуп барат? Бир убакта бул куштун канаты талып жерге кулап түшөт.

— Бул кушту ошол максаттардын символу катарында түшүнүүгө болбойбу? — деп мен сөзгө аралаштым.

— Эмнени айтып жатасың?

Ал мени каарын чача карап калды.

— Сен эмне деп келжиреп жатасың, бул сүрөт качуу маанисинде экенин түшүнбөй турасыңбы? Аны жада калса кой дагы түшүнүп турат! Зорка! — Ал жаныбыздан өтүп, олтургандарды тейлеп жүргөн Зорканы чакырып калды. Зорка биздин жаныбызга келип, жылаңач аялдын сүрөтүн көрүп, колу менен бетин баса калып, нары чуркап кетти. Йован экөөбүз күлүп калдык. Тиги кызды ча-

кырып ал эмне кылмак, өзүнүн оюн кыз кубаттайт деп ойлогон го?

— Ислам дини,— деп сөзүн улады да,— кожолор өз баштары менен ойлоп чыгарган дин эмес, адамдарды бул дүйнөдөн тентип кетүүнү талап, кылбайт, жашоо үчүн, ашкабакча сууга акпай, талыкпай күрөшүп кызмат кылууга үндөйт. Ислам дининин айтуусу боюнча Мухамбет пайгамбардын аң-сезимине сыйкырдуу жарык күйгүзүп койгон, ал жарык адамзаттын жолун жарык кылып турат. Адамдар кайда барып, эмне кылганы менен кудайдын иши жок. Тиги дүйнөдө бейиш менен тозоктун болушу ойдон чыгарылган нерсе эмес, бул дүйнөдөгү турмуштун өзүнөн алынган! Бейиш менен тозокко бул дүйнөдө жашаган адамдар өлгөндөн кийин барышат, жашоо уланып күнөөлүүсү тозокко түшүп, күнөөсү жогу бейишке чыгат. Тозок деген кызарып күйүп турган өтө чоң меш. Ал эми бейиш болсо түрлүү жемиши жайнаган, мөлтүрөп аккан булактары бар, пери кыздары келген адамдардын талабын аткарып турган жай болот. Пери кыздарынын жыты атыр жыттанып, келбеттери келишип, мына бул сүрөттөгү аялдай эмес, эмнеге жаралганын билишкен сулуу кыздар! Мен сага асман кантип жерге түшүп урап, түбү жок туңгуюкка кулап бара жатканын жана тигил чымчык каякка учуп бараткапын айтып жатам, а баары биригип — чымчык да, асман да туңгуюк да кулап мына бул жерге түшөт. — Ал сөөмөйү менен сүрөттөгү аялдын курсагынын төмөн жагын сайып калды.

Анын сөзү бүтүп, столго олтурду. Мен Тахир-бекти карап калдым. Анын сөздөрүндө аялдарды ашкере жек көрүү турду. Каирде жүргөндө аны кыздар бат эле чанып кетишчү. Эмне үчүн? — деп өзүмдөн өзүм сурачумун. Анткени келишимдүү эркек, жүрдөөк десең жүрдөөк, мен аны билем го.

Мен ичимден күрөш, күрөш, күрөш деп кайталадым, аны эми карачы: олтурганы тиги шөлбүрөп, өңү купкуу саргайып кеткен десе болот маңдайы тердеп, кабагы салыңкы.

— Чынын айтсам мен живописти түшүнбөйм,— деди ал үнүн акырын чыгарып, эч кимге кайрылбай.

Мүмкүн ал өзүнүн орой айткандарына өкүнүп жаткандыр? Же болбосо ач карышкырдын ордуна козу пайда боло калдыбы?

Мен олтурдум. Йован колуна кистисин алды, сыягы оюна бир нерсе келе калды окшойт. Мен ордуман өөдө

туруп, анын эмне тартып жатканын карагым келди, бирок ал кистисин эки жолу шилтеп туруп тигиндей койду да, биздин жаныбызга келип олтурду. Сүрөткө болор болбос ондоо киргизди окшойт.

Алардын унчукпай олтурганын карап сөзгө аралаштырайын деген ойдо бир тууганым жөнүндө сурай баштадым. Йован Хусейиндин тил сабагынан жетишкен, бир студент кыз менен сүйлөшүп жүргөнүн, дегинкиси өтө тырышчаак экенин жана профессорлор ага дароо эле көңүл бура баштагандарын айтып берди. Эгерде Хусейин ал жерде кала турган болсо андан мыкты сүрөтчү чыга турган, анткени апасы аны сүрөтчүлүккө төрөп койгон сыяктуу. Ал атасынан коркуп, мени балалыктан кечет, эгерде каникулда үйгө барсам кайта окууга жибербей коёт деп чочулап жүрөт. Мунун бардыгын, кыздан башкасын Йован атама мурда эле айткан болучу. Атам жумшарып, ага ошол замат эле үйгө кел деп кат жазам деп убада берди. Мен атамдын Йовандан ага акча берип жибергенин да билдим. Атам Хусейинге акчаны чоң атаң жашырып берип жиберди деп айткын деген экен.

Менин Краков жөнүндөгү суроомо Йован академияны, өзүн окуткан профессорлорду, Краковдун эстеликтери менен кооздугун узун сабак сөз кылып жооп берди. Анын жүзү албырып кызарып чыкты. Кипейген Йовандын балалыгы кала элек болучу.

Күн төбөгө келип калды. Михайло келип бизди түштөнүүгө чакырды. Тахир-бек тамак ичпейм деди.

Йовандын атасы келип, аны тамак ичкенге чакырды эле болбой койду. Йован да колдон сүйрөсө караманча көшөрүп туруп алды.

— Шаарга тезинен барышым керек, бирөө менен телефондон сүйлөшмөк элем деп кетип калды.

Мен тамак ичкени бара жатып:

— Ал эмнеге кыртыштап калды? деп Йовандан сурап калдым.

— Акмак да. Ал мага эмнелерди гана айтпады. Ал өзүнүн кудайын, адамды жана дүйнөнү гана билет. Ал ачууланып кайда бармак эле.

Бутактанып бийик өскөн Тодиндин жаңгак дарагынын көлөкөсүнө барктуу конок, бектер гана келгенде коюлуучу чоң софра коюлду. Чоң софра жапжаңы бойдон: ага бир да чочконун сөөгү коюлган, майы тамган эмес. Тодиндин уулдары жана аял алган неберелери бүт келишип, софраны тегеректеп олтурушту.

Шишке сайып бышырып жаткан козуну буулантып чыгарып келишти.

Атама даракка жөлөнгөнүнө ылайыктуу болсун дешип, үч бурчтуу орундукту жаңгак дарагынын жанына коюшту.

Тодиндин балдары жана неберелери мени карашып, орундарынан турушуп колумду кыса учурашып жатышты.

— Тахир-бек кайда? — сурады Тодин.

Йован анын кетип калганын түшүндүрүп бергенден кийин Тодин жемелегенсип мындай деди:

— Эмне үчүн аны тамак ичирбей туруп кетирип жибердиң? Ооба, ошондой сыйлуу конокту да кетирчү беле! Михайло, артынан чуркап барып, ээрчитип кел!

Михайло анын сөзүн укмаксан болду. Тодин атама жана мага кайрылып:

— Мындай вазирдей акылдуу, сөзгө чечен жигитти сиздин Али-капитан атаңыздын мезгилинен бери бир дагы аял төрөй элек. Мындай жигит төрөлгөнчө далай бүркүттөр ушул жерден учуп өтүп, сөөктөрү топуракка айланат! Эмне үчүн биздин биттүү тондун алдынан мындай тукум таралбайт да, эзелтен бери жибек жууркандын алдынан төрөлүп келет, деп коём мен; анан да минтип коём: эгер жибекке оролуп төрөлгөн неме, тонго оролуп да төрөлөр — эгер бул силерге жакшы болсо, ал жүз ирет бизге да жакшы! — Ушинтти да, бөтөлкөнү моюндан алды.

— Кана, бектер, силерге миң алкыш! Биз дагы карап олтурбай, оозубузду куру сөзгө толтурбай, жазгы гүлдөй жадырап жайнашыңар үчүн сиздерге чоң кызмат кылабыз!

Тодин шараптан ууртады да, бөтөлкөнү атама сунду, атам жоон иретинде мындай деди:

— Анда эмесе, кезек келгенден кийин мен сүйлөйүн. Менин досум жана кошунамдын сөзү үчүн кубанычтамын, дасторкону дайыма берекелүү болсун! Чоң атаңар Тодин айткан сөздөрдүн баарын силер эсиңерге түйүп алгыла! Анын сөзүн силердин жана биздин бир кудайыбыз, ыйык динибиз уксун! Оомийин!

Атам, Тодинден баштап, бөтөлкөнү кезеги менен софраны тегеректеп олтургандардын баарына сунуп жана көз карашы менен ыклас билдирип чыкты.

Тодин баш кийимин колуна алып чокуна кетти. Анын артында турган бир небереси потченашты[1] шашып-бу

[1] Христиан динииндегилердин кудайга табынуу ыры.

шуп созо баштады. Атам болсо биздин элдин салты боюнча алаканын жүзүнө алып келип, оомийин кылды. Мен дагы атамды туурадым. Мипткениме өзүмө-өзүм күлкүм келди. Йованды карасам ал да аябай күлкүсү келип турган экен.

Тамак ичүү башталды. Тодин биринчи болуп тамакка кашык салды, андан соң улуулаша калгандары башташты.

Кашык адатта булар колдонуучу жыгач эмес, сейрек кездешүүчү темир экен... А атам экөөбүздү чочконун эти экен деп чочубай өз үйүндө тамак ичкендей ичишсин деп берген тура аны.

Тамакты тим эле жайнатып таштаптыр. Бир кесим быштак кошулган буурчак шорпосунан кийин тооктун куурулган эти келди. Андан кийин козунун жиликтенген эти тартылды. Столдун үстүнө чоң табакка жумуртка жана күрптүн кесилген аппак эти кошулуп бышырылган ысык буудай пита коюлду. Акырында дагы чоң табакка айран куюп алып келишти. Айран ушунчалык коюу уюган экен, аны бычак менен кесип алса да болчудай. Чаначка салынган бырышкан быштактар да үстөлдүн үстүнөн орун алды.

Ушундай жер жайнаган тамактын баары түбү жок чуңкурга түшүп жаткансып жок болуп жатты. Тамактын арасынан шарап ичиле берди. Ушунча көп тамак адамдын ичине кантип батарына мен таң калдым. Столду тегеректеп тамак ичип олтурган адамдар бул жерге бектер ушунтип бат-бат келип турушса дегендей түрлөрү бар.

Мен таң аткандан бери чөп чаап чарчагансып, тамакты лапылдатып жеп жаттым. Дыйкандардын этти үзүп жеп жаткан карарган тырмактарын көрүп көңүлүм айныган жок. Алардын колдорунан жана муруттарынан май тамып, таңдайларын такылдатып, шоркуратып ичип олтурушту. Даамдуу тамакты лапылдатып ичүү табигый көрүнүш эмеспи.

Булардын мынчалык чабылып-чачылган меймандостугу эмнени билдирет? — деп ойлодум мен тамактанып жатып. Мүмкүн алар биздин күтпөгөн жерден келгенибизге чын эле кубанып жатышкандар. Йован менин бир тууганымды үйдөн качып кетүүгө жардамчы болгон. Ошондуктан атамдын бул үй-бүлөнүн баарына жини келип жүргөн, азыр болсо баары жакшы бүттү. Же мүмкүн, алар өтүнүч менен кайрылышып, бир нерсе сурап алганы жатышабы жана ошон үчүн жалпандап, бизди жакшы

көргөн жана урматтаган түр көрсөтүшүүдөбү? А мүмкүн булардан да башка үчүнчү себеби бардыр.

Тамак ичип бүткөндөн кийин жай гана аркы-беркини сүйлөшүп олтурушту. Тодин баш кошуу жана бирге жашоо жөнүндө астыртадан сөз баштады. Келечектеги турмуш жөнүндө да айтып өттү. А дегенде мен биздин дыйкандар менен бектердин ортосундагы ынтымакты айтып жатат го деп ойлогом. Сөз улам улаган сайын Тодиндин биздин, бектердин ортосундагы ынтымакты көздөп жатканын түшүнө баштадым.

Уктап ойгонгондон кийин мен иштин жөн-жайын толук билдим. Колума мылтык алып, дарыя жердин астына агып кирип кетүүчү капчыгайга бардым. Ошол жерде карчыга менен көгүчкөндөр көп болучу.

Михайло артыман ээрчип, колуман кармап алып мага жалына баштады:

— Айланайын бек! Бизди бир кырсыкка кабылта көрбө! Чоң атаңдан сурансаң, анте көрбөсүн! Неберелеринин ичинен бир гана сени жакшы көрөт, сенин айтканыңды угат. Чоң атаңдын айтканы айткандай болот. Сенин байкең Салим-бек келген күндөн баштап, биздин башыбызга мүшкүл иш түштү. Ал өзүнүн энчисин бөлдүрүп алганы жатат. Аны тууран калгандары да, сенин Сулейман-бек деген агаң да энчисин бөлдүрүп алгылары келишет. Бектердин ичинен бирөө бизди башкага сатып жибергени жатыптыр. Силер бөлүнсөңөр, бизди да бөлүүгө туура келет, силерге баары бир, силердин эгиниңер өзүңөрдүн кампадан башкага барып түшпөйт, а бизге бул кылыч менен бөлө чапкандай эле кеп, анткени эч кимибиз, эртең кимдин колуна барып түшөбүз. Биз эртең кимдин кол алдында болобуз — билбейбиз. Бектердин боорукерлери да, таш боорлору да бар экенин сен өзүң жакшы билесиң. Түрктүн бектериндей боорукер эч ким жок. Сенде түрктөрдүн мээримдүү боорукердиги бар, ыйык куранды окуп жүрөсүң. Бизди кырсыкка кабылта көрбө! Чоң атаң айтканыңды угат! Мен Тахир-бектен муфтий менен сүйлөшүп көрсөң деп өтүндүм эле. Муфтийдин колунан бардыгы келет. Муфтий чоң атаңдын сөзүн эки кылбайт.

Ошондо Сенянын жазган каты менин эсиме түштү:

*«Бул жерде кимдир бирөө дыйкандарды саткысы келип жатат. Энчиге бөлүнбөгөндөрдүн ортосунда чоң жаңжал чыкты. Аны элден жашырып жатышат. Алардын ортосунда эмне болуп жатканын мен билем. А эмне болсо ошо болсун, ким каалаганын жасай берсин...»*

«Эмне болсоңор ошо болгула!» — дедим мен да ичимде, кайдыгерлигим жагынан Сениядан да ашып түштүм, Михайлого болсо мындай деп жооп бердим:

— Михайло, ооба бир чоң кырсык болгону турат. Мен колумдан келгендин баарын жасайм.

— А менин колумдан кандай иш келет?!

Дарыя жердин алдына агып кирип жаткан оңурайган тешикке келдим.

Баарыңар мына ушул айлампага түшүп өлсөңөр кана! — дедим мен, бирок оюман бектердин ортосундагы чатак чыкпай койду. Өзүлөрүнүн ээн тоосунан башка эч нерсени билбеген дыйкандар мындай кабарды кайдан билип алды болду экен?

Бул чатакты атамдын кичүү иниси Селим-бек баштады болду бекен?

Мен анын жакында Царьграддан келгенин уккам. Чоң атам боорукер болсо дагы, анын жок жерден чатак чыгарышына кейип, аны аз жерден балалыктан кечип коё жаздаган.

Селим-бек өзүнүн энчисин алуу үчүн гана келип, чоң атасыныкына да, агаларыныкына да барбай, биздин старостанын үйүндө жашап жүрөт. Аны менен эмне болсо ошол болсун деп арак ичип кетет.

Мен дарыянын жер астына агып кирип жаткан чегине качан жетемин деп эңсеп бара жаттым. А алды жагында болсо бала кезимде мени таң калтырчу баягы токой: ал эмне үчүн алыстан караганда көгүш да жакындаганда жашыл болуп көрүнөт? — дечүмүн. Атаганат ошол бала кездеги көзүм азыр болсочу!

Дарыянын оозу да илгеркиге караганда кичине тартып калыптыр.

Бир гана суу кирип кетип жаткан тешикке салаңдап турган зоока гана ошол бойдон.

Бала кезимде да жердин алдына агып кирип жаткан айлампаны караганымда дагы жүрөгүм шуу дей түшкөн. Коркунуч түнөрүп жаткан тереңдиктен жана азылуу дубалдын боорунан жылып чыккандай болчу. Бүтүндөй дайраны тойбой кулкулдата жутуп жаткан чоң үңкүрдү мен карабай коё алган жокмун. Менин көз карашым асканын бооруна жеткенде эс ала түшкөндөй болду. Асканын боорун күндүн жарыгы даана көрсөтүп турган. Анда куштардын канаттарынын шуулдаганы угулат. Асканын боорунда чаар кишинин бетиндей болуп кичине тешик-тешик болгон куштардын уялары көрүнөт. Бул жерге бактектер уя салышчу.

Асканын үстүндө бийиктен көрүнө калып, кайра көрүнбөй карчыга каалгый учуп жүрөт. Мен карчыганын ордунда болсом аскага сайылып түшүп көгүчкөндөрдү илип кетмекмин.

Менин бул каракчылык оюм тиги жырткыч куштукуна караганда арзыбаган нерсе. Карчыга көгүчкөндөрдү качырып киргенде бардыгы уяларына жылт кирип кетип, алдырбасын жакшы билет. Көгүчкөндөр чынында эле карчыгалардан качан коркорду, кайсы убакта коркпосту билишет. Карчыга асманда учуп жүрсө да көгүчкөндөр уяларынан учуп чыгышып, көк асманда канаттарын каккылашат. Алардын мына ушунусу мага атам менен Тодиндин ортосундагы достугундай сезилет.

Көгүчкөндөрдүн жуп-жуп болуп жашарын бир китептен окудум эле. Алардын да кээ биринде адамдын жаман мүнөздөрүндөй мүнөзү болот турбайбы. Алар бири-биринен кызганып, кээде чанып башкага кетип калгандары да болот экен.

Мен эмне үчүн көгүчкөндөрдүн күрпүлдөгөнүн карап, оозумду ачып туруп калдым.

Бир убакта менин каным каракчылардыкындай болуп кызып кетти. Колумдагы мылтыктын машаасын басып жибердим, көгүчкөн сууга келип түштү, ал сууга түшсө да жанталашып, канатын жайып учууга аракеттенип жатты. Өлгөнү жатса да учууга аракет кылганын кара. Суу аны агызып иримге алып кетти...

Мылтыктын «тарс» деп атылганынан капчыгайдын ичинде оттон жүргөн атым үркүп жөнөсө болобу. Мен атымдын артынан чуркап кубалап арац кармап, оттоп жаткан жерине кайра алып келдим.

Мен көгүчкөндү мээлеп жатып бирөө сууга келгенин байкабай калыпмын.

Зорка сууга келип, идишине суу толтуруп жатыптыр. Мылтыгым «тарс» дегенде анын минип келген аты да үркүп качыптыр. Күнөөлүү болгон адамдай анын да атын алып келдим. Зоркага сени көргөн жокмун, атыңды үркүтөйүн деген оюм жок эле деп айткым келди. Кыз менин алдымда жер карап турду. Анын көкүрөгү бирде көтөрүлүп, бирде ылдый түшүп турду.

Кыз менден качайын деди эле, белден кучактап кармап калдым.

Кучагымдан булкунуп качкысы келген жок. Жүрөгүм түрсүлдөп оозума тыгылды. Мен кызды колума көтөрүп, капчыгайдын ыктоо жерине алып бардым да, кумдун үстүнө экөөбүз тең бирдей куладык... Зорка жалаң көйнөк-

чөн жана юбкачан экен. Алдымда башын бирде сол жакка, бирде оң жакка буруп жатты.

Андан кийин үн катпай калдык. Мындай уят иштен кийин качып кетсе болор эле. Бирок экөөбүз тең былк этпейбиз. Кыздын башы менин төшүмдө.

— Эсиңдеби, дейт ал мага жалжылдай карап — баягыда сага мөмө терип бербедим беле?

Кайсы мөмөнү айтып жатат? Менин мөмө менен ишим жок, колум соорусунда.

Экөөбүз тең энтикkенибизди баса электе, кыз ордунан ыргып туруп, идишине суу толтура баштады.

Кызды карасам эч нерсе болбогондой, камырап да койбойт. Кетип калды. Мен да ордумдан ыргып туруп, чуркап жөнөдүм.

Өзүмчө ичимден чочулайм: кокустан боюна бүтүп калса эмне болот?

Кызга азыр эле чуркап барып, күйөөгө чыккын деп айтышым керек.

Анын үстүнө күйөөгө ал өзү чыкпайт да, ата-энеси берет эмеспи! Боюна бүтпөгөн күндө да, сен кыз келген эмессиң деп күйөөсү күнүгө кыйнап, токмоктой берет.

Зорка мени менен болгондугу жөнүндө эч кимге айтпай турганына ишенем, ал эч кимге айтпайт. Мен төрөлгөндө эле ушундай болчумун деп айтаар. Чынында эле ал кыңк этип да койгон жок, анын үстүнө иши да жок.

А мүмкүн ушул капчыгайга бирөө келип биздин эмне кылып жатканыбызды көрүп койгондур. Дыйкандардын ичинен бирөө келип көрсө ал да эч кимге айтпайт, бирок мени өмүр бою ичинен жек көрүшү ыктымал.

Мен бул кылмышымды баары билип койду деп кайра артыма баргым келбеди. Йовандын бетин эми кантип карайм, Зорка анын бир тууган карындашы эмеспи! Эх, мындан ары алардын жүзүн көрбөй эле коёюн! Кеч киргенде барсам жакшы болот го, деп токойду аралап, кеч киришин күттүм.

Башым ооган жакка чуркасам, же эч ким жок ушул токойдун ичинде калсам кандай жакшы болор эле. Эркин учуп жүргөн куштарга суктанам. Куштардын эч капары жок, кечинде келип уктаар бутак табылса болду.

Атам болбогондо түз эле үйгө кете берет элем. Зорка кандай болуп жүрдү экен, же барып көрсөмбү?

Эмнеге оозумду ачып карап турам деп кайра тарттым. Тоднидин багында жагылган от күйүп, бүтө жаздап калыптыр.

Жакындап барсам Йован менин атамды кучактап туруптур. Демек, качып кеткен бир тууганымдын иши жайында болот окшойт.

Михайло ордунан ыргып туруп менин аркаман мылтыгымды алып чидерге катар койду. Тодин мени бир аз чыйралып ал дегендей бөтөлкөдөгү шарапты сунду.

Кимдир бирөө шашлыктын алдындагы күйүп жаткан көмүрдү аралаштырып жатты. Зорка көрүнгөн жок. Бул дүйнөдө мен бир гана Зорканы көрөйүн дегенсип жаткандай көзүмө көрүнгөн жок.

Атамдын тили күрмөөгө келбей калыптыр. Тумандаган көзүн араң эле ачат.

— Ал бул кылыгы үчүн менден бирди көрөт! — ал шиштеги этти тиши менен жулуп алып, шишти аркасына ыргытып жиберди.

Мен Михайлого атамдын мас болуп калганын көрсөтүп, аттарды токугун деп шыбырадым.

Атам кимге жини келип, кимге бирди көрсөтөм деп жатат? Качып кеткен уулуна жардамдаш болгон адамга көрсөтөм деп жатабы? Анда эмне үчүн кучакташып олтурат?

— Урматтуу бек! — жерди ойлуу карап, Тодин сүйлөй баштады. — Мен элүү жашта эмесмин, токсондун экисине чыктым. Баары сен айткандай болот.

— Кеттик! — деди атам ордунан ыргып туруп.

Тегеректеп олтургандар атамды урматташып орундарынан туруштубу, же бизден эрте кутулгулары келиштиби, баары орундарынан жапырт турушту. Анын үстүнө алар эртең таң заарынан жумушка чыгышат эмеспи.

Атамдын ээрине мешок байлап коюшкан экен. Андан козунун башы чыгып турат. Козуну бизге белек катарында үйүнө ала кетсин деп союшкан окшойт.

Биз атамды араң дегенде атка миңгиздик. Тургандар менен коштоштук. Зорка эч жерден көрүнбөдү. Мен атка минерим менен Зорка бир жерден көрүнүп калабы деп эки жагымды карандым. Бирок дыйкандар уктоого жатышты. Ал дагы уктаганы жаткан окшойт. Зорка уктап калды бекен? Же ойгоо жатты болду бекен? Мүмкүн мени терезеден карап тургандыр. Зорка, кош бол!

Үксүп деңкенсип дыйкандар бизди карғап, отту өчүрүп жатышты.

Шалбаага жетип калдык. Айдын жарыгында адырдын ичиндеги шаарча көк асмандагы жылдыздарды чачып койгонсуп, алды жагыбызда агарып жатты. Атам ээрдин

кашын кармап алып үргүлөп келет. Мейли үргүлөсө үргүлөй берсин, бет алдындагы соккон таза салкын жел үйгө жеткенче масын таратып коёт деп ичимен ойлодум. Мен атама жыгылып калбасын деп жанаша бастырып бараттым.

Зорканы ойлоп ичим тызылдайт. Мен Зорка менен жолукканымдын акыры эмне болору жөнүндө ой жүгүртүүдөмүн, бирок анын денеси баардыгын унуттурду. Анын тармал чачы алаканымда тургандай сездим, чачы кайраттуу, ачык, таза абада жүзүнө көрк кошуп сеңселип турду. Чачын сылаганда колум жылбыша түштү, айбандардын жүнүн сылаганда мына ушинтчү эле. Таноосунан чыккан демден, анын денесинин сүйкүмдүү жыты келет, андан ажырасам эмне болорумду билбейм! Мен анын айлына сөзсүз кайра барышым керек. Тахир-бектики чын! Йован кадимки аялдын сүрөтүн тартыптыр!

Бурулуштарда жол жердин алдынан агып чыга калган дарыяга туш келет, ал айдын жарыгында седептей жалтырайт.

Куду эле Элизанын седептей денесинин өзү.

Бул седеп Зорканын кара тору денесин элестетип, мени өзүнө тарта баштады.

Шаарчага жакындаганыбызда атам бир аз эсине келип, ээрдин үстүндө силкинип алып, тамекисин орой баштады. Атамдын колу калтырап тамеки орой албай жатканын көрүп, жанына бастырып келип тамекисин ороп бердим.

Атам чиренип алды да тоодо жүргөн карышкырга окшоп шаарчаны көздөй уңулдөп ырдап бара жатты. Атамдын үнү жакшы болчу. Ал үнүн бийик чыгарбай ырдаганда кубулжуп кулакка сонун угулчу. Атам ырдаган ыр шаттыктын, бакыттын ыры болчу, мунун жөнү бар эле: качып кеткен уулу жакында кайрылып келет! Эгер ал бактылуу болсо анда тигил жактан тамак жеп жатканда атам «сага көрсөтпөсөмбү» деп кимге ачуусу келди экен?

Фехим бизди чоң атамдын дарбазасынын алдынан тосуп алды. Уктап жаткандар да ойгонуп, бизди күтүп жатышкан экен.

Ал атамдын мас экенин көрө коюп, белинен кучактап аттан түшүрмөкчү болду эле, атам ачуулана жулунуп мындай деди:

— Мени коё бер, анын бүгүн ажалы жеткен экен! Арифа көрүнгөндөн туулган аргын кыз эмес!

Мен таң калып оозумду ачып туруп калдым: Көрсө

атам Тодиндин жанында олтуруп түшкү тамак ичип жатканда кечээ мас болуп келген Арифанын күйөөсүнө жулунган тура. Арифанын күйөөсү колунда тургансып ажалың жетти деп аябай ачууланганын кара! Уулунун тагдырына кубанып, кызынын тагдырына ачууланып жаткан экен. Мас болгондуктан аябай ачууланып жатты.

Фехим атамды араң дегенде аттан түшүрдү. Мен атамды үйгө алып барайын дедим эле Фехим такыр болбой койду. Атамды Фехимдин тар бөлмөсүнө эле жаткырды.

Атамды мас бойдон үйгө алып кирүүгө болбойт эле, бул жерге жаткырганга санаам тынчыды.

— Мен дагы ушул эле жерде жатам,— дедим. Короонун ичиндеги чөптүн үстүнө чыктым. Аттарды жайдактап анан Фехим келди. Ал одеял алып келип менин үстүмө жапты. Атамды ушунчалык мас кылган дыйкандарды аябай сөктү. Фехим жатары менен эле уктап калды.

Мен дагы жатып уктагым келди, бирок чөптүн жыты буркурап турса да уйкум келбей койду.

Чөптүн үстүндө жатып карасам айдын аппак жарыгына бууланган төрт бурчтуу көк асман көрүндү. Жылдыздар жымыңдашып, кайдагы бир окуяны эске салып жатты.

Мен көзүмдү жумам. Ошондо чегирткелердин чырылдап жатканын угам. Чегирткелердин чырылдашы бирде жогорулаcа, бирде төмөндөп бирин-бири коштоп жаткансыды. Дагы эле уйкум келбейт. Эшиктин жылчыгынан кирип жаткан жарык уктоого жолто болгондой. Улам бир капталыма оодарылам. Көзүмдү жумсам да эшиктин жылчыгынан кирип турган жарык жолто болуп туруп алды.

Көчө жактан кимдир бирөөнүн үнүн уккандай болдум.

Дагы кайталанар бекен деп кулак салдым. Же жүрөгүм дүпүлдөп согуп, даана укканга жолто болуп жатабы деп да ойлодум. Чалкаман түшүп дагы кулак төшөдүм.

Ооба, чынында эле кимдир бирөөнүн үнү чыгып жатат. Чыгып жаткан үн бирде угулса, бирде угулбай калып турду.

Эшиктин жанына барып тыңшадым. Үн агамдын үйү тараптан чыгып жатыптыр. Эгерде башка бирөө келсе, анда эмне үчүн ит үрбөйт?

Ылдый түшүп баскычка токтоп калдым. Эми үндү даана уга баштадым. Атамды ойготуп албайын деген ойдо Фехимдин бөлмөсүнө шырп алдырбай кирип бардым. Атам коңурукту кош тартып жатыптыр. Мылтыкты алдым.

Бакты аралап үн чыккан тарапты көздөй жөнөдүм.

Кимдир бирөө жемиш уурдаганы келсе керек. Жемишти уурдаса уурдай берсин, дейм өзүмө, бирок адамдардан эмнени күтүүгө болбойт, андан көрө жатып уктасаңчы.

Бирок менин оюма бир нерсе кылт эте түштү: балким бир кырсык болуп жүрбөсүн? Кырсыкка кабылган кишиге эмне үчүн жардам бербедим-экен деп эртең өзүмдү-өзүм жемелешим мүмкүн.

Бутумдун башы менен басып, ай тийип турган дарактан эшикке жетип, көлөкөгө жашына калдым. Эки жагымды алаңдай карап тыңшадым. Мылтыкты текшердим: октолуу экен.

Сүйлөп жаткан сөздү уктум, бирок эч кимди көрө албай койдум. Дагы бир аз чуркасам агамдын беседкасына жетчүдөймүн. Агам ал беседкасын тыт дарагынын алдына — дубалдын жанына жакын сыйлуу меймандар үчүн салдырган. Ал жерден башка жашына турган жакшы жер жок, ошол жерге барып тыңшайын дедим.

Мен беседкага чуркап бармакчы болдум да, алар ошол беседканын ичинде болуп жүрбөсүн? — деп ойлодум.

Мылтыгымды бетиме кармап беседкага барсам, ал жерде эч ким жок.

Сүйлөшүү дагы угулду, тааныдым: Тахир-бек!

Ал тигил жактан шашып, шаарга барып, телефондон бирөө менен сүйлөшөм, дегенинин маанисин эми түшүндүм.

Мен үн чыккан жакты карадым.

Ал короо жакты караган жапыз терезенин жанында туруптур.

— Мемнуна, бай болгур, бери чыкчы! — дейт ал жалына, акырын.

Мен калитке ачыларын күтүп калдым. Бул жерден калитка ачылары менен жылт коёюн, булар мени көрүп калса уят деп ойлодум. Бирок эшик ачылган жок.

— Сен мени сүйбөйсүң! Эгер мага боор оорусаң бери чыкчы!

Мен Мемнунанын шыбырын уктум, бирок эмне деп айтып жатканын уккан жокмун.

Тахир-бек бир аз катуурак сүйлөдү эле, Мемнуна бирдеме деп сурагды окшойт, ал кайра акырын сүйлөп калды. Кайра ал дагы катуу сүйлөп кирди.

— Ал ким экен! — деп Тахир-бек ачуулана баштады. — Сен эмнеден коркуп жатасың? Карчмары[1]! Сен күң-

---

[1] Карчмар — сапардагылар түнөп өтүүчү, ичимдик, тамагы бар жайдын ээси.

суцбу, же эркинсицби?.. Мен сени кор кылбайм! Бери чык, же болбосо калитканы сындырам!.. Жок, сен мени сүйбөйт окшойсуц!

Мен Мемнунанын эмне дегендерин уккан жокмун, Тахир-бектин сүйлөгөнүнө карата анын айткандарын түшүнүп жаттым.

— Мемнуна! Мага ишенбей турасыцбы? Мемнуна, тиги жымындаган жылдыздарды карачы: сен менин чолпон жылдызымсыц! Мемнуна, менин артыман толуп жаткан кыздар ээрчип жүрүшөт. Келишкен сулуу араб кыздары да, англичанкалар да, байдын сулуу кыздары да бар... Мемнуна, мага жалгыз гана сен керексиц! Мемнуна, бери чыкчы, экөөбүз кетеличи! Мен сага тийип турган айдай дайыма жаркырап турам.

Мен Мемнунанын айткандарын укканым жок.

— Сен эмне болуп калгансыц! Мен сага жиберген китептерден эч нерсе билбей калдыцбы! Сен адамсыцбы, же малсыцбы? Атац сени башка бирөөгө сатуусун күтүп жатсац керек! Атац сени мага берет деп ойлоп сен жинди болдуцбу? Атац сени мага эч качан бербейт. Атац, тууган-туушкандарыц жана муфтий да мени киши катарында көрбөйт!.. Мен алар үчүн мокочомун, сандалып жүргөн бир кишимин. Кана, бери чыксац эми!

Мемнунанын акыркы жообу узун болду, бирок мен айткандарын даана уга албай койдум.

— Ырас болуптур! — деп Тахир-бек катуу кыйкырып жиберди эле, короодогу ит арсылдап үрүп калды.

Дагы кайрадан даана угулбаган сөздөр чыгып жатты.

— Болуптур, айтканыцды угайын,— деди ал катуу. — Бери чыксац эми! Карган десец карганып берейин, сураиам бери чыкчы! Жүзүцдү бир көрсөтчү!

Кайрадан Мемнунанын шыбыры бир аз угула баштады.

— Болуптур, кереги жок, жок дегенде колуцду бери сунуп койчу!

Тахир-бек калиткага жакын барды. Айдын жарыгында сунулган кол даана көрүндү. Тахир-бек анын колун шап кармап бери тартты. Мемнуна колун тарттырган жок. Тахир-бек анын колун жанталашып, чопулдата чыканагына чейин өөп жатты. Кайра баштан алаканын, манжаларын өпкүлөп, колун сылап, өзүнүн бети-башын, мойнун Мемнунанын колу менен сылай берди. Мемнунаны дагы бир жолу бери тартып алайын деп аракет кылды эле, ал колун таптакыр тартып алып, калитканы жаап салды. Тахир-бек терезеге чуркап барып мындай деп кыйкырды:

— Эртең ушул маалда келем, күткүн!

Тахир-бек калиткага жабышып калды. Ал аны өөп жаткандай болуп көрүндү мага. Же болбосо аябай чарчады бекен?

Анан ал боюн түзөп бир аз турду да, башын шылкыйтып бакты аралап, чоң атамдын тоосун карай басып кетти. Ал кадамын чарчаңкы шилтеп, ойго батып бара жатты, көлөкөгө киргенде менин көзүмө токтой калып, кайра артына кайрылгысы келгендей көрүндү. Бирок артына кайрылбай эле айдын жарыгында басып бара жатты.

Мен кайра жаткан жериме келдим. Ушундай де Тахир-бегим! Сен ашык болгон кыздар жерде турбайбы! Жандуу да, жыттуу да. Сен Мемнунанын сүрөтүн Йовандын колу менен тарткан турбайсыңбы!

Мен алардын сүйлөшүп жатканын укканым жаман болду, ал эми көргөнүм андан бетер жаман болду.

Бирок баары ичимде калат.

## 8

Бүткөн боюм аябай жанчылып, такыр уктабагандай болуп ойгондум. Күндүн нуру эшиктин баарын жылчыксыз каптап калыптыр. Мен кандайдыр бир суюк, сары жагымсыз күңүрттүктүн кучагында экемин.

Кимдир бирөө мени бутуман тарткылады. Карасам Фехим экен.

— Бек, тур, атаң күтүп жатат.

Барсам атам Фехимдин керебетинде чыканактап жатыптыр. Өңү саргайып, бети шимилген. Элдин көзүнө көрүнбөй, ушул эле жерде олтура берсе жакшы болор эле деп ойлодум.

Фехим менин үстүмдөгү жабышкан чөптөрдү алып таштады.

Атам көзүн ачпай туруп:

— Ал качан келди? — деп сурады.

— Эртең менен келди. Мен ага силер селодо конуп калышыңар да мүмкүн дедим. Күтүп жатат.

Бир тууганым келген тура! Мен аны көздөй чуркап баргым келди, бирок атамдын кебелбей жатканын көрүп туруп калдым. Атама эмне болгон?! Уулум кайда кетти деп туталанып жүрөт да, эми келсе ордунан козголуп койбойт.

Атам менин бир тууганым жакка чуркаганы турганымды байкап, жөтөлдү да, тизесин колу менен бир чаап ордунан турду.

Фехим атканадан башын чыгарып, бизге — эч ким жок, келе бергиле дегендей белги берди. Ал биздин алдыбызда чуркап чоң атамдын короосунун эшигин ачты. Короонун ичин карап, бизге дагы келе бергиле дегендей белги берип, колун жаңсады.

Атам качып кеткен уулун, мен бир тууганымды көргөнү баратабыз. Атам бутун араң эле шилтейт, кайра жаткан жерине баргысы бар. Мен кубанганыман эсиме келбей, атаман суроого да батынбадым.

Анам кире бериштен үн катпай, көзү менен тепкич таранты көрсөттү.

Атам экөөбүз диванханага көтөрүлдүк. Селим-бек менин агам — бүткүл үй-бүлөнүн жек көрүмчүсү, жаман аттысы! Олтургучта Фафица менен ойноп олтуруптур.

Ал бизди көрө коюп ордунан ыргып туруп, бир тууганын барып кучактап калды. Бир тууганы болсо аны жактырбагандай жылмайды, ага кучактаганга, өпкөнгө жол берди да, өзү анын бетине тийип гана койду. Мени болсо муруту менен бети-башымды сайгылап, өөп-жыттап чыкты. Анын көзүнө жаш кылгыра түшкөнүн байкадым.

Биз олтурдук, агам болсо Фафицаны тизесине алды. Агам Фафицага далдалангысы келгендей туюлду мага.

— Биз селодо болуп келдик,— деди атам, иши кылып эле бир нерсе айтыш үчүн.

— Дыйкандар эмнегедир дүрбөлөңгө түшүп алышыптыр. Алардын башына эмне түшкөнүн эр болсоң билип ал. Сен эл аралап келбедиңби, башкаруучулардын ортосунда эч нерсе жокпу?

Атам бир тууганы экөөнүн ортосунда эч нерсе болбогонсуп сүйлөөдө. Ал эки жыл бою өз эрки менен Царьградда жүрүп анан шаарга келген бир ай өткөндөн кийин гана үйгө келип олтурат.

— Башкаруучулар,— деп сөзүн баштады агам Фафицанын чачын сылап жатып,— ошолор үчүн менин төшүмдү тепе атышпадыбы!

Ал тамдын боорунда илинип турган эң кичүү агам Али-бектин сүрөтүн карады. Анын жүзү мээримдүү, көздөрү тунук, териден жасалган шуштугуй шапка кийип алган. Кичи агам түрк атчан аскеринин подпоручиги болуп жүрүп, жакындагы согушта курман болгон.

— Биздин Алия башкаруучулардын ишине кийлигишпей эле койсо, мингин бөтөн жерде өлбөйт эле! — деп Селим-бек сөзүн улады. — Өзүңөр кандайсыңар?.. Мен силерди аябай сагындым!

Ал алтын тамеки салгычын алып чыгып, атамдын тизесине ыргытты.

— Сени көрсөм берейин деп көптөн бери чөнтөгүмө салып жүрөм.

— Эх! — деди атам алтын тамеки салгычты колуна алып, көпкө чейин оймо-чиймелерин карап турду да, ачып көрдү. — Мунуцду урунуу тагдырыма жазылбаса керек.

— Зергер уста Сидки өлгөнүн уктуңбу, анын жасаган буюмдарын ар дайым атам сатып алчу. Азыр уулу ишин улантып жатат. Атасынан өткөн мыкты уста болуптур. Ушул тамеки салгычты ошол жасаган. Силерди сурады. Стамбулга барганда анын счетунун жарымысын сатып алдыңар эле, анан кантип сурабай койсун.

Ал Фафицанын кулагынан өптү.

— Стамбулга сени ала кетейин барасыңбы?

Фафица атам менен мени жалт карап алды. Уруксат берсе жан-дили менен барганы турат.

Таң калам. Фафица байкесин биринчи жолу көрүп олтурат. Мурда аны жамандаган гана сөздөрдү уккан. Азыр имерчиктеп, жанынан чыкпай тизесинде олтурат.

— Сен ислам дининде эмессиңби; Бурсуга барып жүрөсүңбү? Биздин кишилердин көбү ал жерде, алардын бул жерге кайрылып келгидей ойлору бар бекен, билдиңби? Хусреф-бек эмне кылып жүрөт? — деп атам сурап кирди.

Атам Хусреф-бек жөнүндө иши кылып эле бир нерсе сураш үчүн сурадыбы, же айрыкча маани берип сурадыбы — түшүнбөдүм.

Хусреф-бек деген адам өзүнүн толуп жаткан байлыгын чоң атама таштап кеткен. Чоң атам ал жөнүндө кам көргөн. Эми болсо эч нерсе белгисиз, ошондуктан тымызын жасалган эсеп-кысап, үмүт, анын кайтып келер-келбеси таптакыр туюк.

Чоң атам өзүнүн байлыктары канча экенин даана билбей туруп, анын калтырып кеткен чарбасын башкарып калган. Чоң атам Хусреф-бектин чарбасын өзүнүн чарбасынан артык башкарды. Чарбадан түшкөн байлыктарды чоң атам чыпчыргасын коротпой жыл сайын жалаң алтын менен ага жөнөтүп турду. Өзүнө эч нерсени катып калган эмес, аны баары билишет.

Хусреф-бек эмне жөнүндө ойлонот болду экен? деген суроону мен анын таштап кеткен жумуштарынын оордугу чоң атамдын мойнуна түшпөстөн биздин туугандардын мойнуна түшкөнсүп, тигинин жерин арендага алган агамдан жана атамдын өз оозунан жана башка тууган-туушкандардан бир нече жолу уккам.

«Анын бул эмне кылганы: биз бул жерде анын крепостнойлорундагы уурулуктун сиркесин кагып түшүрүп жатсак, ал болсо хан тактасындагы султандан бетер Турцияда олтурса! Кудай билет, ал акчаларын санап, бизди жеп албады бекен деп сурап жатышы да мүмкүн! Бул жерге келип таштап кеткен жерин бирөөлөргө мейли сатсын, мейли бирөөлөргө тартуулап берсин, же болбосо кээ бир алдамчы шумпайларга карматсын. Аны менен биздин ишибиз жок. Кудайга сыйынган чоң атамы кароолчу кылып калтырганын кара! Пайданын кыныгын тапкан экен: анын малын карышкыр жесе да аман калып жатпайбы».

— Ой ушул Хусреф-бектики,— деди ойго батып кеткен Селим-бек. — Мен, дейт ал, Султандын алтынына, Бурсунун гүлдөрүнө бир да ташымды, алакандай жеримди да алмаштырбас элем! Ал жактын асанчысын укканда өз үйүмдө дөбөтүмдүн үнүн укканым алда канча жагымдуу! Менин үйүмдү колдорунан келсе эле өрттөп жиберген турушкан гяурлук чоң курсак айбандарга жүгүнбөйм да, влахтарга кылчайбайм.

— Эгерде ошондой боло турган болсо бизчилеп өз жерине жашоо үчүн эмне үчүн кайрылып келбейт? — Жерин сатып, же арендага бербейби?

— Түрктөр менин ким экенимди жакшылап билишсин, деди Хусреф-бек,— агам атамдын берген суроосун укпагансып сөзүн улапта берди. — Кызын мага берер бекен дегендей айланчыктап жүрүшөт. Үйүн жалаң каухар таштардан курса дагы мен аларга кызымды эч качан бербейм! Андан көрө кызымды армян менен влахга бергеним оң. Түрк менен менин кызым эч качан бир төшөктө жатпайт! Болоттой курч поляк[1] Венадан кайра келген күндөн баштап, суу мурундар тыңып алды, мени өз жерим мен кубалап, түп-тамырыман бери жулуп салышты. Ошентип менин сөөгүмдү каргыш тийген жат жерде көмүшөт! Алар кырылып жок болсо экен! — дейт.

«Түрктөр» деген эмне экени мага белгилүү, аны мен үйдө жүргөндө далай жолу уккам: бийлик кылып өткөн империянын өкүлдөрүн жек көрүп үйдөгүлөр ушинтип аташат. Биздин тукумдан кимдир бирөө эсеп-кысапты сүйсө же улулдөй жылбышчаак туруксуз адам болсо аны түрктөй деп жек көрүп, шылдыңдашат. Андай адамды аялдар да адам деп карашпайт.

---

[1] Ян Собескини айтып жатат (1629—1696-ж). Речи Посполитой деген король 1683-жылы Венаны курчоого алган түрк армиясын талкалаган.

Атам унчукпады. Түшкү тамак ичип жатканда да эч ким үн катпады. Апам менен Арифа келген жок. Мурат менен Фафица да көрүнбөдү.

Мехиница бизге кызмат кылып тамакты алып келип, бошогон идиш-аяктарды алып кетип жатты. Ал үйгө кирген сайын агамды көзүнүн кыйыгы менен карап, ички сырын билейин деп жаткансыды.

Биз алып келген тамактарды жебей, жаңы эле тойгонсуп, ооз тийип гана коюп жаттык.

Мен бул абалды оңдогум келди. Агамды тамакка караңыз дедим. Ал тамакка табым тартпай турат, эртең менен базардан каймак менен быштак жегем деди. Мунусу албетте, жалган.

Анын ордунда болсом мындай тосушканы үчүн шарт ордуман туруп кетип калмакмын! Ага боорум ооруду.

Чынын айтсам аны аяганым менен өзүмдү-өзүм аягандай болдум. Эмне үчүн дегенде, мурда мен ага азыркыдан да жаман мамиле кылгам. Бактыга жараша ал менин анымды билбейт.

Бул жердегилер аны Хусреф-бек жана башкаларга окшоп Турцияда калган деп жүрүшөт. Бирок биздин туугандар жана чоң атам таптакыр башка бир себеп менен андан четтеп кетишти.

Ал өзү билгенин бербеген, жеткен көк, адамдын башын кескенден кайра тартпаган, бардык жамандыкка бара турган адам болчу. Ал Царьградда жүргөндө ал кылган ишти кыл деп эч ким кыйнаган эмес, а чоң атам ай сайын жиберип турган акчага кенен-кесири жашамак.

Бирок ал андай кылбай олтурбайбы: өмүрүндө кайра үйгө кайрылып келгиси келбеди. Дубалдын боoруна жазып чиймелөөнү үйрөнүп алыптыр. Ал мындай чиймелеп жазуу жагынан элге таанылып, ал турсун мечиттерде да иштеп жүрдү.

Бир күнү Тахир-бек мага Селим-бекти ким сүрөтчү эмес маляр деп айтса, ал: «Мен деген маляр эмесмин, сүрөтчүмүн, сүрөтчү дегенди сен деги түшүнөсүңбү? Бурсулдагы бардык султандар, ал эмес кудайдын жиберген кишиси Мухамбет пайгамбар болсо дагы менин курандын сөздөрүнөн алып мечитти коoздоп жазган жазууларымды көрүп, муну ким жазган деп сурашмак. Мен европалыктарча да жаза алам, бирок ал жазганымдын эч кимге кереги жок болуп жатпайбы» деп кызырандаганын айткан.

Ал жашаган жерин которгонуна жана өзүнүн сүрөтчүлүк кесибинен баш тартканына караганда өткөн жы-

лы Царьградда анын башына бир кырсык түшкөн окшойт.

Анын кесепетинен мен да күнөөгө батып олтурам. Кылган күнөөм — чынын айтсам анча деле чоң эмес болчу, ага залалын тийгизген деле жок, анын үстүнө ага күтпөгөн жерден жолукпасам аны эстебейт деле болчумун.

А мүмкүн так ошондо ага кандайдыр бир жардам керек болгондур.

Өткөн жылы Каирди аралап жүрүп, акактаган иттей болуп аябай чаңкадым. Балмуз сатып жейин дедим. Кудай жалгап балмуз саткан киши кичине арабасын сүйрөп менин жаныма келип токтоду да, соода кыла баштады. Кандайдыр бир кишиге балмуз сатып, акчасын алып жатты. Мен да анын жанына бармакчы болдум эле, бирок ал бурула бергенде анын өңүн таанып, артыма кайра шарт бурулдум.

Балмуз сатып жаткан менин агам Селим-бектин өзү экен! Кантип эле ошол болсун, кантип эле ошол болсун! — деп ичимен ойлонуп, артымды карабай качып жөнөдүм. Ооба, агамдын так эле өзү!

Мен бир дарбазага жашына калып, баш багып карадым. Ал кичине арабасын сүйрөп келе жатат, азыр жаныман өтөт. Мен жабылган дарбазанын далдасына жашынып калдым.

Ооба ошол! Щеткадай болгон кара муруту, нйрнйген мурду анын мушташкандан мурду нйрейип калганын элдин баары билсе да туулганда эле мурдум ушундай болчу деп койчу, караңгыда да таанылчу басыгы — баары ошонуку!

Мен анын артынан барып, эмне үчүн жолукканым жок? — деп ойлой баштадым.

Эгерде ал балмуз сатып жатканда барсам, менден уялганынан жерге кирип кетет беле, ким билет. Же болбосо анын жанына барсам менден акча сурайт го деп корктум окшойт, же балмуз сатып алганы барганым аны кордогондук болот беле, ким билет.

Азыр аны көрүп уялып олтурдум. Эгер бирөө мага мындай иш кылса аны эч качан кечирбейт элем, түшүнсө болот, бирок кечирүүгө мүмкүн эмес: өмүрүм өткөнчө мындай кишилерди жек көрмөкмүн. Эми өзүмдүн кетирген кемчилигимди ага жакшылык кылып гана оңдошум керек эле. Бирок ал үчүн кандай жакшылык кылсам болот?

Эмне үчүн ал шаарга кайтып келди? Ал дыйкандар айткандай жерин гана бөлдүрүп алыш үчүн келдиби?

Кайтып келүүнү ойлойт болду бекен? Агамдын үйүнө эмне үчүн күтпөгөн жерден келди?

Биз Мехиница алып келген кофеден ууртап коюп, узун орундукта олтурабыз; мен агамды алдыртадан карап коём. Эч ким үн катпастан кофеден ичип, тамеки тартып олтурду. Атам бир тууганына наараазы болсо дагы ага баарынан жумшактык кылды, атам өзүнүн күмүш портсигарынан бир тууганы белекке алып келген алтын портсигарга сигаретин которуп салганда мен буга терең ишендим. Ошондой болсо дагы мен үчүн көп сырлар ачылбастан калды. Мүмкүн биздин үйдө олтургандыктан алар ачылып сүйлөшө албай жатышкандыр? Мүмкүн алар маселени кандайча чечүүнү билишпей олтурушкандыр? Мүмкүн атам иниси эмне үчүн келгендигин биринчи болуп айтар деп күтүп жаткандыр?

Ачык турган терезеден бир египет көгүчкөнү учуп келип күркүлдөп, бизди көрө коюп кайра шарт учуп кетти.

— Бул көгүчкөн мени көрө коюп кайра учуп кетти,— деди атам кейиштүү жылмайып.

Мен атамдын эмне жөнүндө айтып жатканын дароо биле койдум: Египет көгүчкөнү — ыйык канаттуу, алар илгери хажыларга суу алып келип берип турган экен, ошондон бери көгүчкөндүн мойнунда кара так калыптыр. Ооба, атам Каабага бара турганы чын окшобойбу.

— Быйыл кудай кааласа барамын.

— Каабага барганың жакшы,— деди агам. — Мага энчиленген немелер колумда болсо, мен дагы барат элем.

Атам анын сөзүнө кулагын түрүп калды.

Дыйкандардын кулагы өтө сак, жыландын кепшегенин угушат! Йовандын атасы Михайлонун: «Агаң энчисин бөлдүрүп алганы келиптир» дегени чын окшобойбу.

— Иштин жагдайы меники, сеники дегендикте эмес! Каабага адамдар кудайга чын ишеними менен барышат!

Сүрөтчү агам анда атама мындай дейт:

— Бирок адилеттик деген болуш керек да?

— Каяктагы адилеттикти айтып жатасың? — деп атам кабагын чытыды.

— Адилеттик деген адилеттик да! Менин жеримден түшкөн пайдадан старчынга көп берип, мага аз бергени, ал эми сизге Мекеге барып сыйынганга каражат берип жиберип жатканы дагы акыйкатчылык болобу? Эгерде сиз Каабага барбай койсоңуз, анын төбөсү түшүп кетет беле!

— Эми атамды жамандап кирдиңби? Мен эгерде атамдын ордунда болсом сага бир тыйын да жөнөтпөйт болчумун!

— Ооба, сенин колуңда болсо, жибербейт болчусуң, бирок бардыгын өзүң алмаксың! Силер абышканын каныи ошол үчүн соруп жатасыңарбы!

Бизде чатак ушнитип башталат.

— Ким каныи соруп жатыптыр?

— Баарыңар соруп жатасыңар!

Атам ордунан тура калып муштумун түйдү.

— Эх, эгерде сен менин бир тууганым болбогонуңдачы!

— Мен сенин бир тууганың эмесмин! Кана, урчу!

Атам түйгөн муштумун кайра жазып жиберди. Агам кетүүгө камынды.

— Ишти жакшылык менен чечебиз го дедим эле. Сыягы жакшылык менен чечилбейт окшойт.

Агам кетип баратып, тепкичтин жанына барып токтоду да:

— Куру бекер аракет кылып жатканыңарды билип койгула! Мен деген айтканымдан кайтпаймын! — деп агам кетип калды.

Атам үйдүн ичинде ары-бери баса баштады.

— Сен тигинин айтканын уктуңбу?

— Мен үн катпай, эмне үчүн бул жерге келдим экен деп ичимен кайгыра баштадым.

— Ал эмне каалап жатканын сен билесиңби? — деп атам менин жаныма келип, калдайып туруп калды. Атам көрүнбөгөн бир адамды башка, көзгө койгулап жаткансып, колун ары-бери шилтегилеп, сөзүн кейиштүү улады: — Ал биздин тукумду жок кылгысы келип жатат, өзүнүн үлүшүн сатып жиберип, акчасын Стамбулга алып кеткиси келип жатат! Эмне үчүн экендигин билесиңби? Ал Акиф Бургур деген дарчынын өнөгү болгону жатат! Ал дарчы менен агаң жер кезип дүйнөнү кыдырып, маскарапостун ролун аткарып ээрчип жүрөт. Бети-башын боёп, оозун жалжайтып, элди күлдүрөт экен. Бир күнү биздин жерге маскарапос болуп келип калабы деп корком. Андан эч кандай жакшылык күтпөйм, көзгө көрүнбөй бул жерден жоголсо болот эле. Атам аялдарга окшоп санын бир чаап алып, диванхананын ичинде дагы чуркай баштады. — Олда атам ай, атакем, баарына өзүң күнөөлүүсүң. Сен аны бала кезинде эле талтаңдатып эркине коё бердиңби?

Акиф Бунгур деген дарчыны элдин баары билет, биздин шаарчада туулган. Мен аны билем, далай жолу көргөм.

Атамдын ачуусу бир аз тарап, жаныма келип олтурду.

Тамеки тарткысы келди эле, колундагы агамдын белегин көрүп аны терезеден ары ыргытып жиберди.

— Уулум, сенден бир нерсени сурайын дедим эле. Шариаттын жолу боюнча ал айтканын аткара алабы?

Сурай турган кишини тапкан экен, дедим ичимен күлүп. Сүйлөшүп жаткан сөзүбүзгө бирөө келип аралжы болор бекен деп тепкич тарапты карадым. Эч ким көрүнбөдү.

Атам колун тизесине коюп, менин жообумду күттү.

— Шариаттын закондорун билгениме караганда, ал айтканын аткара албайт. Силердин ортоңордогу дүнүйөнү бөлүштүрүү укук жолун анчалык билбейм. Эң мурун ошону тактап билип алыш керек.

Атам менин айткан сөзүмө түшүнбөй калганы көрүнүп турду, ага кандай түшүндүрүүнү ойлоп, мындай дедим:

— А дегенде мен шариатты карап чыгып, бардыгын толук билишим керек.

Айтарын айтып алып, тилимди тиштедим. Эмне үчүн «билиш керек», дебей «мен» деген сөз оозумдан чыгып кетти экен! Ошондо менин үстүмө оор жүк жүктөп койгондой боло түштү. Эч нерсе эмес, деп өзүмдү-өзүм жооткоттум. Тахир-бектен сурайм, шариат жоболорунун окуу китебин карап көрөм (Шариат китебин ала келгеним жакшы болуптур).

— Ооба, уулум муну эртеңден калтырбай бүтүр! Мен аны башка бирөөнөн сураганды жаман көрөм, биздин тукумдун чатагын сыртка чыгарсак элге уят болбойбузбу. Анан атам мени кучактап туруп мындай деди: — Эгерде сенин бир тууганың кудай буюруп жат жерден келип калса, чогуу аңчылыкка чыксак кандай болот?

Ошондо Сенянын: «Алардын ортосунда эмне болуп жатканын мен билем, аны элден жашырып жатышат»,— деген сөздөрү эсиме түшө калды.

— Базарга барып тез эле кайра келе коём,— деди атам.

Бирок кайра айнып калды.

— Мен барбай эле коёюнчу, андан көрө сен жолдош-жороңо барып келчи. Мен бактын ичинде олтуруп турайын, карачы күндүн ысыганын, баарын күйгүзүп кетет го.

Атам тиги кетип калган бир тууганы карп-күрп алдынан чыга калабы деп чочуп турганын байкадым.

Мен Тахир-бекти жолуктурам го деген ой менен мейманкананы көздөй жөнөдүм. Короодон сыртка чыксам чоң атамдын мунарасынын үстүндө карчыга учуп жүргөн экен.

Баарыңар эмне болсоңор ошол болгула! Андан көрө чоң атамдын тоосуна барганым жакшы.

Мен тоого чыгып, көңүлүм аябай көтөрүлдү... Эмне үчүн дебейсиңерби: бала чагымда түн уйкумдан безип, ушул тоону аралап жүрчүмүн.

Эчакты балалык чагым өткөн жер көз алдыма тартылды. Күндүн нуруна бөлөнгөн жапайы коноктун баштары белиме оролсо, баркыттай жумшак тулаң чөп тамандымды кытыгылап, оюңдагынын баарын унут, менин үстүмө келип жат, дегенсийт. Жер жайнаган гүлдөр баарынан мен сулуумун дегенсип мактанып жаткансыйт. Менин кадамым тийген жердеги чегирткелердин үнү басыла калат да, мындай басканда кайра айлананы жаңыртып: биздин үнүбүздү уга аласың, өзүбүздү көрө албайсың! дешкендей чырылдап киришет. Көгүчкөндөр менин төбөмөн: кыйын болсоң карчыга куш, мени кууп жетчи! дегендей жебедей зуулдап өтүп кетти. Карчыга куш болсо асмандан: мен силерди көргөн жокмун, силер мени көргөн жоксуңар, ошондуктан биз достордонбуз дегендей көк асманда каалгып учат. Энеден туума чечин дегендей алдыман соккон жел алтын күндүн нурларын, аңкыган жыттарды алып келип жатты. Алдымда жаткан бир ташты алып асманды карай ыргыттым эле, мелжеген жериме жетпей кайра жерге түштү.

Кайра үйгө келдим. Түшкө чейин үн каткан адам болбоду. Бир маанилүү сыр бардай, эч ким сүйлөбөйт.

Күн батууга жакындап калды, каякка барарымды билбейм. Тахир-бекке барсамбы.

Чоң атамдын паркын аралап бара жатып, күтпөгөн жерден токтоп калдым. Алды жагымда ажайып бир көрүнүш,— башкаруучунун фонтаны экен. Батып бара жаткан күндүн алтын нурлары атылып жаткан фонтанга чагылышып, көзүмө укмуштай көрүндү. Шаркырап атылып жаткан фонтандан көзүмдү албай карап турдум. Кеч алдында жан сергитип атылып жаткан фонтан сууларынан айлана салкын тартып, кечки ачыла турган гүлдөрдүн жыты аңкыйт. Атымдан чакырган бирөөнүн үнүн угуп калдым.

Мемнуна олтургучта китеп окуп олтурган экен.

— Базарга сейилдеп бара жатасыңбы? Ооба, үйдө таңдан кечке олтургандан көрө сейилдеген жакшы эмеспи.

Мен анын жанына барып олтурдум.

— Мен анчалык деле зерикken жокмун. Сен кайсы китепти окуп жатасың? — деп китептин темасын карадым.

— Сен баягы орус жазуучусун окуй баштадыңбы?

— Ооба. окуй баштагам, бирок кайра таштап койдум. Бир азга эс алайын дедим.

Мен ага китепти кайра колуна берип жатып, Вепр жөнүндөгү анын жазгандарын кайтарып беришим керек эмеспи; Мен анын жазып жүргөнүн билгенимди билсе өзү түнт, бир сырлуу немеге жагымсыз болот го. А балким ал мага өзүнүн жазгандарын атайын салып койгондур.

— Көрөсүң го. Тиги орус жазуучусу турмушту аябай казып жазыптыр. Анын жазгандарынын баары чындык. Мына бул китеп такыр андай эмес. Окубай койсом деле болмок экен.

Мурдагы күнү Вепрдин күйөөлөгөнү жөнүндө анын айрым айткандарын гана уккам. Мурдагы күндөн кандай болуп өзгөрүп калды экен деп азыр алдыртадан карап жаттым.

Ал эч кандай өзгөрбөптүр. Бетинин чүкөсү чыгып, бир аз арыктап калгандай көрүндү. Каны аз болгондуктан өңү купкуу. Бакырайган көздөрү өңүнүн кубарганын билдирбей жүзүнө көрк берип турду. Бетинин анда-санда гана жеринде безеткинин тактары калган. Жалпысынан айтканда, безеткилердин тактары болбогондо ал укмуштуудай сулуу болмок экен, деп ойлодум.

Биз өз ара сүйлөшүп жатканда түндө анын Тахир-Бек менен сүйлөшүп жатканы көз алдыма тартыла түштү.

Мен Тахир-бектин атын атасам Мемнуна кандай болор экен деген ойго келдим, бирок кыябын таба албадым, оюма келген сөздөрдүн баары керексиз нерсе сыяктанып туруп алды. Түндө алардын сүйлөшкөндөрүн аңдып укканым мага уят эле. Мен алардын сөздөрүн атайын аңдып барып уккан жокмун да, кокустан угуп калбадымбы, азыр болсо атайын бирөөнүн сырын ачкым келип жатат. Мага антүүнүн кандай кажети бар эле? Кечээ түнү угайын деген жашыруун сырды толук уга алган жокмун, ошондуктан Мемнуна Тахир-бекти сөз кылар бекен, сөз кылса кандай баштар экен, деп күттүм. Ал биздин ынак достордон экенибизди билет, мен Мемнунадан көзүмдү албай карай бердим, ал үн катпады.

Мен ордуман турдум.

— Эки айдын ичинде дагы көрүшөрбүз,— деп ордуман тура жөнөдүм.

Тахир-бекти эч жерден таба албай койдум, ал мага ушунчалык керек эле. Биздин жердин булуң-бурчтарынын баарына бардым, аны старчындын үйүнөн да издедим (ошонун үйүндө жашачу эле). Жок. Тахир-бек Йовандын селосуна кеттиби, деп сурасам, эч ким көрбөптүр. Менин

тынчым кете баштады. Каргыш тийген тиги шариат боюнча бөлүнө турган иштин жайын андан сурап билейин дебедим беле. Ал мага өтө зарыл керек болучу.

Меймканананын алдына барганда кимдир бирөө мени атымдан айтып чакырып калды. Мурдагы күнү Арифанын күйөөсү мени ушул жерден таяк менен башка чапкан болучу, ошондон кийин меймканага барбай эле коёюн деген.

Карасам менин балмуз саткан агам чакырып жатыптыр. Ал олтурган жеринен туруп, мага колун булгалай баштады.

Чакырып жаткандан кийин кайрылып барбай койсом Каирдегиден жаман болмок.

Чакырганынан барарын барып алып, өзүм жаман абалда калдым. Ал жалгыз эмес экен. Жанында меймкананы арендага алган агам олтуруптур.

Бала кезимде эле ушул агамды жакшы көрчү эмесмин. Аны сараң, келжирек, куу түлкү деп кайсынысын атоону билчү эмесмин. Бул агам атам менен ошондо эле бирибирин жаман көрүшчү, азыр экөө такыр сүйлөшүшпөйт. Чынымды айтсам, кийинки жылдары мен аны Мемнуна үчүн жек көрүп калдым: ал кызын түрмөгө камагандай эч жакка чыгарбай камап, куда түшкөн адамдардан баш тартып, кайсы күнү кайсы бай адам куда түшөр экен деп күтүп жүрчү.

— Олтур! — деди Селим-бек агам мага олтургучту жылдырып. — Чыныгы адамдар менен бир азга олтургун!

Агам колун чаап, жаңы бокал алып келүүнү буюрду. Ал эртең менен атам экөө урушкандан кийин ушул жерге келип ичип олтурган окшойт.

— Бүгүнкү чатакты көрдүңбү? — деп менден сурады да, бир заматта официантка алып келген ракияны бокалга куя баштады. — Ошол чатак жөнүндө сүйлөшүп олтурабыз.

Мен үн каткан жокмун. Атам мени сөзсүз өз тарабында деп ойлойт, а бул эмне үчүн мени өзү тарапта деп чечти?

Дагы менин эсиме Сениянын каты кылт эте түштү. Сениянын «Аларды койчу!» деген сөзүн ичимен кайталап жибердим.

— Ээ хаджа, андай кылууга болбойт! — деп ал рюмкасын кагыштырып койду.

— Мүмкүн биз дагы, башкалар дагы бир нерсе алгыбыз келип жаткандыр!

Мейманкананы арендага алган агам дүнүйөнү бөлүштүрүү тарабында, андан күмөнүм жок. Ушул селсаяк агамды бүгүн атама жиберген да ошол деп ойлодум.

Ал көзүн жүлжүйтүп Селим-бекке билинер-билинбес көзүн кысып койду. Баласынын алдында кереги жок дегенин түшүндүм.

— Билесизби, байке,— дедим сүрөтчүгө кайрылып,— атам эски замандын түшүнүгү боюнча жүрөт, жаңы замандын шарты кандай экенин билбейт.

— Эски замандын түшүнүгү боюнчабы! Атаң өзүнө келгенде эски замандын түшүнүгү боюнча жашабайт! Өзүм дегенде бир туугандарын, жоро-жолдошторунун баарын унутуп калат...

Эмнеге чыдап олтурам. Чакырганда келбей эле койбой!

— Байке, мен сага бир нерсени чын жүрөгүмдөн айтып берейин. Мага баары бир. Өзүңөр билгендей, өзүңөр каалаганыңардай кыла бергиле.

Мен бул жерде, чынымды айта турган болсом, эч кимден эч нерсе сурабайм. Биздин ортобузда түшүнбөстүк болбосун: менимче өзүңөргө тиешелүү энчиңерди бөлүп алсаңар жакшы болот эле деп ойлоймун, бир гана суранарым, мени бул ишке кийлигиштирбегиле, мага өз түйшүгүм деле жетишет.

Ал мени кучактап калды.

— Ушинткениң үчүн сени жакшы көрөм! Кудай урсун, сени башкача болот деп такыр ойлогон эмесмин!

Ал мага ракиядан дагы куйду.

— Сен кам санабай эле кой, эч кандай ишке аралаштырбаймын. Биз экөөбүз,— деп мейманкананын кожоюнун көрсөттү,— бардык ишти жайына келтиребиз.

Ошондо мейманкананын кожоюну мындай деди:

— Мага баары бир. Иним, менин алар менен ишим жок. Менин дүнүйөм — мейманкана! Тиги дыйкандарбы? Мен аларсыз эле жашаймын, алар мени жинди кылып бүтүрө турган болушту.

Мейманкананын ээси өткөн жылы кайсы бир старчын менен сүрөтчүнүн жеринен түшкөн пайданын үчтөн бирин алып турууга макулдашканын айтышканы эсиме түштү.

— Так ошондой! — деп балмуз саткан агам сөзүн коштоп кетти да, мени бир нерсе менен ишендиргиси келгенсип мага кайрылды. — Али-капитандын доору бүттү! Жерди сатуу керек, акчаны мейманканага, дүкөнгө, банкка, салуу керек. Акчаны көп жыйнаш керек, дыйкандарды аябай кыйнаш керек! — деп сенин акылман агаң эң туура айткан.

Мейманкананын ээси алаканын жайып:

— Селим, антүүнүн кереги жок. Тууганым, мен антели деп эч кимге кеңеш берген эмесмин. Ооба, сөз болгон. Менин оюмча ар ким каалаганындай иштеп, каалагандай жашасын. А мен болсо европалыктарча жашаймын. Эмне үчүн дегенде — ошондой заман келди. Албетте, ичкиликти карыз алып ичүүгө болбой калды!

Европалыктарча жашоо! желеткасы менен кенен шымын таштап, костюм кийип алган европалыктарча жашаганы ушул. Кийген кийми күлкү келерлик, болбогон бир неме: арзан кездемеден жасалган кара пиджак, кызыл жибектен тигилген желет, жол-жол шым, лакталган батинке, көйнөгүнүн жакасы катуу, узун, алтын төөнөгүчү бар галстук, жеңи катуу, алтын запонкасы бар, күндүн ысыгы бул! Үйгө келгенде дароо кең шымын киет, мен билем, үйүнүн ичи — баары биздикиндей — болгону байыраак.

— Үйгө китептерди жыйнай баштадым,— деп ал «европалыктарча жашайм» деген сөзүнө кошуп койду да, мени карап калды.

«Китебиң го китеп, а кызыңды сыртка чыгарбай камап койдуң!» деп койдум ичимден.

— Базарда эле кеп кылып жүрөт,— деп Селим-бек агама шараптан куйду,— сен башкаруучунун шаар начальниги болот турбайсыңбы.

— Кана, бильярд ойнойлубу? — деп мейманкананын ээси мындан аркы сөздү токтото туруу үчүн ордунан турду. — Сен ойнойсуңбу? — деп менден сурады.

— Мен ойной албайм, мындай карап турганды жакшы көрөм.

Ордубуздан турганда Селим-бек менин көйнөгүмдөн тартты.

— Сенин билип коюшуңду каалаймын! Менин жалгыз гана бир тууганым бар, ал ушул! А тигил болсо — ал сенин атаң!

Бильярд залынын алдынан келген меймандарды тейлөөчү аял биздин жаныбыздан өтүп кетти.

— Бул жаңы келген кыз! — деп Селим-бек мага шыбырады. — Аны сага берем. Анын кандай кылыктуу экенин билесиңби...

Эки агам бильярд ойноп жатып, мага көңүл бурбай калышты. Мен столдорду кыдырып ары-бери басып турдум. Берилип ойноп жаткан адамдардын, ак шарлардын тарс урулганынан, жашыл сукнонун алдында өзүмдү ыңгайсыз сезип, сыртка чыктым.

Ичте үп, алды жактагы эшиктердин баары аңырайып ачык турган экен. Бир бөлмөдө чиновниктер, офицерлер

жана соодагерлер карта ойноп жатышат, Сулайман-бек мейманканада кызмат кылган аял үчүн бир кишини өлтүрүп койгон башка бир бөлмөдө бектер.

Бул жерге тегерек стол кайдан келип калды деп таң калдым. Мурун жок эле. Ошол столдун үстүндө толуп жаткан ичимдиктер, бокалдар, жез табактар жана ысылыктар салынган табактар коюлган. Люстранын алды жагында тамекинин түтүнү түрмөктөлөт, ичимдиктердин кычкыл жыттары жана тердин жыты каңылжарды жарып, кажы-кужу сөздөр ачык эшиктен угулат. Дурус ийрим чогулган экен деп мен ичимен күлдүм, ошол эле учурда аларды Аль-Азхардагы мугалимдерибиздин жанына чогулушкан студенттердин ийримине салыштыруу башыма келе калганына таң калдым. Ислам динин жактай турган ушундай адамдары бар кудайга жаман болот го.

Мен каалганын артына жашына калып чогулуп олтургандарды карадым. Базарда күн сайын сандалып жүргөн кеңкелес Сербез деген неме (Сербез — аты да, фамилиясы да ушул) өзүнүн ырларын ырдап жаткан экен. Ал азыр эле өзүнүн бир ырын аткарып бүтөөр замат, ага бирөө мындай деп кыйкырды:

— Кана, эми Отель-бек жөнүндө ырдачы! Отель-бек жөнүндө!

Менин төкөр агамды жамандаган сөз жок. Сербез оң жак бутуна кыйшая туруп ырдай баштады:

Анда эмесе басылсын чуу,
Ку-ка-ре-куу,
Ку-ка,
Ре-куу.
Жамбаштап басат укмуштуу!
Ал ким десең,
Төкөр-бек,
Отель-бек.

Баары каткырып күлүп калышты. Дагы бирөө жаңы заказ берип калды:

— Дагы бир ырдап койчу!

— Анда эмесе басылсын чуу,
Ку-ка-ре-куу!
Бир күлдүрүп элдерди,
Мүдүрүлүп жан берди...
Төкөр-бек
Төкөрөңдөп...

Олтургандарга менин агамды шылдыңдап ат койгону жагып калган окшойт. Оберкельнер бир нерсени жазып жатты. Бул жерде күлкү баа окшобойбу.

Ушул жерде кельнер аял олтургандарды тейлеп коюп, менин жанымаи өтүп баратып биз экөөбүз тең башкабыз дегенсип шылдыңдагандай күлүп койду. Чынында эле бул аял адамдын сугу түшө тургандай сүйкүмдүү экен.

Тегерек столдун ары жагынан кыяктын үнү жаңырып калды, мен үйдү карай жөнөдүм.

Ай күндүзгүдөй болуп жарык болуп турса эмне үчүн фонарларды күйгүзүп койгон? — деп, жаш баладай болуп өзүмө-өзүм суроо бердим. Эки тоонун ортосундагы шаарча менен талаага айдын жарыгы төгүлүп, алтын көлдөй болуп жаткан экен. Айлана ажайып кооз, кетким келбейт.

Мен чоң атамдын паркындагы фонтандын жанындагы олтургучка барып олтурдум. Фонтан айдын жарыгында ого бетер кооз көрүнөт. Ушул жерден агамдын үйүнө барчу жол даана көрүндү; Мемнунанын терезеси караңгы экен. Балким ал азыр эшиктин алдында Тахир-бек менен сүйлөшүп тургандыр. Бакты аралап барып карасамбы? Жок болбойт. Уят.

Биздин үйдү карасам жалгыз гана терезе жарык болуп турунтур. Ооба, апам мени күтүп жаткан окшойт. А мүмкүн атам да күтүп жаткандыр.

## 9

Биринчи главасын окуп бүткөндөн кийин көрүнгөндөй орус жазуучусу Мемнуна мага кыскача жана даана мүнөздөгөндөй бар экен. Китепти андан ары окуп жатып, кызык жерине келгенде, мен ошол замат окуганды токтотуп туруп, бул кереметтүү күчтүн сыры эмнеде болду экен деп өзүмө-өзү суроо берем. Жок, күч да эмес, өзүнчө эле бир керемет окшойт. Мен кайрадан китепти окуй баштадым, көз ачып жумганча жазуучу мени билеп алды. Мына, өзүм жазуучунун каарманы болуп, анын турмушуна аралашып кеттим. Китепти көпкө окугандыктан көзүм талып, түш көрбөй эле өңүм экенин билем. Ооба, орус жазуучусу биздин жан-дүйнөбүздүн эң терең жерлерине жол таба алыптыр жана буюрбасын бардык сырды ачып таштаптыр.

Эртең менен ойгонуп, күндүн алтын нурлары шуудурүмдү жаркыратып турган бакка өзүм жалгыз чыктым. Алмуруттун түбүнө килем төшөп, жаздыкты жыгачка жөлөдүм. Бүгүн ордумдан такыр жылгым келбеди. Көлөкөдөгү чөптөр тепселип, жакшы өспөй калган. Менин бул ордум өзүмө падышанын тагындай эле болду.

Бул жерде көп киши бар сыяктанып, апам мага чоң чөгүнгө толтура кофе, варенье алып келди. Кечинде тамак ичтиңби? — деп сурады. Ооба, куурулган жумуртка жедим,— дедим.

— Үйдөгүлөргө айтып коюңуз, мага жолто болбосун, китеп окуймун.

— Кам санабай эле кой, алар сага жолто болбойт. Бүгүн атаңдын кабагы ачылып калыптыр, базарга кетти. Барбай эле койсо болмок, эмнеге кеткенин билбейм. Өзүң билесиң. Мурат чөп чабыкта жүрөт. Фафа болсо уктап жатат.

— Фафица ойгонсо мага келсин,— деп уруксат бердим, өзүм болсо бу таң атпай атам каякка кетти — деп ичимен ойлондум.

Апам үйгө кетти. Бир чыны кофе ичтим, экинчи чыныны иче ала турган эмесмин. Атам жөнүндө ойлой баштадым, кайра китеп окууга кириштим. Китеп окуп жатып чочуп кеттим. Үйдүн ары жагындагы тоокканада тооктор менен күрптөр ызы-чуу эле түшүп калышты. Карай калсам бактын үстүндө бир карчыга өзүндөй болгон жөжөнү илип алып учуп бараткан экен. Тооктор менен күрптөрдүн күтпөгөн жерден кукулукташканынанбы, чоң атамдын мунарасында иштеген адамдардын кыйкырык-ышкырыктарынанбы, же карчыга куштун кыраандыгын көргөндүктөнбү билбейм, өзүмдөн-өзүм эле каткырып күлө баштадым. Карчыга куш да мени туурап күлүп жаткандай болду. Карчыганын кылыгы мага жагат. Менде укмуштуудай сезим пайда болду. Бир күнү (мен өзүбүздүн дайрага барып кайырмак салып жаткам) жылан бир балыкты кумга алып чыкты. Жыланды таш менен жанчып өлтүрүп, аябай кыжырым кайнап бутум менен таптадым да, балыкты кайра сууга коё бергем.

Мен кайрадан орус жазуучусунун китебин окуй баштадым. Балким ал мүмкүн себебин да түшүндүрөр мага, бирок аңгыча болбой Мехиница куурулган жумуртка алып келип калды. Көмөчказандагы жумуртка дагы эле чызылдап адамдын табитин ачат. Апам мен кичинемден жакшы көргөн тамактарымды, каймак жана жаңгактарды жез табакка салып берип жибериптир. Апамдын ошентерин билгем. Дагы бир сындырым нан, ичсең мээңди какшаткан биздин кудуктун суусунан бир чыны суу да бар экен. Мен Каирде жүргөндө ушундай муздак суу ичсем деп эңсегем.

Кечээ Арифанын бечара күйөөсү келгенде ичип жаткан тамагым кекиртегиме туруп калган. Кечинде болсо

агаларым менен ракия ичип гана тим болгом. Азыр тамакты лапылдатып жей баштадым.

Тамак жеп жатып үнүмдү аста чыгарып ойлоно баштадым: бул балакеттүү кайырмакка мени кандай шайтан илип кетти экен? Кайырмакка илинигенде да ченеп илинбей, ал мени бир ыңгайсыз абалдан экинчиси жаман болгон абалга туш кылганда гана билип олтурбаймбы. Андан көрө мына бу кудай берген картаң алмуруттун көлөкөсүнө төшөк салдырып жата берсем эмне.

Эртең мененки тамакты ичип бүткөндөн кийин нандын күкүмдөрүн чогултуп каякка таштарымды билбей, алмуруттун жаракасына салдым. Бул күкүмдөрдү кумурскалар, же чымчыктар сөзсүз таап жеп кетишет. Апам тамак ичип бүткөндөн кийин нандын күкүмдөрүн чогултуп: «Нан деген жерден чыгат, нандын күкүмү жерге түшсө колуңа алып өпкүн да, маңдайыңа тийгизип туруп, анан адам басып кетпей турган жерге алып барып кой. Бир адам нандын күкүмүн тепсеген экен, ал кишини нандын кусуру уруп, кийин ичерине тамак таппай калыптыр!» — дечү.

Мен нандын күкүмдөрүн чогултуп жатам, өз кылганым өз акылыма сыйбайт, сандырактык, ошентсе да колдорум шыпылдап өзү эле терип жатты. Апам нандын күкүмдөрүн терип жатканымды көргөн жок, анын үстүнө апам үчүн ошентпедим. Нандын күкүмдөрүн бул жерде өзүм жалгыз болгондуктан мага түшүнүксүз бир максат менен жыйнадым окшойт. Кудай жалгап укум-тукумубуздан бери оокаттуу жашап келе жатсак дагы нандын күкүмүн чогултканым кандай? Же болбосо нандан ыйык эч нерсе жок деп ошенттимби, же болбосо нандын кусуру урат деп апам чочулагандай чочуладым окшойт.

Күтпөгөн жерден арка жагымда менин эмне кылып жатканымды байкап Тахир-бек тургандай өзүмдөн-өзүм кызарып кеттим.

Ал менин ушул абалымды көрө турган болсо аябай шылдыңдамак. Тахир-бек нандын күкүмүн чогултмак түгүл кайра жерге чачып, таманы менен таптап таштамак.

Биз мурдубузду тарта албай жүргөндө эле «Куранды жерге таштасаңар колуңар шал болуп калат» деп аябай ишендирген. Китеп өзү фетишке каршы болуп туруп, кайра өзү фетиш болуп калды.

Тахир-бек менин нандын күкүмүн жыйнаганымды көрсө, анда жаман абалга калышым мүмкүн эле, уят болот элем. Анын үстүнө, ал мени фетиштин кулу — демек эркин ой жүгүртө албаган адам катары санамак.

Мен дарактардын көлөкөсүнөн чыккан тоосту карап

турдум. Анын канат-куйруктары күндүн нуруна чагылышып тим эле кубулат.

Мен ушундай болуп калсамчы! Жетишет! Алардын баары үйдүн баркын билишпейт, ал эми мен үчүн мына бул карамурттан, тиги орус жазуучусунан жана өзүм ала келген үч нерсе акынынан, ысыкта сууга түшүп, кечки күндүн алтын нурларына бөлөнүп жер астына кирип жаткан дарыянын иримдеринен балык уулоодон башка кымбат эч нерсе жок.

Фехимге кечинде кайырмак жана кайырмакка иле турган жемдерди даярдап кой дейин. Түшкү тамакты бул жерге, алмуруттун көлөкөсүнө алып келүүгө буюрам. Китеп окууну уланттым... Жазуучу эмес эле балакет экен. Бир жери мага анчалык ишандырарлык эместиги көрүндү. Андан ары окуганда башкача болуп чыкты: жазуучу мени көңүл кош окуганымды мойнума алууга мажбурлагандай болду. Мага кимдир бирөө жолто болуп арт жагымдан карап тургансыды...

Арт жагыма кайрылсам, чын эле Мемнуна турган экен.

— И, сен кантип шырп алдырбай келип калдың?!

Мындай учурду адам ички сезим менен кантип билет? — деп мен өзүмө-өзүм суроо бердим.

Мемнуна жаныма үн катпай олтурду. Ал жүзүн жашыл сууга жууп алгандай түрү бар. Ошол замат сүрөтчү Йован эсиме кылт эте түштү: ал менин бир тууганыма мисалга ак түстү алып, ак түс дайыма ак бойдон кала берет, ак түстүн эки түрү болот, бирдей ак түстөгү нерсеге жарык ар башкача түшөт. Ошентип биздин көзүбүзгө ак түстүн башкача бир жаңы түрү пайда болот, деп түшүндүргөн. Мен жалган көрүп алдымбы деп Мемнунаны кайра карадым. Жок, чынында эле анын жүзү көлөкөлүү жашыл бактын ичиндеги салкын абага каныккан окшойт.

— Мен чынымды айтсам сенин орус жазуучуңа таң калып жатам. Ал өзүнүн ар бир каарманынын ичи-койнуна кирип чыккансып жазыптыр!

Мемнуна унчуккан жок. Мени карабастан ойго батып, колдорун кайчылаштырып тизесин кучактап олтурду.

— Китептин кээ бир жерлери кызыктуу экен,— деп мен аны кандай да болсо кепке алгым келди. Мемнуна колу менен жүзүн басып, менин тиземди жаздана калып, өксүп ыйлап жиберди.

— Эмне болуп кетти? — Солкулдап ыйлап жатканын калдастап карап калдым. Бир нерсе болгон окшойт.

Атасы кимдир бирөөгө күйөөгө бергени жатса керек деген ой кылт этти.

Колумду нийнне коюп, сооронсун деп күтүп олтурдум. Мемнунанын өксүп ыйлаганы басаңдап, ыйы токтоп солуктай баштады. Акыры ыйын токтоткондо мен бир нерсени сурайын дегиче эле, ал мурдагыдан катуу өксүп ыйлап кирсе болобу.

— Мемнуна! Мемнуна! — деп нийнинен алып, башын өйдө көтөрөйүн дедим, болбойт; менин жаактан ары бир чабыныңды күтүп турат окшойт.

— Мемнуна, менин сөзүмдү угуп жатасыңбы?! — деп кыйкырдым да, колумдан келишинче сооротууга аракеттендим. — Мемнуна, койчу эми! Ыйлабачы, сенин бир тууганың жок, бир тууганыңдан артык мен бар эмесминби! Мен сенин агаң эмесминби?

Мемнуна ошол замат ыйын токтотуп, ордунан ыргып турду. Ал өзүнчө эле бир башкача болуп, дубалдан учкан куштай болуп секирип кеткенин көрүп калдым. Эмне үчүн артынан чуркап барып кармаган жокмун? Үйүнө карай кетип бара жатканын карап турдум. Алаканымда Мемнунанын нийнинин орду калды. Алаканым аны нийнинен эмне үчүн кармап калбадың деп күнөөлөгөндөй болот.

— Идиштерди жыйнайын,— деген Мехнинцанын сөзү мени селт эттирди. — Дагы кофе ичесиңби?

— Апа, Мемнунага эмне болгон?

— Ал эмне болуптур? — деп апам менден жоп күткөндөй бери карап калды.

— Эч нерсе эмес. — Эмне деп жооп беремимди билбей калдым. — Ал такыр унчукпайт. Мага өңү кумсарып тургандай көрүндү.

Мехнинца чөк түшүп олтуруп, идиш-аяктарды жыйнап жаткан. Ордунан жай турду да, мени сынай карады. Анан кадамын тездетип басып кетти.

— Сен анын атасына сөзсүз барышың керек. Атасы үйүндө болсо, анда үйүнө бар!

Мен дубалдан секирип түшүп, ошол жакка жөнөдүм. Анын кызы болсо, а магачы... Болуптур, бир тууган карындашым болбосо да, боордоштон артык эмеспи. Мен алды жакка жүткүнө, бутум жерге тийбей тим эле учуп бара жаткансыйм.

Мен калитканы ачып киргенимде, аталаш агамдын кичинекей кызы — карындашым Зарфа кудуктан суу алып жаткан экен, мени көрө коюп колундагы чакасын коё бергенде суу толгон чака калдырап-шалдырап, чынжыры менен кудуктун түбүн карай кетти.

— Атаң кайда?

— Үйдө эле,— деп менин чуркап киргенимди таң кала карады.

Үйдөн жеңем менен Венрге буюрбаган пйри бут Наила атып чыгып, мени көрүп таң калышып, эшиктин алдына токтоп калышты.

Мен алар менен саламдаштым. Ал экөө менин башыма бир мүшкүл иш түшкөндөй, эки жагымдан жетелеп үйгө алып кириштн. Зарфица да жаныма чуркап келип, артыман ээрчий кызыга карап турду.

— Мемнуна кайда жүрөт? — деп мен анын үйгө келгенине көп ишене бербей сурадым. Жаткан жеримен туруп келе жатканда дарыя жердин алдына агып кирип жаткан тешик көзүмө бир канча жолу элестеди.

— Үстү жакта өзүнүн бөлмөсүндө китеп окуп олтурат,— деп жеңем жооп берди. — Анын кыялын билесиң го, эшигин бекитип алып олтурат. Бирөөнүн жолто болгонун жаман көрөт. — Жеңем үшкүрүнүп алып, мени ашканага ээрчитип кирди:—Кымбатуу Мухаммед, биздикине такыр келбей кеттиң го! Сени көптөн бери бетме-бет көрө элекмин. Паркты аралап өтүп бараткаңында алыстан гана кээде көрүп калам,— деп ал үшкүрүп койду. Чынында эле жеңемди көптөн бери көрө элек болчумун, ал семирип кетиптир — ошонусуна үшкүрбөстөн чын пейли менен бир тууган кайнисин көптөн бери көрбөгөнүнө күйпөлөктөп жатты.

Ашканага мени эмне үчүн ээрчитип кирди? Эмне үчүн Мемнунаны жашырып койду? А мүмкүн... Ошол замат менин көз алдыма жердин астына агып кирип жаткан дарыя элестей түштү.

Мен олтурган жокмун.

— Мемнунаны көргүм келет,— деп өйдө карай бастым. Ал жашаган бөлмөнүн эшигин ачайын десем бек экен. Демек Мемнуна бул жерде турбайбы. Эшигин тыкылдатайын деп алмурут дарагынын алдындагы анын өксүп ыйлаганын эстей коюп, жайына коёюнчу деп ойлодум.

— Эшигин илип алыптыр, ага жолто болбой эле коёюнчу,— деп аялдардын ортосуна барып олтурдум.

— Жеңе, айтчы ага деги эмне болгон? — деп болгон ишти билгим келди.

— Сага эмне болгонун Тахир-бек айткан жок беле? — деп жеңем таң калып мени карады да, Наила экөө бирибирин карап калышты.

— Жок, аны мен кечээтен бери көрө элекмин.

Жеңем мени карады эле, көзүнөн жашы кылгырып кетти, сөзүмө ишенген жок.

— Ох, Мухаммедим, Мухаммедим! — деп жиберди ал. — Мени күйөөгө берерде кимге барарымды эч ким сураган эмес. Азыр менин тилим менен колум байланууэмеспи! Аялдардын тагдыры ушул тура!

— Аны кимге бергени жатышат?! — Жеңемдин зарын укканда көңүлүм караңгылап кетти. — Эмнеге айтпай жатасың?

— Меникине окшоп чачы куудай болгончо күйөөгө чыкпай олтура бермей болду — деп кошумчалады Наила, анан экөөбүздүн чачыбызды бириктирип өрөбүз. Ал эртең менен Тахир-бекке Мемунаны бербей койду!

— Кимге бербей койду?

Менин таң калганымды айтпа.

Демек эртең менен Тахир-бек Мемнунанын колун сурап келген турбайбы.

— Ушундай сонун учурду кетирип, ушундай сонун күйөөдөн баш тартып! — деп Наила башын чайкады.

— Мухаммед, ал мага өз уулумдай болуп калды эле. Кантейин эми Мемнунаныбы, же Тахир-бектиби — кимисин аярымды билбей калдым! — Жеңем өзүнүн илдетин айтып жаткансып даттанды. Сен Тахир-бектин бул жерден кандай абалда чыгып кеткенин көрсөң болот эле!

— Эмне үчүн болбой койду?

— Мага өтө зор урмат көрсөттүң, Тахир-бек, деди. Билип койгун, сен падышанын уулу экөөң куда түшүп келсеңер, мен сага бермекмин! Мени — жаман көрбө — бере албайм. Сендей эле мен дагы жөнөкөй адаммын, бирок эжеси турмушка чыга электе жатса сиңдисин күйөөгө берүүгө болбойт, улуусун элге уятка калтыра албайм. Таарынбагын, эски үрп-адатты бузууга болбойт. Мурда кандай болсок ошондой эле сыйлашып жүрө берели! Ошентти да, анан Тахир-бек үйдөн чыгып кетери менен ал жөнүндө мындай деп калды: бул жеткен шумшук, көрчү биздин мээбизди айландырып, кыял-жоругун көрсөткүсү бар, пайдалуу иш кылгандын ордуна атасынын байлыгын чачып жүрөт, жер өзүнөн өзү көбөйүп жаткансып, каалаган күнү дыйкандар качып кетпей тургансып кылганын карабайсыңбы! Баш ооруганда атасына окшоп веналык докторлорду кыдырып чуркаарын мен жакшы билем! Алардын тукумунан бирөө да өз ажалынан өлгөн эмес. Мен өзүмдүн балама кантип эле жамандык каалайын.

— Мемнунаны ага эмне үчүн бербей койгон себебин

мен билемин,— деп бир жактан Зарфица чыга калды, мен башымды көтөргөн жокмун. — Эмне үчүн дегенде, ал мына момундай! Эгерде мага бирөө жагып калса, букур болсо дагы күйөөгө чыкмакмын!

— Бас жаагыңды! — деп жеңем көзүнүн жашын сүрттү.

Менин оюма бир нерсе кылт эте калып, ордуман ыргып турдум. Жеңем менен Наила артыман чуркап, колуман кармап калышты.

— Жок, жок, кымбаттуу Мухаммед, сен аны билбейсиң!.. Эх, биздин балакет бассачы, сага эмне үчүн айттык экен!

Мени агама барат деп ойлошсо керек.

— Силер мага эмне эле жабышып калдыңар,— деп мен алга жулундум. — Эмнеге эле чаң-тополоң түшүп жатасыңар? Мен Мемнунага барам! Аны ушундай абалда жалгыз калтырмак белем!

— Мухаммед, бара гой, бара гой,— деп жеңем сүйүнүп кетти. — Кудай сени биздин багыбызга жараткан! Сен анын көңүлүн ач! Сендей боорукер адамды такыр көрө элекмин!

Мен агамдын чечимин ченеп жаткансып, же эмне дээрди билбей жатам... тепкич менен шартылдап өөдө чыга баштадым.

Эшиктин туткасын тарттым.

— Мемнуна, ач эшикти!

Жооп бербей, эшикти ачпай да койду.

— Мени угуп жатасыңбы, ач эшикти дейм! — деп эшикти эки колдоп тарсылдата уруп кирдим. Болбосо эшикти сындырам! Ылдыйы жактагы үч аял былк этпей туруп калышты. Ич жакта шыбыш жок. Бирдеме болдубу деген жаман ой менен эшикти ийиним менен түртө баштадым. Эшик тарс ачылып, мен бөлмөгө учуп кирдим. Мемнуна эшиктин артында бир жакка качып кете тургансып турган экен.

— Сен ушинтип китеп окуп жаткан экенсиң да!

Мен анын колунан алып, орундукту карай жетелеп жөнөдүм.

— Олтур!

Мен ага олдоксон мамиле кылдым окшойт, антпесем болбойт эле.

— Сен ага күйөөгө чыккың келеби?

— Ооба.

Анын сол жак уурту былк эте түштү. Калтыраган колу менен тизесин кучактады, буту калтырап турду.

— Анын сага көңүлү барбы?
— Бар.
— Анда тез кийингин!
— Ой, Мухаммед байке!

Мемнуна үн катпай, кайта мостоюп туруп калды. Ачуум аябай келип, аны колума алып, көтөрүп барайын дедим!

Аргам түгөнүп олтуруп калдым. Кызык, ушунча иштин баарын аткара алам деп кантип ойлодум? — Өзүмөн-өзүм сурайм. Мемнунаны алып барып колуна салып бергендей, ал эмне ширеңке беле!

— Болуптур, Мемнуна,— тынчтандырайын дегендей колунан сыладым. — Түштөн кийин фиакрга түшүп сейилдеп келбейлиби? Гертрудага барабыз, ал сени абдан жакшы көрөт, мүмкүн жаңы китептерди алгандыр...

Башыма ушундай ой келди: Мемнунаны башкаруучунун кызына барабыз деген шылтоо менен үйдөн алып чыгам. Тахир-бек шаардын четинде бир жерде күтүп туруп, анан түз эле борборго алып кетет.

Мен ага өзүмдүн ойлорумду айтайын деп оозумду ачып келе жатып, ошол замат кайра айнып калдым. Мемнунаны карасам, кабагын карыш салып, шалкы бош, ал андайга бара албайт. Мен деле бел байлай албайм.

Бир нерсе ойлоп тапканча күтө туруш керек. Мүмкүн агамдыкына барып, билбегенин билгизип айтсамбы? Каргыш тийген чечкинсиздикти жоготуу үчүн эч кандай айла таба албай койдум. Окуп жаткан китебим жөнүндө айта баштадым... Мемнуна көңүл буруп уккан жок. Бул аракетимден да эч нерсе чыкпады. Каирден ала келген перси акындарынын ырларынан башка кызык окуяларды айтууга акылым жетпеди.

Бул үч акынды тең Мемнунаны кубанткым келгенсип, оригиналында жана арабча котормосун түшүндүрө баштадым, анан карасам келжиреп жатыпмын, анткени Мемнуна өз эне тилин гана билчү.

Ырас, ал бир акындын ырын котормосунда окуган. Ал ырды биздин котормочу, аны түп нускасы экен деп котормодон которгон. Мен Мемнунага: кел, экөөлөп которолу, мен ыр жазып жүрөм, деп шаша айттым, анын адабий табити жакшы. Ал эми Тахир-бек болсо бул ишке аттанып түшөт, ал перси жана араб тилдерин жакшы билчү.

Мурда мен чынды-калпты койгулаштырып мындай сүйлөп көргөн эмесмин. Кур бекер эле келжиреп жатканымды өзүм билип уялып кеттим.

Мемнунанын бир аз кабагы ачылгансыды; а мен эмне-

гедир өзүмдү алданган сыяктуу сездим, анан анын атасы менен сүйлөшүп көрсөмбү деген жаман ой эсиме кайрадан түштү.

Бул жерден түз эле Тахир-бекке барайын!..

Ушинтип ойлоп мен сүйүнүп да кеттим: бардыгы белгилүү болуп калган соң ал менин алдымда кайпактабайт, ошентип ал менден эчактан бери, жылан уу тишин каткандай, катып жүргөн сырлары сыртка чыгат.

Мемнунаны чыканактан алдым.

— Мемнуна, мындай кылабыз, түштөн кийин Гертруданыкына барабыз. Мен сага фиакр менен намаз окулуп бүткөндөн кийин келем. Жакшылап кийингин.

Тепкичтен ылдый шыпылдап түшүп бараттым. Мен каякка шашып баратам, мындан кандай жыйынтык чыгар экен? — деп өзүмө-өзүм суроо берем.

Менин баскан дабышымды угуп ашканадан жеңем, Наила жана кичинекей Зарфа чуркап чыгышты. Үчөө эшиктин алдына селейип туруп калышты. Эже-сиңди таң калып караса, алардын энеси көздөрүн алайтып коркунуч менен карап турду.

— Айланайын, Мухаммед уулум,— деп жеңем кыйкырып жиберди,— ал тыякта эмне болуп жатат?

— Бардыгы жайында: тынчып калды. Түштөн кийин Мемнуна экөөбүз башкаруучунун кызына барабыз.

— Жүрү,— деп ал менин жеңимен тартты. — Кофе ичели.

— Эмки жолу. — Мен үйдөн чыгып кеттим.

— Бизди унутуп калба, келип тур! — деген жеңемдин белгисиз коркунучтан калтыраган үнүн арт жагымдан угуп калдым.

Мен Тахир-бекти карай чуркап жөнөдүм. Күндүн ысыгынан эмес,— Мемнуна тууралуу ага кандайча айтам деп тердеп чыктым. Үйүнө барсам туугандары аны кийимкечектерин алып, фиакрга олтуруп борбор шаарга баруу үчүн поездге түшкөнү кеткен дешти. Тахир-бектин эч кимиси өлгөн жокпу? — деп сурашты алар менин энтигип турганымды көрүшүп.

Эми иштин баары ойрон болгон тура! Мен анын кыялын жакшы билем, биздин шаарчага эми ал такыр келбейт. Чынында эле, ал жер жүзүндөгү элеттик шаарчаларды өлгүдөй жаман көрөт, жер жүзүн болсо бир шаарча катары жек көрөт, ал эми биздин ата кошунубузду ачыктан-ачык шылдыңдап жек көрчү. Өзүн таарынткан адамга ал эч качан кечирим бербейт. Тахир-бек барып турган ыйык деген нерселерине да карабайт — жада кал-

са Мемнуна менен турган айлуу түндөн да кечип коёт. Ушундай да кербез адам болот экен ээ!

Мен үйдү карай келе жаттым.

Фехим чоң атамдын атканасынын алдында фиакрды жууп-тазалап жаткан экен.

— Түштөн кийин чоң атам менен Муфти бир жакка барбайбы? — деп сурадым.

— Жок, барышпайт,— деп жооп берди Фехим. Бул жоопко кубанып кеттим.

Фехим,— дедим мен,— түштөн кийин фиакрды даярда, башкаруучунукуна барам. — Мухаммед-бек, куп болот,— деди ал бул жерге кандай максат менен келгенимди билип тургансып, мени карап.

Биринен бири жаман деп ойлодум мен чыгып баратып. Үйгө баргым келген жок. Мойнум жар бербесе да үйгө барып кирдим.

Түшкү тамак ичип жатканда эч ким үн каткан жок. Мүмкүн алар агамдын үйүнө барганымды билиштиби, ага атам ачууланып жатты бекен? Тамакты чала-була ичип, одеял менен жаздыкты алып, алмуруттун көлөкөсүн карай жөнөдүм.

Мен Мемнунагабы же Тахир-беккеби — кимисине боор оорурумду билбедим. Деңдароо болуп чөптүн арасына түшүп, чирип калган жемиштерди карадым: мүмкүн жыш жалбырактардын арасынан ал жемиштерге күндүн нуру тийген эместир, же көркүн чыгарып көгөртүп турган суу өз убагында жеткен эместир. Ошондуктан, бутактан үзүлүп жерге келип түшсө керек. Айлананы карасам мага баары символдой көрүнүп туруп алды, жетишет, уктайын дедим.

Уйкум келбей койду. Гертруданыкына барсам деген ой тынчымды алып туруп алды.

Ал жакка барганда эмне болорун баарын билип турдум: Гертруда Мемнунаны ээрчитип сыртка чыгып кетет, а мен болсо башкаруучунун аялы менен каламын. Башкаруучунун аялы француз тилин, мен немис тилин билбейбиз, аны менен тил табышып кантип сүйлөшөм, экөөбүздүн салондо ээн калышыбыз мен үчүн жагымсыз деле эмес, бирок айлам түгөнмөк. Дудукча жаңдашып сүйлөшө баштайбыз. О, o,wie sagt man das bosnisch?[1] деп ал

---

[1] О, боснийче муну кандайча айтат? (нем.). Боснийдин эли австриялык бийлик зордуктан — босний тилин киргизсе дагы сербхорбат тилинде сүйлөшөт.

мени карап жооп күтүп туруп калат. Ал эми мен болсом эч кандай камырабай эле келесоо чалыш өңдөнүп кызарып-татарып, тердеп-кургап олдоксон түрдө минтип жооп берем:

Ja, ia, ich verstene, ich verstene[1] — деп, же болбосо тамашага чалып өзүбүздүн тилде лап эткизе сүйлөп коём.

Анын дайыма эле гүлдөр жана саякаттар жөнүндө көп сүйлөгөнү мага жакчу эмес. Анын үстүнө мектепте окуп жүргөн күндөрүн жана дагы мага тааныш эмес көрүнүктүү адамдарды кеп кылып жадатып жиберчү.

Дагы бир адаты бул аял укум-тукуму ушундай болсо керек, мени жалдырай тиктеп, кээде колумду кармагылап жинимди аябай келтирчү.

Мемнунага дал ушуну сунуш эткенимди карабайсыңбы! Эмнегедир жаным жер тартып шалдырап кеттим, уйку-соонун ортосунда жатып мурда көргөндөрүмдү түшүмдө көргөндөй болом.

Ошол учурда азанчынын үнү ушунчалык созолоно угулду дейсиң, титиреп түшүмдөн чочуп ойгонгондой боло түштүм, көз ирмемге алдыдагы жолугушуунун болоруна эч кандай шек кылган жокмун.

Кишилер намазга жыгыла баштады. Эми жөнөсөк болот.

Фехим даяр болуп туруптур. Асыл тукум аттын узун куйругун жолдо бара жатканда чаң болот деп түйүп кирди.

— Фехим, фиакрды тиги агамдын үйүн карай айдагын. Башкаруучунун кызы Мемнуна менен мени мейманга чакырган. Көрдүңбү, биз ар кандай динде болсок дагы, алар бизди сыйлап турганын! Биздин элге баркыбыз көтөрүлсүн деп бара жатабыз.

— Болуптур, Мухаммед-бек, болуптур, мен да билем!

Мемнунаныкына бара жатып, кокустан атасы келип калса кандай болот деп ойлондум. Атасы мени көрсө көп жылдардан бери үйгө келбей жүрүп, эми минтип Мемнунаны Гертруданыкына алып кеткени кандай деп таң калары бышык.

Мүмкүн бир аз күтө турсамчы? Жок, сурап калса жөн эле сейилдеп келели деп айтам.

Үйгө киргенде эле а дегенде лакталган батинке бар бекен деп карасам, иш оңдой берди болуп жок экен. Демек базарга кеткен экен да.

Мемнуна мени терезеден көрүп, Наила менен тепкичтен ылдый түшүп келе жатты. Ал жасана кийинип, мала-

[1] Ооба, ооба, түшүнүп жатам, түшүнүп жатам.

кызыл жибектен жасалган калың зарын[1] салынып алыптыр.

Фехим фиакрын айдап жолго чыгары менен атын таскактата айдап жөнөгөндө Мемнунанын көлөкөдө өскөн чөптөй кубарган жүзүнөн канат кагып уча тургансыган умтулуунун белгиси көрүндү. Биз көчөгө чыккандан кийин жоолугу менен жүзүн жаап алды: үн катпай кетип бара жаттык.

Башкаруучунун вилласы аялынын жеке каражаты менен курулган. Биздин жапайы жаратылышка ашык болгон арыкчырай аял биздин шаарчадагы курулган сонун үйлөрдү жактырбай, өзүнүн вилласын ээн жердеги жаш жемиштери гүлдөгөн, жер астына агып кирип жаткан дарыянын анча бийик эмес дөңчөсүнө тургуздурган. Мемнуна үчүн мен баарына даяр болсом да, бул жакка келатканыма эмитен эле азап чегип жатам.

Башкаруучунун аялы гүлдөрдүн ичинде иштеп жүргөн экен, ал биздин келгенибизди көрө коюп, кубанган бойдон бактын дарбазасына чуркап чыкты. Иштеп жаткан кетменин таштай коюп, мээлейин чечти да, Мемнунаны жүзүнөн өөп, менин колумду кысып учурашты. «Schade»[2], Гертруда үйдө жок эле — азыр эле тууганы, кавалериянын офицери менен сейилге кетти. Ал бизди үйгө киргиле»,— деп өтүндү: Danke, gnädige Frau[3], дагы бир жолу келгенде киребиз, биз жөн гана сейилдеп жүрдүк эле, Гертруда болсо бирге сейилдейлик дедик эле.

Мемнуна экөөбүз фиакрдын жанына келдик. Башкаруучунун аялы биздин артыбыздан, өзгөчө мени теше тиктеп карап калды.

Сейилдөө! Бул менин оюма келген эмес! Эмнегедир баары эле менин эркимен тышкары болуп жатат!

— Мемнуна, бир аз сейилдейли,— дедим мен.

Ал унчуккан жок, жүзүндө эч нерсенин белгиси жок.

— Фехим, алга карай айдачы.

Ал аттын божусун силкип койду. Шаарчанын четиндеги жолдун кайчылашкан жерине жеткенде фиакрды токтотту.

— Бек, дагы каякты көздөй айдайын?

— Өзүң каалаган жакка эле айдай берчи.

Ал эки жагын карап туруп, ыргылжың боло түшүп, оң жакты карай айдап жөнөдү.

---

[1] Зар — мусулман аялдар сыртка чыкканда жамынып алуучу жоолук.

[2] Өкүнүчтүү (нем).

[3] Сүйкүмдүү айым, ырахмат сизге (нем.).

Биз бара жаткан жол чынында эле мага укмуштай кооз көрүндү. Мемнунага да жаккан окшойт, мурдун бир аз өйдө көтөрүп, көзүн жүлжүйтүп, алыс жактан бир нерсени көргөнсүп бара жатканын байкадым.

Мына азыр биз талааны басып өтүп, балта менен кыйылган токойдун четине жете келдик. Токой алыстан көпкөк ал эми улам жакындаган сайын (мына эми балалык чагым көз алдыма элестей түштү!) жашыл тарта берет.

Үстү жагыбыздан жапайы көгүчкөндөрдүн тобу шуу деп учуп өттү, бир тобу түз эле токойду карай зуулдап жөнөштү. Мен аларды куш кууп келе жатабы деп ойлодум. Көрсө, көгүчкөндөр түнөк издеп келе жатышкан экен. Көгүчкөндөр алыс жактан учуп келе жаткан көрүнөт, ошол жакка эмне үчүн түнөп калышпайт деген оюм дароо инстинкттин сырына өттү.

Өзүн-өзү сактоо инстинкти жада калса күндүн аптабы тийип, куурап калган чөптө да бардай сыяктанат мага. Жада калса агарган акиташтын беттеринде да ысык тийген күндүн нурлары чагылышып, өзүнүн жанын сактап тургандай сезилди.

Чөптөр да, таштар да кеч кирип, шүүдүрүм болсо экен деп самашкандарын сезип турдум. Түндүн келишин чыдамсыздык менен күтүү машакаты аялдарда өтө кеңири орун алган. Түн сөзсүз келет, түн жакындаган сайын ыракаттануу сезими күчөй берет аялдарда. Күндүн күчү кайтып түнгө орун бошотуп бере баштайт. Күн кеч болуп калса да акак таштардан, түркүн гүлдөрдөн, апельсиндерден жашырып келген алтын нурларын курчутуп көбөйтүп өтөт.

Ал эми эртең таң атаары менен мына ушундай болуп түн да өз жайына кайтат. Биз күндүз да, түн ичинде да эч нерсени байкабайбыз деп ичимден күңгүрөндүм.

— Бек, жетишет го? — деп Фехим токойдун четине келгенде мага кайрылды.

— Дагы бир аз айдай түшчү!

Мемнуна дагы (башын менин ийниме коюп келе жаткан) азыр кайрылууну каалабай турат.

Түнт токойду аралап кирдик, карагайлуу токойдун ичи караңгы тартып, чайыр жыттанат. Айлана күүгүмдөнүп, бара жаткан жолубуздун улам өңү өчөт.

Мен бул байыркы өскөн дарактарды, караңгылыкка чөмүлгөн токойду карап бара жатып, өзүм да анын ичине чөгүп кеткенсийм да, дагы бир жолу бейкуттукта жаткан токойдун ичинде болсом деймин.

Бирок эмки оюм токой дүйнөсүнүн чыныгы жашоосуна бурулду: токойдун арасындагы өсүмдүктөр жашоо үчүн өз ара дайыма согушуп турат экен. Эски дарактар менен жаш дарактар күндүн көзүн көрүү үчүн (адамдын көзүнө көрүнбөй) аябай салгылашат окшойт. Дарактардын тамырлары кыртыш менен, чырмооктор бутактар менен токой ичиндеги ар түрдүү айбанаттар бири-бирин жеп жашашат тура.

Кандай кооз! — деп Мемнуна айланасын карап шыбырады.

Алдыбыздагы көрүнүшкө Мемнуна жаш баладай кызыга карап, асмандагы күндүн ар түркүн нурларына суктана берди.

Күн биздин арт жагыбызда кылкылдап батып бара жатты. Күндүн жарык нурлары түнт токойду аралап өтүп, алдыбыздагы карагайлардын учтарына шам жагып жаткансып көрүнөт, ал карацгылыкты таратып жибергендиктен бийик өскөн карагайлар акак таштай жаркырап укмуштуудай. Күндүн нуру жетпеген түнт токойдун арасына алп шамдарды жагып койгондой...

Фехим дагы табигаттын бул кооздугуна суктануу менен магдырап бараткансыйт, кээде аттын божусун аста тартып коёт. Мурда кадик болгон ат арабакечтин оюн түшүнгөндөй арышын жайлата алчылана басып, карагайлардын жарыктары көркүнө чыгарып турган эки жагына ,кооз килемдерди илип, койгондой жол менен жорголоп баратты. Түз тийип, батып бара жаткан күндүн нуру билинбей өчүп калды. Асан-үсөндүн шооласындай болгон жарыктар өчүп бара жатканда бала кезимдей болуп ичим ачыша баштады.

Чынымды айтсам, ушунун баарын Мемнунанын айынан башыман кайра өткөрдүм: анын өмүрүндөгү жарык да мына ушул тез эле өчүп бара жаткан нурлардай болуп өчүп калабы, ал болгону баары жалган тагдырдан качып кутула албастыгын көрсөтүп гана өчүп калабы.

Ордуман шарт туруп алга жүткүндүм да, Фехимдин колунан божуну жулуп алып, атты катуу айдап жөнөдүм. Мен Мемнунага кенедей да жардам кыла албагандан кийин, анда ал кур дегенде катуу бара жаткан фиакрга ырахаттансын дедим.

Менин алдымда аттын туяктары көзгө илешпей арыш керип зуулдап баратты. Фиакр бурулуштардан кырдана калып баратты. Мемнуна арт жагымдан ийнимден кармап токтотчу деп жалына баштады. Коркпогун, кымбаттуум,— деп тынчтандырдым.

— Станцияга чейин канча бар? — деп Фехимден сурадым.

Жер астындагы дарыяга баары кирип кетсе да барамын!

— Овчаровго чейинби? — деп Фехим таң кала сурады. — Кудай бар, ага түн ортосуна чейин атты канча катуу куусаң дагы жете албайбыз? Чоң атаң бизди тилдеп жүрбөсүн!

— Эмне, бул жашыруун сырды билип койгонбу? Малайлар менен дыйкандар жашыруун сырды айбандардан артык билишет.

Атты чаап, катуу айдай бердим. Эгерде түнкү поездге жетпесек, эртең мененкисине жетербиз.

— Сенде одеяла барбы? — деп мен ат айдөш жерге келип басып калганда Фехимден сурадым. — Үшүгөн жоксуңбу? — деп Мемнунага бурулдум.

Мемнуна жок!

Мен фиакрдан секирип түшүп, жол менен чуркап жөнөдүм. Биздин сүйлөшкөн сөзүбүздөн баарын түшүнүп, ал фиакрдан секирип түшүп калган тура.

Жолдо эч ким көрүнбөйт. Бир кайрылышка чейин энтиге чуркап келип токтоп калдым. Алды жактан да эч ким көрүнбөйт. Сүйкүмдүү кыздай болуп жаркырап ай да чыга келди. Мемнуна эч жерден көрүнбөйт. Ал кайсы жерден секирип түшүп калды экен? Мен эмне үчүн фиакрды кайра артка бурбай жинди немече жөө чуркадым экен?

Бактыга жараша, Фехим менин артыман фиакрды айдап келип калды. Ал дароо мага жете келди, мен фиакрге секирип чыгып, божуну колума алып, атты зуулдата айдап жөнөдүм...

Фехим күтпөгөн жерден менин колуман божуну алып, атты токтотту.

— Мемнуна тигине!

— Кайда? — Мен өйдө туруп жолду карадым. — Каякта, көрбөй жатам?

— Тигине, арыктын ичинде жатпайбы,— деп колу менен арт жакты көрсөттү.

Мен арт жагыма чуркап барсам, чын эле арыктын ичинде Мемнуна жаткан экен! Айдын жарыгында арыктын ичинен анын мала кызыл зарын көрө койдум. Мемнуна көмкөрөсүнөн түшүп, эки колу менен жер кучактап жатыптыр.

— Карындашым Мемнуна, сага эмне болду? — деп ийинден алып жулкулдата баштадым.

Ал ордунан ыргып туруп, токойду карай качып жөнөсө болобу. Мен кууп жетип кармап калдым.

— Мемнуна! — андан ары эмне деп айтаарымды билбей туруп калдым. Фиакрга күчтөп алып келип отургузсам дагы жулунуп туруп алды. Биз станцияга барбай, артка кайрылганыбызды көргөндө гана тынч алып калды.

Фехим атты таскактата айдап жөнөдү; үн катпай бараттык, үн катпаганыбыз жакшы.

Ал одеял жамынып, үн-сөзсүз олтурат. Мүмкүн ал кайра тартканыбызга капа болуп жатты бекен? Жок, анткен түрү жок. Мемнуна башынан эле чечилип сүйлөчү эмес. Азыр ал караңгылыкка чүмкөнгөн тиги токойдой болуп өзүнчө түнөргөнү түнөргөн.

Фехим фиакрды атты эңкейиш жерге келгенде да катуу айдап жүрүп олтурду.

Суюла баштаган дарактардын арасынан шаарчанын отторунун жарыгы көрүнө баштады. Биз токойдун четине чыкканыбызда айдын жарыгында алды жагыбызда тегерегн тор менен курчалган талаа уйкуга баткандай мемиреп турду.

Биз үйгө өз убагында келиптирбиз. Үйдөгүлөр Мемнунанын кабагы ачылып калганын көрүшүп сүйүнүп кетишти. Кудайга шүгүр, эми иш оңолот экен дешти. Мемнуна сыр алдырбай кабагын ачкандан кийин алардын кубанычын бузбайын деп мен дагы көңүлүмдү көтөрүңкү кармадым.

Өз үйүмө келдим. Уктап түш көрүп, баарын унутайын дедим.

Ырас эле баарын унутайын. Жаттым. Ай төбөгө келиптир, тамдын бооруна көгүлтүр жарык нурун төгүп турду. Терезенин түбүндөгү жаңгактын көлөкөсү айдын нуру аркылуу бөлмөнүн ичине, тамдын бооруна түшүп турду.

Эртең Мемнунанын атасына барып, бардык болгон окуяны, Тахир-бек жөнүндө айтып берсемби дедим. Же болбосо шаарга барып Тахир-бекти издеп тапсамбы? А мүмкүн Мемнунага таарынып калды бекен? Мүмкүн ал экөөнүн ортосунда бир чатак болдубу?

Койчу аларды,— деп Сениянын мага жазган катындагы сөздү кайталадым,— мейли баарын шайтан алсын! Менин колумдан эмне иш келмек эле. Чоң дүйнөгө — Каирге барам да, бул жерге кайрылып келбейм. Азыр уктайм, уктап эс алайын.

## 10

Бүгүн мечитке муфтийди ого бетер таарынтып албайын, чоң атамды да капа кылбайын деп гана келдим.

Намазга жыгылуу мен үчүн акырындап тиричилик салтына айланып кеткен, ошондон улам мени тыштан да, ичтен да мажбурлай турган эч нерсе жок болучу, бирок кудай тааланын барлыгын жана бирлигин, кандайдыр бир түбөлүк нерсе катары, өз жан-дүйнөмдөй сезем.

Азыр болсо, ушул сыйынуу маалында өзүмдү кудайдын алдында жалганчыдай сезем. Ошол жалганычты жанымда тургандардын баары сыяктуу эле күнүнө беш ирет намазын жазбаган адам гана чыныгы мусулман деген Курандын сүрөөсүн ичимден айтуу менен жууп кетирүүгө аракеттенип жаттым.

Бир маалда келмени өзүм аябай өздөштүрүп алган араб тилинде эмес, бала чагыбызда Мухамбед-апенди кандай үйрөтсө (обондуу мазмуну такыр түшүнүксүз, кыясы, арабча мааниси мугалимибиздин өзү да түшүнбөсө керек) ошондой кайталап жатканымды байкап калдым. Азыр аябай улгайып калган мугалимибиз киркиреген үнүн кыраатын келтире созуп, түпкүчтөй ийиле чекеси менен колдорун Мирхабдын таманына улам тийгизе сыйынуу вазивасын өткөрүп жатты. Мухаммед төрөлгөн жана динге ишенгендер үчүн бул дүйнөгө дагы жарык нурлуу түркүгү болгон Меккеге, андагы Кааба зыяратына караган мечиттин оймо-чиймеге коозделгон ушул жайында зыярат кылып жүрүп ал бир эмес, үч бейиш үчүн эмгек сиңирди го деп ойлойм.

Менин соңумда да бирөө зыярат жасап жатты, ал мага кандайдыр жагымсыз таасир калтырып, андан эмне үчүндүр жатыркоом көбөйө берди.

Мечитке мен эл көп чогулуп калганда келгем, анан бошураак орун издештирип жатып, анын ким экенин анчейин байкабай калыптырмын.

Кантип ушундай болсун, чын эле ошолбу? Менин качанаак Арифамдын күйөөсүбү?

Чынын айтсам, ал түшкү тамак убагында биздин үйгө эмне себептен келди экен? Болгондо да ылжырап мас, салбырап жүүнү бошогон, тили күрмөөгө келбейт. Эмне, Арифаны алып кетүү үчүнбү? Атам, же Арифа менен эсептешүү үчүнбү? Меймандананын жанында таяк менен башка чаап жибергендиги үчүн менден кечирим сураш үчүнбү?

Эки жагымды карай турган убак жеткенче арaң чыдадым.

Дегинкисинде, ал болсо эмне экен? Мен Мурат эмесмин да!

Адептүү, бирок каны кызуу иним Муратты мечитке кирип келе жатканымда эле көргөм. Зыярат башталганга чейин ал өз чөйрөсү болгон бектердин арасында эмес, соңку катарлардын чет жагында, кембагалдардын арасында отурган. «Жатакчылардын беги», «Камбагал», деген атка ал бекер жеринен конгон эмес. Ал ырас эле мечитке канжар менен кирдиби: курунун ич жагынан анын сабы жарк этип калды.

Менин алдымда биринчи катарда, карыя мугалимим имам Мухаммед-апендинин соңунда жашыл жибектен тигилген жука жайкы чапан кийген Муфтий зыяратта турду.

Анын желкесиндеги бош турган орун меники экенин мен азыр гана түшүндүм. Экинчи катардагы дөөлөттүү адамдардын бири дагы муфтийдин соңунда турууга акылары жок болучу. Себеп дегенде анын чапанында ишенич законун өзүнө сиңире камтыган — кудайга берилген эң такыба адамдардын мүрзөсүн жаркыратып көрсөткөндөй же, кереметтүү кыял канатындагы асыл таштын нур төгүшүндөй касиет бар эле. Мунун баарын мен мечитке кирип келе жатканымда динге ишенген кишилердин муфтийге сугула караган көздөрүнөн окугам.

Муфтий менин Каирде жасаган чыкынчылыгымды кечирер бекен? Бул ой мени ушул күнгө чейин кыйнап келатат. Чынында мунун баары муфтий үчүн болгон да. Динге ишенгендер менин мечитке киргенимди кокус көрүп калса, бир кезде мени Аль-Азхар университетине жөнөтүп жаткан кезде жүзүнөн купуя жарк эткен кубаныч азыр көрүнөөр бекен?

Анан да, өзүнүн соңунда эле, сол тарабында зыяратта турган Вепрь жөнүндө эмне деп ойлойт болду экен? Себеп дегенде, менин аталаш карындашым менен болгон жаңжалдуу жуучулуктан кийин Вепрь байкемдин мылтыгын тизесине салып тең бөлүп таштаган ошол парктагы окуяны ал дагы көрбөдү беле. Сыягы, муфтий азыр өзүнүн артында чочко, болгондо да чочконун чочкосу зыярат кылып аткандай итатайы тутулуп араң тургандыр.

А Вепрчи? Муфтийдин соңунда турууга ал кантип батынды экен! (Кантип? Анткени өзүнүн ордуна ким келип турса, желкеден алып туруп башынан алыс ыргытып жиберет).

Ошол себептүү деп болжодум мен, байкем-меймананын ээси Вепрден мүмкүн болушунча алысыраак, катардын тигил учунан орун алыптыр, менин атам да, адаттагыдай чоң атамдын жанында эмес, бир топ кишиден кийин нараак жайгашыптыр.

Балмуздакчы жана кылжың атка конгон Кунстмалар[1] байкем гана Вепрдин жанында турду.

Таң кала турган да, суктана турган да нерсе — биздин мечиттин акустикасы айрыкча кынтыксыз эле. Окуунун башталышында өзүм дайыма сыйынып турган Азхардагы мечиттин акустикасы ага такыр чендечүү эмес. Анын сырына азыр деле акылым жетпейт. Алдыбызда турган имам Мухаммед-апенди «алло акбар» деп кыйкырып-кыйкырып алып, анан курандын сүрөөсүн күбүрөп-шыбырап айта баштайт. Ошондо анын оозунан чыккандардын баары алдыңкы катардан тигил соңку катарга куду эле төбөбүздөн, же дал жаныбыздагы дубалдан айтылып жаткандай кулагыбызга дапдаана угулат; ал эми артыбыздан азанчынын үнүн угабыз.

Үндөр дубалдардын ортосунда тунуп калган кезде, динге ишенгендердин ичтен айтылган (кудайдын өзүнө гана багышталып, ошого гана угулган) сыйынуулары, өтүнүчтөрү, өкүнүчтөрү тобо кылып жалынып-жалбаруулары айлананы мемиреген жымжырттыкка бөлөйт — мындай зыяраттын өзү кудайга жагат жана анын кулдарына кечирим алып келет.

Балалык чагым менен өспүрүм кезим көз алдыма элестей түштү. Ошондо ушул өңдүү мемиреген тынчтыкта жана имам кудай тааланын атын атап үн салган учурларда мен өзүмдү куду тозок менен бейиштин тоомунда, тозоктун үрөйдү учурган дарбазасынын жана бейиштин көз жоосун алып кулпунган кереметтеринин ортосунда тургандай сезчүмүн. Анан сыйынуучулардын көздөрү чала жумулган кабактарынын үстүнөн тозоктун жалбырттап алоолонгон отун да, бейиштин гүл жайнап безенген жыргалын да кадимкидей көрүп турар элем.

Баарыбыз чогуу турсак да, ар кимибиз өз алдыбызча ойго тунуп, сыйынуунун көңүлгө дабаа болуучу керемет толкунуна өзүбүзчө батып, өзүбүзчө болуп жаттык. Ал эми ушул толкундун ичинде кандай сезимдер катылып турганын өзү жараткан бу жарык дүйнөнүн бир жеринде көзгө көрүнбөй, көр пенделерине көз салып турган алла тааланын өзү гана билет эмеспи.

[1] Кунстмалер — сүрөтчү (немис).

Анан, менин соңумда турган мобул бейтааныш адам миңдеген ийнеси менен далортомду чыдатпай сайгылап жатпайбы. Бактыга жараша дагы бир аз чыдасам, «жаннат» сүрөөсү окулат да, өлгөнүбүздөн кийин жалган дүйнөдөгү жакшылык, жамандык иштерибизди терген териштирип, кудайдын таразасына салуу үчүн келишкен периштелер Мүнкүр менен Нанкирге башыбызды оң-солго буруп, саламдашат эмеспизби. Ошондо оң жагым менен сол жагымды оцой-олтоң эле карасам болот.

Анан жалт карай берип, Арифанын күйөөсүн көрдүм. Көздөрүбүз чагылыша калды. Анын көз карашынан кандайдыр жалыныч, ошону менен бирге ишеничумуттун жышааны байкалды: менин миптип кудай менен сүйлөшүү колуман келген соң, демек баарын түшүнгөн Арифаны кайтартып берүү колунан келген керектүү адамдын өзү да сен эмессиңби деген ой көрүнүп турду!

Анын көз карашында ушундай сезим чын эле болдубу? Аны билжоого үлгүрбөй, зыяратымды улап кеттим.

Зыярат бат эле бүтүп, Мевлуддун башталышын чыдамсыздана күттүм. Мевлуд — бул кудайдын элчиси Мухаммеддин дүйнөгө көз жарып келиши тууралуу дастан.

Бирөө үн чыгарып айтып, калган эл жайына отуруп тынч угуп, анан кайырган жеринде коштоп турушат. Мевлуд — өзүнүн өзгөчөлүү ыргагы менен гусли, же эки кылдуу мондалин аспаптарынын коштоосунда юнактардын айылда аткарылган ырларын эске салат.

Мевлуд өзүнүн көшүлткөн бир түрдүү күүсү, эң башкысы — сөзүнүн эң эле тарбия-таалимчил мааниси менен мага такыр эле жакчу эмес.

Азыр болсо жагып жатат. Кайсыл себептен? Буга өзүм да таң калып турдум. Зыярат узарган сайын чыдамсызданууум улам күчөп жатканы эмнеси?

Акыры күткөн учур да келди. Каалаган нерсеңе чыдап күтсөң гана жетесиң — Мевлуд дастанынын бир сап ыры биздин котормодо ушундай.

Ошентип зыярат да аяктады.

Динчилдер аралашып кетишти, ар кимиси отурууга ыңгайлуу жай издештирип жатышты, зыярат убагында чарчап калышкан улгайган кишилер жөлөнүп отуруш үчүн дубалды беттешти.

Мухаммед-эфенди мурунку ордунан туруп, сол тараптагы бурчта турган секиин көздөй бет алды. Ошол жерден Мевлудду кантип ырдашты окутмакчы.

Кокусунан эле менде асмандан алтын жаап жаткандай сезим пайда боло калды. Кимдер кимдердин соңунан

орун алып жатышканын карап жатып, азанчы шамды кантип күйгүзгөнүн жана дубалдардагы шамдарды да жагыш үчүн шатыдан кантип түшүп келгенин байкабай калыптырмын.

Жоон май шамдар саргыч-көгүш түс менен жылт-жулт этип, сандал дарагынын жыты мурдума искеле түштү. Муну ажылар Каабадан алып келише турган. Анткени анын буркураган жагымдуу жыты динчилердин көңүлүн көтөрүп, сандыкта сакталуу турган кийим-кечелерибизге күбө түшүүдөн жакшы сактоочу.

Жыпар жыттуу бул дарактын түтүнү, темир чөйчөктүн бурчтарынан жогору көтөрүлүп, көңүлдү көкөлөтүп, жакшына жагым менен башты айландырат. Аны Фехим-арабакеч мечиттин ортосуна алып чыгып, шамдын алды жагына койгон.

Бүрккүчтү көтөргөн бала андан динчилерге кызгылт түстүү суу тамчыларын себелеп өттү.

Чыгышта өскөн сандал дарагынын аңкыган жыты кызгылт түстөгү гүл таажысы өңдөнгөн экстракт ширеси турган жерде такыр эле жок сыяктуу болуп калат. Ошондо мечиттин ичине куду эле таңкы салкындагы шүүдүрүмдүн жыты киргендей кандайдыр бир көтөрүңкү сезимден көңүл дилиң жарк этикендей боло түшөт.

Мухаммет-эфенди кырааты менен сүрөөсүн созуп, кантты тарата баштаган кезде, баарынын сезими сергектенип, ой чабыты кеңеле түшкөнсүйт.

Кызгылт түстүү суунун жагымдуу илебинен мен кокусунан эле өзүм Азхарда чогуу окуган түрү суук араб досум Хасанды эстей койдум.

Ал ыр жазчу. Билим алуу жана башка нерселер ал үчүн экинчи катарда эле. Ырларын толкунданып, берилип окуй турган. Өзүнүн ырлары тууралуу менин кандай ойдо экенимди эч качан сурачы да эмес, жөн гана окуй берчү.

Ырларынын бирин дептериме көчүрүп алгам, анан аны кайра-кайра окуп жүрүп, жаттап да алган элем.

Бул ыр — «Ребиул — еввел жадырап кирип келди», деген жаз тууралуу, жер-дүйнөнү кулпунткан ошол ребиул — еввел айы тууралуу жазылган эле. Ошонун бир үзүндүсү азыр эсиме түштү:

Ребиул-еввел баш бакканда мечитке,
Төбөсү анын шаңкайды асман өзүндөй.
Асман болсо айдың — чаркы айланып,
Боло калды жап-жарык.
Мухаммеддин энекеси — Эмина
Уулун жаңы төрөп жаткан кезиндей
Аалам шамы — күн батканда, мечиттер

Жарык берди баарыбызга түндөсү,
Газел өңдүү түн ичинде тынч алган.
Күндүз бейкут, шыбыш бербей уктаган.
Жыбырлашып жылдыздардын нур көзү
Жымың этти ушул түнкү убакта.
Пайгамбардын кызматына турмакка.
Акылдашып өз ара:
Чүрөк айдай жамалы.
Бирөө анын сулуу жан —
Куду эле аткан таң.
Таңдай болуп агарган
Эртең менен
Күндү тосуп алмакка.
Мактап кудай-
тааладан жыттуу ушул сандалды.
Такыбабыз да күңөкөрүбүз да,
Турдук кудай алдында.
Бактылуубуз да,
таалайсызыбыз да армандуу,
ушул булут — Түрмөктөлгөн
Жерден ага бара алат.
Төбөбүздөн уюлгуп,
Жан-дүйнөнү аралап,
Кызгылт суулуу,
Бул идиш — кумурасы бейиштин,
Андан бизге.
Баарыбызга — кудай таала алдында.
Күнөөлөрү жокко да,
Күнөөлөрү барга да.
Бактылууга
Же бактысы жок жанга да.
Чачат тунук тамчыларды жаңыртып,
Бейиш гүлдүн атыр жытын аңкытып
Куюлушкан сөздөрү ыйык курандын
Толкуп чыгат көмөкөйүнөн имамдын.
Андан, кийин ошол имам оозунан,
Учуп чыгып бейиш кушу ырдаган.
Баарыбызга:
Күнөкөрлөргө да,
Такыбаларга да.
Бактылууларга да
Жана бактысыздарга да.
Ыры менен кубаныч болуп куюлат.
Ребиул-аввел мечитке кирген сайын,
Дал ушундай көрүнүш болот дайым.

Араб акыны чыгарган ырдын чын-төгүнүнө чындап эле көзүм жетип, ишенгим келгендей сыйынуучуларды да, мечитти да сыдыра карап алдым.

Дегиникесинде Хасан чыны менен бир нерсени байкаган экен. Зыярат алда качан бүтсө да, эл былк этип кыймылдабай турган жеринде катып калышыптыр. Мала кызыл суунун жыпар жыты буркураган аба менин көз алдыма бир наска розариянын элесин тартып өттү; дал

төбөдө кыймылсыз тунуп турган сандал түтүнүнүн жеңил булутчасы агыш тартып үлбүрөйт, анан ошол күүгүмдө анын шамдарынан жылдыздай жалтылдаган нур төгүлүп кетет, чынында эле «төбөсү анын шаңкайды асман өзүндөй» деген ыр сабына окшойт.

Ушул убакта кулагыма өзүмдүн диний мугалимим, имам Мухаммед-эфендинин үнү алыстан чыккандай араң угулуп, тээ бийиктен бүкүрөйгөн бою көрүндү. Ал такыр эсимден чыгып кетиптир.

Ага көз токтотуп карап калдым. Ал жыгач кашаадан нары оюкчада отуруптур, бет маңдайында жашыл нооту менен тышталган Мевлуд китеби.

Китепти пайдаланбай койсо деле болмок, бирок азыр ага китеп абдан керек. Жаш улгайган кез, эсте тутуу дегениң — улам азая баштаган агын суудай, бир башаттан экинчисине эч кимге белгисиз куймалары менен уламдан-улам жылжып агып калган убак, ошол куймалар эч ким күтпөгөн жерден, каалаган учурда соолуп калышы да мүмкүн. Ошондон улам бет маңдайына Мевлуд китебин карманып олтурбайбы, адашып калган жерде жардамы тиет эмеспи. Акыйкаттын ээси, ааламдын түркүгү, ардагер жана мээрман, жакшылыгыбызга жардамдаш, кыйналганыбызда көмөктөш, кара ниеттиктен каккан, ак ишке жол тапкан кудай тааланын өзү ушул Куранда, башка бардык китептерде; биз өз өмүрүбүздө кара ишке баспас үчүн жана өлгөндөн кийин да бардык күнөөдөн арылып, аркы дүйнөдө бизге кандай жашоо туш келсе да динибизди бекем карманышыбыз үчүн курандын касиеттүү ыйык сөздөрүнө жадеп канганбыз.

Бул тууралуу Мухаммед-эфенди мусулман башталгыч мектебинде бизге жүз ирет кайталап айтканы, а биз болсок, анысы кулагыбыздын сыртынан кетип, өзүбүзчө күбүр-шыбыр болуп, калем сап менен чукулашып отурганыбыз эсиме түштү.

Азыр эле өзүм уккан бисмилла «Алланын амири үчүн» деген сөз бул жолу да кулактын сыртынан кетти. Курандын ар бир бөлүмү ушул сөз менен башталат. Динге ишенген киши кандайдыр бир маанилүү ишти ушул сөздү айтуу менен, мээрман жана боорукер Алла тааланын амири үчүн деп баштайт.

Эми мынакей, мечиттин үн текши жайылган айдыңдуу акустикасында Мевлуддун алгачкы саптарынын бир калыптагы, кусалуу күүсү термеле угулуп жатты:

Ким кудайдан тилеп күтсө жардамды,
Ыклас этет Мевлуд-пайгамбарды.

«Боснийче» которгондо Мевлуд мына ушинтип башталат, ал эми Мухаммед-эфенди болсо, аны түрк тилинде «окутат», себеп дегенде андай учурда сыйынуу көтөрүңкү маанайда угулат. «Боснийче» котормону, анын же жакшы, же начарлыгына карабай, элдин баары жатка билишет, жок эле дегенде кайталап айтып берүүгө жарашат, ошондон улам бул жерде муфтий, мен жана Кунстмалер байкемден бөлөк эч кимиси билишпесе деле түрк тилинде айтылган сөздү угуу зыяратчылар үчүн анча деле кыйын эмес. Осмондуктардын эзүүсү дагы беш жүз жылга созулса да бул жердин эли баары бир өз эне тилин жоготмок эмес.

Эгерде Мевлуддун автору азыр мына ушул адамдарды, алардын көздөрү менен жүздөрүн көргөн болсо, анда бул дүйнөдө кыйналып, азап чеккендин баары тигил дүйнөдө бейиштиң жыргалын көрөт деп Мевлудда коздоп жазылгандарды окуп жаттагыла деп жаагын жанып айтпас эле.

Ушунун өзү эң жакшы театрда отурган адам өзүн жана жан-жанындагылардын баарын, ал түгүл мезгил менен мейкиндикти да эсинен чыгарып таштаган, жан-дүйнөнү бүт арбап алган кереметтүү бир көз ирмем эле.

Мен имамдын бет алдында, биринчи катарда отурдум.

Акын Мухаммеддин энесине сөз берген кезде, анан ал төрөт алдында эмнени сезип-туйганын айта баштаганда муфтий жер карап, ал эми чоң атам болсо тетирисинче, асманга көз тикти. Бул куду эле муфтий жердеги кереметти, чоң атам болсо асмандагы укмушту көрүп турушкандай сыяктанды.

Акырында (баарынан кызыгы, тигил экөө: чоң атам менен муфтий азыр кудайдын элчисинин энесин көз алдыларына кандайча элестетип жатышты болду экен?) улуу толготуу башталды, ал анын алтымыш эки тамырын зыркыратып, жан-дүйнөсүн өрттөп кетти, ага чөйчөк, бир кумура шербет беришти, ал «кардан муздак жана аппак, канттан таттуу» ичимдик эле. Ошондо ал аны ичээри менен жаркыраган нур кучагына ороло түштү. Ошол нур арасында анын канча убак болгонун эч ким билбейт, кийин ал жөнүндө өзү минтип айтыптыр:

Аппак куш алып учканда,
Кошулду зор күч мага да.

Андан соң Мухаммед пайгамбардын энеси уулун төрөп жаткан убакта кандай кереметтерди көргөндүгү жөнүндө айтыла баштаганда чоң атам көз жашын ирнде

алаканы, анан кол жоолугу менен сүртүп алды. Бул анын Мевлуду болучу. Ал аны ар жыл сайын динчилер Каабага жөнөгөн күнү окута турган.

Ал эми кудайдын өкүлүнүн энеси мына буларды көрүптүр: үйдүн ичинен чагылганга окшогон бир нерсе жарк этс учуп чыгып, анын соңунан жаңы төрөлгөн ымыркайдай кереметтүү жарык шоола чыгып, тээ бүт асманды нурдантып жибериптир. Анан, бейиштен periште учуп келип, гүлгө безенген талаа бетине ымыркайга деп... төшөй коюптур. Ошол көз ирмемде үйдөн үч туу желбирей көтөрүлүптүр. Бирөө күн чыккан тараптан, экинчиси күн баткан тараптан, ал эми үчүнчүсү, Каабанын үстүнөн. Асмандан эсепсиз көп периштелер учуп келишкен экен. Жарык дүйнөнүн бүт булуң-бурчунан Каабага келишкен миллиондогон зыяратчылардай алар үйдү курчап алышыптыр.

Дубалдар кыймылдап жылып кетти, ошондо бейиштин үч нур кызы (периси) бул дүйнөдөгү эң бактылуу энеге анын кимди төрөгөндүгү жөнүндө айтышты.

Пайгамбардын төрөлгөндүгү жөнүндөгү баянды баштоонун алдында азанчы жаңы сандал дарагынан отко салып койду эле, жыпар жыттуу түтүн мечиттин төбөсүн көздөй чубалжыды. Дүйнө жаралгандан берки жана акыр заман болгонго чейинки эң улуу окуянын урматына таазим кылышып, бардыгы тикесинен тик турушту.

Ыр боюнча алганда «шаттуу жаралышы» «жер-дүйнөдө жаралгандардын» тээ түпкүрүнөн чыгып жаткан «мархабатты» — кудайдын сүйгүнчүгүн «жандуулардын» баарынын куттуктоосун Мухаммед-эфенди кардыккан үнүнүн жетишинче кыраатына келтире айтып жатты:

Мархабат сага,
Улуу ханым мархабат!
Мархабат сага,
Акыл-шамым, мархабат!
Мархабат ай,
Ар кимдин зыяраты өзүндө,
Мархабат, ай,
Кудайдын мээрими өзүңө!
Мархабат,
Жандууга, жалпы, мархабат...

«Мархабат, мархабат, Мархабат»,— дешип зыяратта тургандар кээлери күбүрөшсө, кээлери шыбырашып, дагы бирөөлөрү катуу күрсүнгөн шооратта кайталап жатышты.

Биринчи катарда тургандардын ичинен мынча катуу күрсүнүп жиберген ким болду экен?

Байкашымча, бул менин атам көрүнөт. Ал жонуна бир

нерсенин күп этип түшүшүн күткөн сыяктуу үңкүйүп отурат, жүзүндө ыштаалуулук, өйдө жагында кимдин тургашын кароого батынбаган сыяктуу көздөрү жумулуу.

Мүмкүн, кудайдын өкүлү-кудуреттүү пайгамбар ырдалып жаткан ырдын ичинен чыгып келип, анын жанына туруп калгандыр; ал баштан аяк нурга бөлөнгөн, ошондон улам жерге анын көлөкөсү да түшпөйт, анан дагы ал «кайда гана барбасын, анын баш жагында үлбүрөгөн ак булут», «жел желип этип өтсө, чачынан жыпар жыт аңкыйт». Ооба, «тери да роза гүлүнүн жыпарындай бурукsуган», «ал отурары менен курма жемиши мөмөсүн алдына жайнатып төгүп берген», бул жарык дүйнөгө келээри менен биз биринчи кезекте «кулдук уруп тобо кыла» турган ыйык пайгамбар ошол.

Мен бул нурду бир жолу көрүп калдым. Ал тууралу башкаларга айтсам, эч ким ишенбеди. Ал эми менин азыркы сүрөттөп жазып бергеним, өзүмдүн ошол убакта көргөнүмө дегеле караандабайт.

Баарынан таң каларлыгы — «куду эле» деген салыштыруунун мага азыр өтө зарыл болуп тургандыгы, анан дагы бир нерсе жөнүндө жөндөп айтып берүүгө кудурети жетпей «кандай экенин да билбейм» деген бала сыяктуу сезим-туюмда калгандыгым болду.

Энемдин айтымында мен анда үч жашта экем.

Бир жолу өпкөмө суук тийип ооруп калгам, өзүм да аябагандай оорукчал болчумун. Ошол себептүү баары менден күдөр үзүп коюшуптур.

Кыясы, менин аң-сезимимдин түйүлдүк абалы бүткөн көз ирмем ошондо келди көрүнөт. Мен бөлмөгө түшкөн жарыктын шооласынан бир нерселерди кармалап (кантип жана кайсыл убакта төшөктөн туруп алганымды өзүм да билбейм) тамтаңдап басып бараткам. Анын эмне болгон жарык экенин сүрөттөп жазуу эч мүмкүн эмес. Сыягы, бир нерсе деп кыйкырсам керек, анткени дароо эле энем жүгүрүп келип көтөрүп ала койду. Анын көзүнөн, жүзүнөн кубаныч шооласы чачырап турду: Айыгып кетти! Кайрадан төрөлдү!

Ошол нур жана аны сезип-туюну кайрадан да башыман өткөрүүгө көп жолу аракеттенгеним азыр эсиме түштү.

Өзүбүздүн алмурут багынын алдында жаткан убактарда, бала кезде да, андан соң өспүрүмдүккө жеткен курагымда да август айынын көрктүү асманын, андагы жыбырап толгон жылдыздарды, алардын түстөрүн, чоңдугун, кичинесин, жымыңдап көз кысканын кайра-кайра

карай берчүмүн. Бирок өзүмдүн ошол нурумду андан кийин эч качан, эч жерден көрө албадым, жерге түшүп келатып, үстү жагымдагы туңкуюк караңгылыкты бөлө чапкандай жарк эткизген ошол жылдызды да көрө албадым.

Бир күнү жайкы добул биздин чарбагыбыздын үстүнө чагылганын чартылдатып, нөшөрүн төгүп өттү. Тоолор солк этип, терезелердин айнектери шыңгырап кетти. Коркконумдан жуурканга чүмкөнө жатып, чартылдап күркүрөгөн асмандан так эле биздин үйдүн бет маңдайында кыпкызыл болуп жалбырттаган табактын «түшүп» келатканын көргөм. Бирок бул алиги нур эмес эле.

Эми мына, азыр да, мечитте туруп мен аны тигил шамдардан да, мечиттин иймейген шыбына тартылган жылдызчалардан да, сандал түтүнүнүн агыш булаңгырланган жарыгынан да сезип-туя албадым. Менин баамымча өзүм көргөн нур пайгамбардын энеси уулун төрөр алдында көргөн нурга көбүрөөк окшоштой туюлат.

Динге ишенген ар бир адам (жалгыз эле мен бекенмин?) албетте, бир убактарда өз нурларын көрүшкөн, эми аны Мухаммед пайгамбардын энеси Эминанын нурга чөмүлгөн кейпинде көрүшүүдө, ал болсо уккулуктуу ыргактан кубулжуп тургансыйт.

Чыныгы артисттин жан-дүйнөсү аркылуу өткөн нерселер көзүнөн кадимкидей көрүнүп турары чындык болсо, анда динге ишенгендердин баары артисттер. Мындагылардын баарынын, ошондой эле, менин каирлик балмуздак саткыч байкемдин көз караштары өздөрүндөгү ички дүйнөнү гана айтып турушту.

Даңазалап мактай турган сөз али алдыда, Мираджа деп аталган, Мухаммеддин төрөлүшү жөнүндө баяндаган ырга кошулган кыстырмада. Ошол Мираджада Мухаммеддин кудай менен жолугушуусу жөнүндө да баяндалат.

Менин урматтуу Мухаммед-эфендим такыр эле ал-күчүнөн тайып, өзү турган текчеден төмөн түштү, ал эми Мираджаны биз менен кайталоо үчүн жергиликтүү кожо Садик-эфенди анын ордуна чыкты. Шаар элине жакшы белгилүү бул адам (ал кыязы Каирде да болсо керек)! улам барган сайын коңгуроодой шыңгырап ачыла берген үнү менен угуучуларды мемиретип коё турган.

Бала бизге дагы бир жолу кызгылт түстүү сууну чачып өттү, ошондо мен мына ушул коюумал тунук кызгылт экстракт мени асманга алып учкандай жеңилдикти сездим. Анткени Мираджанын шарты боюнча асман бардыгыбыз үчүн шаңкайып ачылып кеткен эле.

Садик-эфенди бейиштин жыргалын ырдап жатты. Алла-таала өзүнүн элчи-периштеси Жебраил-Гавриилди ошол убакта кыркка чыгып калган Мухамедди алып келүү үчүн жерге жөнөттү. Жебраил Мухаммедге бейиштин кийимдерин кийгизип, анан аны бейишке алып жөнөдү.

Бул жерде, бейиштин жайытында бейиштин канаттуу тулпарлары жайылып жүрүшкөнүн экөө тең байкашты. Бул тулпарлардын көзүнөн жаш мончоктоп агып жатат. Жебраил андан минтип сурады: «Эмнеге ыйлап жатасың? Эмне үчүн жолдошторуң өңдүү арыш ура жүгүрбөйсүң?» Кайгылуу тулпар болсо минтип жооп берди: «Ушинтип ыйлап көз жашымды төгүп жүргөндөн бери миңдеген жылдар өттү. Качан, кайсыл жерде экенин билбейм, күндөрдүн бир күнүндө асмандан кимдир бирөөнүн Мухаммед дегенин уккан элем. Ошол көз ирмемдин дал өзүндө Алла-тааланын элчисин көрөйүн деген каалоом жүрөк-дилимде кайнап кетти. Анан ошондон бери кантип жашап жүргөнүмдү да билбейм, жонума оор жүк орноду да калды, өзүмдү бейиште эмес, тозокто жүргөндөй сезем, эгер кудай буйруп акыры Мухаммедди көрө албасам, «бу бейиштиде жашоодон да аша кечем».

Жебраил ошондо Мухаммедге мындай деди: «Бул сага кудайдын ыракымы менен келген белек экен. Өзүңдү миңдеген жылдар бою күтүп жүргөн канаттуу тулпарды токунгун».

Мухаммед анын айтканын дароо аткарды, толкунданган пайгамбар, Ааламдын туңгуюгунда миңдеген, миңдеген жылдар бою кол жеткис буртук болуп айланып жүрүп, анан өз убагы келгенде, күндөрдүн бир күнүндө адам кейпинде жер үстүнө түшүп келген кудайдын ошол өкүлү бактысы ачылган тулпарды токуп минип алды.

Садик-эфенди андан ары дүйнө жаралгандан Мухаммедге чейин кудай таала жерге жиберген бардык өкүлдөрүнүн жашаган орундарын айта баштады. Иса-Иисус, Муса-Моисей, кудай тааланын калган башка бардык өкүлдөрү ага таасим кылышып, ал түгүл ага арнап тобо айтып сыйынышкан экен.

Андан соң Жебраил Мухаммедди Сидретул-Мунтехке— адамдын дүйнө таануу билимин символдоштурган чектин Лотосуна алып келди. Ал кудайдын өзү башталган, бир адамдын да буту баса элек бейиштеги чек эле.

Жол баштаган периште ушул жерден тык токтоду, антпесе ал тозоктун отуна түбөлүккө күймөк, анан, киргин дегендей Мухаммедди алдыга коомай түрттү. Ошондо чини жогору периштенин бири Рефреф учуп келди да

«жер падышасы» деген атка ээ болгон пайгамбарды кудайга алып жөнөдү.

Эми өтө жооптуу, толкундуу учур — кудай менен канчадан бери жылдыздар арасында белгисиз бүртүк болуп сүзүп жүрүп, адам кейпинде жерге түшүп келген жана ошол түрүндө көзгө көрүнбөгөн кудай алдына барган пайгамбар экөөнүн маектешкен учуру башталды.

Кудай таала Мухаммедге: «Сенин жүзүң менин жүзүмдүн күзгүсү»,— деди да, жерде жашаган элдин баарын анын карамагына өткөрүп берди...

Садик-эфендинин күмүштөй шыңгыраган уккулуктуу үнү мечиттин төбө жакты ийилме алкагына жаба куюлуп, ал жерде көпкө зыңылдай толкуп турат. Ошондо мен өзүмдү бала кезимдегидей селкинчекте термелип жаткан сыяктуу сезем...

Ал селкинчек азыр жок, анткени ал байланган картаң алча алда качан кыйылып жоголгон. Мен селкинчекти катуу күүлөнүп тепкенимде бутум чоң атамдын ат сарайынын чатырына чейин жете турган. Анан ушул жерде, чатырдын кырына улам күүлөнүп жеткен сайын мен түшүмдөгү тез-тез учуунун жан жыргаткан учурун бүт жан-дүйнөм менен сезе турганмын. Селкинчек гана өңүмдөгүдөй болучу.

Биерде тургандардын көздөрү менен жүздөрүндө Садик-эфенди аларды өзүнүн үнү менен биздин кудайчыл шаарчабызды Сидретул-Мунтехке чейин, нары жагында эле кудайдын өзү турган бейиштин ошол чегине жеткире көтөрүп койгондой шаттуулук байкалып турду.

Баарынын көңүлдөрү ачык, көтөрүңкү маанайда эле. Анан Садик-эфенди биздин Мевлудду кудай тааланын кабыл алышына багышталган сыйынтты араб тилинде окуп бүтүп моюндагы пендечилик күнөөнү жууп жаткандай алаканын жайып бата кылганда, баарыбыз аны жапырт кайталадык.

Вепрь Муфтийдин жанына келди. Колун кыса кармай берип, кучактап калды.

Алар эч убакта чатакташа элек болучу. Анткени суу менен майдай экенин баары билишчү. Вепрдин оюнча, муфтий «бир чымындын үстүнө конгон экинчи чымынды» көрө албаган ичи тар неме болучу». Диндин бекем түркүгү болуп туруп тозоктун тигил дүйнөдө гана экендигине кейиген неме» эле. Вепрь деген кошумча ысымды да ошол Муфтийдин ойлоп тапканын Хрустем-бек биле турган.

Эки бир тууган — өзүмдүн атам менен мейманкана-

нын ээси байкем экөө кучакташып өбүшө кетишти. Кимиси биринчи болуп басып келгенин байкабай калыпмын, бирок экөө ыңгайсыздана кучакташып турушуптур.

Андан кийин Вепрь менен байкем, нйри бут Наиланын атасы бири-бирин кыса-кыса кучакташты да маңдайлаша шопоюп-шопоюп туруп калышты. Ошол маалда Вeпрдин Наиланын атасынын мылтыгын тизесине уруп сындырып таштаган парктагы ошол окуя күтүлбөгөн жерден көз алдыма тартыла түштү. Бир нерсе болорун сезгендей күтүп калдым. Вепрь Наиланын атасына колун сунду эле, тигил аны кыса кармады.

Эшикке чыгып баратып дагы бир нерсени байкадым. Қанкор жана мурдагы абаккор Сенияны колун өжөрлөнө сурап жүргөн төкөр Сулайман-бек менен Сениянын уруксуз өгөй атасы кол кармашып баратышыптыр. Ушундай да болот экен ээ? Мен астыга суурулуп чыктым: Ырас эле ошолор, бир нерсе жөнүндө маектешип баратышат.

Мевлуд тышта улантыла баштады. Шамдардын ордуна тоонун нары жагынан жаңы эле баш баккан толук айдын шооласында мечиттин өзү аппак болуп жаркырап турду. Сандал менен розанын ордуна мечиттин айланасында жайнап турган гүлдөрдүн жагымдуу жытына аралашкан бузинанын жыты буркурап мас кылат. Садик-эфендинин үнүнөн башка кандайдыр бир мемиреп жыбылжыган, ачык көгүш нурга боёлгонсуган шоорат учу — аягы көрүнбөй толкуп тургансыйт.

Ушунун баарын Тахир-бек көргөндө эмне!

Зыяратка келгендердин ичинен Арифанын күйөөсү менен Мурат тигиндейпрээк окчундап чыгышты. Тигил колун Мураттын ийнине коюп алыптыр. Эмне деп жатты болду экен? Жалынып-жалбарынат да, башка эмне демек эле? Ооба, ал Арифага айткыла, үйгө кайта келсин, эми турмуш башкача болот деп баарына эле жалынып жалбара берет. Мурат деле эч нерсе дей албайт го, кыясы.

Кишилер азыр жана мечитте тургандай болбой өзгөрүлө түшкөн сыяктуу. Эмне үчүн? — деп мен мечиттен чыгаар алдында бутумду кийип жатып өзүмдөн-өзүм сурадым.

— Уят! — жанымда бутун кийип жаткан Кунстмалер байкем күңк этти. Мечит имиш дагы?! Мына бу кызыл-тазыл неме, боёктор, мына бул сөздөр?! Мечит эмес эле, музоокана! Актап жаткан кезде Муфтий анын кенедей жерине тийбегиле деп айтканын уккам. Түкүрдүм, ошонусуна! Көрөрсүң, мечитти мен кандай кылып коюздор экенмин, тим эле кирсең чыккың келбей калат!

Муфтий көрүндү.

Мен анын жанына барып, колунан өптүм. Ал менин башыман сылагылады да, күрсүнүп койду.

Кунстмалердин каякка жылт койгонун билбейм, анан мен чоң атамдын мунарасын көздөй жалгыз жөнөдүм.

Ал жерде азыр көп эл чогулуп тамак ичилет. Кайдан-жайдан пайда болгону белгисиз Мемнунаны Тахир-бекке бердирүүгө байкемди көндүрөм деген үмүт менен ашыгып келем, анын шылтоосу юридикалык жактан чатышып калган Арифанын ишин жөнгө кантип салуу керек деп муфтийден, же кадийден чекмелеп сурап көрүшүм керек.

Мунаранын аппак дубалдары ай шооласына айкаша жанып турат, эгер бардык кабаттардагы терезелерден жарык балбылдап күйбөгөндө үй аппак жарыктан көрүнбөй да калышы ыктымал эле. Бала кезимде Фехимдин түндөсү жер астындагы дарыядан балык уулоого узатып барчуда ошол жаккы талаадан бул үй мага куду азыркы көргөнүмдөй көрүнө турган. Эгерде көзүңдү чала жумуп карай турган болсоң терезелерден чыккан жарык асман айдыңында балбылдаган жылдызга окшоп, жыш да, жаркырак да болуп көрүнчү. Бала кезде Мухаммед-эфендинин айтымына ылайык, асман шаңкая ачыла берип, Мухаммед-элчиге кудайдан биринчи кабар келгенде так ушундай болсо керек деп өзүмчө элестете турганмын.

Күндөрдүн бир күнүндө, рамазан айынын жыйырма жетинчи түнүндө, дүйнө жаралгандан бери карай эң чоң окуяны даңазалап мактап келаткан ошол түнү бир топ балдар, кыздар, арасында мен да бармын, мунаранын эң жогорку кабатындагы төрт тарапты тең караган терезелердин түбүнө отуруп алып асман кантип ачыларын көрүү үчүн күтүп отурдук. Асманга көздөрүбүз өтүп, канча тешиле карасак да ал ачылган жок. Ошондо Арифа мунун себеби балдардын ичинен кимдир бирөө эртең менен бутун кийип жатканда шарияттын салтына жараша ириде оң бутун эмес, сол бутун кийгендиктен болуп жатат деп түшүндүргөн.

Мунарага кирип жатып, өзүмчө жылмайдым да, ириде оң бутумдагы туфлийди чечтим. Буюм-тайымдарды дароо таанып, куду жаңы эле ойгонгондой болдум. Ай нурунун агыш шооласына каныккан көздөрүм көптөгөн керосин лампаларынын кызгылт-саргыч жарыгына зорго үйүр алды.

Жан-жагымда куду аарынын уюгундай кыжы-кужу түшкөн көп эл. Бүт мечит көчүп келген сыяктуу, дале келгендин үстүнө келип жатышыптыр. Малай кызматчы-

лар кыйма-чийме жүгүрүп, келгендердин колдоруна суу куюп, кол аарчы берип далбастап жүрүшөт. Тепкичтер кычырап, түрсүлдөп, эл бака-шака, тамакты бардык кабатта беришет.

Ар кимиси каерде отурарды да, ким менен отурарды да биле турган. Мен эң жогорку кабатка, диванканага чыгып келдим. Бир нерседен кол жууп жатканга окшогон көңүл чөгөттүк кокусунан эле кайдан пайда боло калганына акылым айран. Мен тепкичтерден тез-тез басып чыга баштадым. Бир убактарда, бала кезимде алыскы талаа үстүнөн кичинекей токой поездин — жүрүп баратып өз соңунан кандайдыр өзүм эңсеп, бирок ыракатын ала албай жүргөн айрым шаттыгына окшогон уюлгуган түтүнүн калтырып өткөн вагондорду сүйрөгөн локомотивди көрүү үчүн ушул тепкичтер менен жогору жүгүрүп чыгаар элем.

Диванхананын так ортосунда күмүш жалатылган тамак ичүүчү чоң стол турат. Ал айрыкча учурларда гана ортого коюла турган. Андан пашалар менен кадимки Аликапитандын өзү тамак ичкен дегендерин уккам. Диванхананын айланасындагы башка бөлмөлөрдүн баарында чаканыраак столдор коюлган.

Тепкичтен кызарып-татарып, энтиккен меймандар көрүнө баштады. Малайлар чоң, кичине табактарды ташып келишип, дубалга жакын узатасынан коюп жатышты. Алардын арасында муздатылган тамактар, таттуу жана ар түркүн жемиштер бар эле. А ысык оокат, тамак ичүү башталган кезде гана бериле турган.

Бир көз ирмемче убакта Каирден жаңы келген кезде бала чагымдын өлкөсү болгон чоң атамын тоосу менен биринчи жолу кандайча жолугушканым сонун бир окуядай эсиме түшүп кетти.

Баары баягыдай эле: тоонун жапырыла жапыс өскөн калың чөбү, саргыч-кызгылт, жашыл түстө кулпунган өзүм атын билбеген гүлдөр, мелмилдеген толкун болуп төгүлүп жаткан жаңы чабылган чөп, көгүлжүм асманда жай калкыган карчыгалар. Тоо гана азыр башка, дүркүрөп өскөн дүйнөгө чөмүлүп, термелген сыяктуу толкуп жатат. Бала чагыбызда бул жерде биздин тообузду ээлеп алуу үчүн чек арадагы суудан өтүп келишкен коңшулаш «падышачылыктын аскерлери» менен салгылаша турганбыз. Тээ бийикте болсо торгойлор таңшып, а биз болсок рогаткага таш салып атышып, анан билегибизди түрүп коюп, бири-бирибизге качырып сала берчүбүз.

Мен кайтып келгис жоготууну сезгендей — ыңдыным өчө түштү.

Азыр деле ошондогу бала чагымды каалап турдум. Мына бул тамак да, жайнаган дасторкон да чыныгы юнактардын ырларынан чыккансыган адамдарга тымызын көз салып караган кездегидей болсо деп эңсеп кеттим. Анда мен тамактын түрлөрүн эсептеп, анан баарынан кимдин тамакты көп жээрин байкап, айткан сөздөрүн тыңшап, эң башкысы — жомокчу-ырчы Хилми-бектин эки кылдуу мандолинди колго алып, юнак ырын созолонтуп ырдаганын угуп отурууну жакшы көрчүмүн.

Мынакей, мен азыр да алар менен чогуу отурамын, бирок азыркы ордум — өзүм көптөн көнүп жана сүйүп калган жерде: элдин чок ортосунда. Тамактан столдун үстү кайкалап эле калды. Санасам: туура жыйырма үч түркүн тамак бар экен. Ачуусу менен таттуусу да, жер-жемиши менен сүттөн жасалган тамактар да, өсүмдүктөр менен эттен жасалгандар да, ачкылы менен суусундуктары да, орозо маалында жей тургандар менен майлуу тамактар да, деги баары жайнап көз жоосун алат. Туздуурагы менен таттуусун бир табакка куп жараштырып, даамын келиштире бергеничи. Саал бөрсөйө кызарып бышкандары да аңкыган жыты мурунду жарып өткөрө куурулгандары да бар. Жыты сонун, жанга жагымдуу ыракат берген бул тамактарды ашпозчулардын эң мыктысы Нена менен Сения жасашып, Чыгыш ашканасынын бүткүл байлыгын, Осмон мамлекети бизге тартуулагандыгын жана биздин жер байлыгыбыз өзүнө сиңирип алгандан баарын берекесин чача, көркүн ача дасторкон үстүнө жайнатып салышкан.

Малдаш урунуп отурушуп, чыгыш каадасынча кандайдыр кооз кыймыл жасап, колу жана кашык менен ар бир тамактан ооз тийип жатышты.

Бул жолу да юнак балдар ырларында айтылган тамакты көп жегендиги жагынан атагы чыккан өзүмдүн башкы каарманымды таап алдым. Ал бизге Мухаммед менен кудайдын биринчи жолугушу тууралуу Мевлуддан ырдап берген Садик-эфенди болчу.

Ал табактагы тамактардын тез алмашылып жаткандыгына итатайы тутулуп, ачуусу келип жатты. Өзүнүн тамаксоолугун байкатпас үчүн жакшы ыкма таап алыптыр; ириде тамактын даамын көрүп жаткандай кашык менен азыраак сугунуп алат да, анан оозуна дароо экинчисин узатат. Ал эми кезек халвага келгенде аны аярлай кармап туруп, алаканына толтура лак эткизе салат да, куду көз боочу- сыяктуу көз ачып-жумганча оозун көздөй узатып жиберет. Деги булардын баары каягына батып

жатат? — деп таң калдым мен. Тамакты кимдердин көп жээрине өзүнчө кубанып таңкалган баягы теңтуш баланын жоктугун карабайсыңбы.

Тамактан соң баары сөрөгө чыгышып, кадимки бурсан килемдеринин үстүнө жайылган жумшак жаздыктарды, жайнамаздарды чыканактап жамбаштай кетишти. Кофе ичишип, тамекини тереӊ сорушуп кээ бири ыракаттана түтөтүшүп, ой-санаалары ордуна келип үргүлөй башташты. Муфтийге баарынан мурда берилген кальян[1] суудай чулкулдап жатты. Кимдир бирөө кекирип жиберди, ага дагы бир тобу кошулушту. Анткени кекирүүнүн мындай жерде эч уятчылыгы жок, кайра тамакка жакшы тойгузган үй ээсине ыраазы болгондук катары бааланат. Жанаша отурушкандардын өз ара акырын сүйлөшкөндөрү угулуп турду.

Мобул Али-капитандын кылычын наместникке тартуулабоо керек,— деген муфтийдин чоң атамды үгүттөгөн сөзүн угуп калдым. Ал аны дубалда илинип турган куралга карап туруп айтты: Бул жөнүндө сага канча жолу какшайт!

— А тартууласа эмне болот экен! Анын көзү ушуга түшүп жүрөт. Ал жаман деле киши эмес, биздин жерде туулгансыган, дурус неме!

— Акмак! деди муфтий. — Эгер бул кылыч алардын башынын канчасын кескенин билсе, ал мунун бырын- чырынын чыгарып салат!

Мен дубалга карай калдым. Али-капитандын куралжарагы күңүрт шооланын жарыгында нурданып көрүнөт. Анын катарында намаз окуган жайнамазы да илинүү турат.

— Хилми-бек мандолинаны колго алды. Ал Веирге окшоп алп киши эле, бирок Веирдин көргөн-бакканы аял заты болсо, Хилми-бек ырга жакын болучу.

Анын үйү тоонун ары жагында, көк-жашыл тарта мелмилдеген суунун жээгинде эле. Ал азыр артка кайтып кеткен, бирок андан ары эч качан чегинбешке ниеттенген империянын ортосундагы чек арада солдат катары кызмат өтөйт.

Хилми-бек өзүнүн чалдыбары чыккан турак-жайынан быяк-тыякка көп чыкпайт. Үйүнө колу жеткен жерден эки динди туткан ырчылардын баарын чакырып, ырларын

---

[1] Кальян — Чыгыш элдеринде чылым чегүүчү аспап: тамекинин түтүнү суу толтурулган идиш аркылуу өтүп тазаланып чыгат.

угуп, аларга өзүнүкүн да ырдап берет, кимдин ыры турмуштун өзүндөгүдөй экендиги жөнүндө алар менен талашып-тартышат, анан өз ырларындагы бир нерселёрди өзгөртүү же алып таштоо, же кошумчалоо жагына келгенде ага такыр тыюу салып коёт. Аны өзүнө ылайыктуу ишти кылбай жөн эле колоктоп жүрөт деп эсептешчү, поместьесин кароосуз таштап койду, старосталар колго илинген-дин баарын талап кетишти. Эгерде атактуу ак сөөк урусунан чыкпаганда, анан да эсепсиз байлыктын ээси болбогондо өзүнүн эле тууган-туушкандары ага томаяк катары мамиле кылышмак, анын үстүнө ырчылар менен каны-жанынан бери аралашып кеткендиги үчүн аны аябай жек көрүшчү. Себеп дегенде өзү бек болуп туруп, ушундай кунарсыз, уят иштерге булганып, өзүнүн атактуу ата-тегинин арбагын кордоп жаткандыгы үчүн аны көргүсү келишчү эмес.

Аиткени менен анын ырын баары жыргап угуша турган.

— Азыр жаңысын угасың. Жакса, оюңду айткын,— деди мага мандолин кылдарын кыңгыратып жатып. — Сен нагыз чыккынчысың! Сасыган Капрге кеткениңден бери менин ырларымды маанисин бузбай өз калыбында жаза турган эч ким жок. Аларды азыр кандайдыр бир ырчы чириктер короздонгон көйрөңдөрдүн көңүлүн көтөрмөкчү болушуп ырдап жүрүшөт.

Ал «чириктер» деген сөздү орундуу тапты. Кара өрүктүн жерге түшүп чирип калган жемишин ошентип аташат эмеспи.

Анын ырларын жакшы билем. Көптөрүн жазып да алгам. Ал аны өз чыгармачылык дүйнөсүнөн жана эл арасындагы түгөнгүс кенчтен сузуп алат. Анан да кимдир бирөөлөр, мейли кандайдыр кичине эле нерседен аны менен макул болбосо жин ургандай ачуусу кайнап кетмейин да бар.

— Мага Остояны чакырчы деп кыйкырды мандалиндин капкагын сылагылап, меймандарга кофе ташып жүргөн малайына.

Сүйлөп жаткандар тып басылышты.

Баары бирин-бири карап калышты. Вепрь күрсүнүп, муфтий кабагын чытыды.

Остоянын ким экендигин баары билишчү. Ал Хилмибектин малайы, өзү ырчы эмес эле. Экөө такыр ажырашчу эмес. Мен аны төмөн жактан, малайлардын арасынан көргөм.

— Ай, кудайдан коркчу, Хилмо. Остоянын эмне кереги

бар сага. Бул жер сага кара тамандардын айылы эмес да — деди, чоң атам таң калган кыязда.

— Кеп ыр жаатына өткөндө ал сөзсүз кара тамандардын айылы болот,— деди Хилми-бек мандалинди черте баштап.

Мен ордунан туруп кетип калбас бекен деп муфтийди карадым. Жок, кетчүдөй эмес, эмне болуп жатканын көргүсү келбегендей, башын ылдый сала туруп калыптыр.

Гуслячан Остоя көрүндү.

Ал тепкичтен чыга берип, андан бери басууга батынбагандай токтоп калды. Башынан шапкесин алып, эңиле жүгүндү да, диванхананын бурч жагына кадам таштады.

— Быякка, быякка! — деп кыйкырды Хилми-бек сөрөдөн өз жанынан орун көрсөтүп.

Куду уккан кулагына ишенбегендей, анан да өзүнүн баягы эле ак чачтуу карапайым гусляр экенине ишенбегендей өтө ыңгайсызданып диванхананы аралай басты, чын эле азыр өзү Хилми-бектин жанына түркчөсүнөн малдаш урунуп олтурмакчыбы. Шапкесин кайда катаарды билбей калдастап калыптыр. Өзүнүн жаман буту менен килемди булгап койсочу, анан шапкесин астына коюп отура кетти.

Хилми-бек аспапты дыңгыратып, ырды өтүнүч-чакырык ыргагы менен баштады:

> Непочин чокусунан айтып ураан,
> Серхатка чакырат юнактарды:
> Силер калдыңарбы болуп дүлөй?
> Көзүңөр калдыбы же такыр көрбөй?
> Болбосо угулбайбы,
> кудайдын укканбыгы!
> Көрүнбөйбү — кудайдын көргөнү аны!
> Деңиз жактан келүүчү душман каары?

Баары кулак төшөп түнжурап угушту.

Бул ыр мындан ары кандайча ырдалаарын мен билчүмүн.

Ырчылар кишилердин, жердин аттарын, анан дагы ырдын турум-турпатын өздөрүнө ылайык өзгөртүп ырдашчу, бирок фабуласы дайыма өзгөрүүсүз кала бере турган. Златия деген кызга, эки падышачылыктагы сулуулардын сулуусуна, жер жүзүнүн баарынан колун сурап жуучу түшүшөт, бирок кыз баарына макул болбойт. Байлыгы биринен-бири ашкан, атак-дөөлөтү биринен-бири өткөн байлар да кыздын сулуулугуна сукташышып, анын колун сурашат. Акыры ага вазирдин өзү да жуучу жиберет, бирок кыз ага да макул болбойт. Мындай көз көрүнөө кемсинтүү менменсинген вазирге аябай катуу тиет. Ачуусу

келип дили карайган вазир капырлардын падышасы, деңиз боюндагы банга дароо аскер жыйнап, токтоосуз түрдө Златиянын атасынын чебине кол салгын жана аны туткундап, кызды алып келгин деп кат жиберет. Бул жөнүндөгү кабар Серхаттын бүт аймагына таралат, бирок банга каршы чыгып, жолун тосууну эч кимисе каалашпайт. Кызды көндүрө алышпаган күйөө-жигиттер ага таарынып калышкан, ал эми башкалары болсо бандын аскерлеринен, эң башкысы — вазирдин каарынан коркушканынан тынч жатып алышат. Анткен менен ал жерде чынчыл жана эр жүрөк бир тууган Боичичтердин эң кенжеси болгон юнак да бар эле. Анан ошол боз улан өз аскерлери менен буктурмадан кол салып каапырлардын аскерлерин талкалап, бандын башын ыргыта чааптыр. Ошентип Златия ага, турмушка чыгып, бирөөлөрдүн айтымында — үч, дагы бирөөлөрдүн айтымында жети ымыркай Боичичти төрөп бериптир.

Азыр мени баарынан кызыктырганы — Хилми-бек ырды эмне себептен «жаңы» деп айткандыгы эле.

Карасаң, нагыз театрдын өзү!

Бан Златиянын атасына кызыңды аялдыкка бер деп жиберген каттын сөзүн айткан жерди Хилми-бек башка өлкөнүн өкүлү катары Остояга ырдатты.

Мандолин дыңгырап, Хилми-бектин жоон үнү, андан соң Остоянын тенор ыргагы гуслянын муңканычтуу кайрыгына аралашып, куду үңкүрдөн чыгып жаткан өңдүү угулат. Бан өз катында ыйлап-сыктап, өтүнүп, ар кандай убадаларды берет, Хилми-бек бир орунда тура албай ойдолоп жатты. Анан Остоя:

> Ошондо өз диниммен кечемин мен,
> Алып келем вазир колун эртең менен...

деп ырдаганда ал чарт жарылып кетти:

— Жалган! Мындай эмес, калп айтасың! Туура ырдагын!

Остоя эмне кыларын билбей, корккондон башын төмөн салып токтоп калды.

— Мен айткандай ырдагын.

— Бек, мен башкача ырдаганды билбейм,— деп Остоя ага жалынычтуу карады.

— Билбейсиңби? Сен баарын менден жакшы билесиң! Мына буларга жагынгың келип турат го! Бан Юнак болчу! Мыкаачы, бирок баатыр эле.

Ал кылды уруп алды эле, андан даңгыраган үн чыкты. Куду эле күркүрөгөн доошу азыр да деңиз боюнан Серхат-

ка шашпай угулчудай дуң-дуң этти. Мындан кимдин — баандынбы, же мунун өзүнүнбү — ачуусу күчтүү экенин би ле албадым? Бан Златиянын атасына минтип жазган экен:

Корбойсуңбу? каргыш тийген катын сен,
Таң жылдызы төрөлгөнүн өзүңөн.
Юнак кызык ак маралдан сымбаттуу,
Керек дебейт алтынды да урматты.
Ага керек жаш-жаш юнак кымбаттуу,
Юнак каны толкуп агып ташыган!
Серхатта жок ал өңдөнгөн жаш улан,
Серхат эмес, жок ал сенин элиңде,
Энеси аны тууган деңиз жээгинде!
Түндөсү мен жакшынакай түш көрдүм,
Жал-жал этип көзүн кыскан кыз көрдүм.
Түшүмдө ал минтип айтты өзүмө,
Айт кыз кепти ойгоо турган кезимде!
Жуучуларды эгер кабыл албасаң,
Ураан таштап майданга чык, кармашам!
Серхатыңда күч сынашчу мага тең,
Жок экенин билесиң го дегн сен.
Кызың үчүн башын сайган немени,
Мунарада турсун кызың көргөнү!
Эч табылбайт, билип койгун сен жактан,
Бир да баатыр мени менен таймашкан.
Түмөндөгөн аскер менен барамын,
Сепилиңди өрттөп, кыргын саламын!
Өзүңдү айдайм, бузуп турак-уяңды,
Торго салам кызың Златияңды!
Барам ыйык Донатага ашыга,
Ысык суудан баштан-аяк куйсун деп,
Ыйык жерде никебизди кыйсын деп.
Төрөсүн деп кызың мага эгиз уул,
Төрөп берсин, Стоян-Янканы,
Төрөп берсин, Королевич Марканы.

Ыр уланып жаткан кезде кимдир бирөө минтип калды:

— Мынакей ырда эми Остоя туура ырдаган экен!

Аны эч ким колдогон да жок, айрыкча «Төрөп берсин Стоян-Янканы, төрөп берсин Королевич Марканы» деген сөздөн кийин баарынын банды тытмалап жибергилери келип кетишкен. Таноолору кыпчылып, түкүрүнүп, сөгүп, «иттин баласы» деп тилдеп да жатышты.

Муфтийдин дубал жакты, Али-капитандын курал-жабдыгына карап турган көзүнө көзүм уруна түштү. Бул Али-бек намаз окуган жайнамаз, күмүш жалатылган мылтык, тапанчалар, кылычтар, канжалар, чокморлор, айбалталар, эки туу, бирөө жашыл-өзүнүкү, бирөө каралжынсаргыч түстөгүсү — согуштан олжолонгон эстеликтер эле. Туунун экөө тең окторго тешилип, тытмаланып бүткөн.

— Эми тамашалуу ырдан башта,— деп буюрду Хилмибек Остояга.

Остоя гуслисин күүлөй баштады. Эми ал үйүр алышып, кимдир бирөөгө жакпай калбайын деп чочулаганын коюп, өзүн эркин тутуп калган. Күүнүн соңунан ырын минтип улады:

Кимибиз биринчи жеңебиз дешип,
Кирпи менен түлкү калды меддешип.

— Ташта, бул кирпичечениңди! Бизге алиги Тале жөнүндөгүнү ырда!

— Тале дегенибиз — аты эле айтып тургандай келесоо неме. Ал — эч ким эмес. Ал барып келип эле — өзүбүздү өзүбүз кордоп шылдыңдаганыбыз.

Остоя Хилми-бекке карап калды. Түрүндө уялып жаткан сыяктуу.

— Бол эми, мен айтып жаткан соң!

Остоя аспабын күүлөп кирди.

Тале тетири токуп атты,
Бээни чымындардан коруп жатты...

Кезек акыры Хилми-бектин ырына да келди. Баятан бери аны чыдамсыздык менен күтүп жатып, акыры шектене да баштаган элем. Мынакей эми анын убада кылган жаңы ыры.

Угуп жатканыма таң калганымдан уюп кетиптирмин. Эски ырлардын биринен да биздин кырды бычак абалда турган чек арабыз жөнүндө мындай нерсени али уга элек болчумун. Мынакей, Бончич каапырлардын аскерлерин талкалап, бандын башын ыргыта чабат. Бирок Златия ага турмушка чыкпайт, жашыл тоого качып кетет. Ал ушул тапта да ошол жерде имиш.

Көөдөнүндө ай толукшуп көшүлгөн,
Түн ичинде жылдыз жанып көзүнөн.
Далысында тулаң чачы төгүлүп,
Тула бою тал чыбыктай көрүнүп,
Ырдаганда торгой добуш үнүнөн,
Дүйнө дымып уктагандай сезилген.

— О-о,— деп үшкүрүп койду Вепрь,— ошондо эмнеге туулбадым экен! Анда аны жашыл тоого эч кетирбейт болчумун!

Баары күлүп калышты. Арендатор байкем эриндерин бек кымтып алды. Менин Нанламдын төбөсүн да көрбөйсүң, дегендей түр көрсөттү ал, сага баргандан көрө ал да жашыл тоого качып кеткени оң.

Тургандардын баары кыраан каткы күлүп жатышты. Вепрдин көзүнөн ал түгүл жаш да чыгып кетти. Муфтийге караса, анын деле күлбөскө аргасы калбаптыр.

Малайлар шербет куюлган кумураларды көтөрүп киришип, Стамбулдан алып келинген чөйчөктөргө жана башка идиштерге, дециз жээктериндеги сепилдерден талап алынган венециялык айнек идиштерге бөлүштүрө куюшуп, тургандарга улуулата жана ата-тегине карап сунуп жатышты.

— Эх, өмүр өтүп баратат го — деп үшкүрүндү чоң атам:

Мезгил деген бардык жерде,—
Өз сепилин курат го.
Куруп-куруп, кайра аны,—
Шак кыйратып туратго...

Муну арендатор байкем айтты. Эч максатсыз эле шашылып айта салды.

— Ошондон улам күндүк өмүрүң болсо түштүгүнө жорго минүү керек,— деп кошумчалады Кунстмалер.

Ал тамакка кечигип келди, кыясы, Мевлуддан кийин мейманканага кайрылып, эки-үч рюмка сеп этсе керек, көзү жайнап түшүнтүр.

— Туура айтамбы, Мухаммед? — деди мага жалт карап менден колдоо күткөн кыязы менен.

Мен сөздүн каякка баратканына түшүнүп, ыңгайсыздана түштүм. Ал мага жакыныраак турганда: «Койсоңчу ушунуңду»,— деп шыбырайт болчумун.

— Азыркы убакта баарынан илим менен билим маанилүүрөөк,— дедим муфтийдин жакшы көргөн сөзүн кайталап. Ал бул сөздү айтуудан такыр тажачу эмес.

Муфтий мага жемелегендей жалт карап алып, өзүнчө күңк-мыңк этип, унчукпай калды. Анан эмнени айтышты тапкан экенсиң! Илим-билим имиш! Кандай илим, кандай билим, кеп ошондо деген оюн куду окуп түшүнгөндөй болдум.

— Эчактан бери эле ушундай болгон, эми да ушундай боло берет,— деп Вепрь чоң атаны көздөй эңиле берди. — Баарынан мыктысы эле жанынын тынчтыгы, а ырчыга болсо,— деп колун кемсинткендей жаңсап кошумчалады: шыгы түгөнбөсө болду да!

Чоң ата уктуңбу дегендей муфтийге оңтойсуздана карады.

Ал сыягы укту көрүнөт, бирок мелтейген түрүнөн анысы такыр билинген жок.

— Мунуң туура, кудай урсун! Ажайып шыктын булагы дегениңер туура, айрыкча ким эгер табиятынан курсулдөгөн дөбөт болсо! — деп күпүлдөдү арендатор байкем.

Отургандардын баары ийри бут Наилага болгон жаң-

жалдуу жуучулугун жакшы билишкендиктен эмне дешээрин билишпей, Вепрден жооп күтүп жымыйып калышты.

— Дагы бактың бар экен,— деди тигил бет маңдайына тике карап,— колумду булгагым келбейт сендейге. Болбосо мунарадан гана ыргытаар элем. Ошондо куйругуңду чычайтып учканыңды көрөт элек баарыбыз.

Арендатор-байкем эч нерсе укпагандай, өзү менен өзү болуп, мулуюп отура берди.

Кеп-сөз токтоп, тым-тырс боло калуудан пайдаланган Кунстмалер «бүгүнкү күн» жөнүндөгү оюн кайрадан баштоого ниеттенди:

— Ооба, илим-билим деңизчи, акыл-эси бар бир да жан аны танбайт го! — Колдойсуңбу деген кыязда мага көз кыйыгын жиберди,— эгерде андай болбогондо,— деп чоң атама кылчая карады да: — биздин Тодин томаяк өз неберелерин окууга жиберет беле?! (Ырас Иован европалыктарча тартканды билет, а аның түркчө билсе деле зыян болбойт эле го!) Бирок, мырзалар, бизди соода, банк, рента күтүп турат... Илмийген жалчы-томаякты кызыл акчага айландырышыбыз керек. Кызыл акчаны сандыкка катпай, жүгүртүүгө тийишпиз, көбөйө берсин!

— Баарынан мурда бул сага жарашат, менин көңдөй баштуу бир тууганым! — деп атам анын сөзүн бөлүп жиберди,— өзүңдү ушундай ишке түрткөндөр мүлкүңдү да кызыл акчага айландырып жатышканы көрүнүп турат. Ал сенден ракия үчүн алганына көп болдубу?

Арендатор-байкем ордунан ыргып турду:

— Ата адилет муфтий! Ушул ушагыңар эле жетишти мага! Эгерде мен кимдир бирөөлөргө, баарын коюп, кара чечекей бир тууганыма бир тоголок данды кем берсем, кыздарымды эрсиз таштап, жалчынын азасын таянып, тентип кетейин! Азыркы айтуучу сөзүмдү — ичимде шакардай кайнап батпай кетпесе, эч качан да айтпас элем. Бөлүштүрүүгө тийишпиз. Бирибиз бирибизге күнөөлүү болбойлу. Ар ким өз билгенин жасасын! Каалагандар балдары менен мураскорлоруна калтырышсын, каалагандар ойсокелери менен бөтөлкөлөштөрүнө чачсын!

Мен ал сүйлөп бүткөнчө андан көз албай карап турдум. Ошондо: «наадан түлкү — капкан бир бутун чапканда эле тутулат, айлакер түлкү төрт бутунан чабылмайынча тутулбайт»,— деген таамай айтылган эл макалы эсиме түштү.

Түшкөнгө жараша капканга төрт бутуң менен тең түшкөнүң жакшы, ыгын тапсаң ошондон да чыгып кетесиң!

Мен муфтийдин ордунан кайсыл убакта тура калганын байкабай калыптырмын. Аны үнүн укканда гана көрдүм.

Буларга эмне болуп кетти? — деп таң калдым. Терезе жакка кылчайып, көккө карадым. Бороон-чапкын жокпу деги? Эмне болгон будуң-чаң мунун өзү?

Мен сүлөөсүндү өмүрүмдө көрө элек болчумун, анткени алар биздин аймактан оон кеткенине көп болуптур. Бирок муфтий азыр куду эле сүлөөсүнгө, өзүм ырлардан, уламыштардан уккан сүлөөсүнгө окшоп турду.

Чапанынын этеги далдайып, кимге болсо да катылууга даяр турган канаттуу жыландай окторулуп туруп калыптыр.

— Чочколор! — деди үрөй учурган үн менен. Өңү купкуу болуп, чечектен бузулган чуңкурлары карая түштү: — Чочконун чочколору! Баарыңар! Сен дагы! — деп өзүнүн кадырлаш досу, чоң атама сөөмөйүн сая көрсөттү.

— Баарын бузган сенсиң! Шүмшүктөр! — деп көзүн жарк эткизе Али-капитандын курал-жабдыгына карады,— ушунун баары кылычтын мизи, найзанын учу менен жеңип алынган, ншенич жана шарияттын жолу менен сакталып калган. А силер аны ойсокелерге чачып жатасыңар. Селсаяк, маскарапоз,— деп Кунстмалерге тытып жечүдөй акшыя карады. — Мечитке көө жапканы, так салганы келдиңби? — Сенин куйругуңду мен өзүм нйлейм!

— Биердеги исламдын башчысы болсоң да... — деп Кунстмалер байке муфтийге жулунду эле, арендатор байкем колдон кармап калды.

— Ии, келчи бери, келчи! Колуңдан эмне келээрин көрөлүк! Тьфу — Муфтий тигиге жаба түкүрүп, арендатор байкеме жабыша кетти:

— А сен кабакканапын ээси! Чөп арасындагы боктой болуп баарын билгизбей сасытып жатасың, бүт шаарды официанткаларга толтурдуң, тыйындарды гана шыгыратасың, имениелерди да бүлдүрүп бүттүң, элди сүргүнгө айдайсың!

— Мен аны кайсыл бир официантка үчүн аткан имишмин, элдин баары ошентип ойлошот,— деди кайдан келе калганы белгисиз, капкор, Сенянын колун сурап жүргөн төкөр-бек (ушул кезге чейин аны кандайча көрбөдүм экен?) — жок, мен аны аткан эмесмин! — деди ал сөзүн улап. Бирок азыр ачык айтамын. Экөөбүздүн арабызда ашыктык жаатында кер-мур кептин болгону ырас!

— Сен азыр дагы ынтымак жөнүндө сөз козгоп жатасыңбы?

— Аның туура, муфтий, сөз ынтымак жөнүндө, тирүүлүктөгү жалгыз пайда ошол гана. Ошондуктан сен мени менен сүйлөш!

Үндөр шыпка бир тийип, ал жактан кайра жаңыргангансып көпкө угулуп турду. Ушул сөздү айткан соң, Вепрь төшүн сыйпалап алды. Ал эми ырчы Хилми-бек катуу каткырды эле, аны жанындагылар да коштоп кетти, бирок алардын күлкүсү акырыныраак чыкты.

Диванхананын ичи бир аз жарык боло түштү, мурда коркунучтуу сезилген нерселер эми анча деле эмес экен, деген ойго кеттим.

Бирок, муфтийдин сакалдары титиреп, үкүнүкү сыяктанган көк көздөрүн Вепрге кадап тикесинен тик турат. Ал, кантсе да, эмне кылаарын билбей турду. Чындыгында кыйын абалда болчу.

— Өлгөнгө чейин ынтымак эмне дин үчүнбү?! А сен дин үчүн жаныңды качан эле берчү элең?! Маа десең ошолорчо көргө кир! — деп Муфтий дин үчүн баатырларча жанын берген, же күнөөсүз курман болгон мусулмандарды өзгөчө ардактап коюшаарын мисалдап Вепрди жекире карап, жийиркеничтүү айтты. — Сен тозокко түшөсүң!

— Мейли! Бирок тозокко эмне үчүн күйө турганымды билгим келет! Ал эми сенин ордуң бейиште, ырысы жок. Сенин бүдүрүң эчак солуп бүткөн, бейиштин нур кыздарында сага эмне жок! Күнөөң башыңдан чоң...

Муфтий курал-жарак илинип турган керегеге шарт бурулду. Биз ордубуздан тура калдык.

Ал кылычты кынынан суурул алды. Вепрь да кайра тартпай жанына жакын басып келди. Ар кимиси өзүнүкүн туура деп бири-бирин карап турушат.

Муфтийдин колунан кылычты алып, экөөнү ажыратып коюуга киши чыкпай, баары турган жеринде катып калышты.

— Чап, чап!— деп Вепрь боюн түзөп, оор дем алып турду.

Экөөнүн көздөрү чагылыша түштү.

— Кана чаппайсыңбы, чап!

Муфтий катуу тиштенип, ар бир мусулманды кырсыктан, жалаадан куткарчу Курандан келме келтирип алды.

Анан кылычын ыргытып, чыгып кетти.

Артынан мен да жөнөдүм, эмне үчүн экенин билбейм.

Чатакты угушуп тепкич менен жогору чыгып келаткан аялдар, малайлар муфтийди көрө коюшуп, кайра ылдый түшө качышты.

Ал абдан ачууланып калдыбы? — өзүмдөн өзүм сурадым мен — эми жанына баруунун жөнү барбы?

Экинчи кабаттагы меймандар бөлмөсүнүн алдынан мен аны кууп жеттим. Колунан алдым. Ал мени кайра кубалаган жок, бирок колунан өптүрбөй койду.

— Сен эмне кылганын көрдүңбү?

Апан эшикти катуу жаап кирип кетти. Ичинен бекитип алды.

Үстү жакка кайра барсамбы? Эмне үчүн? Меймандар менен малайлардын урпөйгөн кебетелерин көрүш үчүнбү? Качыш керек, баарынан качыш керек!

Мен чындыгында эле чуркап бараткансыдым,— мени эч ким токтотпосо жана бир нерсе жөнүндө сурабаса эле болгону.

Өзүмдү кайсы жерге барып түшөөрү, же такыр эле түшөөрү-түшпөсү белгисиз болгон, абада калкыган желе сыяктуу сезип бара жаттым.

Мен үйгө барсам деле болот эле, бирок атам келет, апан болгон окуя жөнүндө тыянаксыз, узак сөз болот, же жагымсыз тынчтык өкүм сүрөт. Мемнунага барсамбы? Анын терезесинде жарык жок. Эх, азыр ушул жерде Тахир-бек болсо, анда иш башкача болот эле, кудай-ай, ага эмне болду экен?

Чоң атамын багындагы фонтандын жанындагы орундукта эмне үчүн узакка отургандыгымды жана дагы канчага отурарымды билбейм. Айдын жарыгында фонтандын чачырандысы өзгөчө бир түс берип, ошо түс жаңы бир нерсени ачып жаткансыйт, бирок аны көргөн эч ким жок. Ичичке болуп атылып чыккан суу асманга көтөрүлөт жана ошонусунан жазбоочудай сезилет, бирок кайсынысы бир аралыктан ал өзүнүн таянычын жоготуп, кайра төмөн кулайт да тамчыларга айланып ар бири өзүнчө чачырайт.

Ребиул-еввел баш бакканда мечитке...

Мечитке кирген эрте жаздын ырчысы, алыскы араб досум Хасан — эмне үчүн ал?

Бир аз күлүмсүрөө менен акырын башымды чайкай анын ырын окуп жатып, өзүн көрүп турам жана: Хасаным менин Хасаным, Ребиул-еввел мечиттен чыкканда эмне болот? Биз чындыгында кандайбыз, мечиттеги тигилер же дасторкон үстүндөгү булар? — деп сурайм.

## II

Мен бул майрамдык аңчылыгы жок эле жүрмөкмүн, бирок Зорка үчүн гана ал жакка барууга туура келди.

Аюуга аңчылык кылууну чоң атам муфтийдин урматына уюштурду. Ушул жердеги жергиликтүү бектердин баары чакырылды. Алардын ичинен аңчылык кылышпаганы аз жана мыкты мергенчиси да аз, алар бектерден эмес. Эгер-

це муфтий аюуну атып алалбаса, анда тигилердин бири жардамга сөзсүз келиши керек — кырсыкты кайдан деп болбойт.

Чоң ата аңчылык өтө турган Рисовачунун аймагындагы селолорго тубаса мергенчи жана бектердин жасакери Аган баштаган талаа сакчыларынын тобун тосотторду даярдап, түнөк жайларды камдоо үчүн алдын ала жөнөттү. Аңчылыкка барчулар бүгүн кечинде, намаздан кийин жөнөшөт, ал эми аң уулоо эртең таң заарынан башталмак.

Эгерде сен,— деди атам мага,— эртең мененки тамактан кийин Аган менен кошо барып, муфтийдин көңүлүнө жаккандай кылып ишти уюштурушун көрсөң жаман болбос эле. Ага жакпаган бирөө менен Тодиндикине түнөк уюштуруп коюшпасын. Муфтийдин кызыктай мүнөзүн өзүң билесиң го.

Бул өтүнүч мага да жакты, ошондуктан тез тамактанып, зоотчалыш атымды токуп, түз эле Тодиндикине жүрүп кеттим.

Ал жерде иш кызуу жүрүп жаткан экен: суу астындагы дарыядан суу ташышып, софраларды жууп, жууркандарды күбүп жайып, алдыга салып жаткандай жаңы чөп даярдап, курал-жарактарды тазалашууда,— мына ушулардын баары шашылыш жана үнсүз жасалып жатат.

Мен ал жерде болбогон сыяктуу, мага эч ким көңүл бурган жок. Зорка мага карап да койбостон суу көтөрүп үйгө кирип кетти. Кайра чыкканда көрүнөйүн дедим, бирок ал кайра дагы мага карабастан кетип бара тканын көрүп, оозумду ачып аңкайып калдым. Ал мени жек көрөбү, же уялабы? Же мен өзүм бир нерседен уялып жатамынбы?

Йован жок экен. «Ательедеги» бардык картиналарды, полотнолорду, кашек-рамаларды алып чыгышып, бир гана отургучтары менен чоң столду калтырышты. Булардын баары муфтий үчүн жасалып жатса керек. Меймандар үчүн аппак шейшептери менен барпайган жууркан салынган керебет алып киришти. Йован жаткан бөлмөнүн каршысындагы бөлмөнү да ушундай жасалгалады, ал кантсе да чоң ата үчүн болсо керек. Сырдын жытын кетириш үчүн бардык терезе-эшиктерди ачып ташташты.

Аган бир жакка кетиптир. Мен кечке чейин эмне иш кылам?

Мен кайырмак алып, форель дайыма көп боло турган суунун шар аккан жерине жөнөдүм. Күн бүркөлүп тургандыктан балык уулоо жакшы болоруна ишенич бар эле. Көбүрөөк кармап, кечинде муфтийди өзүмдүн кармаган балыгым менен сыйлаганым дурус болоор.

Чынында эле жайкы өткүн төгүп өтүп, суу үстүнө чымын-чиркейлер жайнап кетти, ушул кезде форель да аңчылыкка чыгып, мен суу ханшасын биринин артынан бирин сериин алып жаттым.

Мен канчалык балык уулабайын, эч качан форелге кызыкканым тарабайт. Акак-берметтей жалтылдаган денесинен кызыл, көк чыбырчыктар көрүнүп турат. Сүрөттөп берүүгө кудурет жетпеген ушул кооздукту мен жаңы келиндин жасалгасына, асмандагы жылдыздарга, асыл таштар менен жасалган аялдын куруна, суу перилеринин чачтарына бекер эле салыштырып жүрүпмүн... Форель суу ичинде да ушунчалык коозбу, же ал жакта өзүн коргоо үчүн берилген түспү? Ал эми биздин чөйрөдө, абада форель адамдын көзүнө жарыктын чагылыш законунун негизинде ылайык кооз көрүнөбү?

Балыктын тунук таштай болгон көзү жансыз жылтырап, мени күнөөлөй карап тургансыйт. Силер деле суу ичинде жолборссуңар го, дейм мен ичимден моюн бербей.

Кайрадан менин көз алдыма Ааламдагы жашоону алп күчү менен тегеретken кудай, жана аны кайрадан жөнү жок үнсүз-сөзсүз жеп турган турмуш көз алдыма тартылды.

Куру кыялданганыңды токтот, сен бул жерге кыялга батып отурууга эмес, балык уулаганы келгенсиң! — дейм өзүмө өзүм.

Кайырмак былкылдай түшүп, анан бүткүл кайырмактын узундугу боюнча аркы өйүздү көздөй чоюлуп калды! Мындан ары коё берүүгө болбойт, тартты, булкту, бир аз тартса эле кайырмак үзүлчүдөй болуп турат.

Мына, муфтий, сен да, мен да мындан ооз тийбей турган болдук,— дедим да мен аралыкты жакындатыш үчүн белиме чейин сууга кирдим. Акырын, балык уулоонун эрежеси менен, балыктын бакалооруна аба катуу урулуп, бат чарчасын деп суунун шар агымына кармай бердим. Менин жүрөгүм түрсүлдөй согуп, ал эми «жолборс» суунун шарына да боло турган эмес. Бир кезде арт жактан бир аялдын чыңкылдаган үнү чыкты, бирок мен бурулсам эле балыкты качырчудаймын... Суудан алып чыгып жатып да аз жерден балык колумдан чыгып кете жаздады...

Хусейин! Көзүмө көрүнүп жаткан жокпу? Менин качкын бир тууганым Хусейин! Тиктешип туруп калдык, эсиме келип, мен биринчи умтулдум аны көздөй...

— Сен кайдан? — Аны кучактап кысып, өпкүлөп, арыбери карап жаттым,— Чын эле сенсиңби?

Аны менен көк көйнөкчөн кыз жана Йован келиптир.

— Ушинтип келип калдым.
— Качан келдиң?
— Кечээ.
— Койчу, а эмне үчүн үйгө барбай, бул жерге келдиң, ыя?
— Атамдан коркуп жатам.
— Эмнеге коркосуң, ал сени кечирген, ал тургай эки көзү төрт болуп күтүп жүрөт.
Ал көз карашы менен мага кызды көргөздү. Мен дароо түшүндүм. Тигил анын сүйгөн кызы, графиня, академиядагы коллегасы деп Йован мага айткан. Демек, атам жактырбаган нерсе ишке ашып жатат. Хусейнде аны быякка ээрчитип келгидей мыйчалык тартынбастык кайдан пайда болгон! Анын ойлогону эмне?
Мен кыздын жанына барып өзүмдү тааныштырдым.
— Ал французча билет,— деди Хусейн.
— Биздин жердин табияты кандай экен? — деп мен келесоодой суроо бердим.
— Укмуштуудай! Бул боёк, бул түспөлдүн символикасы адамды өзүнө туткундап алат! Силердин адамдарчы! Алар ушул жаратылыштын нак өзү!
Ал табийгатка суктанып жатканда, мен аны карап чыгууга ашыктым.
Кайраттуу калың чачы, бет сөөгүн бүт ээлеген чоң, тегерек, ачык акактай көзү,— бардыгы жакшынакай. Таноосу кенен, мурдунун тегерегин жаңыдан сепкил басып келаткан түйрүк эриндүү кыз экен. Үнүндө кандайдыр бир жагымдуулук бар, ошол эле мезгилде өзүнөн обочо түрткөн бир нерсе бардай көрүнөт.
Анын кызгылтым колун кысып жатып, алаканынан кандайдыр жылуулукту сездим.
Мен анын билинер билинбес көкүрөгүн уурдана карап, өзүмдөн өзүм: мен эркек катары ушундайды тандайт белем? — деп сурайм да: ооба, кантсе да ушундайды тандамакмын,— деп жооп берем. Мен бир тууганыма ыраазымын.
Кыз жээкте жаткан форелдерге таң калыштуу карап жатты.
— Таланттуу кыз,— деп шыбырады мага Йован. — Андан бир нерсе чыгышы мүмкүн.
Атам аны көргөндө эмне болорун элестете албай жаттым.
— Йован, тууганым, сенин бул эмне кылганың! — дедим биз тигилерден арттараак басып келе жатканда.
— Бул тиги кыздын кылганы! Мен сага айтып коёюн, дегенин бербейт, баёо дагы. Хандан-бектен кайра тартпайт.

— А Хусейн эмне дейт?

— Биз мындай деп чечтик: кыз менин колуктумдун сиңдиси катары кыштакта, меникинде калат. (Меники да келди. Сейилге чыгууну каалабай, жазып жатат.) Ал эми Хусейн мага сабакка даярданыш үчүн келип турат.

— Муну жакшы ойлоп таапсыңар.

— Кыздын атама чогуу барууну каалаганы жаман болду! Эптеп көндүрдүм: атам дале болсо Хусейнге ачууланып жүрөт, ошондуктан ачуусу өтүп кеткиче бир аз күтүш керек.

— Ой-ой-оой, Йован, коркунучтуу түн жакындап келе жатат! Баары келээрин билесиң го! Бүткүл шаардыктардын көз алдында бардыгы болгон турат!

— Коркпо, биз токойдогу алачыкта түнөйбүз. Кыздын айтымында, ал абдан кубанычта. Мына эми бизде балык да бар, куурабыз,— деп күлүп калды ал.

Мен тигилерди карадым: Хусейн башын жерге салып, ал эми кыз аны кучактап, колундагы балыгын булгалап баратат.

— Келатышат,— деди Йован токтоо. — Шашылышыбыз керек го.

Мен бурулуп карасам кыштакты көздөй келаткан арабалардын чубалган узун катары талааны ортолоп келип калыптыр.

Тигилерди көрүп, дыйкандар эмне деп ойлошот болду экен? Ажыдаарды өлтүрө турган ыйык Георгий жок. Азырынча баары кубанычтуу: эртең аюуга аңчылык башталат. Аларды кармаш үчүн туш-туштан кубалап, же байкатпай барып өлтүрүш керек. Деги аңчылык өзүнчө эле майрам эмеспи.

Менин көзүмчө эркин болушпасын билсем да, бул үчөө менен токойдогу алачыкка кетип калышты ушунча каааладым, бирок менин тигил жакта жоктугумду атам дароо билип калмак.

Зорка эч жерде: короодо да, курулуштардын биринде да, бактын ичинде да көрүнбөйт.

Мен сууга кетсе керек деген ой менен жарга жөнөдүм. Зорка жок. Түбү караңгы, жер алдында агып жаткан суунун добушу гана чыгат. Кумдагы баягы өзүмдүн кылмыш ордумду көрүп — аңкайып карап турдум да, эсиме келип өзүмдү өзүм келесоо деп алдым.

Кайра кайтып келгенден кийин гана бардыгы түшүнүктүү болду. Тегеректе бир да кыз, бир да жаш келин жок, бардык жерде улгайган аялдар, кемпирлер, демек, ал эми дыйкандардын кыздарын, жаш келиндердин бардыгын шилекейлерин агызган бектерден алыс катып салышыптыр.

Бектер жылаңач денени ичине каткан юбканы көрсө болду, анан аял деген аял эмеспи, эгер Смилина менен Вепрди жана башкаларды эстесек жетиштүү болот.

Мен эң акыры болуп, софранын четине барып отурганымда болжолум анык болду. Меймандарды Тодиндин келини, Йовандын энеси жана эки кыз тейлеп жатты. Бактын ичиндеги софранын четинде муфтий, чоң ата Сенянын өгөй атасы уруксуз, менин атам, Аган-айдакчы, дыйкандардан — Йовандын чоң атасы менен атасы болуп кечки тамакты ичип жаттык.

Муфтийдин айынан шарап берилген жок, кечки тамак жупуну эле болду: козунун эти пита жана айран. Аңчылыктын алдында анчалык дуулдашпайт, башка салтанат эртең болот. Аган бардыгын өз ыгы менен даярдап койду.

Менин кекиртегимден бир кесим да эт өтпөйт. Ал эми муфтий бардыгы менен аңгемелешип отурду, бир гана мени менен сүйлөшмөк турсун, карап да койгон жок.

Чоң атамын үйүндө мейман болгондогу учурдан кийин да баягы үмүт менен жүрдүм. Ак сөөктүк факультетке которулсам да, динимди таштаган жокмун го. Ушунча кара мүртөз болуштун эмне кереги бар? Менин аны менен эмне ишим бар? — деп өзүмө суроо берем. Балким, андан сезилген өтө күчтүү эрк, менден да күчтүү болсо керек деп ойлойм.

Баягы кечки тамактан кийинки, күндүзгү намаздын акыркысы — куптан окулуп бүткөндөн кийин, анын мүнөзүнүн кандай экендиги байкалган. Менин башымды жаман көзү менен карады эле, тим эле чагып алгандай болду: кудай алдына да баш кийимсиз барамбы?!

Мен өзүмдү аз жерден баштан ары бир сала жаздадым. Динге берилгендиктин символу — чыныгы мусулмандын баш кийими — топуну үйгө унутуп келипмин, а муфтий болсо аны уктап жатса да башынан түшүрбөсө керек. Мына, менин динге ишенгендигим ушу!

Намаз окуу учур да келип калды, эми эмне кылыш керек? Бир дыйкандын баш кийимин сурап алайын деген ой келди. Бирок аны менен кантип намазга отурам!.. Мен столдун үстүндө жаткан сүлгүнү ала коюп, башыма чалып алдым.

Ушул олдоксон кейпим менен Аган ала келген жайнамаздардын биринде намаз окуп отурдум, болбосо кедейлердин жайылган кийиздерине ким намаз окуйт эле!

Мен да элчилеп өйдө-төмөн ийилип, Курандын аяттарын күбүрөп намаз окуганым менен, оюмдун баары башка жакта, муфтий экөөбүздүн ортобуздагы дегеле оцол-

богон олку-солку мамилени кудай эмне үчүн менин гана маңдайыма жазып койгон? — деп сурайм өзүмдөн.

Намаз окулуп бүтөөр менен, дыйкандар үйдүн аркасынан чууруп чыгышып, софраларды, жайнамаздарды жыйнашып, биздин жатар жайларыбызга ээрчитип кете башташты; көрсө биз намаз окуп бүткөнчө үйдүн аркасына жашынып алышып, кудайга биздин кантип жалынып жатканыбызды карап күлүп турушса керек.

— Сен менин ордума жат,— деди мага Йовандын атасы. — Аганга болсо жерге төшөк салып берейин.

Ушундай аңчылыктын биринде Агандын коңурук тартканыгы эсиме түшө калды да:

— Мага бир аз чөп, же саман алып келип берсеңиз, анан үстүмө жамынгандай бирдеме болсо, мен бакка жатайын, — дедим.

— Анчалык эмне болду, бек? Биздин үй таза, эгерде эле бүргө же кантала чакса, анда менин башымды алгыла!

— Мен, Михайло, жайдын күнү үйдө эмес, бакта уктаганды жакшы көрөм.

— Сен соо эмессиң, бек, шүүдүрүм согуп салат! — Ал мага чын эле бүргөдөн коркуп жатат дегендей шектене карады.

— Кантесиң сен, анда менин эмнем мергенчи?

— Буйругуң орундалат, бек!

— Кудай жалгасын, Михаийо, мага байпак менен өтүк алып келип берчи. Мен бүгүн сууга түшүп кетип, ушул кезге чейин кургабай жатат. Анын үстүнө аңчылыкта өтүкчөн жүрсөң жакшы эмеспи.

— Мындан өтөөрү жок — деп кеңеш берди ал, тон берип жатып,— сага кычкыл алма багынын түбүнө төшөк салып берейин, ал жерде тынч уктайсың.

Кычкыл алма, ооба билем, бактын эң четиндеги кадимки эле биздин алмурут сыяктуу эң чоң бак эле.

— Йован кайда кеткен? — деп сурадым мага төшөк салып жаткан Михаилодон. Менин инимдин келишине карата мамилесин билиш үчүн, мен атайын билмексен болуп сурадым.

— Түнүң бейпил болсун, урматтуу бек, жакшы укта, эртең аюуга аңчылыкка барасың.

Мына түлкү, мага эмне керек экендигин дароо түшүндү. Кантсе да күнөөлүү болуп калбас үчүн коркуп жатат. Мен жаттым. Үйдө Арифа кайтып келгендегиден да чоң жаңжал болорун сезип жаттым. Дагы эле баягы ой: үнсүз, токтоосуз айланат да турат.

Алмуруттун шактарынын арасынан мага жылдыздардын батышынан чыгышына чейинки жайланышы ачылып, ааламдын мейкиндигинде үнсүз, түшүнүксүз жылып бараткансыйт.

Мен, шар аккан суудагы кайырмактын калкымасындай болуп, бирде көшүлүп уйкуга кетсем, бирде уйкум чайыттай ачылат.

Азыр уктай турганымды сезип, уктаар алдында көшүлүп жатып, эзелтеден өзүмө адат болуп калган көнүмүшүм боюнча, түшүмдүн башталыш ирмемин эстеп калууга аракет кылдым.

Капыстан бирөөнүн алакандары жүзүмдү сылап өттү: булар кайдан пайда болду, өңүмбү же түшүмбү?

Мен төшөккө отура калдым.

— Зорка.

Зорка, Зорка, Зорка, жутум жибергим келип кетти.

— Кайдан? Кантип келдиң?

— Мен сарайдан байкап турдум. Ошол жерде уктайм.

— Эмне үчүн бүгүн мени такыр карабай койдуң?

Ал жаныма отурду. Унчукпайт.

— А менин күнү кечке ойлогонум сенсиң,— деп аны колдон алдым.

— Мен күзүндө күйөөгө чыкканга макул болдум.

— Кимге?

— Андан артык эч ким болбосо керек деп ойлогом. Ал эми бүгүн сени көргөнүмдө, оо-оо-оо...

— Эмне деп ойлодуң?

Зорка унчуккан жок.

— Эмне деп ойлодуң, айтчы, суранам!

Ал колун тартып алды да: жер чыканактады.

— Менин боюма бүтүп калыптыр.

— Кимден — менденби, же тигинденби?

— Ал мага жакын жологон да эмес.

— Зорка. Зорка, мен эмне кылгам! Эл билсе сага эмне болот...

— Эч нерсе эмес. Биз жекшемби күнү жолугушууга макулдаштык. Башкалар сыяктуу эле, үйлөнгүчө эрк берем ага.

— А эгер ал билип калсачы?

— Бизде силердикиндей эмес.

Биз көпкө үнсүз отурдук. Ал оор дем алып жатты, ал эми менин жүрөгүм оозума тыгылгансып турду.

Аны колдон алып, түз эле жүгөрү аянтын көздөй жөнөдүм.

Анан шашылып кoнтoшуп жатып, ал менин бетимден бат-бат өөп, чоло жерин калтырбай аймалап жатып:

— Мени алып кет! Алып кетчи, каалаган жагыңа алып кет! — деди.

Ал кете турган болуп, бирок токтоп калды.

— Мен сага уул төрөп берем! — деди да, жүгөрү аянтын аралап ары кетти.

Төшөктө жатып ойлоном: ушундай бир кызык шарттарга карабай, аны алып кетүүгө кудуретим жетеби? Албетте, жетет.

Жок, кудуретим жетпейт; Элиза менен да ушундай болгон, чындык менен жалгандын ортосунда чарпылган оюм көңүлдүн тереңинде ушинтет. Мен акырын күлгөн болдум: буюрса дыйкан уулдуу болом го!..

Мен бака-шакадан ойгонуп кетип, бир азга өзүмдүн кайда экендигиме түшүнө бербедим. Иттердин абалаганы, кыйкырык ары-бери чуркагандардын добушу — баса, аң уулоого чыкмак эмес белек.

Демек аюуга аңчылыкка аттанабыз. Мен шарт туруп, өтүктү кийдим. Короодо Тодин чал мылтык кармап туруптур.

Тоонун түбүндөгү коңшу кыштактарда бардык аймактарда жанган оттор жылтылдайт,— алардын жарыгы менен бектерге ат даярдап, ат токуп жатышса керек: кыштак арасындагы жолдордон айдакчы дыйкандардын сүйлөшкөн үндөрү үзүл-кесил угулуп турду.

Карасам Тодиндин чөбөрөсү айры алып жатат... колго тийген бардык шаймандар — балта, чокмор таяк, кереги тийчү темир, жез, шалдыратканга жарачу бардык буюмдар менен айдакчылар жабдылды. Ушул аңчылыктан кийин эле Рисовачиде аюунун тукуму такыр жоголучудай болуп жатты. Бул эмне? Өлтүрүп кеткен малдын кунун кууп жатышабы? Караңгы токойдун кап ичерине каршы коркунуч күч алганыбы?

Же, тескерисинче, көпчүлүктүн арасында жүргөндө эч коркунуч болбойбу?

Айдакчылар биринчи чыгышты.

Бир аздан кийин атчан биз да, мергенчилер да жөнөйбүз. Биздин топтун башында Аган, анын соңунда биз — Иовандын атасы Михаило, Тодин абышка, муфтий, чоң ата, уруксуз атам жана мен. Аган бүгүн жашына да, кадыр-баркына да ылаазы сыяктуу.

Биз акыры кыштактан чыгып, токойго терең кире баштаганда, мен адамдардын бирге жүрүшү кандай экендигин сезе баштадым.

Эгер ушул жерде жалгыз болсом, анда эмне болор элем? Ушул оюма түшкөн сайын мени коркунуч бийлейт. Жок, жок, шакта отурган чымчыктардын чочулаган үндөрү чыгат. Биздин келе жатканыбызды жапайы айбанаттардын кулагы угуп, жыт алып, жейрендер алыстап качып, аюулар чээнден чыгып, ал эми карышкырлар кантсе да бизди узатып келатса керек.

Үкүнүн үнү чыкпай калды. Бул жердеги бардык жан-жаныбарлар адамдан сактанып, балким, адамды мурда көрбөсө да, азыр анын келаткаиын сезип жатышса керек, ооба адамдар да азыр бардыгынан сактанып баратышты. Караңгылыктан коркунуч пайда болсо, ал эми коркунучтан токой ичи ого бетер караңгы сыяктанат.

Кайсы бир жерден чымчык чырылдап калды — үкүнүн туткунуна түштү көрүнөт.

Ушул караңгы токой ичинде канча кармаш жүрүп жатат дейсиң!

Караңгылыкта туш-туштан жылтыраган көздөр карап турду; бул чириген дарактардан чыккан жарыктар — кудум эле караңгылыктан чыга калып басып калчу бирөөгө окшошуп кетет. Бак-дарактарга араң түшкөн жылдыздардын алсыз нуру караңгылыкты коюлантып, чымчыктардын сайраган үндөрү токойдун канчалык коюу экендигин айгинелейт. Бизде үн-сөз жок, ал тургай аттар да кошкуруиуп койбойт. Деги качан жетебиз!

Балким, таң атып келаткандыр?

Кандайдыр алыстан бир куштун укмуштуудай сайраганы угулуп, кайра жоголот, анан кайра угулат.

— Бул сайраган кайсы куш? — деп сурадым атамдан.

— Каракур.

Дарактар ушуга чейин жок сыяктанып, дароо баары жапырт көрүнө баштады. Жашыл токой караңгылыкты сидирип алды. Куштардын сайраганы күчөдү. Таңкы жел аргыдан жагымдуу кычкыл жыт келип, ал кайдан уруп жатканын көргүм келип кетти. Таң мени сыдырым жел менен жуундуруп, жөргөмүштүн желесиндей болгон өтө назик жоолугу менен бетимди аарчып жатты.

Токой бир заматта кулпунуп ачылды да, шаңга бөлөнө түштү. Эми кудум эле зергердин өнөрканасын аралап бараткандай сезесиң өзүңдү.

Тодин бирдемелерди сүйлөп калды. Жашы улгайган сайын кулагы катуулаган ал, токойду жаңырта кыйкырып жатты.

Биздин баардыгыбыз уккандай кылып, чоң атанын жанына келди.

— Мына ушул жерде болгон,— деп биз кичинекей ачык аянтчага чыкканда асмандан салаңдап тургансыган Рисован чокусун көрсөттү муфтийге. — Мен анда жаш элем, алтымышка да жетелек курагым, шайтан сайып тээтиги жогорку ташка чейин бардым, ошонун эле ары жагында аюунун үңкүрү бар болчу. Качан чыгаар экен деп күтүп калдым. Ал аюуну көргөн койчулардын айтымында, тимеле койчунун алачыгындай бар! Ана чыгат, мына чыгат — жок. Бир маалда үйгө кетейин деп турсам, капыстан үңкүрдөн чыгып, түз эле мени көздөй басты! Коркоктор көрөөр менен эле атып калышат. Ал эми мен, жакын келишин күтүп турам. Мылтыкты сол капталына мээлеп, дагы жакын келишин күтүп, аткан жокмун. Бир кезде ал түшүнгөнсүп арткы эки бутуна турду. Мына ушунуң керек болчу мага дедим! Как жүрөгүнө мээлеп туруп, маашаны басып калдым эле, молдоке, мылтыктан күйбөдүмбү, атылбайт. Экинчи жолу бастым — эч нерсе жок! Экөөбүздүн арабыз он кадамга да жетпейт, бири-бирибизди карап, селдейип турабыз. Кичине эле былк этсем, мага секиргени турат. Анын артында үңкүрү, сол жагы жар, оң жагы жалама зоо, ал эми өзү мениң теке маңдайымда турат. Ой, молдоке, анан баарынан да мени болгону эки огум бар,— бирөө тогузунчу мылтыкта, ал эми экинчисине жейрен, коён атып үчүн бытыра салгам, ал окко мунуң чымын чаккандай да боло турган эмес. Оозума келме келелекте аркы үңкүрдөн ургаачы аюу чыга келбеспи. Ошондо «Тода — эми ишиң бүткөн экен» дедим да, өзүмдү кудайга тапшырып, тоо эчкиден бетер токойду карай эңкейиште жыгылып-туруп, оңкобаш атып учуп келаттым! Артымдан кубалаган жокпу дегенсип улам карап коём, үчүнчүсү көрүнбөйбү деп алды жагыма көз жүгүртөм: Кыштакка араң жетип, же бир сөз айта алсамчы. Эмне болгонумду сурагандарга: «Ой, аюу, коркунучтуу жырткыч!» дегенден башка сөз чыкпайт менден. Кайдагы аюуну айтат? — деп сурашат, ал эми мен кайра эле: «Ой, адамдар, аюудан коркунучтуу жырткыч жок», дейм. Ал мылтыкка эмне болгонун билесиңерби? Уулум жаңагы окту куйганда, дегенде коргошунду салып артынан дары салып коюптур.

Биз баарыбыз күлүп калдык.

— Мен ошондуктан аюуга аңчылык кылганды жакшы көрбөйм,— деди Урукеуз. — Эгер кааласаң коёнго, түлкүгө, жейренге анан калса карышкырга аңчылыкка барсаң, ал эми бул...

Аңгемени Пованддын атасы Михайло улантты.

— Бул эмне, мына мен бир жолу мындай балакетке кабылгам!

Эмнеден улам дебейсиңерби? Бээнин айынан! Биздин али тууй элек бээбиз бар болчу. Бошонуп кетти дегиче — кармай албайсың, ал тургай чапкене болсоң да, эптеп бир үстүнө чыксаң түз эле кулактан албасаң болчу эмес. Бир жолу, шайтан баскыр, мени тааныгансып эле калган,— баш ийип, тынчтанып эле калган кези, тегирменге буудай артып барайын деп ойлодум. Артып барып, буудайды тегирменге салып коюп уктап кетиптирмин, бир кезде ойгонуп аны тушап койбогондугум эсиме кылт эте калды! Тегирменден чыгып, тыяктан карайм, быяктан карайм, эч жерде жок. Ай сүттөй жарык болчу. Мына, бир кезде көрдүм бээни: түптүз талаадагы жалгыз түп алмуруттун түбүндө жатат. Мен боортоктоп жата калдым... Демимди ичиме алып жылып баратам, жылып баратам, бактыма жараша ал да көргөн жок. Мына айдын жарыгында кулагы көрүндү. Шап секирип минип кулактан алдым. Көзүң жамандыкты көрбөсүн! Алдымдагы бээ эмес эле аюу экен! Тарп жеп жатыптыр. Аюуну минип турам! Анан мен андан секирип качтым, ал болсо менин алдымдан суурулуп качты! Кимибиз көп корккондугубуз бир кудайга маалым! Бээ жоголмоктон жоголсун, ал эмес карышкыр жарсын дедим да, артымды карабай тегирменге учуп жеттим. Дароо эшикти бекитип, таң аппак атканча эч жакка чыкпай отурдум. Кийин аялым: «Мен сени түнү бою көргөнүм жок да, кайда болдуң?» — деп сурайт. Мен ошол окуяны азыр эстесем да төбө чачым тик турат!

Биздин ар бирибизди өзүнчө коркунуч бийлеп, аны ушу аюу жөнүндөгү аңгемелерден улам, күлкү менен кууп жатканыбызды өзүмдөн сезип бараттым.

Муфтий ат үстүндө көңүлдүү баратты.

Аган бизди жогор жактагы башкы таштын алдына ээрчитип барабы деп ойлодум, бирок, бактыга жараша ал аттан түштү.

Ушул жерден биз аттарды кошо келген балдарга таштап, андан ары жөө барышыбыз керек.

Токойдогу жалгыз аяк жол, Рисовачиннин капталдай кеткен жардуу боорун бойлой кетет.

Аңгыча аюунун кыгын да көрдүк.

— Көр тапкан жерин! — деп Уруксуз үнүн катуу чыгарып урушуп баратты.

Биз тозотто турган бир топ адамдын жанынан өттүк. Биз да, алар да бир ооз сөз сүйлөгөн жокпуз.

Акыр Аган токтоду. Жолдун үстүнөн өөдө тик кеткен

түзөңдүн эки капталы тең жар экен, мына ушул жерди муфтийге, аны менен кошо калчу алтообузга атайы ылайыктаптыр.

— Ар бириңдин аралыгың жыйырма-отуз кадам болсун да, өзүңөргө ылайыктап жашынганга жер таап алгыла,— деп шыбырап буйрук берди бизге.

— Биз эми кайда чыгып барабыз, өлөйүн, бул акмакчылык,— деди Урукеуз.

Биринчи ок муфтийдики экенин Аган бизге эскертип койду. Баарыңар патрон-ташыңарды текшерип, экинчисин даярдап койгула деди. Азыр бардыгыбызга башчылык кылганына Аган өзгөчө раазы.

Муфтий ортодо, Михаило менен Тодин жардын эки жагын кароолго алышты, мен атамдан анча алыс эмес жерге жайланыштым, тозотун таштап, коркуп алган Урукеуз бизге келип кошулду.

Атам мага дагы жакыныраак тозотту ээледи. Канетсе да мен үчүн чочулап жатат. Толкунданып жатат, тамекисин күйгүзүп алып, кайра өчүрө койду, себеби жырткычтардын жыт алышы күчтүү эмесин. Атамдын көздөрү ойноп турду. Ылдыйтадан алиге айдакчылар ишке кирише элек, ошентсе да аюу андан мурда пайда болуп калышы мүмкүн.

Аюуну курчоо тез эле башталса экен деп турдум. Буйрукту күтөм, ал эми бизге алыстан чычкандын үнүндөй чайылдаган үн араң угулуп жатты. Атам мылтыгын алды, анын артынан мен да даярдай кармадым, аюу айдакчыларга чейин эле бул жерден чыга калган учурлар да көп болгон.

Кыйкырык-чуу катуу чыга баштады. Атам мени ийниден тартты. Ал жырткычты биринчи көрүптүр. Аюу токойдон чыкты. Килтейген караан жайыктын ортосу менен келатты. Чуркабай, тез-тез басып келатат.

Менин демим чыкпай, эми колум карышкансып, аюуну кароолго алдым. Атам менин мылтыгымды ылдый караттты: көзү менен биринчи муфтий атат дегенсип белги берди.

Дал арт жагымдан бир нерсе шыбырттай түштү.

— Вепрь! Кайдан чыга калды?!

Бир аз эңкейген абалда, бир-эки аттап муфтий жакка өтүп, анын катарындагы даракка далдаланды.

Эми мага баары түшүнүктүү: ал өзүнүн тосотунан аюуну көрүп, эми муфтийге жардамга келген экен. Же муфтийдин кыжырына тийиш үчүн аюуну атууга келдиби? Мен аны бул жерден көрүп, өзүмдү ишенимдүү сезип калдым.

Атам муфтийдин жашырынчу жайга барбай, даракттын алдында туруп алганына жини келип сөгүнүп калды.

Мен муфтийден канчалык корксом да, ал дайыма мени таң калтырат. Мына азыр да — өзүнө, өзүнүн көзүнө, өз жолуна ишенимдүү.

Мылтыгын көтөрбөй күтүп турат. Аюу али да жайыктын орто жеринде, түз эле муфтийди көздөй келе жатат. Ат! — деп өзүмчө ичимден кыйкырдым.

Аткан жери жок, ал эм аюу муфтийдин алды жагында жаткан дарактын учуна келип калды. Эмнени күтүп жатасың, атпайсыңбы, же кармашкың келип жатабы?

Муфтий мылтыгын мээлеп, бир азга катып калды. Аюу токтоп, эки жагын каранып, анан арткы бутуна тура калып боюн түзөп, тиштерин арсайтып муфтийди карай басты.

Бир убакта муфтийдин да, Вепрдин да мылтыгынан ок атылды. Билбейм, кимисиники мурда атылганын, аюу селтең эте калып, чалкасынан ала салып барып жыгылды.

Биз дароо чуркап жеттик. Чатак башталат го. Эмне үчүн тоскоол кылдың деп муфтий Вепрге асылат деп ойлодум. Токой падышасынын өлүгүн көрүүгө чуркаганымды, же сезип турган чатакты көрүүнү каалаганымды билбейм.

Таң калганымдан токтой калдым: Вепрь менен муфтий кол кысышып, кучакташып калышты.

Андан соң тегеректеги адамдар чуркап келишип, муфтийди куттуктап жатышты.

— Укмуш экен,— дешип Аган менен Йовандын атасы аюунун салмагын айтып мелдешип жатышат. Тодин, чоң атам, мен үчөөбүз аюунун ок тийген жерин издеп жаттык. Эки жерине тийиптир. Бирөө как моюндун алдына, ал эми экинчиси сол капталына, так жүрөккө тийиптир. Жана да бир ок оң алаканын сыдырып кетиптир. Муфтий теке маңдайынан аткан, демек, биринчи огу кекиртектин алдына тийип, экинчиси алаканын сыдырып кеткен. Капталынан таамай жүрөккө атылган ок Вепрдики болсо керек. Ай-ай, эгер Вепрь болбосо эмне гана болмок... Баарыбыз үнчукпай турабыз.

— Сенин жанымда экендигиңди билсем,— деди муфтий Вепрге карап,— анда сага эле бермекмин. Бул менин сегизинчи аюум.

Ушунчалык берилип тургандыктанбы ал Вепрдин атканын укпай калса керек. Вепрь күлүмсүрөп:

— Кудай тогузунчусун да бергиси бардыр,— деди.

Муфтий «камаиды» жарып жибербеш үчүн өзүн араң кармап турган, ал эми Вепрь тигини апчып мунарадан ыргытып жиберчүдөй тирешкен чоң атамын үйүндөгү ушул экөө беле?

Бир топ иттин арсылдагы менен кошо айдакчылдардын биринчи тобу токойдон чыгып келишти. Аюунун оордугун кантесиң, төрт кишилеп араң көтөрөсүң. Вепрь аюунун шыйрагынан алып, жолго сүйрөдү. Биз баарыбыз күлүп калдык.

Токой падышасынын тирүү кезинде жанына жакын жолой албаган иттер, эми өлүп жаткан аюуну бурдап кетип жатышат, бирок анын этин жээгө батына алышпай, тирүү кезиндеги жытынан корккондой эле жапайы жытын жыттап тим болушту.

Вепрь эмне үчүн тосотун таштап муфтийге келди? — деп таптакыр түшүнө албай турдум. Анын бул жерге келгенин билгенде аюуну атууга жол берет беле? деген суроо биз кайтып келе жатканда да ал экөө жанаша бастырып маектешип келатканын көрүп, жаным жай алдырбады. Экөөнүн ортосунда эмне бар?

Биз кыштакка жакындаган сайын мени өзүнчө бир толкундануу басты: эгер Йован жана анын тобу токойдогу алачыгынан келип калган болсочу? А балким, Хусейн менен чогуу тиги да көрүнсөчү? Анын каалаганын жасай турган көрүнөт. Анын үстүнө алардан аркан бою жерден укмуштуудай жырткычты өлтүргөнүн, ичип алган айдакчылардын үзгүлтүксүз кыйкырыгын укса кантип турсун. Кокус эле ошол алачыгынын жанынан эле ушул аюуну атып алышканын укса, Йовандын башкача түшүндүрүүгө акылы жетээр дейсиңби... Кызды мына ушул азгырат эмеспи...

Бактыга жараша алар келбептир, бирок ошентсе да аюуларды кызыгып карагандардын арасында жокпу дегенсип, баарын аралап карап чыктым. Дагы бир аюу атып келишти, бирок тигиге караганда өтө кичине экен. Угушума караганда, аны Арифанын күйөөсү атыптыр. Ошол дагы аңчылыкка барды беле? Ал менин итиркейимди келтирет — бектердин тукумунун шүмшүгү, аткан аюусун кара!

Салтанат күчөп, кыштактын алдындагы Жез айдың уу-дуууга батууда.

Бу мен кайдагы археологиялык доорго туш келдим? Аюуларды бөксөлөп, терисин сыйрып, эми канжар менен шылып, бычак менен кесип, кесилген жеринен аппак майы менен кызыл-күрөң эти көрүнүп, кара-кесек эттерин бек-

терге кечки тамак жасап, ал эми сан этин муфтий менен чоң атама бышырып берээри мага толук белгилүү.

Касапчыны тегеректеп кызыгып карап турган адамдар: бул жөн эле кызыгуу эмес, башкача. Чоң кишилер бычактарын даяр кармап, майлуу жерин көрөөр менен дароо шашылыш, куду эле уурдап жаткансып кесип ала коёт. Аюунун майы — ар кандай жараттарга, кокустаган жерге, күйүккө жана да «тигиге» күч берет, эгерде аны майласа.

Ал эми аюунун майын кереги жок дегендер кологo[1] чогулуп, же топ-топ болуп алышып, ичкилик ичип жатышты. Ырдап жаткандардын ырынын сөзү ажыратылбай, бүткүл аймактан эшектин айкырыгындай үн угулуп турду. Ырдагандардын өздөрү кып кызыл болуп, күрөө тамырлары көөп, көздөрү ичкиликтен, кызуулуктан тунаргансып көрүнөт.

Бийлегендерди ыр коштобой, ал тургай музыкасы да жок. Ар кандай музыканы буттардын бирдей тарсылдаганы менен кыздардын шуруларынын үндөрү алмаштырат.

Мен бийлегендердин арасын кыдырып чыктым. Зорка эч жерден, ал тургай четте сүйлөшүп тургандардын арасында да көрүнбөйт. Анын жигитин көргүм келди. Балким, ал анысы менен бир жерде жанашып отурса керек? Бир кезде ушул дыйкандардын арасында менин уулум, же кызым да билейт экен го, деп өзүмчө күлүп алдым. Уул эле болсун.

Балким, мен аны эч качан көрбөстүрмүн, балким, азыр өрүктөрдө даярдалып жаткан майрамдык кечки тамакка алагүү болгон бул бектердин жапайы жерине жана иштетилбеген бош жерлердеги күрүлдөгөн аюулардын мекенине Канрден кайра кайрылып келбестирмин. Окууну бүтүргөндөн кийин Александрияда биротоло калышыбызды Элиза каалайт эмеспи.

Бүгүн кечинде аңчылыктын кечки тамак маалында эмне болорун мен билем, ошондуктан үйгө кетип калышты, же жогору чыгып токойдогу Йовандарга барышты ушунчалык каалап турдум, бирок бактысыз атамдын баардык жерде мени көрсөтүүдөн алган ырахатын бузуп, көңүлүн ооруткум келген жок.

Мындан башка да, муфтий менен бир катарда болууу үмүтү менде пайда болду, себеби мындай иш Вепрь экөөнүн ортосунда болбодубу.

Бирок баарыдан да мени бекем кармаган Зорка. Бүгүн

---

[1] К о л о — түштүк славяндардын элдик — көпчүлүк бийи.

тигинниси менен кезигишти болду бекен? Мен ал боло турган жердин баарын айланып карап чыктым. Күн да батты.

Мен чоң атам менен муфтийге жакын отурууну каалалым эле, бирок Вепрь менен атамдын жанында отурдум.

— Хо-хо, хо-хо-хо, хо-хо-хо, кана буга да куй,— деп шарап куюп жаткан Михаилого Вепрь каткырды.

Мен атамдын көзүнчө ичпейм, деп көз карашым менен билдирдим.

— Мени менен ичесиң! Кана, кана, мобу китепте эмне жазылганын карап көрчү! — деп мага колундагы чынысын сунду.

Мени ичирди, ал эми атам байкабагансып отурат.

— Ичип ал, акчүч, башыңа селде чалынгандан кийин бул болбойт! — деп Уруксуз шарабын түбүнө чейин ичип жиберди.

Вепрь каткырып күлдү.

— Коркпо, иче бер кийин деле. Селде чалынганга чейин ичишти, андан кийин жашырып ичишет,— деди жанаша өскөн өрүктүн түбүндө отурган муфтийди башы менен жаңсап. — Эмне, шарап өз атын шербет, же кофе кылып өзгөртүп жибермек беле. Кана, Михаило, ошол шербетиңден мага дагы куйчу!

Чын эле ошондойбу? Мен муфтийге карадым, чын эле ал ууртап коюп олтурат. Ырас эле ал дагы шарапты шербет куйган чөйчөккө жашырып ичкен меймандарданбы? Муфтийдин чөйчөгүнө бир гана Аган куюп берип жатканын көрдүм. Муфтий менен чоң атама кумурадан, ал эми калгандарына бөтөлкөдөн куюп берип жатышат. Ооба, бардыгы болушу мүмкүн.

Муфтий менен Вепрь дагы чатакташып, ар кимиси меники туура дешип тирешкен жокпу? Ошол таңда, аң уулоодо, ыйкы-тыйкылары бир аз убакытка гана унутулдубу? Же муфтий эч нерсеге моюн бербеген Вепрь, чынында эле Вепрь дал ушундай эмесин, «шербет» жөнүндө азил айтып жибербесин деп чочулап жанаша отурган жокпу?

Михаило түз эле оттун табынан алып келген шишкебекти дасторконго койду. Мактаган аюунун этинин даамын көрүш үчүн гана мен да бирди алдым. Чын эле даамдуу экен. Вепрь шишкебекти тиштеп жатып, муфтийди карап:

— Укмуш даамдуу экен го аюу. Мындай даамдуу эт жеген эмесмин! Ырахмат, сенин көзүңө муфтий!

Мунун арты эмне болор экен деп күттүм. Эч нерсе. Али ыраазычылыгын билдире жылмая карады, демек,

алардын ортосундагы мамиледе эч өзгөрүү жок. Шарап эле бардыгын бузуп жибербесе...

Муфтий отурган «бурчтан» сааз-тамбурдун үнү чыкты, Аган ырдай баштады. Ырды бардыгы билишет, бирок аны биринчи жолу угуп жатышкансып, кулак төшөп олтурушат, себеби ыр аял жана эркиндик жөнүндө, чыныгы аял жана чыныгы эркиндик жөнүндө ырдалып жатты. Обон бир түрдүү, зериктирме болсо да, Аган аны жандантып, ар бир куплетинде ар башкача нюанстарды келтирип, толкундануууга аргасыз кылып жатты. Анын үнү тамеки менен ичкиликтин айынан кырылдап турса да, анысы ага тоскоол болбой, бүткүл дилин коюп, башында башкы каарман жөнүндө айтып жатса, бара-бара өзү да каарман сыяктуу ырдап жатты.

Ох, Омер-бек терезеде олтурат,
Талаадагы Мери кызга суктанып.
Ох, ашыктар бири-биринен алыста,
Кусалык күч, көрүшүүгө кол кыска.
Ох, Омер-бек ошол кызга үйлөнсөң,
Уу ичемин, кечем ушул дүйнөдөн!

Өчүп бараткан отко караңгылык түшүп, ичкилик дуулдатып, өрүкзардын ичи демин ичине алып турду.

Уруксуз ырдай баштады!

Сенянын өгөй атасы бардык жагынан экинчи, а бирок минтип ырдап кирди! Мен анын ырдаганын эч качан уккан эмесмин, ал тургай аны ырдайт деп оюма да келчү эмес! Ал түзөлүп, мойнун койкойто созуп алыптыр.

Дароо эле үнүнүн болушунча ачуу коё берди, ыры узун жана уккулуксуз экен...

Вепрь анын ырын бузуп:

— Токтотчу, суранам сенден! — деди.

А берки ого бетер маарап кирди:

Алдей, алдей, алдей ой,
Чоң дарактын бутагы
Картаң эмес жаш эмес,—
Чоорчу болсун бадачы...

— Токтотчу, айланайын, суранам! — Вепрь жалооруп сурапды да, анан мага кайрылды: — Андан көрөкчө сен бизге арабча ырдап берчи? Бирок, жанагы кожолордукун эмес! А кадимки нактасынан, көрөлү, кимдики дурус экендигин!

Мага ырдоого ылайыксыз эле, анын үстүнө атамдан уялып турдум. Ошентсе да ырдоого даяр элем. Мен Хасандан арабдардын көп эле ашыктык ырларын уккам, бирок азыр ошолордун бирөө да башыма кирбей жатты...

Атам караңгы жакты карап отурат.

Карап-карап туруп, кайра ага бурулду, анан кайра ошол караңгы жакты... Мен да ошол жакты карадым... Йован, деги башың иштейби сенин!

Оттун жарыгында маңдай тарапта Йовандын, кудум бала жетелегенсип, Хусейнди колунан кармап турганын көрдүм. Мен качан тиги кыз караңгылыктан чыга келет деп күтүп турдум!

— Мына уулуң! — деди Йован атама жылмая Хусейндин колун көтөрө берип.

Өз көзүнө эми гана ишенгендей, атам алдыга чыга калып, анан темтеңдей тартып уулун карай басты. Хусейн анын колун өпкүчө болбой, куду эле күрөшкө түшкөн балбан сыңары кучактап алып, уулунун бети-башын аймалап өөп, ийнинен таптап, өзүнөн алыстата чын эле өзүнүн уулу экендигине ишенбегендей башынан ылдый карап, анан башын уулунун көкүрөгүнө таяп ыйлап жиберди. Ал балким, өңгүрөгөн үнүн чыгарып жиберүүдөн бардык күчүн жыйнап, мурдун бышылдатып, көз жашын сүртүп, уулун колдон ала жанына отургузду.

— Кантет эми, кантет, — ургаачы баштанып, — деди Венрь, — эмне ыйлайсың, мына тирүү, аман-эсен келди!

Ал атама ракия куюлган чөйчөктү сунду, бирок атам бөтөлкөнү алды да, оозунан дем албай жутуп жатты...

Михаило ага тиешеси жоктон бетер отту күчөтө жагыш үчүн ары жакка басты. Биз Йован экөөбүз көз карашыбыз менен: «Тиги... кайда?» — кайда» — «Камтама болбо» — деп сүйлөшүп жаттык.

Атам бөтөлкөнү столго койду.

— Өзүмө келе албай жатам! Сен кайдан келе калдың?

— Кечинде келген, — деди Хусейн үчүн Йован жооп берди, таң калгандай абалда. — Ал сенин үйгө келишиңди күтө албай, мына сага учуп келип олтурат!

Атам Хусейнди кучактады.

Эмне үчүн Йован аны так ушул мезгилде алып келди? Хусейндин өзү чыдай албай эле атамды көрүүгө ашыгып келбесе, мен анчалык шашылыш келчү себеп таба албадым. Бөтөн көз үчүн мен да ага карай кубанычтуу умтулушум керек эле, бирок экөөбүз тең анттүүнүн учурун өткөрүп жиберип, эми жөн гана кол кысышуу менен чектелдик. Хусейнн башка адамдар менен деле учурашпай, эч ким анын ден соолугун, ал-ахбалын, жол кыйынчылыгын сураган жок жана алар Хусейндин үйүнөн качып кетип, кайра кайтып келишине киришкиси келбегендей түрлөрү бар.

Михаилонун кайрадан алоолонтуп жаккан отунун жарыгынан мен аны карап турдум.

Бала кезинен бери арык, куурай сан неме азыр куп-куу болуп, көпкө ооруп сакайган адамдай болуп турат. Ал мени менен чогуу бир үйдө өссө дагы, эч качан ага көңүл бөлбөгөндүгүмө азыр өзүмдү абдан жек көрүп турдум. Анын үйдө бары-жогу баары бир болчу. Качан ал биротоло кеткенден кийин гана бу дүйнөдө ал бар экендиги мага сезилген. Ал эч кимге жолтоо кылбаган жана айланага көрк берип турган короодо төшөлгөн жалпак таштардын арасына өскөн чөп сыяктуу болчу. Ал сүрөт тартканын бардык адамдардан жашырчу, ал эми үйдөгүлөр болсо мектепте берилген тапшырма менен алектенип жүрөт деп ойлошчу. Мен гана анын китеп кабынан кокусунан гана сүрөттөрүн көрүп калгам, бирок ошо сүрөттөрү анын өмүрү экендигин ал үйдөн кеткенден кийин гана түшүндүм.

— Кымбаттуу бек, сенин сыймыктана турган адамың бар! — деди Йован атама карап.— Ал мектепте эң алдыңкы окуучу деп эсептелет. Ал жерде болсо бүткүл империядан келип окушат. Кимди уурдап кетишти билем мен!

Михаило уулун көз карашы менен токтотту.

— Түрктөрдү Венанын алдында талкалаган жерден келген жоксузбу сиз? — деп сурады Вепрь Хусейинден.

Мындай олдоксон суроо болушу мүмкүн эмес, антке-ни бул суроо атама өтө катуу тиймек — анын уулу динсиздердин чок ортосунда жүрбөйбү. Уруксуз аны сезе кой-ду да:

— Болдучу эми. Билим алыш үчүн ал эмес алыска... бул суроо атама өтө катуу тиймек — анын уулу динсиздердин чок ортосунда жүрбөйбү. Уруксуз аны сезе койду.

— Болдучу эми. Билим алыш үчүн ал эмес Кытайга да барат деп жатпайбы, эгер Алла таала жол берсе.

Жол ачылды, эми Вепрь менден араб аялдарын сурагандай эле Хусейинден тиги жердин аялдарын сураарын мен билип турдум.

— Экөөңөрдөн башка дагы бизден кимдер бар? — деп мен сөздү буруп кеттим.

— Бар,— Хусейн алардын аттарын атай баштады, кудай жалгап, алардын арасында эки мусулман бар болуп чыкты.

— Мына эми бизге кайтып келдиң! — Атам аны далысынан таптады.— Муфтий менен чоң атаңын алдына бар! — деп тарай турган болуп калган тигилерди көзү менен жаңсай көрсөттү.

Хусейн селт этс түштү. Анан ордунан туруп, аларды көздөй басты.

Мен каардуу муфтийден корктум. Алардын элесин урул-бурул жарыктан көрүп турдум: Хусейн адегенде муфтийге барып, анын колун өптү, анан чоң атама келди эле, ал аны кучактап калды...

Атамды карасам кубанганынан ырдап жиберبей араң турат. Муфтий белги берип, анан баардыгыбыз ордубуздан туруп, кетүүгө жөнөй бердик.

— Йован, бул жакшылыктын жышааны эмес экендигин сезип турам! — дедим мен, Тодиндин адамдарынын фонарь жарыгынын алдында фиакрларды карай темтеңдеп басып бара жатышкан мас меймандардын артынан келе жатып.

— Мени жөн эле алып келди деп турасың го? Мен азыр эч ким билбеген бир нерсени айтып берейин! Мен өзүмдүн чоң атам Тодинди сенин чоң атаңа жиберип, анын небереси тубаса эл башкаруучу, империядагы башкаруучу адамдардын эң чоңу, ал өз жерин жана өзүн тааныткысы келет, ошондуктан аны мени менен жиберүүсүн сурайм, деп айтып кел дегем! Сенин чоң атаң жакшы адам! — Йован Хусейн экөөбүздү кучактап күлүп калды.

Бизди көргөн кучерлер, оттун жанынан шаарды багыттап койгон фиакрларын көздөй басышты. Бектер кайсы фиакрга туш келишсе ошого отуруп жатышты, кантсе да шарап өз ишин кылса керек.

Ушул азыр гана муфтийлердин «шербети» жөнөкөй эмес экендигине толук ишендим. Муфтий чалкасынан кетчүдөй болуп, Вепрдин жардамы менен фиакрга чоң атамдыкына эмес, эми Вепрдин фиакрына чыга албай жатты.

— Быякка кел, кудай урган, баарын алмаштырып салдың! — деп кыйкырды чоң атам тигиге катарында турган өзүнүн фиакрынан.

— Мейли, мени менен барсын! — деди каткырган Вепрь.— Менин дөңгөлөгүмө сеникине караганда коопсузураак болот. Кел, сен да отур! — деп мага кайрылды.

Мен эки анжы болуп туруп калдым, балким, муфтий менен мамилемди калыбына келтириш үчүн кудай өзү жол берип жаткандыр. А балким, тескерисинче болуп жүрбөсүн: ал ичкиликтин күүсү менен мени фиакрдан ыргытып жибербесин, же өзү түшүп калбасын.

Балким, мен арабага отурбас да элем, бирок жылтылдаган жарыкка аралаш караңгылыктан суурулуп ким чыкты дебейсиңерби — Арифанын күйөөсү! Бул эмне?! Дагы мас, келесоо! Ал кап көтөрүп алыптыр, андан өзүнүн бу-

гүнкү аткан аюусунун башы чыгып жүрөт. Гайдуктун көз карашы баягүнкү мечиттегидей эле,— бактысыз, суз жана жалооругандай.

— Мына! Атаңа жана сага...

— Кел, сен да отур! — Вепрь ага карап кыйкырды, бирок ал мага аюунун башы менен териси салынган капты кармата салып, өзү караңгылыкка сиңип кетти.

Бул каргашалуу белекти кайда коёрумду билбей, акыры кучердин жанындагы отургучка коё салдым.

— Ушуну менен эле аялын кайрып берет деп ойлойт го! Келесоо! — деди Вепрь.— Эгер Арифа силерди укса, анда мунун үйүнөн кетпес эле жана өзүн өзү укпаса кайра силерге кайтып келбес эле! Мага экөө тең аянычтуу:

— Ал ким? — деп сурады тили булдуруктаган муфтий, аябай мас көрүнөт канетсе.

— Арифанын шорлуу күйөөсү. Сенден бир нерсе суроого уруксат бер, муфтий, эгер Арифа кайра күйөөсүнө барбай койсо, шариат боюнча аны кандай түшүнсөк болот?

— Жөнө! Бул жер териштирүүчү жай эмес! — деди муфтий тилин булдурактата бурк этип.— Анын эмнесин менден сурайсың? Мына шариатты чечмелөөчү адам жаныңда олтурат! — деп мага башын жаңсап койду.

Анын сөзүнө караганда, үнүнөн кекээр көбүрөөк угулат. Өмүрдө бир келчү жеңиштүү олжо да, бардык чындыкты көлөкөлөп, адамды бардыгына үстөмдүк кылууга алып келген майрамдык тамак да аны жумшарта албаптыр; демек, бул эмендин момго айланышын күткөндөй эле үмүтсүз нерсе.

Жанды эзген ушундай жымжырттыкта шаарга чейин кантип чыдайм! Эмне үчүн чоң атамын фиакрына отурбадым! Болуптур, унчукпайын! Үйгө жеткенде ал тургай коштошпойм аны менен. Эч нерседен эчтеке жок эле андан корко бергенди токтотуш керек. Анын улуулугуна сыйына берип, өзүмө-өзүм каамыт салып алгам да. Анын үстүнө жаңы империя болору менен күчүнөн ажыраган. Аны эл дале болсо мурдагыдай деп ойлошот да, ыгы жок көкөлөтүшөт, өзү болсо ага бекем ишенип алган жана чын эле улуумун деп ойлойт. Түшүп калсам болот эле, бирок фиакр ордунан козголуп калды.

— Бул аюунун башы, чоң болуш керек эле го? — деди муфтий Вепрге аюунун башын карап жатып. Кучер бизге жарык түшсүн деген ойдо капты илип койгондуктан, аюунун көзү кудум тирүүдөй жарыкка чагылышып, бизди ка-

рап тургансыйт. Муфтий оюнда муну өзү атқан аюунун башы деди көрүнөт.

Вепрь муфтийдин тизесин чаап, каткырып күлүп калды.

— Ананчы ал кичине болсо сен тийгизе алат белең?!

— Ал чымчыктай болсо да баары бир! Так гана жүрөккө!

— Ой, кудай ай, андай болсо сени үйлөнтөлү! Сен дин-ге ансыз эле үч уул карыздар болдуң! Мына ушундай!

Вепрь бөтөлкө суурул чыгып муфтийге сунду, ал бир топ жутуп туруп, анан мага берди.

— Ме, сен да жутуп ал! Тигиндей ишти жасаган адам, муну да жасайт!

Ал мага ракия сунду, ал — мага! Бөтөлкөнүн оозун эрдиме тийгизген боюнча, таң калгандыктан жута албай койдум. Анан калса үнү да мурдагыдай эмес, башкача болуп калды.

Вепрь бөтөлкөнү менден алып, кучерге берди да:

— Ибрица, кана бизге беркинден сок! — деди.

Кичинекей, чүрүшкөн Ибрицанын атагы, алыска кеткен, ал жеткен чабендес жана ырчы эле. «Ат чапкандан андан озгон жана ырдап аны жеңген адам али туула элек».

Анысы чын эле. Ибрица ырдап жатканда анын үнү караңгылыкты жарып, аны жылтылдаган назик тарамдарга бөлүп, чегирткеге дем алууга мүмкүндүк бербейт, ырдын сөздөрү да караңгы түндү как жарып турат:

> Сүйүп калсам сулуу кызды мен эгер,
> Коркута албайт, ызгаардагы муз-кебер.
> Сулуу кызды сүйүп калсам мен эгер...

Муфтий бир колу менен тапанча атты да, менин да ошондой жасашымды каалап, тапанчаны мага сунду. Мага карата болгон мамилесине таң калыштуу карап туруп, машааны басып алдым. Мындан кийин Вепрь кийтейген тапанчадагы октун баарын калтырбай атты, анан отургучту аттап барып, Ибрицанын колунан тизгинди жана шапалакты жулуп алып, аттарды басып-басып алды эле, биздин араба аткан октой алдыга кетти.

Ордумдан тура калып, Вепрдин колунан тизгинди талаштым, себеби ушундай караңгылыкта катуу бараткан араба менен жолдон анча алыс эмес аккан сууга кулап түшүшүбүз мүмкүн болчу. Тизгин талашканым курулай убара болду, эми аттарга гана ишенгенден башка айла калган жок. Муфтий болсо кайрадан тапанчаны октоп, атып-атып алды да, анан үнүнүн бардыгынча чаркырап

коё берди. Алды артыбыздагы фиакрлардан мылтыктардын атылганы жана чуу-чуу этип октун учканы угулуп, кулакта шамал эле дуулдайт.

Биз чоң атанын фиакрына катарлаша түштүк. Ошондо көйрөңдөнгөн Фехим өзүнүн картаң Султаниясынын оозун коё берди. Вепрь баары бир андан астыга чыгып кетти. Муфтий башынан чалмасын жулуп алып жазып жиберди, ал караңгыда желбиреп турду. Куду эле түштөгүдөй болуп, электр шамынын жалынсыз жарыгында аюунун башы көрүнө калды. Эмнегедир ал мүшөктөн чыга албай жан талашып жаткансыйт.

Кийинки убакта адамдан акылдуу болуп калышкан аттар шаардын четиндеги биринчи электр шамынын жарыгына жеткенде таскагын токтотуп, жай басып калышты. Мунун ушул кебетесин бирөө байкап калып, эртең эле шылдың сөздөрдү шаарга таратпасын деп, мен муфтийдин башына чалмасын орой салдым. Ал койдон жоош болуп, үндөбөй макул болду.

## 12

Экинчи бул жакка келбес үчүн жакында кайтып кетишим керек.

Кайрадан эле өзүм жөнүндөгү баягы куру кыялда баратам.

Бир кезде табийгаттын жаңылыштыгы менен ушул жерде төрөлүп калыптырмын. Мен: табийгат,— дейм да, анан ошол замат өзүмө-өзүм суроо берем,— ал да каталык кетиреби? Кара өрүктүн мөмө байлоочу бүчүрүн өстүрүүнүн ордуна аны кууратып, өлтүрүп таштаганы анын жаза чапканыбы? Мен деле анын ошондой, биздин адамдык тил менен айтканда, жармач пендеси болуп жүрбөйүн? Болгондо да бардык пайдасыз нерселерге курулай чарпылып, өзүн-өзү алдаган жармачымын. Эгер мен башка бир жерде, мындайча айтканда, анык ордумда туулсам ким болот элем?

Ошентип мен так ошондой жерге, өзүмдүн анык ордума жөнөдүм. Ташка айланган жашоосунан, мезгил өңүн өчүрүп жана тамтыгын кетирген жаратылыш кубулуштарынан бүгүнкү күндүн иероглифтери байкалган жерден башка анык орун болууга мүмкүнбү, же кандай? Мен кунуя сырдуу археологиялык билимге канчалык тереңсүңгүп кирген жана көз алдыман тымызын агылып өткөндөрдү көргөн сайын, дүйнө мага ошончолук табышмактуу

сезилет. А мен болсо ансайын, жанын коерго жер таппаган ушундай адам боюнча түбөлүккө каламын деген ойго келе берем.

Биерден кеткенимче бардыгынан тез эле жадай баштайм, бул азантан кутулаар күндү чыдамсыздык менен күтөм. Ал жакка барганда Нилдин чаңдуу асманынын жана дарактарынын астында, биздин терезенин түбүндө турган калың шактуу жаңгагыбыздын жалбырактарына болгон кусалыгым арта берет. Короодогу кудуктун мээ какшаткан муздак суусу тайпак жыгач таштектен шаркырап куюлганын угам. Мүмкүн эртең эле Элизанын акактай денесин кучагыма кысып жатып, Зорканын жагымдуу жытын жана оттой ысык демин эсиме түшүрөм.

Буга окшогон кыялдануулар, адатта, Тахир-бек менен ар дайым эң сонун мамиледе болууну каалоомду күчөтө берет.

Ал Мемнунанын катына жооп кайтарган жок, а мен болсом, ага жазып жиберсең деп бийкеч ушунчалык жалынып суранган катты али баштай да элекмин.

Ал мени бул жанымдай көргөн жайым болуп калган жерге келип калабы деп дайыма күтүп жүргөнсүп, акыркы күндөрү терезесинен төбөмдү көрөрү менен жетип келчү болгон алмуруттун түбүндө бүгүн таң атпай бирге отурабыз.

Биздин жолугушуубуз азыр деле мурдагыдай ар дайым китеп жөнүндөгү сөздөр менен өтөт, маегибиз кыска-кыска, анткени ал бизге, көкүрөгүбүздөгү турган ойдон да өткөн, адам чыдагыс оор түйшүккө салган тымтырстыкты бузууга гана кызмат кылат. Анан ал ар качан анын Тахир-бек жөнүндө чыдамсызданып, сураган суроосу менен үзүлүп калат. Мен андан же унчукпай, же жооткотуу менен кутулам.

А иш болсо, менин оюмча — албетте Мемнунага муну айтпайм (мурда да так ушундай болгон эле, азыр андан да жаман болуп калды) — Тахир-бектин көптөн бери аялдар менен болгон мамилесиндеги ишенимсиздигин сезгендигинде, анткени, ал менин билишимче, күч-кубаттуу жана аял жандуу эркектигине отуруштарда өзүн эркин кармаган (ал турсун өзүнүн ушул жарамсыз мезгилинде да), учкул сөздөрдүн жана чет тилдердин чыныгы казынасы экендигине, куюлуштура сүйлөп, адамды таңыркандырган чечендигине карабастан, аялдар аны эртеби-кечпи сөз-сүз чанып кетишчү. Булардын баары негизинен ал өзү ар кандай элдин тилин жана эң башкысы нукура философиянын ex privata жанындай көрүп окуган университетте жеңил-

желпи таанышып, жакындашып жүргөн колонизаторлордун дүйнөсүнөн келген студент кыздар болчу.

Анын байланышынын минтип тез-тез үзүлүшүн Элиза: «Анын деги бир балаасы бар» деп түшүндүрчү. Анын өтө эле бүкчүйө тартып, өрдөкчө майпаңдап басышы, Элизанын оюу боюнча, аялдардын «көңүлүн иренжитет» имиш.

Мүмкүн, азыр, баягы болуп өткөн иштерден кийин, Мемнунанын чечкиндүүлүккө жөндөмсүздүгүн ал анын даяр эместиги, ошондо короонун эшигинин алдында: «Сен мени сүйбөйсүң» деди беле, жана өзүнүн аялды өзүнө тарта билбестиги катары түшүнүп, анын сүйүүдөн жолу болбогон адаммын деп ачууланган боюнча экинчи келгис болуп бул жерден жоголду.

Мен аны билем, андан башкача болушу мүмкүн эмес, деп өзүмдү-өзүм кечээки күнгө чейин ишендирип келдим; Мемнунанын катын ал эмдигиче алган болушу керек, анткени империя башкаруу тармагындагыдай эле почта ишинде да өтө так.

Бул болжолдорум мени, кечээ Йован келип көңүлүнүн бир жерде болбой турганын жашырууга жакшы эле аракеттенип, Тахир-бектин Венадан жазган катын алгандыгын айтканда, ушунчалык оңтойсуздандырып салды.

Борборго күтүлбөгөн жерден жөнөөрү менен Тахир-бектин аркасы эмнегедир чыдатпай ооруп чыкты. Анын борбордук атактуу «примариусу» «кокус жаңылып калып жоопту болбоюн деп коркуп» Венанын ооруканасына жөнөттү. Азыр Тахир-бек жакшы болуп калды. Кайтып кетсе деле болор эле, бирок профессор эң мээримдүү адам экен, ага дагы бир нече күн тура тургун деп кеңеш берди. Кайда барып, кайда коеру сакайгандан соң белгилүү болот.

Бир убакта башыма бир ой кылт эте калды да, ошол эле замат бир алыс тууганым көз алдыма тартыла түштү. Ал өмүр бою укук таануу боюнча студент болуп, Венада жашайт. Ошол тууганым капкачан эле («ичибизде эле болсун» деп коюп) Тахир-бектин кургак экенин жолуккандын баарына жайып жиберген. Чолок акыл жеңил мүнөздүү неме көрө албастыгынан, ал турсун мүмкүн, өчү барынан ушинтип жаткандыгына көзүм жеткендиктен анысына эч кандай маани берген эмесмин. Анткени, анын келжиреген сөздөрүнө жана «көз караштарына» чыдамы жетпей кеткенде Тахир-бек аны опоңой эле сүйлөтпөй койчу. Бирок муну менен кошо, Тахир-бектин орду жок күйөөлөп келгениндеги Мемнунанын атасынын кыйкырып: алардын тукумунда бир да бирөө өз ажалынан өлгөн эместигин айтканын эстедим.

Көнүп калгандыгымдан айрым бир нерсени өөн сезбеген, чынында эле айбандардыкынан кем калбаган аялдардын шумдуктай түюму (бул жөнүндө мен маани бербей окучумун, ал эми бул жагдайдагы макалдардын күлкүлүү жагын гана кабылдачумун) Тахир-бектеги, мен ага көнүп калгандыктан сезе албаган, кандайдыр бир кемчиликти сезген, жалгыздыктан улам Мемнунанын буга каршы иммунитети жок болчу, анын үстүнө алардын мамилесинин баары Тахир-бек ага жөнөтүп турган китептер аркылуу өнүктү, анын өзүн болсо, чынында, алыстан жана өз дарбазасынын оозунан айдын жарыгында түн ичинде гана көргөн.

Мен ага Тахир-бектин каты жөнүндө ооз ачпайын деп чечтим. Бирок ал азыр да, сөзүбүз жакшы коошпой бир аз тымтырстык өкүм сүрө калганда да, дароо бир ыкымын таап, сөз арасында болуп кеткен кепке салып, борбордон эмне кабар бар, ал жакка барганы жатасыңбы же жокпу дегендерди сурайт.

Мен андан: сарсанаага чөгүп азыңкы тарткан турпаты, ал турсун жалбырактардын арасында жашыл сымактанып көрүнгөн муңайым жүздү байкадым. Анан ал жөнүндөгү бир кичинекей кабар ага кубанычтын таңын алып келет го деген үмүттө акыры батынып мындай дедим:

— Ал Йованга Венадан кат жазыптыр.

— Аз жерден «оорукaнадан» деп жибере жаздадым. А түгүл «Венадан» дегениме да өкүнүп калдым.

Ал таң кала түштү:

— Кандайча Венадан?

— Ал философиялык бир эмгек жазып жүрөт, ошол иши боюнча ал жакка китепканага кеткен.

Мемнуна тизесин бүгүп бутун кучактады да, унчукпай ойго батты:

— Эмне үчүн катты Йованга жазды? Эмне үчүн сага... мага эмес?

Эмне деп сүйлөөрүмдү билбей мен да жалдырадым.

— Жазат,— деп анын үмүтүнө от тамызам.

Эми кайрадан алаканы менен бетин басып бышактай баштайт го деп турдум, бирок ал кармай келген китебин алды да кетип калды.

Бир жаман жорук жасап жиберүүдөн алыспы деги? — деген коркунуч жүрөгүмдү мыкчыды. Аны кайра чакыргым келди, бирок айтууга кудуретим жетпей эмне экенимди билбей турупмун. Менимче ал эч кандай жамандыкка барбайт го деп ойлоймн. Андай болсо китепти эстеп албайт да, тигинтип басаар-басмаксан болбойт да болчу.

Такирх-бекке токтоосуз шашылыш кат жазам! Мемнуна жөнүндө экөөбүз эч качан сүйлөшпөйбүз деп бети жок акмакка окшотуң анын сообуна калам!

Жок, менин ага баруум керек! Венага жөнөткөн соң, демек анын кыр аркасында коркунучтуу бир нерсе бар. Йован дагы, Тахир-бек дарылануу узакка созулчудай дегендей кылганы эсимде калыптыр деп айтпадыбы!

Иштин жөн-жайын мен өзүм билишим керек. Таанылбаган бөтөн элдин арасында ооруканада ал жалгыз жатат. Эгер ага барбасам жеткен акмакчылык болот да!

Бирок жол каражаттык акчаны жана башка нерселерди кайдан алам? Атамдан сурасамбы, бирок анын колунда эмне бар? Балким чоң атам берет беле, бирок уят, буга окшогон нерселерди өмүрүмдө суран көргөн эмесмин. Муфтийденби — мен эмне, жинди болуп турамбы? Венрдан алам.

Жок, Ненадан! — деп оюма кылт эте түштү. Ал биздин тукумдун ушул азыр дагы көзү тирүү чоң энеси, өзү колу ачык берешен киши, кимдин өмүрү жөнүндө кеп жүрүп жатканын түшүнгөн соң, тиги, бу деп отурбай эле карыз берет.

Базардан барабандын тарсылдагы менен сунайдын үнү угулат. Жыл сайын ушул күнү жүргөндөй, эртең менентен баштап эле шаардагылар дүрбөлөңгө түшүп жатышты: түштө чоң ат чабыш, дарда ойноо болот жана да ушул жолкуда Каабага ажыга баруучуларды узатышат.

Базарда эл кыжылдап батпайт. Бирөөлөргө кездешип калбайын деп Чоң атанын тоосунун коктусу менен жөнөдүм.

Үйгө жакындаган сайын жүрөгүм түрсүлдөп, олку-солкулана баштадым: ушунча убактан бери бир баш бакпаганым үчүн Нена чоң апанын алдында эмне деп актанам. Бир кирип чыкканга жарабай ошол бойдон Каирге кетип калмак экенсиң да,— бул анын мага айта турганынын биринчиси; ал эми качан барып, эмне үчүн келгендигимди түшүнгөндө, көрсө бир нерсе керек болуп калбаганда дегн эле кирмек эмес экенсиң го деп ойломок ал.

Аны гүлбакчасынан жолуктурсам сонун болот эле, анткени сөздү гүлдөн баштоо абдан ыңгайлуу.

Мен аны жолуктурдум, тактап айтканда таң каларлыктай аңгыраган бош үйдөн издеп жүрүп үстүңкү кабаттагы Сениянын бөлмөсүнөн таптым.

Көрөр замат ал тактадан ыргып туруп «ой-ний» деп жиберди да, мага утурлай басты. Мен анын колунан өптүм.

Отур деп ал мени такганы көздөй тартты. Аны карап туруп ушунчалык таң калып кеттим.

Анын ушундай туруп, сүйлөгөнүн эч качан уккан да, көргөн да эмесмин.

— Айланайын Мухаммед! Мына ушундай: бала көрбөсөң мында көз жашың бир көлдөйт, өгөй бала баксаң анда да көз жашың көлдөйт!

Муну ал, мен анын эмнени ойлоп жатканын билип тургансып айтты. Төмөн карады эле, көзү кофеси ичилип бүтпөгөн пиалага урунду.

— Эми аның үй-бүлө курайын деп ойлобой калган го? — деп сурадым мен, жуучу түшкөн жерге Нена макул болсо, Сения жүутпай жаткан го деген ойго келип.

— Эх, Мухаммед, мен аны азыр эле жанагы капкара цыганга деле берет элем, эми ушул кейипте ким алат дейсиң?

О, кудай, эмне болуп кетти экен?

— Нена, кудай жалгагыр, айтчы, эмне болду?

Ал сөөмөйү менен маңдайынын алдынан тегеретип койду. Мен үшкүрүп жибердим: түшүнүп эле турсам да, ошондой экенине ишенгим келбеди.

Качан?

— Билбейм, эс-акылымдан ажырап калдым. Бүгүн кайсы күн деп сурачы, билбейм. Сага эмне деп айта алам.

— Кайда ал?

— Төмөн жакта. Бир балээ болуп терезеден секирип кетеби деп аны биерге койгондон корком. Бекитип отурам.

— Антпегин Нена!

— Сен аны билбейсиң! Жээлигип токтоно албай, урунаарга too таппай турат. Көчөгө чыккандан тартынат дейсиңби? Кудуретиңден айланайын алла тааладан сура, эмне үчүн деп!

— Көрсөм болобу? Ордумдан турдум. Мени көргөндө мүмкүн эсине келип калаар.

Анын Капрге жазган каттарынан мындай деген сөздөрү кайрадан эсиме түштү: бир кудай менен сенден башка менин эч кимим жок, экөөңөр тең алыссыңар.

Ненага айткандарыма мен ушунчалык ишенип турдум.

— Азыр болбойт. Жакында эле карап келдим, уктап жатат.

Кайра отурдум. Көңүлүм уйгу-туйгуланып ишенбей, ар кандай жаман ойлорду ойлоп, түрдүүчө жоруп, Нена менен Урукеузду жөнү жок күнөөлөй баштадым. Анан: эмне үчүн келбей жүрдүм, Капрден неге кат жазып турбадым деп өзүмдү жектедим.

— Болуптур, деги ал эмне дейт?

— Эмне дейт дейсиңби? Бир нерселерди сурасаң: шайтан мени шербет ичкен чөйчөккө окшотуп талкалап салды, эми Алла тааланын өзү да желимдеп бириктире албайт,— дейт. Мына, анын айткан сөзү. Оозуна келген сөздү эле сүйлөй берет же ашатып тилдейт. Атүгүл кечээ мени бир койду. Анан бир туруп таптаза унчукпай калат. Баарынан жакшысы, андан эч нерсени сурабай эле коюу керек. Колуна тийгендин баарына тамеки ороп тартат. Тамекини катып койсом, каргыш тийген Уруксуз берип коюптур. Бир жолу тамекиси түгөнүп калыптыр, ошондо билесиңби айланайын Мухаммед, туруптур да Курандын бир барагын айрып алып, тоголоктоп тамеки кылып ороп тартыптыр! «Бул эмне кылганың берекем, чагылган биздин башыбызга түшөт!» десем,— «Түшсө түшө берсин, мындагы жазылгандардын бардыгы калп!» — дейт ал. Анан дагы гүлдөрүмдү кесип жатыптыр. «Ой бактысыз байкуш десе, гүлдөр сага эмне кылды?» — дедим да, кайчыны колунан жулуп алдым. Ошондо ал түбү менен жулуп кирсе болобу. Андан миздүү, учтуу нерселерди катып калдым. Ал турсун шамды да катам! Берекем Мухаммед, жан кишиге оозумдан чыгармак эмесмин, билесиңби шамды да катам! Ал ушундай бир шермендечилик кылып жаткан жеринен үстүнөн чыгып калдым!

Мен эч нерсе түшүнбөгөнсүдүм да, колумду Ненанын ийнине койдум:

— Нена, акыр түбү бардыгы жакшы болот. Дарылар бар эмеспи.

— Ох, сенин сөздөрүңдү кудайдын кулагы укса кана! Садагасы Мухаммед, эмне гана алакетти жасабайм дейсиң! Дем салдырып да көрдүм, Мухаммед бакшыга тумар чийдирип келип, уктап жатканда мойнуна тагып койдум, бузук канын башынан алсын деп, табыпты алып келдим — баары бир эч нерсе чыкпады. Күндөн күнгө начарлагандан начарлап баратат. Ал үчүн кудайга жалынам, ал турсун Уруксузду экинчи жолу Каабага жиберем,— деп убада да бердим, бирок кудай гана эч шашылбайт, а ой-санаа болсо жанды чыйпылдатып турат.

Көз тийди деп дарылап жаткандарынын бардыгы мага эмнегедир чындыкка жакындашпаган болбогон бир нерсе сыяктанып сезилди. Мисалы, бир тоголок коргошунду эритип, табактагы сууга куят, анда пайда болгон сүрөттү оорулуунун башынан тегеретип туруп өптүрөт. Ал эми шаардагы жээрде сакал табыптын кылганычы, анын жасагандарын көргөндө тим эле жүрөгүм айланды. Ал так

төбөдөгү кан тамырды чекти да, «бузук кан» агып болгон соң, ошол жерди ысытылган кычкуур менен күйгүзүп койду.

— Эгер Смаил-бек жардам кыла албаса анда иштин бүткөнү,— деди ал үшкүрүнүп.— Жакынкы күндөрдө Венага кайтып келет, анан аны надыманын табыбына алып барат. Элдин айтымына караганда эч жерден табылбаган дарылар бар имиш. Аякка барса акыл-эсине келип айыгып кетет.

— Мен деле бара алам аяка,— дедим да Тахир-бекти эсиме түшүрдүм. Болжолу ал сага убада кылган го?

— Убада кылган. Билем, бул ага кыйын эле болот, бирок зарлатып убада кылбай, өзү эле жасап берейин деди. Бизге эч кандай деле тууганчылыгы жок. Ал эми адамдын мындай боорукерлигин энеси деле кошо төрөбөйт. Анын бул жакшылыгына эмне менен жооп берээримди да билбейм. Кудай тилегин берсин анын!

Смаил-бек биздин тууганыбыз. Атчан аскерлердин офицери, бир аймактын башкаруучусунун кызы атка минип сейилдеп чыккандай дайыма коштоп жүрүүчүсү. Ушундай болушу мүмкүнбү? Ал мен үчүн эркектердин сулуулугунун үлгүсү. Мен аны кокусунан чала-чарпып көрүп калганымдан улам эле билем. Анда ал экөөбүздүн ортобузда алгылыктуу бир ооз сөз да айтылган эмес. Мындай эркектер мага дайыма өзүнүн сулуулугунан чыккан тегинен жана офицердик жылдызы менен шымынын тасмасынан ашык-кеми жок даражада акыл-эси бар адам катары гана көрүнчү. Ага барам да жардам берейин деп айтам. Муну укканда мүмкүн Нена акча берер.

— Нена, мен да алар менен бирге барам!

— Анча эле барам деп каалап калсаң, кудай жолуңду ачсын! Ал сени абдан жакшы көрөт. Кофе кайнатайынбы? — деп ал шарт тура калды. — Садагасы Мухаммед, сен өң-алеттен кетип турасыңда.

Эшикти каккылаган дабыш угулду.

— Мына, ойгонду. Аны менен этияттап, жакшы сүйлөшсөң.

Мүмкүн ошондой кылыш керекпи айтоор — Нена туфлийин тарпылдатпай мышыкча үн чыгарбай жөнөдү, мен артынан бутумдун учу менен бастым. Ошентип биз оозгу үйгө түшүп келдик. Эшикти дале койгулап: «Суу! Суу» — деп кыйкырып жатты. Нена аптаңдап барып бир стакан суу алып келди да, мага миштип шыбырады:

— Toктой тур, тынчысын.

Ал анын сырын билет экен; айткандай эле Сения бир кезде эшикти койгулаганын токтотуп тымтырс болуп калды. Кайрадан койгулап киреби деп биз дагы бир азга күттүк. Жок. Нена колунан келишинче ачкычты акырын бурап эшикти ачты. Мен анын артынан кирдим.

Сения чатын талтайтып, бет алдын мелтиреп тиктеп узун отургучта отуруптур. Нена ага стаканды сунуп, жайдарлана сүйлөп:

— Карачы, сага ким келиптир? — деди.

Ал мени карап да койгон жок, ал турсун балким көргөн да жоктур?

Менин бүткөн боюм дүркүрөп, эмне кылаар айламды таппай кеттим.

— Жаздыгым кайда? — деди ал.

Нена жүгүрүп барып бурчта жаткан шайы тыштуу жаздыкты алып келди.

— Мунун кереги жок, өзүмдүн жашыл тыштуу жаздыгымды бер,— деди.

Тигил жаздыктын тышы жашыл эле болчу. Нена айласы куруй мага карап: көрүп турасыңбы? — дегенсип жатты.

— Апей десе,— деди да сары жаздыкты алып келгени жөнөдү. Биерде андан башка жаздык аттуу жок болчу. Ал тиги жаздыкты Сениянын тизесине ыргытып жиберди.

Анан мени илгери тартып:

— Карачы, ким келиптир сага! Тааныйсыңбы?

Сения сенейип жалдыраган калыбында карегин мага кадады. Анан анын оту өчкөн суз көз карашы менин жүзүмдө көпкө турду. Акыры бурулуп кетти. Үн каткан жок.

— Сения, кызым, сен муну билесиң, эстечи!

— Билем: бул менин Мухаммедим. Бирок эч кимге айтпайм! Мени айтсын деп баягы неме төбөмдү күйгүзбөдүбү. Бирок эмне балекет кылса да эч качан айтпайм! Ал өлүп калган! Мен ага кат жазгам, ал болсо жооп бербей койду. Менин ийнем кайда? Эмне эле менден ийнени катасың?

— Катканым жок кызым, мына ал!

Нена ушкурунуп шыпты тиктеди да анан мага карады, шароварынын ичинен бир куту ширеңке алып чыгып ага бир талын сунду; тамеки тартпаса деле ширеңке алып жүргөнү эмнеси десем, көрсө ушундай турбайбы.

— Буга бирдеме деп айтсаң боло! — деди ал үнүн акырын чыгарып мени жемелегендей түр менен.

Сенияны жазганга кантип үйрөткөнүмдү эстедим да, ага эңкейип:

— Сения, кел мен сага айтып турайын, сен жаз — дедим.

Мен бир сөздү айттым да, анан анын баары бекер эле экенин түшүндүм.

— Үйгө кетким келет, бу Капрдс мындан ары чыдап тура албайм!

Ал менден алыс тээ бир жакта өзүнүн ошол үйүн карап турду. Жүзүндө болсо эч нерсени сезип-туйбай алакандай болуп алайган эле көзү калган.

Чуңуройүн ичине кирип кеткен жаагын бетинин оркойгон чүкөсү көлөкөлөп, жаак сөөктөрү аркайып, моюну кылдай ипичке болуп калыптыр.

Тиктегенден көзү талып кеткенсип, эми ал тизесинде жаткан жаздыкты карады.

— Эмне үчүн сен менин сайып койгон килемчемди уурдап кеттиң?

— Ал ширеңкенин чийи менен жаздыкка сайма сайып жатты. Мен бекитип байлап койсом, сен аны жулуп барып короого сайып коюптурсуң! Келе кичине кетмендн! — деп кыйкырып, ордунан тура чуркап эшикти көздөй жөнөдү.

Биз артынан кууп жетип, араң дегенде эки колунан кармап калдык.

— Чыкпайсың күйөөгө! — Ал жулкунуп колдон суурулат. Мынчалык күчтү ал деги кайдан таап жатат.— Коё бер дейм мени, бербейм, бербейм, бербейм, барбайсың күйөөгө! Кара далы кыз болуп отура бер, отур кара далы болуп!

Нена арстандай шамдагайлык менен аны шап белден алып көтөрүп туруп тактага жаткызды. Анан бөлмөдөн качып чыктык. Нена эшикти кулпулай салды.

— Мына, көрдүңбү? Күнүгө ушул. Ал Смаил-бекти да ушинтип тааныган. Бир гана жерн анда да сен эмне мага пандурду[1] ээрчитип келдиң деп мага айкырып, аны жакалап койгулаган. Ох, шордуу башым, кудайга мен эмнемден жаздым экен! — деп ал өзүн өзү санга чапкылады.

Ошентип, эч ким билбеген анык күнөөлүү менмин. Бул үйдө мени сүйүп калган кыз күтүп жүргөнүн капкачан эле билчүмүн, бирок эч нерсе билбеген, сезбеген ки-

---

[1] Пандур — полиция.

шн сыяктанып жүрө берчүмүн. Нагыз кылмышкермин! Бирок анын үмүтүн аткаруунун өзү накта кылмышкерлик болмок. Же балким ошондо жакшы болмокпу, айтоор мен ага бара алган жокмун. Мен энемдин багып алган кызы Ариф менен тиги бу болбогондой, таптакыр жакындыгы жоктугуна карабай Сения менен андайга бара алмак эмесмин, жана аны сүттөн ак карындашым катарында сүйчүмүн.

— Кофе кайнатып берейин,— деди да, Нена кофе кайнатууга жөнөдү, бул биздин көңүл жубатаар эң акыркы нерсебиз эле.

— Кереги жок Нена, менин Смаил-бекке барышым керек,— дедим.

Ал токтой калып, мени тиктеди да, анан көкүрөгүмө башын коюп солуктап ыйлап кирди. Көрсө ал, Сенияны мен эртең эле алып жөнөгөнү жатканымдай ойлоптур.

— Сения жок менин көргөн күнүм кандай болот, Мухаммед тууганым! Бөлөк-бөтөн жердин каеринде темселейт эле! Бир аз күтө турсак кантет, мүмкүн оңолуп калаар!

Ал ошентип мени да, олку-солкулантып таштады: Анын айыгып кетиши үчүн мен өзүмдү курмандыкка чалышым керек — башкача айтканда анын алдында ал үчүн жалганда жалгыз болгон кишинин ордун алмаштыруум зарыл, деген бир чоң үмүт көңүлүмдөн чыкпай, тарткынчыктатып туруп алды. Ошентсе да, токтоосуз Смаилбеке барып, айткандарын жасаары аныкпы же башка да ойлору барбы, ошону билүү зарыл эле. Ал бүгүн Гертруда менен атчан сейилдеп чыккан эмеспи же жаңы барган жатканбы, айтоор кудай жалгап үйүнөн таптым.

Сакал, мурутун кырынып жатыптыр. Көчөгө кийүүчү шымынын эки жанында арчындамасы салаңдап, өтүгүндө шпорлору шылдырайт. Ошондо барып мен: бүгүн аймактык чоң ат чабыш болоорун, а ал болсо даярдоо комитетинин председатели экендигин эстедим. Эч кабарлашпай туруп жана беймаал келип калгандыгым үчүн кечирим сурадым. Антсем ал мага: карасаң, так ушул убакта сакал алып калганымды деп, анысы биздин ансыз да анчалык эмес жана кээде гана болуп калуучу байланышыбызды күтпөгөн жерден калыбына келтире турган эң сонун учурду бузуп салгандай кейип жиберди.

— Сенияны кандай кылабыз? — деп мен тим эле Венага жөнөөрдүн акыркы мүнөтүндө отургансып, оор үшкүрүнүп оюмдагыны ортого сала берип отуруп калдым.

— Биздин чоң энебиздин ушул азыр да көзү тирүү

энеси, Ненаны жанымдай жакшы көрөм, Мухаммед. Сенин эгер Венада өскөнүңдөбү, тим эле атагы таш жарган аялдардын бири болмок. Мына эми, аны оорукапага алып барганы жатабыз!

— Качан жөнөгөнү жатасың?

— Бейшембиге чейин кетем.

— Мен да сени менен барам.

— Эч кандай зарылчылыгы деле жок, Мухаммед, Гертруданын атасы бардыгын даярдап койду. Мырза деп мына ушуну айт! Сен кабаатыр болбой эле койсоң да болот. Аны алып кетүүгө оорукападан адистер келишет, диагнозун койгончо ошол жерде болот, анан керек болсо Венага которушат. Мен аны ошо жерден тосуп алам. Маданияттуулук менен Мухеммед!

Дубалда илинип турган күзгүдөн жүзүн мага бурду эле, анын көзүнөн эмне кыларын билбей башы маң болуп турганы байкалды.

— Бнерден качып жоголуш керек! — деди ал.

Сулуулугу тим эле ушундай дейсиң, андайлар чанда бир кезигет да, өмүр бою эсиңден кетпей калат. Анын турпатында аялдыктын да, эркектиктин да сымбаттары бар эле. Өзгөчө таноолору жука жана кууш келип, куш тумшуктанган татынакай ичке мурундуу, жазы маңдайлуу чап жаак жүзү аялдыкына окшошсо, төшү түктүү, ичке белдүү, куурай сандуу, жамбашы менен балтыры дайыма атта жүрүп бышыккан атчан аскерлердикиндей чың булчуңдуу турпаты накта эркектикиндей болучу. Эмне үчүн качуу керек экендиги жөнүндө айтып жатып, ал өзүнө гана көрүнүп турган кандайдыр бир чекитти тиктеп, кара сур бетине жабышкан самындын көбүгү менен туруп, ойдо жок жерден эле эс алуу багынын кайсы бир жеринен көргөн статуянын сулуу башын, анын төбөсүнө жылуу жел кар олпогун али бир да жолу эрите электигин эмнегедир мага эскертип калды. Бирок адамдын көңүлүн астейдил гана бургансыганы менен чындыгында жүрөккө терең чок салган мында, ошол эң башкы нерсе жок эле. Ооба, мында анык сулуу адамдарга тиешелүү нерселердин эч нерсеси жок болчу. Мисалы, сулуу адамдар өздөрүн же ошончолук эле сулуумун деп эсептешпейт, же башкалар алардын сулуулугун көрө билбегендигине бушаймандашышып, ар дайым өздөрүнүн сулуулугун өзгөчөлөнүп көрсөтүүгө жанталашып турушат. А бул өзүнүн сулуулугуна карабай, элден эч айырмасы жоктой эле жүрөт, а мүмкүн сулуу экендигин деги эле билбейт окшойт. Ошентип анын офицердик жакасы да, формасы эң кооз атчан

аскерлердин шпорунун шыңгыраган үнү да өзүнүн авалын сезүүгө эч жардам бере албады.

Жеңил ойлуулук кылып ал жөнүндө башкача ойдо болгондугума мен абдан кейий түштүм.

— Кайсы атка койдуң? — деп сурады ал, анткени ат чабышта ошентип кайсы бир атка акча коюу адатка айланып калган эле.

Ийнимди куушуруп койдум да, ат чабыш мени эч кызыктырбагандыгына анын алдында оңтойсуз абалда калдым.

— Анда кел байге коюп коелу! — ал колун сунуп мага келди.

— Сен кайсы атка коесуң?

Эмне кылаарымды билбей калдым, анткени бир да күлүктү же алардын ээсин билүүчү эмесмин.

Анан кудай жалгап бир жолу Фехимдин: аймактын башкаруучусунун Атилла деген күлүгүнө деп жатканын укканым эсиме кылт дей түштү.

— Атиллага коем! — ага колумду сундум.

— Мен Веприин Араушасына! Көп деле албайм. Венадагы жоро-жолдошторума бир кечки отуруш жасайсың. Макулсуңбу?

— Макулмун!

Анын жоро-жолдоштору менен (офицер менен) болуучу бул отуруш али алдыда жана болоорунан болбосу көптүгүнө карабай, эмнегедир эң эле жагымсыз жана таптакыр кереги жок нерседей сезилип кеттим.

Сениянын өз кишилеринин биринин коштоосусуз, атайын келген адистер менен, ал турсун, балким колубутун байлап жөнөтүү, барып турган акмакчылык, ал гана эмес карасанатайлык болот. Дегинкисинде эле бул сапарын эл кандай алаар болду экен? Мен өзүм көргөндөй, байкуш Нена бул кырсыкты элге билгизбеш үчүн колунан келгендин баарын жасап жатат. Эгерде бул жөнүндөгү ушак алиге шаарга таркай элек болсо, Сениянын минтип жөнөшү жөн эле замбиректен ок атылгандай дүңгүрөйт го?

Смаил-бектен чыгып келатып мен жанымды кейиткен оор ойго чөмүлдүм. Эгерде Венага барып кала турган болсом, анда мен Сениянын ишинен мурда, Тахир-бек үчүн барган болом. Ошон үчүн, менин аны коштоп барганымдан ал эмне пайда тапмак,— деп мен эми өзүмөөзүм актана баштадым. Менин ал жерде болушум мүмкүн Сениянын абалына зыяны гана тийип жүрбөсүң? Айтмакчы, Тахир-бекке кантип жардам кылам? Эгер мен,

анын эмне менен ооруганын профессордон билип калсамчы (элдин айтымына караганда анын оорусу коркунучтуу көрүнөт). Мен ага көргөнү гана барып, өңүң жакшы боло баштаптыр, корко турган деле эч нерсең жок экен деп, калп эле көңүл улап алдоого кудуретим жетеби? А эгер ал, бетимди карабай койсочу (эмне үчүн ал катты Йованга гана жазган?) Анда эмне болот?

Агабыздын меймапканасынын алдында сурнайдын созолонгону, барабандын дүңкүлдөгү жана элдин ызы-чуусу угулуп жатты: түштө ат чабыш болот, андан кийин дарда ойноо башталат. Эки империянын убагында тең алдына киши чыкпаган атактуу дарчы бүгүн өзүнүн эң узун арканынын үстүндө Кабага кетүүчүлөрдүн урматына деп майрамга союлуучу козуну мууздайт. Чаршиялык жарчы Рамиз болсо барабанын жерге коюп ракия винносунан утур жутуп, чоң меймапкананын алдында кыларга иши жок отурат.

Түшкү оокатты ичип, өзүмдүн сүйүктүү алмурутумдун түбүнө жатып уктап күндүн кеч киришин күтөйүн десем бул жерден кантип өтүп кетээримдин айласын таппайм.

Балалыкты коштоп кеткен кайрылгыс өткөн күндөрдү эстен куру кыялга батам. Эртең ат чабыш болот же дарчылар келет экен дегендин түнү көпкө дейре уктай алчу эмесмин, анан — так эле ошолорду азыр да кээде түшүмдө көрөм,— жүгүрүп бараткан аттын үстүндө тикемен типтик турам же, пихливандын[1] жибинин үстүндө тең салмактуулукту сакташ үчүн эки колумду жайып алып, бутумдун башы менен жепжеңил гана термелип басам. Элдин баары айран-таң калышып дуулдап кыйкырып турушат. Эми болсо, ат чабыш мен үчүн бардык сонун жактарын жоготуп, анык жек көргөн оюнга айланган.

Адатка айланып кеткен ат чабыш үчүн бүгүн түштө үч диндин — ислам, православ жана католик дининин өкүлдөрү күлүктөрүнө кайрадан ээр токушат. Жалпы жонунан алганда· алар экиге: биздин «түрктөргө» жана алардын эки диндегилери биригип, бизче айтканда — «гяурлары» деген бир цаамда болушат.

«Биздики» бир убакта өз доорун сүрүп анан чачырапды болуп калган Осмон империясынын уркөрдөй бир бөлүкчөсү, ал эми «алардыкы» болсо бийликтин таягынын ишенимдүү коргоосунда турушат. Ошол аймактарда алар мурда көрүп, укпаган өздөрүнүн тартибин ой-боорунча

[1] Пехливан — дарчы.

орнотушуп, ченебей кулач жаюуда. Бирок ошол эле мезгилде кайсы бир жерлерде, мейли, мага десе тээ түпкүрдө болсун, жаңы жаралып жаткан нерселер мына, буларды айгинелеп турат: алар үчүн кандайдыр бир коркунучтуу нерсе пайда болуп, уламдан-улам көбөйүп, каптап келаткансыйт. Болгондо да бул боштончулуктан үмүт үзүлгөн православдыктардан башталып атат. Айтмакчы, ат чабыш (менин эсиме Тахир-бектин жакшы көргөн сөздөрүнүн бири келе калды) — бул, бирөө сөлөкөттөрү гана калган, экинчиси, ошол тагдырга туш болбой калышын бир кудай өзү билген эки империянын милдети.

Билбейм, балким дарчыларды көргөнү барышым мүмкүн. Бирок башка элдердей эле болуп: баш айланткан бийиктиктен зым арканга отуруп алып (алла-таалага жалынып) кудай жолуна деп бата тилеп Каабага ажыга жөнөчүлөргө арнап козу мууздаган кашка баш келесоо чалыш немени демдерин ичине алып карап отурган шаардыктарга окшоп эми мен таң кала албайм. Анан да анын бул өнөрү баатырлыктын баатырлыгы, теңдешсиз искусство деп эсептелет.

Менин кызыкканым бир нерсе, шаар боюнча шылдыңдап ушак кылып жүрүшкөн менин агам, анын жолдошу жана «соода боюнча шериги» Кунстмалер Селим-бектин бүгүнкү оюнга катышаар катышпасы болду. Ага жолтоо болуш үчүн ал турсун оюн башталганча барууну чечтим. Анткени анын башына кандай гана кырсыктар түшпөсүн, мындай ар-намысы жоктукка чыдабай атам эмне балекетти жасап жибererин ким билсин.

Аны азыр үйдөн таба алар бекенмин, анткени ал кайрадан таң атпай бир жакка кетүүчү болуптур. Кайда барып жүргөнүн бир жан билбейт. Анын мындай жоголуп кетүүлөрү ар дайым жөн жеринен болчу эмес. Балким Кунстмалердин намыс-арды коюп пехливан менен ойногону жөнүндө ал да бирдеме угуп калса керек.

Дарбазанын алдынан карпа-курпа чыгып эки аял менен сүзүшүп калдым. Алардын бирөө мени көрөр замат паранжасын түшүрө койду, экинчиси бир азга токтоп адегенде кубанычтуу тиктей калды да, анан муңайым тарта түштү. Жанындагы паранжасын түшүргөнү аны колдон тартты эле, алар ошол замат кетип калышты.

Биринчиси мен тааныган неме эмес экен, бирок ал бетин жаба салып жатканында эмнегедир мен аны бир жерден көргөнсүп кеттим.

Экинчиси, Арифанын мен тааныган бала кездеги жолдошу окшойт, тим эле таанылгыстай болуп өзгөрүп ке-

типтир. Турмушка чыккандан бери, көп жыл болду көрө элегиме, а мумкун ал эместир

Мен үйгө эмнегедир бир балакеттин болорун сезгенсин кирдим.

Биринчи кабаттагы далиске кирип барсам, демейде бул маалда мындай болуп көрбөгөндөй дүлөй тынчтык экен. Эч жерде шырп эткен дабыш чыкпайт.

Анан мен малайыбыз Мехиницаны издеп тапмакчы болдум. Анткени иштин жөн-жайын андан тезирээк да, толугураак да билүүгө болот болчу. Анын дайыма болуучу оруну ашканага баш бактым: ал жерде Мехиница жок экен, анткени менен узун орундукта энем менен Арифа отуруптур. Энем башын төмөн салып отурат. Алар узун отургучтун эки башына отуруп алышыптыр. Алардын тейнне карасам, отургуч мындан узун болгондо дагы алыстап отуршмак көрүнөт, таан келип берээр эле киши жок турушат.

— Атам келдиби? — дедим мен босогону аттап кирбей жатып, иши кылып бирдеме шылтоолош үчүн гана.

— Жок, отур Мухаммед,— деди энем.

Бирдеме болгону көрүнүп эле турат.

Кокус бирөөнө жакын отуруп калсам, экинчисин сыйлабагандай болчудан бетер, оңтойсуздანып барып узун отургучтун ортосуна отурдум.

Бир кырсыктын болгонуна көзүм утур көбүрөөк жете баштады.

Эгерде менин чыдамым жетпей сурап жибербегенимде, үн катышпай отуруунун канчалыкка созулаарын бир кудай өзү билет болчу.

— Деги эмне болуп кетти? Эмнеге унчукпайсыңар?

Унчукпай отуруу убагы бир топко созулду, анан энем үнүн чыгарып:

— Сен эмне деп ойлойсуң, билбейм Мухаммед?

— Эмнени?

— Мен муну согончогумду канатып төрөгөн эмесмин, бирок сени мага ким берсе, муну да ошол берген. Кудай көрүп турат го, мен экөөңөрдү тең тогуз ай толготуп көтөргөндөй болуп турам! Мага...

— Жаныңды жейсиң! — Арифа ага карап да койбостон, сөзүн оозунан жулуп алды.

— Кудай көрүп турат,— дейт энем жерден көзүн албай.

— Мен муну сенин ошол кудайыңдан алда качан жакшы көрүп турам. Болгондо да качантан бери дебейсиңби? Мына, момундайыман! — Арифа колу менен көзү бир пер-

сени көрүп, таанып баштаган убагында кандай экендигин көрсөттү.

— Мухаммед,— деди энем, дагы эле бет алдын мелтиреп тиктеп,— сен айтчы, бирге чоңойдуңар беле?

— Арифа, сен эмне болуп кеткенсиң?! — мен аны карап жекире тиктедим. Ал эми чындыкты атайын десем киши ишене турган эмес.

— Сүйлөбө! — деп ал ордунан тура калды. — Мунун каны сенде да бар! Бул менин алдымда өмүр бою бөйпөңдөп жүрдү, бирок мен аны менен качып кеткенимде бул сүйүнгөндөй эч ким сүйүнгөн эмес! Азыр да мени үйдөн чыгып кетсе экен деп ойлоп отурат! Ошондуктан мени ага күйөөгө берип жатат! Быш, күтүп турсун энекең, болоор бекен ошол! — Ал өзүн ичке чапкылады. — Ушул жерде тууйм! Мен ушул жерде туулгам жана ушул жерде тууйм! Тирүү турганда ага барбайм, билип койгула ушуну! Мага күйөө табылбай калмак беле, табылат, керек болсо бирди эмес тогузду тууганга күчүм жетет!

Ал жүгүрүп чыгып кетти. Баары бир анын жеп жибергүдөй каардуу тиктегени көз алдыман кетпей турду.

Туштөн кийин ат чабышка барам! Биерден кетишим керек! Ат чабышка кызыкпасам да барам, болбосо кайда башым оосо ошо жакка жөнөйм. Иши кылып, мени мүнөт сайын соруп бараткан мобу тирүүчүлүктүн сазынан оолак качышым керек. Эч болбосо бир көз ирмемге кетейин.

## 13

Менин оюма чоң атамдын ат багары Фехим кылт этти: ат чабышка атам менен же туугандарыбыздын кимдир бирөөлөрү менен барбастан, ошону менен барам,— дедим ичимден.

Ал мени эч качан өзүнүн кырсыктуу иштерине кызыктырууга аракеттенген эмес, ошондой эле бир кызыктуу нерсе ойлоп тапса ага аралаштырайын деп ниеттенчү да эмес. Жер астында дайрага барып балык ууласак биз баардыгын эстен чыгарып жыргап калаар элек. Мен болсо анын мени жакшы көрөрүн билчүмүн, бирок эмне үчүн экенине акылым жетчү эмес.

Каирден келгенимде фиакрга салып алып бөксө тоонун үстү менен үйгө жеткиргендегисиндей болуп, менин анын жанында чогуу жүргүм келип кетти. Так ошол өзүнүн бөксө тоосунун үстүндө келатып, ал менин шаар жөнүндөгү суроолорумдун баарына баласынтып бой көтөрбөй, ал тур-

сун кубана жылмайып, эч нерседен тартынбай жана эч кандай күдүктөнбөй билим казынасынын деңгээлинин жетишинче жооп берип жатты.

Мен атама, ат чабышка Фехим менен барарымды айтып: ал азыркы учурундагы бардык күлүктөрдү билет, кайсынысы кимдики, кандай жана чабендеси ким экендигин Фехимдин айтып турушун каалары мды билдирдим.

Ат чабышта болорумду укканда болжолу атам да кубанып кетти көрүнөт.

— Ооба, мен Фехим менен барам,— деди ал. —Мен аны быйыл биздин Султанияны таптап чапкын десем болбой койду. Мейли, анын ишине кийлигишпейм. Бир аз убакыт күтсө күтө турсун: бизде Султаниядан кем болбой турган араб тукумундагы бир кунан бар!

Түшкү тамакты ичип бүтөөрүбүз менен жолго чыктык. Ат чабыш болучу жерге чейин бир топ алыс.

Өз убагында жетип, ат чабылуучу жолдун боюнан жакшы орун алып калуу үчүн эртелеп жөнөдүк. Чындыгында ал орундарды баары бир биз үчүн коюп коюшмак.

Жолдун эки жак четиндеги эл жарменкедегидей кыжылдайт. Алардын баары бизге окшогон эле ат чабышка кызыккандар!

Үчөөбүз тең атчан баратабыз, мен Султанияны мингем. Ушул жерге токтойбуз деп Фехим атынын оозун тартты.

Ал аттардын басмайылын бошотуп, майда эмен жыгачтарынын арасына байлады.

Чындыгында эле эң сонун тандаган экен.

— Көрдүңбү... Кантип көрбөй жатасыңар?! Тээтигинде, жолдун үстүндө аялдар дөңдө сүйлөшүп отургансыган чоң ак таштарды. Алар чындыгында эле: «Аялдардын ушакташып отурган жери»,— деп аталат.

Так ошол жерде туура сызык салып мараа кылынган. Марааны ким биринчи өтсө ошол утат! Ал эми тетиги жактан болсо аттардын келатканы көрүнөт,— деп ал сол колу менен бурулуштан ары ийри-буйру болуп жаткан жолду көрсөттү. — Так ошол бурулуш алар үчүн мараа. Ал жерге келгенде аттын күчүнүн канчалык экени, чабендестин жолу болгону же болбогону белгилүү болуп калат. Мына ошондон баштап биринчилик үчүн кармашуу башталат!

«Кармашуу» — эч бир сөз алмаштыралгыс сөз, муну эски империя чыгарган, демек бул ушундай жеңишке жетиш үчүн кандай айыгышкан кармашуулардын болгондугуна эсеп жетпей калгандагы мезгилдин акыркы жыйынтыгы.

Менин ак көңүл Фехимим десе, сен мага баарын эрик-

пей айтып берип жатасың, а мен муну өзүм эле көрүп турам жана сенден кем билбейм деп, ичимден күлүп турдум.

Мейли айтса айта берсин. Бул буга керек. Менин кайтып келгенимдегидей дулдуюп турбастан азыр анын миптип жайдарыланышы мага жагып жатты.

Мен тегеректеги башка бир нерселерге көз чаптырдым.

Жолдун тиги тарабында, токойдун алдындагы ачык жантаймада куду эле буудайдын арасындагы кызгалдактардай болуп негизинен аппак болуп көрүнгөн калың элдин караанында быжыраган кызыл тактар байкалат, ал эми бул тарабында болсо жалтылдап жапырт эле капкара же карала болуп турат.

Баары түшүнүктүү.

Бул карарган жердегилер майрамдык жасалгаларын кийип чыгышкан шаарлыктар — былтыркы шым, көйнөкчөн, тончон жана өздөрүнүн улуттук кийими болгон төбөсү кызыл жумшак тебетейчен православдык дыйкандар.

Жолдун тиги тарабындагы агарган караандардын арасында караргандары да бар.

Алар шаардык православдар — соодагерлер жана ашканалардын ээлери, ал эми алардын тегерегиндегилер болсо соода-сатык ишиндеги немелер. Фехимден укканыма караганда, айрымдары бүгүнкү ат чабышка күлүктөрүн кошкон имиш. Болгондо да чыгаан күлүктөр көрүнөт.

Бизден анча алыс эмес жерде, эмен жыгачынын токойчосунун четине брезенттен чатыр жасалыптыр. Анын астына узун такта орнотулуп, килемдер төшөлүп, көп жаздык ташталыптыр. Анда өзүнүн чиновниктерин кашына алып, майрамга күйүүчү жалтыраган формасын кийип, австриялык аймактын башкаруучусу, чоң ата жана муфтий отурат. Императордун атчандарынын арасында биздин тукумдун өкүлү болуп жүргөн Смаил-бектин көрүнбөгөнүнө таң кала түштүм. Ал тетиги «Аялдар ушакташчу дөңсөөнүн» жанында, комитеттин председатели катарында, бир жерде турган болуу керек.

Фехим чөнтөгүнөн «түрктөрдүн саатын» алып чыкты. Аны «европалыктарча» эсептеп чыкты да:

— Учуп жөнөштү,— деди.

Мен аттар көрүнүүчү бурулушту тиктедим. Айлана-тегеректин баарынан жан өзүмдөн кандайдыр бир өзгөчө нерсени сездим. Бардыгы демдерин ичине алып унчугушпай, кыймылсыз: биз үчөөбүз да, тиги аймактын башкаруучусу отурган чатырчанын алдындагылар да, жолдун эки жак четинде турган ышкыбоздор да, ал турсун эрте

жаздын күн батаар алдындагы үп тарткан абасы да чайыр куюп катырып койгондой сезейүүдөбүз. Ар ким өзүнүн күлүгүнүн биринчи келишин тилөөдө, а балким биздин диндекилердики анын келсе экен деген ашынган диндилер баарынан көбүрөөк тилеп тургандыр.

Мен эмнени каалап турганымды өзүм билбейм. Анан өзүмдү ишендирем: Смаил-бек менен мен мелдешкен аймактын башкаруучусунун Атилласы чыгат,— дейм. Бирок акырында өзүмдүн ойдо жок бир укмушту күтүп турганым айдан ачык белгилүү болот: көрсө, элдин бардыгы таң калгандай болуп, эч ким ойлобогон бирөөнүн күлүгү чыгып кетсе экен,— деп тилеп турупмун.

Тилекке каршы андай болбой калды.

Эгерде Фехим ордунан тура калбаганда, анан анын артына чатырчанын астында отургандардын баары жабалакташып жарданышпаганда, мен бурулуштан биринчи атып чыккан атты байкабай калмак да экенмин.

Атам дүрбүнү көзүнөн албай отурат.

— Вейрдин Арапушасы келетат,— деди ал.

Ушунчалык өкүттө калып тишин катуу тиштегендиктен Фехимдин сакалы менен муруту дагы бирге түштү. Ага абдан жаман болду, анткени Атилладан күткөн ишеничи акталбай жаңылып калды.

Чынында эле көп узабай бурулуштан Атилла атып чыкты да Арапушага куйрук улаша баштады. Ак куудай аппак болуп калкып учту эле күндүн нуруна чагылышып көз ирмемге караанын көрүнбөй кетти. Анан кайрадан агарып жолдон көрүндү. Болжолу Арапушаны куул жетти окшойт, жолдун эки тарабындагы элдин баары тура калышып, колдорун булгалап, жакшыраак көрүш үчүн жолдун тамандына чуркап чыгышты. Фехим болсо былк этип да койгон жок. Атам дүрбүсүн мага берди.

Дүрбүдөн эки атты тең кол сунса жетчүдөй аралыктан даңдаана көрүп турам. Өңдөрүнүн жана мүчөлөрүнүн ар башкалыгына карабай, бул эки күлүктүн кандайдыр бир жакындыктары бар эле. Алар мүчөлөрүнүн сымбаттуулугу жана жанын аяп ыкшоо тартып калбай, «күлүктөн күлүк чыкса төрт аягы тыбырайт» дегендей өжөрлүк жактары болчу. Алардын барган сайын күчөнүп катуулап бараткачын карап туруп: буларга шпор, ооздук, камчы дегендин кереги да жок го деп койдум.

Атилла чын эле Арапушаны куул жетип алабы? Эми ишенбеске арга да калбай калды: ак куудай аппак караан барган сайын Арапушанын кара өңүн көрсөтпөй жаап баратат. Бирок азырынча тодук жаба элек. Ошентип аттар

бир аз убакыт теңеше түштү. Чабендестер үзөңгүгө тура калышып жанынын бардыгынча камчы урууда, бирок андан эчтеке чыкпады. — Атилла Арапушаны куйрук улаштыра басып өтүп калды.

— Мен сага эмне деп айтым эле? — Фехимдин мурду дардая түшүп: — Куран деген эмне экенин билбейм, бирок күлүктөн жаңылбайм! — деди.

Бир убакта Арапушага канат бүткөнсүп Атилланы кууп жетип, озуп да баратты. Ошондо мен ичимден күлкү аралаш минтип жооп бердим: «Кымбаттуу Фехим, эгерде кудай күлүк боюнча ушундай түшүнсө кана».

— Чабендеси көптү билген неме экен, жибитип алды атын! — Фехим башын чайкады.

Мен бул эл оозундагы сөздү жакшы билем: чабендес атынын арыш ташташы бузулуп бараткапын сезсе, үзөңгүгө тура калып тумшукка чапкылайт, ошондо атка жаңы күч пайда болот!

Атам дүрбүнү менден алып эми өзү карай баштады.

Анын эмнени карап жатканын көрүп турам: так биздин тушубуздан дагы биринчиликти талашчулар жете келишти. Биз болсо алдыдагы экөөнө алаксып жатып буларды байкабай калган экенбиз.

— Новицы Янковичтин Ябучилосу,— деп коюп атам дүрбүсүн кайра мага сунду эле, Фехим илип кетти. Ал карап турат, сакалы болсо калч-калч этет.

Эмне үчүн анткенин дүрбүнү мага бергенде түшүндүм.

Дүрбүнүн туптунук тегерек көзүндө сарыкер күлүк, Ябучило өңүнөн эч айырмасы жок куйрук, жалын жайылтып, күндүн нурунда жалындап күйүп баратат. Анын бул көрүнүшү балдардын каруселиндеги жыгач аттарды элестетет, анткени анын буттары жерге тийбей бараткансып абада бүгүлүп турганы гана көрүнөт, ал эми чабендес болсо анын жонунда отурбай эле, каздын тыбыты сыяктанып үстүндө калкып баратат. Көргөн көзүмө тойбой, дүрбүнү аны ээрчитип кармайм. Анан бир убакта эле Атилла менен Арапуша көз алдыма келе калды, аларды падышанын күлүгү да кууп жетип, озуп жөнөдү.

Фехим ой-ойлоп, сандарын чапкылап жатты, атам сөгүнүп кирди, а тиги чатырчанын алдындагылар дым болуп отуруп калышты.

Жолдун тиги тарабындагылардын арасын жандуу кыймыл аралагансый түштү, мен дүрбүнү ошол тарапка бурдум: православдыктар жеңишке жетине алышпай, тумактарын асманга ыргытышып, секирип, бирин бири кучактап жатышат. Бир топтору, аларга чейин эле кумур-

скадай кыжылдап эл батпай кеткен «Аялдар ушакташкан дөңсөөнүн» жанындагы мараанын туура сызыгын көздөй чуркоодо. Ал жерден мылтыктар атылды.

Мараанын сызыгы бизге туурасынан жатпастан, октой түптүз болуп бизди көздөй келетат. Ал жерде котолошуп эл көп. Ошондуктан мараага Ябучилонун келгени же кандай кылган менен да Арапушанын келгени атама да, Фехимге да такыр көрүнбөдү. Алар орундарынан турушту.

Менин эми артта калган аттарга карагым да келбей калды. Алар жалгызданбы же тобу мененби айтоор акыркы күчтөрүн салып алдан тайып жүгүрүшүүдө. Азыр аларга баары бир, биринчи болуп же байкабай эң артта келатабы айтоор алынын жетишинче чуркоо керек. Мен да ордуман турдум.

Фехим антаңдап басмайылдарды тарта койду да, аттанаарыбыз менен таскактатып жөнөдү. Карасам биз бая келген жолубуз менен кайтпай, «Аялдар ушакташкан дөңсөөнү» көздөй баратабыз. Эл ушунчалык котолошуп толуп кеткендиктен ал жер таптакыр көрүнбөй калыптыр.

Биз күтүлбөгөн жерден тык токтодук: мылтыктар дагы атылды, бул жолкусу жүгөрүнүн куурулуп жаткан бадырагынын тырсылдап жарылганындай тез-тез атылды. Калың эл экиге жарыла берип, бая жолдун тиги тарабында турган бөлүгү куду эле дөңсөөнү жалап жаткан тил өңдөнүп токойду көздөй чубалжып баратты. Ал эми биздин тарапта болсо эл талаанын бетин бербей бытырап качып жөнөштү. Ошентип «Аялдар ушакташкан дөңсөөнүн» жаны аңгырап ээн калганча кымкуут боло берди. Атам дүрбүсүн көзүнө кармады, бирок эмнегедир оңтойсузданып тез эле төмөн түшүрдү да, эмне болуп жатканын муну менен толук көрө албайсың,— деп койду. А жерден болсо жер жарылып, ажыдаардын башы көрүнгөнсүп жап бүткөндүн баары жапталашып качып баратат. Биз эч нерсеге түшүнбөй бири-бирибизди карайбыз. Анан Фехим атын чу коюп жөнөгөндө гана эсибизге келип артынан биз да чаптык. Мараага жетээрин жетип келдик, бирок ал жерди карай албадым. Жолдо өлүктөр жатат. Капкара тармал чачтуу жаш жигит бети тумагы менен жарым-жартылай жабылып чалкасынан түшкөн. Көйнөгүнүн көкүрөгүнүн сол жагы канга жошолгон. Кызыл топу кийип, белине жашыл кур курчанган экинчиси сууда сүзүп бараткансып кулачын созуп көмкөрөсүнөн түшүптүр. Дагы бирөө жолдун боюндагы арыкка жиптей түйүлүп, ичин кучактап тоголонуптур. Ал мага алиге кыймылдап жаткандай көрүнүп

кетти. Жолдо таштар, союлдар, казыктар, тумактар, топулар, ал турсун бычактын жалтыраган кындары жайнайт.

Көзүм карацгылай түшүп, тамагыма жанды кыйнаган бир нерсе тирелип чыкты. Мылтыктарына штык сайган жандармдарды атам биринчи болуп көрө койду. Бир взвод экен. Жолдун боюндагы арыктын жээгинде тамеки тартып унчукпай отурушат. Алардын жашылсымак боз формалары жашыл өңү бозоро түшкөн чөптөрдөн айырмаланбайт, ага шайкеш болушуп тигилер да кыймылдабагандыктан эч байкалбайт. Бул ушулардын колунан келген иш эмеспи? Эми эмнени күтүп отурат булар?

— Жандармдын начальниги мырза, айтыңызчы, эмне болуп кетти бул жерде? — деп сурады да, атам жолду баспоого аракет кылды.

Жандармдын начальниги өйдө туруп жолдун бери жагына өтүп эрине честь берип, анан православдарча үч манчасы менен жийиркене чокунду да, үнүн акырын чыгарып:

— Ушунун баары диндин азабынан болгон иш бек мырза! Ажыратып калып дагы жакшы болду. Биз келбесек жана бек мырза Вепрь болбогондо бул жерде эмне деген гана иш болбойт эле! Өлүктөрдөн басып жүрүүгө болбой калмак!

Алардын эмнени күтүп турушканын ошондон кийин гана түшүндүм. Мараадан жүз кадамча эле аралыкта тизилген бир топ араба, атчан жана жөө адамдар турат. Аларды ат чабышка карата шаардан чыгарбай коюша керек, а мүмкүн атышууларды жана кымкууттукту көрүшүп өздөрү эле жолдорун улантпай турушкандыр. Мен биринчи турган арабага секирип чыгып атын даркырата кубалаган кишини көңүл коюп карап калдым... Чын эле ошондойбу? Ооба, ошол Вепрь экен, эми мен аны даана көрдүм. Ал дыйкандын колундагы шапалагын жулуп алып аттарды жан талаштыра шыпылдатып баратты...

Жанагы жолдун боюндагы жиптей түйүлүп жаткандын жанына барып тык токтотту. Шарт секирип түшүп, аны көтөрүп дыйкандын жардамы менен арабага жаткызды. Жаралуу эки колдоп ичин басып жүрөт, демек ошол жеринен жарадар. Анын мунусу мага, ичегим чубалып калбасын деп коркуп жүргөндөй сезилди. Чын эле экен, Вепрь шашкалактап белиндеги майрамдык курун чече коюп, арабанын ээси экөөлөп тиги бечаранын ичин таңды. Анан эми ошонун зарылчылыгы бардан бетер: Вепрь көтөрүп жатканда жаралуунун башынан түшүп калган төбөсү кызыл тебетейни дыйкан жерден алып бечаранын башына кийгиз-

ди. Арабанын ат айдоочусу отура турган секисине дыйкан Вепрь менен бирге шашылыш отурду да, арабаны кайрып аттарын шыпылдата сабап кубалап жөнөдү...

Дагы эки араба келди. Ар биринде арабакеч дыйкандан башка бирден жандарм жүрөт. Болжолу жандармдардын начальниги менен Вепрь ушул жердеги арабаларды ишке чеккен окшойт. Жандармдар дыйкандарды өлүктөрдү жүктөгүлө деп буюрду.

Баягы көйнөгү кызыл жаян кан болуп жатканды көтөрүштү эле, жолдо табактай болуп уюган кан калды, мен ээрден ооп түшүп кала жаздадым — көзүм караңгылап, чыкыйыман, жаагыман жана төбөмдөн куду эле электр тогу өткөндөй болду.

Атам тизгин какты, бирок биз кокустан дагы өлүктөрдүн үстүнөн чыгып калбас үчүн кан төгүшкөн каргашалуу жерди айланып, баягы келген талааны кесип өткөн төтө жол менен кайтпастан, ага караганда коркунучсузураак көрүнгөн чоң жолго түштүк. Кайда шашканын ким билсин, атам таскактатып жөнөдү, анын артынан биз жөнөдүк.

Шашканынын да жөнү бар экен, аны мен биздин тууганыбыз, бүгүнкү ат чабыштын председатели Смаил-бекти шаарга кире беристинде кууп жеткенибизде билдим. Ал Арапуша менен Атилланын чабендестеринин ортосуна түшүп алып атын жай бастырып баратыптыр. Атам менен Фехим саламдашуунун белгиси кылып топуларына колдорун тийгизип коюшуп токтобой өтүп кетишти. Мен атымдын оозун тартып катар бастырып калдым.

— Кудай жалгасын Смаил-бек, айтчы, жанагы жерде эмне болуп кетти деги?

— Мен сага айткан жок белем, биерден качып жоголуш керек деп! Бардыгы тең жырткычтар, каракчылар биринен биринин айырмасы жок кара тамандар, бир жагындагыларын поптор чокундурса, экинчи жагындагыларын кожолор асан чакырып ат коюшкан. Керек болсо бирим-диктешип алышат! Менин оюмча европалык империялардын кандай кысымы болбосун куру бекер аракет.

Болжолу бул маселеге анын кайрадан кайрылгысы келбеди көрүнөт. Менин суроолоруума анда-санда бир жооп берип коюп жатып тигил жакта эмне болгонун айтты. Чабендестер менен саяпкерлер анын сөзүн жыра талашып толуктап жатышты. Ар бири өзүнүн күлүгүнүн жанында жеңиштин тоголоктоп түрүлгөн желегин алып келатканын мен ошондо барып байкадым. Арапушаныкы жашыл, Атилланыкы сары экен...

Смаил-бек болгон окуяны айтып жатып, күлүктөрдүн эч кайсынысын, ал турсун өзү мелдешкен Арапушаны да мактаган жок.

Балекеттин бардыгы мындан башталды, «биздикилерден» кимдир бирөө минтип кыйкырды: «тигилердикинен» кимдир бирөө Арапуша менен Атилланын алдынан бир дорбо толтура көгөөн учурду, ошондон улам күлүктөр өжөрлөнүшүп жайлап калышты, муну Новицанын чабендеси пайдалана койду да, мына эми мараага чыгып келчү күлүктөрдү ашып кетти, ошентип «алдап чыкты». Смаил-бек өзү: «эч нерсе деп айта албайсың, Ябучилага канат бүткөндөй эле болуп келди», ал эми көгөөндөр жөнүндөгү кыйкырганы болсо «жөн эле биздин бет тырмаарлыгыбыз»,— деп эсептээрлигин айтты. — Анан,— деди ал сөзүн улап,— «биздикилер тараптан» тилдеген, коркуткан сөздөр жаады, а «алар» болсо жемин жедиришкен жок. Чатак күчөп эки тараптагылардын ала көөдөң балдары жолду көздөй таш ыргыта башташты. Көп узабай мушташ чыкты, анан ал барып бычакташууга өттү. Бир аз кишинин мушташы чоң өрткө айланды, кара аламан кармашууга бардыгы дээрлик болуп жапырт кириштн. Мараанын түбүндө, так жолдун таманында көз ачып жумганча ураан таштапшып: «эки диндегилер бой тирешип калышты». Союлдар менен казыктар карсылдап, бычактар жаркылдап жатты... Эгер бактын арасынан жандармдар чыга калышып асманга мылтык атышпаганда, анан да калың топтун арасына кирип барып тегерегиндегилерди чалгы менен чапкандай жапырбаганда кудай билет, канча киши ошол жерде сулап калмак экенин...

Бир жолу түн ичинде балык уулоодон келатып, кыштактын жогору жагынан кошуп ыйлап жаткан үндү угуп, үйгө жеткенче шашкам: ошондо мага күйүттүү түндүн өзү чакырып ыйлап жаткансып ушунчалык коркунучтуу сезилген. (Эртең менен уксам: жакында эле, чиркөөнүн майрамы болгон күнү кыз талашып жаакташып мушташканда православ динидеги мас балдар бирин бири өлгөнчө сабашкан. Көрсө ошондон үйлөрүнө тирүү кайтпай калгандардын энелери менен же, карындаштары кошуп ыйлашыптыр.) Бүгүн түнү да так ошондой болушу мүмкүн. Бир жери «биздикилер» үйүнө бекинип алат да, томсоруп ичинен күйүп ыйлап, же болбосо дин боюнча өкүрүп-бакырып ыйлоого аларга тыюу салынат. Бирок ошол томсорууда кек алуу кыйкырып турат. Бүгүн кимден кимдин кек алганын ким билсин, эгер кек алган болсо анда ал эч кимге билгизбей алынды.

Мен бул жерде өмүр бою калышым керек деген оюмда жүрүп, мындан көп мурда көргөн түшүм эсиме түштү, ал ар түрдүүчө болуп тез-тез эле кайталана берчү: биздин терең кудугубуздун ичинде бутумду эки жакка талтайтып кудуктун боорун тээп капкара болуп көрүнгөн мупмуздак суунун үстүндө турам, өйдө чыгайын деп бутум менен таштардын урчуктарын издейм, анан ал таштарды кармап турууга да аракеттенем, бирок тилекке каршы кайсынысын кармасам деле сынып калат. Ошентип жогору чыга албайм. Турган жеримден козголууга мүмкүндүк, бир гана мүмкүнчүлүк төмөн кулап түшүү... Бул жер менин анык ошол кудугумдун өзү, «биерден качуу керек!» — деп Смаил-бек туптуура айтат.

Түптүз эле Каирге кайра баруу үчүн бир «орчундуу» себепти табуунун аракетин көптөн бери эле жасап жүрөм, бирок таба албайм. Бирок эмнегедир бир нерсе олку-солкулантат да турат: өзүм аны каалабай туруп эле, мен ушунчалык бир көп «милдеттенмелерди» жабыштырып алдым дейсиң, тим эле козу уйгакты аралап чыккандай эле болуп калдым: Тахир-бек, Мемнуна, Сения, атам, Арифа, бир тууганым — булардан башка да толуп жатат! Мына, менин: «эч нерсеге кийлигишпейм!» — дегенимдин себеби.

Жолдогу болгон катуу мушташтан кийинки көргөндөрүмө болгон көңүл калдыгым шаарга келгенибизде кандайдыр бир аёо сыяктанган нерсе менен алмашылып кетти. Жолдун боюнда эл турат, биз да келип турдук, эки жакты карайбыз.

Ажыга баруучулар Каабага жөнөп жатышат. Биринин артынан бири чубашып төрт жана эки дөңгөлөктүү арабалардын чубалжыган катары узатып келатат. Алар менен кошо жашыл туу көтөрүшкөн атчандар да бар. Бүгүн түн ичинде ал жерден шаардыктар гана эмес, шаардын четиндеги кыштактыктар, элеттин байлары, биздин динге ишенгендердин баары — ажыга баруу үчүн менин токойдо жүрүүчү поездиме толушат. Эл ушунун урматы деп «кудайды оозунан түшүрүшкөн жок, атасынын мурасын көзүнүн карегиндей кайтарышты, жыйналуучуларын жыйнашты, сактоочуларын сакташты». Кудайдын буйругу менен Каабанын ыйык ташынын нурунда «Мухаммеддин — кудайдын элчисинин алдына жыгылып» келүү үчүн чечекейи чеч болуп алар ыйык өлкөгө жөнөшөт. Бул ажылар, кайтып келишип, баягы эле эл журту менен бирге жашаса да, элдин көз алдында таптакыр башка ыйык деген аты бар адам болуп калат. Анан да алардын аркасы өздөрүнүн балдарына, неберелерине тиет. Анын аты аталганда «ажы»

деген сөз өзүнүн толук ыйыктык маанисине ээ болуп кошулуп айтылат...

Алардын жөнөшүнүн урматына деп бүгүн даңктуу дарчы Акиф Бунгур дарда отуруп козу мууздайт...

Атам мынчалык эле кайда шашты? — деген суроо башаламан чатышкан ойлордун арасынан суурулуп чыгып күтүлбөгөн жерден эсиме кылт этти.

Мен аны өзүм гана билген бир нерседен башка эмнеге болсо да болжоп жоруй берет элем.

Ажылар өтүп кетишкенден кийин Смаил-бек мага, мейманканага кайрылып пиво ичип кетели деди. Биздин Отель-бек аганын өзү тейледи. Менин оюмча эмнеден болсо да кайра тартпаган, кишиликтүү неме.

Смаил-бек кетип калды. Ошондон кийин барып тиги арендачы аганын эмне үчүн мынчалык үзүлүп түшүп жатканына түшүндүм. Ал мага келди-кетти сөз катары жайдарылана сүйлөп өзүнүн труппасы менен анын мейманкасына жатышкан пехливандан укканын айтты: атам пехливандан, маскарапоз болуп ойнобошу үчүн Кунстмалерди биерден оюнга катыштырбагын, анткени мындай ар намыссыздыктан кийин бизге башка жакка көчүп кетиштен бөлөк арга калбай калат,— деп сураныптыр. Пехливан анын суроосуна макул эле болмок экен, бирок Кунстмалер, анын айтымында, бир аз келесоо чалышыраак жана айтканынан кайтпаган көк көрүнөт. Ошондуктан анын бул жөнүндө уккусу да келбейт экен. Тескерисинче эми так ушул жерден ойноп атасын жана бүт тууган-туушкандарын тизелетүү ал үчүн жыргал имиш. Себеби атасы ага энчи бөлүп бербей коюптур. Ошондо атасы ага пехливан аркылуу: «мен энчисин бөлүп берейин, Кунстмалер кааласа теңин азыр эле, алдын ала дукат менен берип турам, эптеп эле ал маскарапоз болбосунчу»,— деп айтып жибериптир. Анан пехливан мурда сүйлөшүп койгон жерге азыр эле (ии, мына, көрсө атам эмнеге шашкан) Кунстмалердин атамды уят кылбайм деген убадасын алып келиптир. Андан башка дагы муну кошумчалады: эгерде Кунстмалерге энчи үчүн оозго алгыс жаман сөздөрдү айтпаганында, анан ошол сөздөрдөн кийин анын бетин карай албай уялып жүрбөгөндө бир тууганына Кунстмалер өзү эле келмекчи экен.

Арендачы агам ичинен кымылдап сүйүнүп жатты, анткени астыртан энчи бөлүшүүнүн чырын биринчи чыгарган ошо да.

Энчи бөлүшөбү, коёбу мага баары бир, бирок атам байкушка гана боорум ооруйт, ошондой эле тиги бактысыз бечарага мен азыр гана толук түшүнүп, билип турган жүрөгүн өйүткөн кайгысынын тараганына сүйүнүп да жатам. Атам мени кичинекей кезимде пехливанды көрсөткөнү алып барганда, балалык сезим менен жүрөгүм алып-учуп титиреп отурганым эсиме түштү. Азыр мен аны колунан жетелеп жүрөм. Чындыгында эле азыр ал мага баладай көрүнөт. Эми коркунуч жок, ал да эми карылыгынан же оорунун айынан үйүнөн чыга албай отурган адамга окшобой, жалпы эл катарында барат, барбай коё албайт.

Биздин үй, агаларымдын үйлөрү жана чоң атанын мунарасы былк эткен жан калбай кулпуланды: эркектер, аялдар жана балдар майрамдарда гана кийүүчү аёолуу кийимдерин кийишип «пехливанга» жөнөшөт. Менин кош бойлуу карындашым Арифа да калың жибек көйнөгүн кийип жасанып барат. Бирок көзгө түшкөн укмуш сулуулар, менин жакшы көргөн эки кишим: дайыма жапжаңы кара паранжы жамынып жүргөн, жаңы болгонунун себеби ал үйдөн эч жакка чыкпайт, ошондуктан аны саналуу эле жолу жамынган, биздин малайыбыз Мехиница менен мен Каирден алып келген фиалка гүлү бар жашыл жибектен шаровар кийген карындашым Фафица гана болот.

Мени кайрадан баягы эле жылт этип коюп жок болгон ойлор кыйнап жатты, анткени сен качан баягы эле бөлмө менен короодон, ошол эле базардан жана ал жерден жолуккан баягы эле адамдардан, кофеканадан жана аңчылыктан, орундалбаса да үмүттөндүрүп турган куру кыялдан — кыскасы ушулар сыяктуу күндө эле көрүп-билип жүргөн нерселерден канчалык тажап бүткөндүгүңдү сезгениңде мына ушундай ойго капталасың.

Тим эле курт-кумурскалардыкынан айырмаң жок.

Бир жолу өзүмдүн жер алдындагы дайрамда балык уулап жүрүп курттун бир куурчакчасын көрүп калдым: бөрсөйүп көөп турган куурчакчаны кичинекей коңуз тешип чыга албай жатты. Анан куурчакчанын кабыгы көөп барып жарылып кетти. Бошонуп чыккан коңуз канаттарын жазып жатты. Бир убакта карасам баягы коңуз учуп баратат, болгондо да утур күчөнүп, ишенимдүү учуп баратты.

Мына бул менин айланамдагылар да азыр мага эмнегедир бир нерсеси менен ошол кичинекей коңузду эске салып турат, анан да аны мен гана жалгыз көрүп тургансыйм.

Курт-кумурскаларга куурчакчанын ичи өтө эле чыдамсыз жай болуп кетет, бирок баары бир алар өзүн-өзү ворд доп күндүн жылуу аптабын күтүшөт, мына ошондой адамдын асмандап эркин учушу үчүн канат бүтүргөн жылуулук пехлевандын Акиф Бунгурунун бизге дарда ойноп бергени болду.

Так ошондой сезим тиги мал сатылып чоң жарманке өткөрүлүүчү жашыл жайыкта да өкүм сүрүп турат. Азыр бул жерге биздин шаарчанын бүткүл калкы чубап келип, демдерин ичине алып биздин кашка баш азаматыбыз — залкар Акиф качан чыгат деп күтүп турушат. Асман меллжиген карагай түркүктөрдүн кылда учунда тартылган зым арканды эл үрөйлөнө карашат.

Менин көңүлүм эрксизден аялдарга, тактап айтсам дарды көрүү үчүн келген аялдар отурган жакка бурулуп жатты. Иштин чындыгында да так ошондой болчу: анткени алар жүрөктү толкуткан мобу көрүнүштүн эң өзгөчөлүү фрагменти да. Оң жакта, кечтеп бараткан күндүн нуруна жука жана калың кездемеден жасалган жакшынакай паранжылар жалтылдайт. Жука паранжы жамынгандардын жүзү бир аз билинээр билинмексен болуп байкалып турат. Ал эми жашап калган аялдардыкы болсо ийи тыкыз поотудан жасалган, андан тышкары жүздөрүн жука ак кездеме менен ороп алышкан, анысынан көз гана көрүнгүдөй кылып оюлган ичке кууш жылчыкча көрүнөт. Аял затынан кичине кыздардын жүзү гана азырынча ачык — ошентип алар жарык дүйнөнүн адамды толкуткан укмуштарына көздөрү тойбой кадала тиктешет.

Мен атамдын жанында атактуу адамдар үчүн узун отургучтар менен орундуктар коюлган биринчи катарда отурам. Ортодон муфтий менен чоң ата орун алган. Байкасам, атам тиги, мына-мына азыр өзүнүн жардамчылары менен Бунгур чыга келе турган жыгач кепеден жалтак-жалтак карап көзүн албайт. Ошентип Кунстмалер убадасына турбайт го деп, кокустан атамдын жүрөгү болкулдап жаткан жокпу?

Ошентип салтанаттуу мүнөт да келди. Жыгач кепеден асмандын өңүндөй көгүлжүм тарткан гимнастикалык трико кийген, бая биерде кеп салып жатышкан, «буканын куйругун жулуп алуучу» күчтүүлөрдүн бири болгон аял чыкты. Анан ал жаркыраган сурнайды эриндерине такап ойной баштады. Сурнайдын шаңдуу үнү калың элдин жүрөгүн толкутуп кыймылга киргизди. Эл мындан ары болуучу оюндарды жакшыраак көрүү үчүн орундарынан турушту. Чатырдын ичинен бака-шака түшкөн дабыш чык-

ты да, ошол замат оозуна канжар тиштеген, төшүнө козу таңып алган Бунгур атып чыкты. Анын артынан биздин шаарларда күлкүнү өзгөчө келтирген ала-була кийим кийишкен эки маскарапоз пайда болду. Бирөө — узун кара муруттуу, жеңи жок, эскилиги жеткен узун күрмөчөн төбөсү өтө бийик цилиндрчен, экинчиси — белине түшкөн аппак сакалчан, египеттердин төбөсү бийик, күлкү келерлик узун чачыктуу кызыл топусун кийген жана алаасы укмуштай шалбыраган шым кийген неме экен. Анткени менен алардын өңдөрү опокшош — аппак кылып боёлгон, каштары түксүйүп көзүнө түшкөн жана муштумдай кыпкызыл мурундуу болушчу. Бир гана жери Швабанын мурду чоң помидорго окшошсо, Түрктүкү куштун тумшугундай.

Алар пехливан дарга баратып колуна кармай баскан дар үстүндө тең салмактуулукту сактоо үчүн кармоочу узун баканды талаша башташты. Кудайдын жолуна деп мууздаш үчүн төшүнө козу байлап алган тигил келесоону бура бастырышпайт.

Аларды бакандын учу менен серпип жиберди эле, оңкошатып барып кулап түшүштү. Анан туруп жатышып «бул эмне өзү»,— деп таң калышып баштарын кармалап жатышты.

Баары каткырып күлүштү. Акиф токтой калып, өзүнүн бийиктеги жолунун биринчи, кыска, бирок чукул бурулушуна бут коёрдон мурун, узун таягын теңдей кармады. Маскарапос Шваб шашыла үч жолу чокунуп, бул иштин кырсыксыз аякташына сыйына, колун бооруна алып туруп калды, а Түрк болсо исламдын салты боюнча эки колун жайып, эриндерин кыбыратып, курандын сүрөөлөрүн кайталап жатты. Аянтта жым-жырттык өкүм сүрүп, бардыгынын каректери Акифке кадалды. Акиф түркүккө жетип, колу менен кармап ага бутун орой биринчисине караганда жантайыңкы тартылган узун арканга өтүп, кылдаттык менен жолун улантты.

Бул убакта — мен аны кеч байкадым — атлет аял Бунгур чымыркана жакындап келаткан түркүккө тездик менен чыгып жөнөдү. Балким аны Бунгурдун кандайдыр бир кыймылы тынчсыздандырды окшойт. (Бул аял анын көп аялдарынын бирөө дешти.)

Аял аркандын түркүккө байланган жеринен кармап туруп калды; бул жерден аркан жолунун түптүз, бирок өтө коопту, эң бийик жана эң узун жери башталат.

Акиф акробаткага жетип, экинчи арканга жетиш үчүн түркүктү буту менен орой чалды, аял дагы көтөрүлүп анын колунан таякты алды; Акиф азыр устунга жөлөнө арканга отуруп козуну соётко деп күтүп калдык. Бирок ал аялдын колунан таякты алып, андан ары жөнөдү. Атам аны токтоткусу келгендей мени жеңден тартты. Бунгур аркандын ортосуна жетип, токтой калды... Мен кызык болуп кеттим, эң коркунучтуусу ушул жерден башталабы? Акиф Бунгур сол бутун кылдаттык менен сунуп, оң бутунун алдына койду, анан кимдир бирөөнүн көрүнбөгөн колу кармап тургансып, кылдаттык менен билинер-билинбес ылдыйлай баштады. Ал чөгөлөгөндөй абалга жеткенде таяк оң жагына оой түшүп, аркан анын бутунан бошонгусу келгендей ары-бери кыймылдай баштады, менин жанымда турган кимдир бирөө кыйкырып жиберди, анан бардыгы дем чыгарбай жым-жырт болуп карап калышты... Азыр сөзсүз кулай тургандай сезилди, бирок Акиф боюн түздөй, тең салмагын сактап, кайрадан чөгөлөй баштады. Андан ары кароого дитим барбай, башымды жерге салып, мүнөт сайын кырсык болорун күтүп калдым; бул убакта мага баарын көрүүгө мажбурлаган кумарлануу келип, кайра тигини караганда мени эки башка сезим бийлеп алгандай болду — бактылуу да элем, коркуп да турдум: Бунгур малдаш ура отуруп, таягын тендей тизесине коюп, оозуна тиштеп жүргөн бычагын алды да, акырын эки шилтеп козуну мууздады; чачыраган каны күн нуруна жаркырай, бычак жерге түштү.

Эч ким кол чапкан жок — көрүүчүлөрдүн колдору селейип катып калгандай болду, же кол чаап таң калуусун билдирүү аларга жат; кол чабууга шашканым менен колдорум кандайдыр бир орунсуз иш кылгандай биринин үстүнө бири коюлуп кыймылсыз туруп калды.

Мени дагы бир коркунучтуу нерсе токтотту: Акиф өйдө көздөй басмак. Кокусунан мен аркандын эң бийик жеринен биз күткөн накта туңгуюк келээрин сездим( бул жөнүндө кийин канча эстебедим дейсиң). Менин эсим оой тигинин туруп бараткандагы кыймылын байкоого да кудуретим жетпеди. Ал боюн түзөгөндө таң калуум кайрадан жалындады. Түркүктү көздөй алдыга басып, ал жерден жерге түшүүнүн ордуна (барынан оңой болучу) Акиф кайрадан өлгөндөй коркунучтуу иш жасады: сол бутуна туруп бурулуп, оң бутун койду да, кайра артка жөнөдү; акробатка жерге түшүп баратып, кайра шарт арканга секирип чыгып туруп калды; Бунгур аман-эсен анын жанына келгенде ал байланган козуну чечип алды да карап

тургандардын боорун эзе күлдүрүп, тигини жаактан ары чаап калды. Анан кайра бетинен өөп, козуну алып түркүккө жылбыша жерге түштү, Акиф болсо кайра артка бурулуп, жүгүргөн бойдон жолун улантты...

Эми ага эч ким көңүл бурган жок, бардыгы жердеги окуяга тигилишти.

Акробатка жерге түшөрү менен маскарапоздор анын колундагы козуну алып, биринен бири жула качышты. Аял болсо алардын ортосунда эмне кыларын билбей чебелектеп жүрөт — бирде Шыбабды жаакка чапкылап (анын башындагы цилиндри да ыргып кетти), бирде Түркту алаага тебет — тигил болсо үч-төрт жолу оңкочук атып, тура калат да топусун сыйпалай баштайт.

Бүт шаарчада жаңырган каткырык чыгып жатты. Мен да эмнеге экенин билбей күлө бердим. Акробатка үч бүктөлө балаганга кирип, ичке тактай, килейген барскан, бир түрмөк аркан, анан эки чоң мык алып чыгып, маскарапоздорго ыргытты. Тигилер дароо эле ишке киришти: аралыгын ченей албай убаралаңып жатып мыкты жерге кагып, аларга аркандын эки учун байлашты. Анан Шваб аркандын учун басып, коркунучтуу жерден өтө тургандай ичке тактайды теңдей баштады эле, аныса түздөлбөй койду. Бул аракетинен эч нерсе чыгара албай, акыры ичке тактайды элдин боорун эзе күлдүрүп, Түркко берди. Ал тактайды салтанаттуу түрдө алды, анан аны менен дагы жаңагыдай окуя болду. Тизеси калтырап, тер куюлуп тактайды Швабга кайра берди. Эгерде акробатка мындан тажап кетпегенде, кудай билет, канчага дейре бири-бирине бере берет эле — аял ичке тактайды алардан тартып алып, жакыныраак турган Швабга кайра берип, аны буту менен арканды көздөй түрттү эле, тиги эки жакка теңселе туңгуюкка бара жаткансып, өлөрчө калтырап бүкүрөйүп жыла баштады...

Кайрадан каткырган үндөр... Акыры Шваб түзөлүп, ишенимдүү баса баштады. Буттарын аябагандай сактык менен коёт, Түрк болсо тигинин өмүрү ага байланыштуу болгондой, делдейген көз караш менен узата карайт. Шваб уламдан улам ишенимдүү жылып баратканда ичке тактай кыймылдап калды, Түрк тигинин тең салмагын сакташ үчүн узун калпагын алып тактайдын бир учуна, экинчи учуна цилиндрди кийгизип койду. Швабдын башындагы цилиндрди алганда анын башы жалтырап көрүүчүлөрдү дагы бир жолу каткыртты. Эки империянын тең салмактуулугу башталды. Шваб бир азга түз басат, бирок тактайдын калпак илинген учу оордук кылып баса баш-

тады эле, маскарапоз аз жерден кырсыкка учурап кала жаздады, анан «аркандан түшүп» калпакты ондой баштады. Күтүүсүздөн калпактан килейген ак чычкан атып чыкканда Швабдын колунан тактай түшүп кетти, эсине келе калып, көрүүчүлөрдүн арасына кирип кеткен чакырылбаган коноктун артынан кууп жөнөдү... Шваб чычкан менен алек болгуча, Түрк тактайдан калпакты алып ага шымынын чөнтөгүнөн дагы бир чычканды алып салганда, Шваб арканга келип өз ишин улантты. Эми тактайдын цилиндр илинген жагы оордук кыла баштады. Ал токтой калып, сөөмөйүн чекесине такай ойлонуп калды. Анан өзүн чекеге бир койду да (дароо эле ойлонбогонун карасаң!) чапанынын ичинен сабы жылтыраган кооз таякчаны алып чыгып, колуна айландыра аркан менен көздөгөн жерине жетти. Тактайдан цилиндрди алып бокал көтөргөндөй жогору көтөрдү да, тизелей эки жагындагыларга жүгүндү... Бул акыркы тамаша көрүүчүлөрдү күлдүрө албай тургандай, бирок цилиндрди башына кийерде чычкан түшүп кетип, тиги чаңырыкты сала арабасына кире качууга жол таппай кайсалактап калганда көрүүчүлөр кайрадан каткырып калышты...

Түрк да күлүп жатты, өзүнүн египеттик узун калпагын кийерден мурун колун чыканагына чейин салып текшерип көрөт. Анан ал козуну ийнине арта салып, акробатка алып берген ичке тактайды колуна алып, аркандын жанына келди. Кайрадан күлкү: бардыгы Швабтын балагандан чыгып жашагың келсе аркан менен баспагын дегендей цилиндри менен булгалап жатканын көрүштү.

Түрк ага тилин көрсөтүп, алга ишенимдүү басат. Аркандын ортосуна келип, койнунан (шым менен көйнөгүнүн ичинен) кылыч суурун чыгып, колундагы тактайын теңдейт; олтуруп козуну сойчу эң кыйын учур келди. Акробатка чуркап келип колдорун сыйынгандай жайып, козуну сойбогун дегендей жармашат, бирок тигинин укпасына көзү жетип, анын алаасынан кармап, күчүнүн барынча аркандан тартып алууга аракеттенет. Түрк болсо тоотпойт, өзү турган жерин шашпай өлчөп, кайрадан тактайын түздөйт. Бир маалда аялдын асылганынан тажап кетти көрүнөт — кынындагы кылычы менен бутун көздөй шилтеп калганда тиги асылганын токтотот. Анан кылычын кынынан суурун алмакчы болду эле суурулбай койду; тактайчаны колтугуна алып, кынын тизесине кысып, кылычын суурууга аракет кылат — анысы баары бир чыкпайт, жабышып калгандай! Ошондо кылычын жанына чуркап келген Швабга сунат; ал бар күчү менен тартат, түрк өзүнө

тартат, Швабдын колунда кыны калып чалкасынан кетти. Түрк (мына, Акиф!) арканга орундукка отургандай отуруп, ийниндеги козуну тизесине коюп, колун бата кылгандай жайып, козуну союмуш болот; анан кылычын сакалына сүрүп чөнкө ыргытып, козуну ийнине салып, жайбаракат бутуна туруп, калпагын кийип, жолдо кетип бараткандай ишенимдүү кадам таштап жолун улантты. Чоңдор анын жасаган кыймылдарына кыткылыктап, бардыгы бийикте болуп жаткандай элестете алган балдар анын жиндиленген эрдигине экинчи бир көрүнүш башталганча боору эзиле күлүп жатышты. Эки жолу алданган Шваб күйүп жаткан чычаланы кармап чатырдан чуркап чыгып, түрктүн артынан бутунун учу менен акырын басып келип, аласына от коюп жиберет. Тигинин узун алаасында от жалындап күйүп, (чынында эле чоктор жамгырдай болуп түшүп өрттөнүп жаткандай). Кайдадыр атлетка жетип келди, колундагы суу куйгуч менен туш келди суу куя баштады. Бирок Түрк эч нерсе болбогондой суу да, от да ал үчүн чымын чаккандай көрүнбөй, кадамын улантат, анысы аз келгенсип чөнтөгүнөн тамеки алып күйүп жаткан алаасынан тутантып, бир колу менен түтүндү кубалап, экинчи колу менен тактайчаны алып, арканды басып өтүп жерге түштү.

Шваб анын жанына жетип келип кемселинен мээлей алып чыгат, бирөө ак, узун чыканакка чейин жетет, экинчиси кара, салаалары жок. Аларды колдоруна кийип, анан ак мээлейин чечет да, Түрктүн колун кысат, куттуктап...

Түрк анын цилиндрин жулуп алып, аны менен отту өчүрүп, цилиндрге түкүрүп, кайра ыргытат, анан көрүүчүлөргө ыраазылыгын билдире маскарапоздук куттуктоосун баштайт: жүгүнүп, алаасын кармап, каткыра котолошкондорго көздөй куттуктоосун жиберет, котолошкондор болсо туш тараптан өзүндөй эле жооп берет...

Мунун баарын муфтий эмне деп ойлоп жатты болду экен деп карайм: ал болсо боору эзиле көз жашын аарчып жатат. Ал «биздин» маскарапоз Швабды жеңгендигине ыраазы, ошондуктан Түрктүн уятсыз куттуктоосун кечиргендигине кепил боло алам...

Бардыгы мыкты аткарылды, ошондуктан биз, биринчи катардын көрүүчүлөрү Акифти мындай чоң ийгилиги менен куттуктоого жөнөдүк... Чатырдын жанында аны жана анын труппасын тегеректей кызыккан адамдар толуп кетти, алар бул укмушту жакын жерден көрүүгө жакындап, кай бирөө кандайдыр бир нерсенин аныгына жетүүнү көздөгөндөй, маскарапоздорду кармалай баштады, бөтөнчө

акробатканы өтө кунт коюп карашат. Мен эмнегедир анын бутун карай берип калың өскөн саргыч жүндүү экенин байкадым...

Акиф менин колумду кысканда араң чыдадым, ал болсо Вепрдин кол кысканына араң чыдады көрүнөт. Вепрь аны далыга таптап жатып, эки көзүн акробат аялдан албайт. Акиф ага:

— Билесиңби, анын кандай экенин? Бал салган идиш, ага сөөмөйүңдү тийгизсең, бал дароо эле эрип кетет! — деп шыбыраганын уктум.

Демек эл калп айтат, тиги Акифтин аялы эмес.

Кокусунан мен селейе калдым: бул жерде, ушул котолошкон жерде менин бир тууганымдын сүйгөнү көк балык — полячка да бар экен, шашып-бушуп бир нерсе тартып чиймелеп жатат, Йован — сүрөтчү да бу жерде, иним Хусейн да... Мен Йованга тезирээк кеткиле деген белги бердим...

Биз маскараноздордун колдорун кысып жатабыз, чынын айтсам, алар колдорун бизге таңуулай өздөрү биринчи сунуп жатты... Мен кызык болуп кеттим: Түрктүн көз кысышы менен «унчукпа» деген жалгыз сөз сөзүнөн бул маскараноздун атамдын карачечекей бир тууганы Кунстмалер экендигин дароо билдим.

Шайтан азгырып, өзүн жашырып оюн көрсөтпөдүбү! Атам экөө, уялаш бир туугандар биринчи жолу кезиккен адамдардай бири-биринин колдорун кысып жатышат.

Күтпөгөн жерден баары токтоп калды.

Чыга бериш жерде опур-топур кыйкырык-өкүрүк чыкты...

Вепрь экөөбүз бири-бирибизди карап калдык, анан ал чуркап жөнөдү.

Фехим, биздин жаныбызга жетип келип, энтиге сүйлөп атама кайрылды:

— Тиги... сенин уулуң Мурат... күйөө балаңды өлтүрүп салды...

Менин көз алдымда Мураттын белине байланган каргыш тийген канжар жарк эте элестеп, эмне үчүн аны алып катып койбодум экен деген ой жүрөгүмдү зырп эттирди.

Тиги жакка барып, каргыш тийген канды көрүүгө кудуретим жетпейт, чыдай албайм. Ал кандай болгонун так айта албасам да элестетип турам: Мураттын канжары — баары түшүнүктүү, эми тиги шордуу адам өлүп жатат...

Мен чоң атамдын тоосун карай жөнөдүм, ырас эле чуркап жөнөдүм. Энтигип чарчайм, күн батып бара жаткандагы кызыл нурлар мага жалаң адамдын канындай болуп көрүнүп, кайгылуу кечти каптап келе жаткансыйт.

Мен чуркап баратам — бирок кайда? Кайра Канргеби, жан-дилим менен, бул жерден алыс кетсем гана болгону!..

Азыр ишке ашпай турган качуу жөнүндөгү оюм аябай ысыган ашкананын плитасына тамган бир тамчы суудай кандай пайда болсо дал ошондой дароо жок болду.

Чоң атамдын тоосунун биринчи эле кезиккен ташына көчүк басып айлананы көрсөтпөй өз кучагына алып бараткан каранҥылыкты тиктейм. Кайсы бир жерде өзүнүн каракчылык бир күнүн өткөрүп тынч уктап жаткан карт карчыга кушка суктанам... Бирок күтүүгө болбойт — тоо артынан чыккан ай да жерде көргөндөрүнө токтоп тура алчудай эмес.

Өзүмдү ушинтип сооротуп, акыры үйгө жөнөдүм. Эмнеси болсо да болор иш болду, менин колумдан эмне келмек эле, үйгө келсем үйдөгүлөрдүн баары үнсүз, жоолугун оронгон апам менен Мехинницанын шишиген көздөрү, иним Мураттын көлөкөсү, (ал киши өлтүргөндөн кийин зынданга салынган) аталаш Арифа бөлмөсүн бекитип алып кудай билет эмне кылып жатканын, аябай мас атамды (эгерде үйгө жеткен болсо), элеңдеп корккон, кичинекей Фафиңаны мага жабышып кучактарын көрөм.

Бирок үйдүн терезелери жаркырап күйүп, тим эле майрамдагыдай. Үйгө кирип келип, көргөн көзүмө ишенген жокмун!

Үйдөгүлөрдүн баары чогулуптур, а турсун киши өлтүргөн Мурат да! Баары жайма-жай олтурушат, майрамдагыдай десем да болот. Эмне үчүн мындай экенин болжолдоймун, бирок ал оюм пайда болору менен арсар ойлор аны дароо жок кылат. Софра ортого коюлган, баары чогуу тамактануу үчүн мени күтүп жатканын билдим.

Менин башым маң, бир нерседен тарткынчыктап, эч нерсе суроого кудуретим жетпейт. Мехинницанын бир жакка чыгышын аңдып күтүп отурдум, аңгыча ал бир нерсе алып келүү үчүн ашканага чыкканда, артынан жөнөдүм. Ал жерден окуя мен ойлогондой болбогондугун уктум.

Менин бир мүнөздүү, түнт иним Мурат, Фехим айткандай Арифанын шорлуу күйөөсүн өлтүрбөптүр; Мехинницанын айтканына караганда, окуя төмөнкүдөй болгон экен: оюн бүткөндөн кийин тигил шорлуу Арифаны үйүнө сүйрөп жөнөйт, Мурат болсо ага жетип барып, көтөрүп чаап алдына басып алып курундагы канжарын издей баштайт, бирок канжар жок болуп чыгат: көрсө Мехинница — ушундай болорун жүрөгүм сезген дейт — Мурат сейилге чыгарда канжарын катып коюптур. Ариф анын күйөөсү менен Мурат бири-бирин муунта баштаганда, эл ажыратып ке-

типтир. Эгерде Мехиница болбогондо, окуя Фехим билдиргендей бүтмөк экен.

Купуя өтүп кеткен, чексиз сырларга толгон бир топ жылдардан кийин, мен инстинкт жөнүндө терең ойго батып кетем.

Канча ирет ушинтпедим — бирок пайдасыз.

Миңдеген жана миңдеген жолу мен жок болсом да ал болбой турган өткөн окуяларга кайрылам:

Кымбаттуу Йованды Мехиницанын сүрөтүн тартып бер деген оюмду айтууга элеп-желеп болгонум эсимде, анын карыган, баарын көргөн көк көзүн, ар дайым жабылып турган кургак жука ээрдин, эгерде кимдир бирөөнө сөз айта турган болсо кыскача жана өкүм айткан оозун тартып бер демекмин. А балким, Мехиница менен Фехимдин сүрөтүн тартып бер дээрмин. Өтө караңгы фондогу сүрөт болмок, ал сүрөттү кантип жаркырата тартууга болот деп башым маң болду. Дагы баарыбызды сүрөткө тартса кандай болот деген да ой пайда болду. Асманда да эмес, жерде да эмес, Акиф менен анын маскарапоздорунун дардын үстүндө жүргөндөй... Сүрөтчү болуп төрөлбөгөнүмө капамын. Кымбаттуу иним Хусейин!

## 14

Мен Сениянын эмне болгонун билдим — текшерип эмне кереги бар. Нена аны ара-чородо мага улам буркурап ыйлап жатып айтып берди. А Мехиница болсо ар дайым баарын көрүп, билип жүргөн, мага ал дайыма башкаларга эч качан айтпаганды айтып берчү.

Баары түшүнүктүү болуп өткөндөр жөнүндө мен мурда эле ичимде сезип-билгем.

Бир гана жери окуяларды жана алардын жыйынтыгын мен бир аз башкача болот го деген элем. Сения кайдандыр чалгы таап алып, Ненанын гүлдөрүн чаба баштаптыр, Нена аны көрө сала жүгүрүп барып, чалгысын жулуп алмак болгондо чалгы ийнине тийип, жеңил жарат алат. Сенияны түн ичинде жашыруун шаарга жеткиришип, а жерден вилайет[1] жиндиканасына тапшырышат.

Акылдуу империя! Ал бизге зындан менен кошо ушуга окшош жайларды да куруп бербедиби.

---

[1] Вилайет — область дегенди билдирет.

Бул убакта мен Ненаны көрүп койбогонум үчүн уялып жүрдүм. Барбаганым ага эле жакшы.

Ооба, ал каардуу Арнаутка, анын ачуусунан эң катуу таш да жарылат! Мен болсо алмуруттун түбүндө, Капрге кеткенге чейин мени бардык кырсыктан сактап жүрчү перс акынынын ырларын чар жайыт которуп жатам.

Ненаны көрүүгө шашкалактап азыр барган болбойт деп өзүмдү өзүм актайм. Нена да эмне кыларын билбей калат: менин барганым анын жарасын ырбатышы мүмкүн; үйдө да, сыртта да бардыгы бул жөнүндө ачык айткандан уяларын байкадым, ал эми көзмө-көз көрүшкөндө айла канча, таң калып колдорун жайып, же ийиндерин куушуруп тим болушат.

Ошондой болсо да көңүл жубаттуучу бир нерсе бар: Тахир-бек сакайып кетти, веналык профессор аны кайсы бир курортко дарыланып келүүгө жибериптир. Бул жакшы, демек оору бир аз чегинди.

Ал өзү эч кимге кат жазган жок, Мемнунага да, мага да (эмне үчүн экенин билем), а турсун Йованга да, демек бардыгыбыз менен кол үзүптүр. Йованга веналык кесиптешинен открытка келди, Тахир-бекке кам көрүп жатам, «келечекте анын ким болорун көрөрсүңөр» дептир. Күзүндө, курорттон кийин ориенталистика кафедрасынын профессорунун ассистенти болуп калуу «мүмкүнчүлүгү бар», ал эми андан аркысы — эч кандай күмөн болушу мүмкүн эмес дептир.

Ага барып келүү үчүн бир мүмкүнчүлүк табам го. Йовандын анын веналык досунун адресин аларым менен сөзсүз кат жазам. Эмне жөнүндө жазам? Ушул жерде оюм токтой калат. Ал айткысы келбеген эң негизги нерсенин козгоого мен таптакыр батына албак эмесмин. Кетээриме жакын мен Йовандын досунун адресин алып, күндө катты жаза баштайм, акыры катты Капрден жазууну туура таптым. Ушундай кылганым бул кыйын сүйлөшүүдө мага жеңилирээк болмок.

Жөнөр алдында мен аябай куса болуп кеттим. Көз алдыма Элизанын колум менен сылап жаткан акактай болгон денеси элестейт. Зоркадан аялдын кылыгын көргөн эмесмин. Ал эми «менин аппак буламa (өзүмчө Элизаны ошентип эркелетчүмүн), ошол кезде жалындап турган, жакшы жерде өскөн эзиле бышкан мөмөнүн бардык ширесин сага алып барам», деп ойлодум.

Мен үчүн ыйгиликтүү шитей турган мезгил — эрте күз, азыр бизче айтканда, коңур күз. Мен Фехимге чоң атамдын фиакры менен токойду аралап жүрүүчү кездеги баягы

станцияга жеткирип кой дедим. Орто жолдогу токойдун ичиндеги жолоочулар токтоп эс алуучу жердеги кудуктун жанына биз дагы токтоп, күндүн нурларына какталып кетмекмин.

Ал адегенде аттарды сугарып, анан кудуктан жогоруураак жерге жүндөн токулган одеалды салды. Мен ага тамак-аш салынган сумкамды алып келүүгө жиберсем, ал өзүнүн эчкинин терисинен жасалган баштыгын кошо ала келип, кам көрө баштады: адегенде чакан дасмалын салып, өзүнүн гүлазыгын алып чыкты — козунун далысы, үйдүн быштагы, катый түшкөн жарым нан, анан бир бөтөлкө ракия алып чыкты. Мунун бардыгын ал мен деле түштөнүүчү жөнүм бар деген ой менен жасады көрүнөт. Мен дагы апам «узак жолго» даярдап берген тамак-ашты: куурулган поок, пита жана пирог салынган кутучаны, бышырылган жумуртка, аппак дандыр нан, бөтөлкөдөгү мариналды, анан жоолукка оролгон шербет куйчу чоң алтын чөйчөктү алып чыктым (ал үлпүлдөгөн жука, алтын жип менен сайталанган жоолук менен кошо Элизага арналган).

Мен алдыбыздагы түрдүү тамактарды карап, эки дүйнөнү көргөндөй болдум: шаан-шөкөттүү жасалган байлардын тамагы, жупжука болуп май менен кант, жаңгак менен миндал себеленген даамдар, экинчиси — накта, даана, бычак менен кесилген, өзүнүн чыныгы маңызын сактаган, эчкинин эти, айран, буудай жыттанган тамактар. Өзүмдүн гүлазыгыма көңүл бурбай, шилекейим куюлта Фехимдин тамагынан көзүм өтөт.

Анткени менен ал деле менин тамактарымы уурдана карайт. Ал мага ракия сунду:

— Кел, бул жерде муфтий жок!

— Кел,— дейм мен дагы — биз дагы аюу атып алабыз! — Кичине ичип, тигиге бердим.

Ал бүлкүлдөп чын жүрөктөн күлдү, аюуга болгон аңчылыктан кийинки окуянын баарын билет. Ичтик, дагы ичтик. Фехим мага «эгер кааласаң» деп өзүнүн нанынан сындырып сунду, мен болсом анын алдына пирог, тооктун апакай этин койдум. Фехим аларды бат эле аймап салды. Мен ал алып келген козунун далысын шап алдым. Мына эми кимибиз эмнеден көзүбүз өтүп жатканы айкын болду. Унчукпай жеп жатабыз, даамын айтпа, Фехимдин муруту менен сакалы бирге калып, ошолор жанталаша чайнап жаткандай. Биз курсагыбызды бир аз кампайткандан кийин, Фехим мага ракиядан дагы сунду.

— Кудай буюрса, бизге дагы качан келесиң?

Ал менин эң ыйык жериме тийди. Эмне үчүн ал менден келер-келбесим жөнүндө сурайт? Жөн эле бир нерсе айтыш үчүнбү? Андай болсо башка бир нерсе айтса дурус болмок. Балким ал сөзүндө кетип каларыма капаланып, мени бат-бат көргүсү келип жаткандыр? Андай болсо сөзүн түз эле айтпайбы, анын үстүнө миштип сонун тамактарды жеп отурсак. «Сенин кетип жатканыңа боорум ачыйт!», «Сен келгиче өлүп калам», же «Кудай билет, сен келгиче аман боломбу — жокпу» деп жөн эле айтпайбы. Анын «кудай буюрса» (баары кудайдын колунда дегенди билдирет эмесби) дегени шектүү, мени сынагандай. Менин такыр кетеримди кайдан билген, аны Йоган менен агам Хусейнден башка эч кимге айткан эмесмин да, алар болсо тамашалап жатат деп ойлошкон.

Же болбосо окуяны малай өзүнүн айбандардыкындай алдын-ала сезгичтиги менин жүрүш-турушумду байкап, бул эл-журтун таштап, биротоло кетип жатат деген ойдо бекен?

Менин ар бир «көрүшкөнчө» дегенимде, ар бир кучакташуумда экинчи бул жакка кайрылбайм деген небак бышып жетилген чечимим бар эле. Ал өзүмчүлдүк, кара мүртөз кербез чечим эле. Мен бардыгы менен экинчи аларды көрбөс, алар жөнүндө эч нерсе билбес болуп кол үзмөкмүн, а турсун апам менен да. Фиакр шаардан чыгып кеткенче араң чыдадым. Сен акмаксың дедим өзүмө, эч кимди сууга да түртпөгөн, чөгүп бараткан адамга колун да бербеген акмактардын бирисиң. Өзүң ойлоп көрчү.

Коштошуп жатканда көкүрөгүнө койгон апаңдын башын карап сен эч нерсе да болгон жоксуң, ал турсун кайтып келгениңде анын чачы ажыраган жердеги устаранын тагын көргөнүңдөгү, ал эми апаңдын көз жашы сен үчүн төгүлүп кайра токточу суудай эле көрүндү, ал эми бу суу менен Арифанын жоругу, эми мурдагыдан да курчуган Мураттын канжары эмне кылат деп чочулоо, сүрөтчү уулунун белгисиз оор тагдыры, апап калса сенден айрылып калары сыяктуу анын дилиндеги бардык кайгы-капасы, азабы төгүлүп жатканын билген жоксуң! Сен колуңду анын башына эркелете коёсуң, а чынында колуң менен өзүңдү бушайман кылган нерселерден жеңилдеп, баарын түртүп жаттың. Шордуу атаң үчүн, андан өткөн шордуу Арифа үчүн аны менен болгон окуяны шарият укугуна байланыштуу жагын кадийден, же билген кишиден сурантырып билүү сага оңой эле болчу (антпи сага «уят» эле) шарият китебиндеги үй-бүлө эрежеси жөнүндө жазылган жерине көңүл бөлбөй, терең ойлонбой эле жөн

гана окудуң; атаңдын улам-улам сураганына: бушайман болбо, анткени «чындык биз жакта» деп жооп берип жаттың, Арифага бир да ооз сөз айткан жоксуң, анын унчукпаганы сага жакшы эле. Баары өз жолу менен бара жаткандай, эмне болсо да баары менсиз эле өтөт дегендей, өзүңдү-өзүң актап жаттың. Аңгыча Сения да ооруп калды. Адегенде Сениянын коркунучтуу кебетеси сенин жүрөгүңдү түшүрүп, Нена менен офицер тууганыңды, бул кудайдын алдында да, элдин алдында да күнөөсү жок бечараны Венадагы клиникага алып баруусун сунуш кылдың, бирок сен сөзүңө турган жоксуң, эми ага эч нерсе жардам бербейт, менин жанында жүргөнүм анын ал-абалын ого бетер начарлатат деп дагы өзүңдү актадың. Иш жүзүндө сен көп деле убара болбойт элең, эгерде чынын айтсак, Сенияны дарылануута жөнөтүүнү ал үчүн эмес, Тахир-бек үчүн жасадың. Бул божомолдоонун бир эле жагы. Чынын айтканда, сен Тахир-Бекке билген адамдардан анын эмне болуп жатканын билиш үчүн гана баргың келди, ал эми көңүлүңдүн тереңинде дал болсо өз керт башыңдын камын ойлодуң. Тахир-бек кетери менен анын ишине киришип жатканына кечирим сурап, Мемнунанын сары-санаа болуп жатканын, Мемнуна аны сүйө турганын, андай сүйүүнү эми ал эч качан кезиктире албай турганын айтып кат жазуунун ордуна, сенин илээндилигиң экөөңө тең жаманчылыкка алып келерин жакшы билсең да, аракет кылбай, өз жайына койдуң. Мемнуна менен кезигүүдөн качып, кезиккенде болсо жалган эле бардыгы жакшы болорун айтып, Тахир-бек экөөнүн мамилесин оңдойм деп кур убада бердиң... Ой ушу сенин убадаларың! Сенин бирөө үчүн жаныңды аябай тургандыгың! Сенде азыр да ишенимдүүлүк жок, ооба, Мемнунаны алдап Тахир-бекке алып барганың эрдик экенин бүгүн ого бетер бышыктайсың, ошондо сен Мемнуна арабадан секирип качканга чейин эмне үчүн ушул ишти жасап жатканыңды айтып өзүңдү жектегенсиң. Анын анда жатканын көргөндө акылына келтирчү сөз таба албасаң эмне үчүн бир-эки ооз катуу сөз айткан жоксуң, анан алардын мамилесин сактап калуу үчүн күч менен арабага эмне үчүн отургузган жоксуң. Эсиңдеби, сенин эрдигиңдин дал ушундай бүтүшү көңүлүңдүн тереңинде жеңилдикти алып келген. Башкаларга боорукерлигиң, оюң, каалооң менен чечимдериң дайыма өз кызыкчылыгыңды көздөгөнүңдүн аркасында жок болду. Зорка менен да ушундай болду (анын тазалыгы кандай да, сенин кумарыңдын уятсыздыгы кандай!) — боюнда бар экенин угуп, сен ал эмне бо-

лорунан корккон жоксуң, өз жаныңдан корктуң! Зорка айла тапканда өзүңдү бактылуу сездиң! Элиза кандайдыр бир араб менен ушундай абалга жолукса эмне кылмакмын деп өзүңө-өзүң канча суроо бербедиң! А балким болор иш болуп калгандыр деп кыскача кошумчалагансың. Сен жаман адамсың, бул сенин нервиңдин начарлыгынан эмес, анын жайы «мен» дегениңде. Муфтийге болгон мамилең да ошондой — бул чыныгы урматтоо эмес, а Вепрден башкалардын баарыңардын кан-жаныңарга сиңип калган коркунуч сыйы. Сен, кимдин да болбосун суроосу бир кулагыңа кирип, экинчи кулагынан чыгып кеткен бат убада берген, бирок аткарбаган, калпычы болуп жаралган жандын бирисиң; эгерде сен Непага үчүнчү жолу кайрылып келген күндө да ыйык жерден ага өтө керек деген гүл уругун ала келбейт элең, айрым учурларда мүмкүн өзүң да байкабастырсың, эсеп менен иш кыласың. Үйүңө келгендеги, сенин кымбат баалуу белектериңчи! Алардын чыныгы мааниси атаң сенин «ыйык мектептен» кеткениңди укканда ачууланса анын ачуусун басышта турат. Жакында боло турган бөлүнүү — анын арты эмне менен бүтөрү белгисиз — бардыгы үчүн катуу сокку болот, а сен болсоң зоологиялык бакта бардыгын тоотпой караган арстанга окшоп, кайдыгерсиң. Сенде эки тамчы гана тазалык калды: мына ушундай жан болуп чыга келген тээ алыстагы балалыгың — Фафища менен чоң атаңдын тоосу! Сен ошол жерден төрөлүп өсүп, ушундай болбодуңбу! Сенинянын: «Койчу ошолорду, мени күйөөгө бергени жатат, менин кудайдан жана сенден башка эч кимим жок, а экөөңөр тең менден алыссыңар, деген сөзү, анан Мемнунанын: «кудай ай, мени эмне кылып таштадың» — дегени кайгылуу алсыздардын жардам сураганындай угулат, а сенин принцип үчүн, сактык үчүн алардын ишине киришкендигиң менен киришпегениң — экөөң тең эле сенин өзүмчүлдүгүңдүн аркасында пайда болгон бирдей нерсе.

Сен мына ушундайсың, мындай учурда бардыгы менен кол үзгөнүң — сенин талашсыз «мен жана алар» дегениң! Өзүңдүн «мениңе» өзүң кулдук урганың! «Сен» — бул акыл, табит, поэзия, этика, философия, а «алар» болсо жапайылык менен жапайычылык, акыл келерлик менен акылсыздык, жаман иштердин жыйындысы, оокаттуу, кызматтуу адамдардын бекерпоздуктан ачылыкка чыгып, шарап ичип, аялдарга барып, жөн гана убакыт өткөрүүсү, жеп-ичкичтер, бузукулар, кудайдын каарына калган кара далы кыздар, иши оңунан чыкпагандар, куру ойчулдар, кудайдан жөө качкандар! «Сен» — Кара көлдөсүң, талаа-

нын дал ортосундагы ушул көлчүктөсүң, күн чыкканда саздан суурула калтырап, күн батканда эч нерсе менен ишиң жок терең уйкуга кирген жансың, а «алар» — ушул саздын өзү, аттарын эч ким билбеген курт-кумурскалар толгон сасыган суусуң. «Алар» түбөлүк өзгөрбөй калат, а «сен» өзүңдүн оюңда башкалардан бийиксиң, сен жыланча териңди өзгөртүп алгансың! Бирок сен жыландын жаңы териси кайра эскирерин эсиңден чыгарба, сен узун өскөн карагай сымалсың, бирок анын узундугу болбосо, башкалардан айырмасы жок. Менин кымбаттуум, бечара билимдүүлүгүңө жамынып жүрүп, сен толук кайра өзгөрө албайсың!..

Биз тамакка тойдук, мен бул ойлорума да тоюп кеттим, унчукпай ыксырап, тамактан дагы бирден сугунуп, ракиядан жуттук. Тоонун этек жагындагы кичинекей токойлуу жерде биздин шаар көрүнөт. Ушуга чейин аны байкабаптырмын.

Бардык нерсени аралык кооз көрсөтөт.

Мунара менен эски чиркөөнүн шоңшойгон учтары болбосо бир караганда биздин шаар канаттарын эс алдыруу үчүн дөбөлөргө конуп күзгү күнгө какталып жаткан канаттуулардай — көгүчкөн, ак куулардай көрүнөт. Канат! Ал жерде Мемнунанын кесилген канатынан башка эч кандай канат жок. Шаарга тоолордун түбөлүк туткунунда эч санаасы жок жаткан нерсе, шаарчанын төбөсүндө ысыгы куйкалап турган күн нурунан сактаган асман. Шаардын мындан башка тагдыры жок, ошондуктан болсо керек, жайбаракат уйкусурап, магдырап жатат. Бакубат! Ооба, сыртынан караганда ошондой, бирок сен ал бакубатыктын аркасында бузукулук, ыпластык, эскилик бугуп жатканын көрбөдүңбү. Тахир-бек, атчандардын офицери Смаил-бек, бир тууганың Хусейн сыяктуу качкындар кокусунан пайда болуп жатабы. Качкындар — а кайда? «Бүт дүйнө — бул шаар» деп Тахир-бек ар дайым оозунан түшүрбөйт, ушул жерден Элизанын үйү, «чоң дүйнөдөн» дагы бир нерселер менин эсиме түштү.

Жер үч жолу силкинип кеткендей болду. Ал силкинүү акырын, такыр эле сезилбегендей, эч нерсе болбогон сыяктуу, мен Фехимди тиктеп калдым — ал бир нерсе сезди болду бекен?

Ал сактана мага мындай деди: Зилзала кыймылдап калды. Кайсы бир жерде чоң каргаша — согуш, топон суу башталды, кудайга сыйыналы!

Зилзала — шаардагы бардык- чалдар айткандай — килейген ажыдаар, ал жер алдында өлгөндөй катуу уктап

жатканда чукуранып калса жер силкинет. Кээ бир жерде дубалдар жарылат, ал эми ойгонуп кетип керилсе — жерде эбегейсиз кыйроо, тозок, өлүм болот...

Бул жерден тезирээк кетүүнү ойлогондой биз оокаттарды бат эле жыйыштырып фиакрга отурдук. Фехим дароо эле аттарды таскактата айдап жөнөдү. Биз ал жерден канчалык алыстаган сайын менин кетем деген чечимимди — бир нерсе жыгачты курт жегендей жеп жатты. Мен эч нерсени ойлобой, эч нерсени карабай, ар бир бурулуш сайын узарып, белгисиз жакка кетип бараткан жолдо зымырап шаңдуу кетип бараттым.

* * *

Ушул жерге келгенде жаза албай калдым. Көзүмдү ушалап күцүрт тарткан бөлмөдөгү абажурлуу стол лампасынын жарыгы тийген колумду карап, карылыктын белгиси болгон темгилдер менен көгөргөн тамырлардын көбөйүп баратканын көрдүм.

Тамырымдын кагышын текшерем: араң эле билинер-билинбес согуп жатат. Доктор мага сөзсүз Александрияга барып, жок дегенде бир ай аябай эс алууга кеңеш берген, а турсун буюра айткан, а мен болсом болгон маркум күйөөсү нечен жылдар бою дипломаттык иште иштеп, нечендерди башынан өткөргөн пенсиядагы Шарлотта айымдын көп жылдан бери үжүрөгө алган бөлмөсүнөн кетким келбейт. Анын күйөөсү Нилдин жээгиндеги ушул бак-шактуу үйдү сатып алган. Францияда, Шарлоттанын айтымында, кайда барарын билбесе, бу жерде «жанданып» ар дайым дипломаттык айымдардын коомунда жашайт. Менден ал ар дайым: эмне үчүн дипломаттардан качасың? — деп сурайт. Сени көрүү аларга бакыт, кудай урсун! — дейт. Мен Шарлотта үчүн күйөөсүн элестеткен неме болуп калдым окшойт, ар күнү эртең менен ал менин бөлмөмө келип, жабык турган терезеден да кирип, мебелдерге жабышкан чөлдүн билинер-билинбес чаңын сүртөт. Элиза менен кол үзүшкөндөн кийин үйлөнгөн эмесмин, бул кандайдыр бир деңгээлде мадам Шарлоттадан ажырагым келбей турганыма себеп болду.

Бүткөн кол жазмамды көрүп, көз карашым али кол тийе элек таза кагаздарга такалды. Аларга мендеги, айланамдагы болуп жаткан толгон баш айланткан окуяларды түшүрүүгө болот; эсте катып калганы менен алар баары бир чымыркана жашап, ириңи толуп, мүнөт сайын жарылууга даяр турган жарадай.

Менден чечмелөөнү күтүп жаткан бул жазуулар эмне экенин билбейм, мен үчүн археологиялык ачуулардан да маанилүү болуп калды. Булардын баары мени менен кошо кетерин ойлоп жүрөгүм титирейт; мен ырымчыл болуп баратам; алаканымды ачып, андан Элизанын элеси «менин узак өмүрүмдү, таш жарган даңкымды» көрө алгандай, ийиндердин айкалыштарын издейм, ошол эле убакта андан колумду кантип тартып алууну ойлоном.

**Куленович Скендер.**

К 90 Жер астындагы дарыя. Роман /Орусчадан котор. Турдубек Элеманов; [Сүрөтчү Ч. Абдраимов].—Ф.: Кыргызстан, 1985.—224 бет.

Скендер Куленович (1910—1976) — белгилүү босния акыны. «Жер астындагы дарыя» романы акындын алгачкы жана акыркы прозалык чыгармасы. Жер астындагы дарыя — бул көп маанини камтыган символ: бул Боснияда Осман империясы кулап, ордуна Австро-Венгрия империясы келген мезгилдеги феодалдык жашоо-тиричиликтин салттарынын жоюла баштаганы, бул XX кылымдын интеллигентинин кулк-мүнөзү, бул каармандын бала чактагы өмүр бою кусасы таркабаган, бирок акыры чоң максат үчүн таштап кетүүгө мажбур болгон таза дарыясы...

К $\frac{4703000000-115}{М 451 (17)-85}$ 235—85

ББК 84 (410)—44

*Скендер Куленович*

ПОДЗЕМНАЯ РЕКА

Роман

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Орусчадан которгон *Турдубек Элеманов*

Редактор *М. Төлөмүшев*
Сүрөтчүсү *Ч. Абдраимов*
Кенже редактор *М. Шералиева*
Көркөм редактор *С. Ямгирчиев*
Тех. редактор *Л. Шевченко*
Корректор *Ж. Елтинова*

ИВ № 2997

Терүүгө 21. 12. 1984-ж. берилди. Басууга 7. 08. 1985-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 3 кагаз. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $84\times108^1/_{32}$. 7,0 физ. басма табак, 11,76 шарттуу басма табак, 13,046 учеттук табак, 12,08 боёк түшүрүү. Тиражы 5000. Заказ № 9. Баасы 1 с. 30 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери
боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы
атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.